# Жаңы Ала-Тоо

2009, №6

ЭЛ АРАЛЫК АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ



**Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ**

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**

**СУЛТАНОВ Омор** – редакциялык кеңештин төрагасы, **АБДУЛЛАЕВ Чингиз** (Азербайжан), **ДЕЛИӨМЕРОГЛУ Якуп** (Түркия), **ОРОЗАЛИН Нурлан** (Казакстан), **МАРКИШ Давид** (Израиль), **МЕХМОН Бахти** (Тажикстан), **КОВСКИЙ Вадим** (Россия), Кыргызстан: **АБЫЛКАСЫМОВА Майрамкан, АКМАТБЕКОВА Сагын, БЕКБАЛАЕВ Амангелди, ДАУТОВ Кадыркул, ЖАКШЫЛЫКОВ Асан, ЖЕТИМИШЕВ Сейит, КАЙЫПОВ Сулайман, КУЛТЕГИН Кожогелди, ПАЗЫЛОВ Абибилла, РЫСКУЛОВ Акбар, САРМАНБЕТОВ Айдарбек** – төраганын орун басары, **СУСЛОВА Светлана, ШАПОВАЛОВ Вячеслав**


## Бул санда:


**Асан ЖАКШЫЛЫКОВ**
Жаңы ырлар.............................................3

**Чыңгыз АЙТМАТОВ**
Тоолор кулаганда (Кызкайып)..................13

**Калчоро КӨКҮЛОВ**
Айырмам жок эл билгенди билем дейм....54

**Ташым БАЙЖИЕВ**
Кытмыр өлдү..............................................64

**Салижан ЖИГИТОВ**
Ташым Байжиев –
белдүү кара сөзчү болмок...........................75

**Өмүркул КУЛУМБАЕВ**
Өлбөстүккө жаралган адам........................81

**Казакбай АБДЫШЕВ**
Карала ат......................................................91

**Болот БЕЙШЕНАЛИЕВ**
Соолуган кызгалдак..................................101

**Абдыманап КӨЛБАЕВ**
Чөп чабыкта...............................................105

**Гүлмайрам ТУРУСБЕКОВА**
Сен жөнүндө...............................................109

**Эсентур КЫЛЫЧЕВ**
Менин Абдрасулум......................................116

**Абдрасул КЫЛЫЧЕВ**
Сүйүүдөн акын болгомун... .......................120

**Александр СОЛЖЕНИЦЫН**
Иван Денисовичтин бир күнү.....................126

**Аким ЫСКАК**
Коштошуу.................................................163

**Догдурбек ЮСУПОВ**
Казак аңгемелериндеги
өмүр даңазасы.....................................167

**Касымбек ТАЗАБЕКОВ**
Түгөлбай менен кездешүү.......................179

Жээренче чечен........................................201

Миң бир түн..................................................211

Мукабада Жусуп Матаевдин «Б.Бейшеналиевдин портрети» картинасынан фрагмент колдонулду.

---

Редакция:

**Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ** – жооптуу катчы
**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** – корректор
**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** – дизайнер
**Нурлан КЫДЫКОВ** – дизайнер

Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж.б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар.

Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.

Күбөлүк: № 1510

Редакциянын дареги:
720054, Бишкек шаары,
Жибек жолу пр. – 466
Тел: 34-55-86

Терүүгө 10.09.2009-ж. берилди
Басууга 23.10.2009-ж. кол коюлду.
Форматы 70х100 1/16
Көлөмү 14 б.т.
Заказ № 381
Нускасы 2000

«Турар» басмасынын
басмаканасында басылды.
Бишкек ш. 720054,
Жибек жолу пр. 466
Телефону: 34-49-90;
Факс: 34-45-04
Электрондук дареги:
turar@infotel.kg

УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

Кыргыз журтунун 15 жылдан бери жарык көрбөй калган байманалуу «Ала-Тоо» журналынын орошон ордун жоктотпой чыга баштаган «Жаңы Ала-Тоо» журналына 2010-жылдын I жарым жылдыгына «Кыргыз почтасы» мамлекеттик мекемесинин бардык түйүндөрүндө жазылуу жүрүп жатат.

Жазылуу индекси – 77324

3 айга – 240 сом (редакциялык баа)

«Жаңы Ала-Тоо» журналын 1-санынан баштап окуйм деген окурмандар редакцияга кайрылса болот.

*Акын 60 жашта*

Асан
ЖАКШЫЛЫКОВ



# ЖАҢЫ ЫРЛАР

* * *

*Куту тайып, кубат кетип ыргалып*
*кутман элим турат катуу кыйналып.*
*Акын керек – алтын баштан ыр аккан,*
*Акыл керек – бийик турган дымактан.*
*Сүйүү керек – жек көрүүнү жибиткен,*
*азаматты ач көздүккө көндүрбөс,*
*Журт тагдырын өз пайдага көмдүрбөс*
*кайрат керек акыл-эсти ийиткен.*
*Кайра баштан кыргыз эли бириккен*
*көпчүлүктү ынандырган күч керек!*
*Бирдик керек кутту тосуп алаарга*
*кубат керек тийип турган бийиктен.*
*Туу керектир – ар-намысты ойготкон,*
*суу керектир карт тамырды тирилткен.*
*Элим өссүн – тоого сыры сиңишкен.*

---

*Акын, драматург, прозаик, эссеист* **Асан ЖАКШЫЛЫКОВ** *1949-жылы Нарын облустынын Нарын районундагы Миң-Булак айылында жарык дүйнөгө келген. Кыргыз эл жазуучусу, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргызстан Жаштар сыйлыгынын лауреаты. 30дан ашуун китептердин автору. Бишкек шаарында жашайт.*

*Эрдик керек жанды курман чалууга,*
*Манас өңдүү кайыл болуп баарына;*
*Бийлик эмес – Эрдик керек! Шер керек*
*элди, жерди бузбай сактап калууга!*

* * *

*Кимди ким көрүп,*
*кимди ким баалап жатыптыр?*
*Акыйкат жокто*
*адамдын куту качыптыр.*
*Кишинин баркы, ишинин баркы түгөнүп*
*курган жан куурап,*
*кылганы зыян, бүдөмүк;*
*кыйналып өңдөн азыптыр,*
*оборун, бирок ачыптыр,*
*оор жүгү жуттай басыптыр.*

*Пайда деп жүрүп*
*баркынан тайып алган соң,*
*пайда деп жүрүп*
*баарына көнүп, барган соң,*
*пайда деп жүрүп*
*адамдын баркын түшүнбөй*
*ааламда жалгыз, аскада жолу калган соң,*
*ийгилик деген илгертен бери табышмак*
*таптырбас болуп тагдыры башта тайган соң…*
*өкүнүч өрттөп,*
*өлүмдү көзү көрүптүр,*
*өмүрдү баалап, өзүн да баалап ошондо,*
*ошондо барып адамың,*
*дымагы жанып,*
*акыйкат сөзгө көнүптүр.*

* * *

*Арга кетсе акыры*
*айтасың аттиң акаарат.*
*Анткени ар кыл маселе*
*акчага барып такалат.*

*Чындыгың кээде жалгандай,*
*турмуштун жолу ар кандай;*
*адамзат бүткүл тагдырын*
*акчага байлап салганбы ай?*

*Ач көздүк – жолу, тирлиги;*
*Акчага өттү бийлиги;*
*ааламдык күчтөн кол үзүп*
*алдатып пулга ийдиби?*

*Антсе да неге энебейт?*
*Адамды байлык тебелейт!*
*Акмакка Акыл кор болуп*
*акчага көпкөн кенебейт.*

*Акчалуу ачык кутуруп,*
*Акчасыз – алсыз; утулуп*
*турганын көрүп кейидим,*
*турмушу түтөп, тутулуп.*

* * *

*Асылым, артык башкадан,*
*атыңды жүрөк жаттаган.*
*Аземдүү түндүн шоокумун*
*ак шамдай эсте сактагам;*
*сакталса сүйүү жүрөктө*
*сагыныч бойду каптаган;*
*эми ошо сулуу сезимден*
*эмгиче сүрдөйм, жазганам.*

*Жаштыкка бышкан төшүңдү,*
*жалынга толгон көзүңдү,*
*уздай толкун жеңгенде*
*унутуп коюп өзүңдү,*
*жыргалга жанды бергенде;*
*жылуулук агып келгенде,*
*жалжалым, даяр кылчу элең*
*жанымды кошо бергенге.*

*Чолпондой эсте жанасың,*
*Көңүлдөн орун табасың;*
*алыстап учуп бараткан,*
*мезгилдин тыңшайт канатын.*
*Кусага жуулуп дегдеймин,*
*кумардын өртүн эстеймин,*
*Махабат учкан бийикти*
*укмуштай кайра дегдеймин,*
*убакыт өтсө арга жок;*
*умтулам, самайт, жетпеймин.*

* * *

*Убара, убай чектирген,*
*жүйөөсү жүрөк эздирген,*
*сүйүктүүм, алгач өзүңсүң*
*сүйүүнүн баркын сездирген;*
*арманды сүрдөп тез билгем,*
*айы жок, күңүрт, кеч кирген...*
*а бирок сендей жан болбос*
*асманга колду жеткирген!*

*Көрүнө калсаң сүрдөймүн,*
*көбүнчө ичтен үндөймүн.*
*Жылдызы алыс түндөймүн,*
*жылуусу артык күндөймүн.*
*Жабыккан кезде тескеймин,*
*жаркытсаң жанды– күңгөймүн.*
*Өзүнчө сага арналып*
*өмүрүн сунган гүлдөймүн.*

*Кайрылбас өмүр жаштыгы,*
*карматчы колго бактыны!*
*Махабат күчүн туюнтуп*
*жүрөктү сылайт жакшы ыры.*
*Жандилим кардай эриген;*
*сүрдөймүн сүйүү деминен.*
*Күнүмдүк, сага, кор болбой*
*Кусадар кылган сүйүүгө*
*кошулам, кантип, деги мен?*

* * *

*Чындык – бирөө, жалган көп.*
*Чын сөзүнөн тайган көп.*
*Чындык запкы тарткан соң*
*чындыгында арман көп.*

*Калыстык жок, калпы көп,*
*кайра танган анты көп.*
*Калкты калпы арбаса*
*кайдан болот көөнүң төп?*

*Улуулукту танган көп,*
*ууруулукка барган көп.*
*Урмат-сыйдан ажырап,*
*убайымда калган көп.*

* * *

*Кандайдыр бир касиетти жолдошот,*
*үрүл-бүрүл, таң сүрөөрүн болжошот.*
*Татынакай, таттуу тунук үн менен*
*табиятты таңкы куштар ойготот.*

*Кандайдыр бир, кандайдыр бир сулуулук,*
*тазалыгы добушунан угулуп,*
*таңдын жылып келе жаткан дабышы*
*таасирлентет табышмактуу туюлуп.*

*Куштун үнү ого бетер кулпурат!*
*Кубулжуган үн асманга умтулат.*
*Уйку балбы? Арманы жок ойгонуп*
*улуу тоого нур жайылып, күн чыгат.*

*Күн дүйнөгө тийген кезде чачырап,*
*Аалам сыры миң бир түстө ачылат.*
*Мына, мына музыкасы куштардын*
*тымтырс болуп бир учурда басылат.*

*Кудай дейсиң кубанычка берилип,*
*Кут төгүлгөн нур дүйнөгө жеңилип.*
*Таза добуш, таштын боорун черткилеп*
*таңкы суу да агып жатат элирип.*

* * *

*Көктө жылдыз тилип учту асманда,*
*жердеги суу агып бара жатканда…*
*Баш бериптир жакында деп асманга,*
*бут бериптир жер бетинде басканга.*

*Адам ою сызат, учат капкайда,*
*жылдызы сан аалам жашап жатканда.*
*Кайтпас өмүр кылымдарды жашартсын*
*карты калың кара жерди басканга.*

*Ырдын куту сакталгансыйт асманда,*
*акын эргийт учкул ырды жазганда.*
*Жердин узак, узак болсун өмүрү*
*жылдызданып дүйнө жашап жатканда.*

* * *

*Көкүрөктөн кетирсем деп ылайды,*
*көңүл ийип эске тутам Кудайды.*
*Топурактан жуурулган соң денебиз*
*табабызбы нур балкыткан убайды?*

*Кармаш менен жашап жердин жандыгы*
*каршылыкка кабылат да бардыгы.*
*Чөп жетилип бышкан кезде, чиркин ай,*
*дыйкан колу кайрап турат чалгыны…*

*Жаш көчөттү отоо чөптөр жүдөтүп,*
*Жашоо үчүн болгон күчүн үрөшүп,*
*чырмоок чыгып алган тура оролуп*
*чөйрөсүндө күндү көздөй күрөшүп.*

*Каршылыкта кандай өсүп өнөбүз?*
*Калыстыкка кантип кайтып келебиз?*
*Топурактан, нурдан бирдей күчтөнүп*
*топук алып кубаттансын денебиз!*

* * *

*Чын кайгыны басам – деп,*
*Чындыктын көзүн ачам – деп,*
*чымыркаnyп иштедим*
*чыгармамды жазам – деп.*
*Эзелкисин элимдин*
*эстутумун издедим.*
*Эмгек-күчтү бүт арнап*
*эл кызматын иштедим.*
*Кылымдарды карыткан,*
*кыйналсам да тарыхтан*
*Кыргыз жолун тапсам – деп,*
*келечек шыдыр кеткенге,*
*кең-кесири чапсам – деп,*
*намысымды күйгүздүм,*
*Нурдун отун жаксам – деп.*
*Ааламынан мезгилдин,*
*арууландым ак дилден*
*Айкөлдүккө кайтсам – деп.*

* * *

*Кимден бүгүн аянасың,*
*аёо билбес турмушта.*
*Каардуу күчүн, заардуу жүзүн*
*ар убакта туйгузса;*
*өжөрлүгү өөрчүп турса,*
*өз күнөөсүн сезбесе,*
*ич тарлыгы, кыйдылыгы*
*кырсык камдап жектесе,*
*өсүп берген назик гүлдү*
*өзү кайра тепсесе...*
*Канча күчүң тайса дагы,*
*канча чагып алса дагы,*

*канча көңүл калса дагы*
*суугунан ысыгы көп;*
*улам сырдуу арка жагы,*
*бирок, бирок бу турмуштун*
*биз билбеген кызыгы көп!*

## Миң-Булак

*Сезимдеги шылдырагын*
*сергек тыңшап ыр курадым.*
*Туулган жерим – туңгуч өлкөм*
*тунук добуш – Миң-Булагым.*

*Сак-саламат сактагансың,*
*сапарымды баштагансың.*
*Сапатымды санатсыз жууп*
*саяпкердей таптагансың.*

*Миң кайрыгың оргуп, ташып,*
*миң добушуң сырын ачып*
*Миң-Булагым – нур тумарым;*
*миң өмүргө жетээр азык.*

*Ага-тууган элим сенде,*
*арка болоор белим сенде.*
*Миң-Булагым – ата-энемдин*
*асыл сөөгү калган жерде.*

*Эстемейин туралбаймын,*
*эч убакта кыялбаймын.*
*Көңүлүмдөн Миң-Булагым*
*көз өткөнчө чыгарбаймын.*

* * *

*Эмнени издейм, билбеймин,*
*эркиндик аккан дүйнөдө.*
*Шуудурум жапкан гүлдөймүн.*
*Шумдугу арткан күндөргө*

*сыр ачып, кантип, үндөймүн?*
*Агымы менен алдаса,*
*ар дайым – жолдо, талбаса;*
*амалкөй бийлик жүргүзүп*
*азапты астырт камдаса,*
*күндөрдүн кулук күчүнө*
*аргам жок, кээде жалбарам;*
*алданган менен таң калам.*
*Тепсенди болгон жолдоймун.*
*Жашоого, бирок тойбоймун;*
*өмүрдүн кулу десе да*
*өзүмдү эркин ойлоймун.*

* * *

*Мен Сизди сүйөөрүмдү билем даана!*
*Сөз жетпейт жүрөк эңсеп берген баага.*
*Көз караш сөздөн мурун сырын айткан*
*сүйөнөм сүрдөттүргөн ыйык шаага.*
*«Сүйүү бар! Сүйүү бар!» – деп жүрөк кагат,*
*үмүтүм үмүттөнүп шамын жагат.*
*А бирок айтканда эмне, асыл күндөр*
*ийменип, ичи түтөп, издеп, самап,*
*жыбылжып жалгыздыкта агып барат.*

* * *

*Түйшүктүн түркүн жолунда*
*түптөлдү менин убарам.*
*Тагдырга оорлук түшкөндө*
*азаят абал сураган;*
*айтканда эмне абалтан*
*амалкөй тура бу жалган.*
*Жалгыздык жанга бүткөнүн*
*жабыккан кезде ынагам.*
*Жан досум сатып кеткенде*
*Жараткан сенин өзүңдөн*
*жалбарып жардам сурагам.*

* * *

*Чыккансыйт чилде, ким билет*
*сезилет жаздын илеби.*
*Мамилең нени билдирет?*
*Таарынып дале жүрөбү?*
*Чилдеден суук нерсе экен*
*муздаса адам жүрөгү,*
*оюңду санаа басканын*
*озунуп, бирок айтпадың,*
*ичиңен дымып унчукпай*
*сезден тет жашап жатканың,*
*думуктурат адамды*
*ичиңден убай тартканың,*
*кең пейил киши таарынса,*
*кайрадан көөнүн табышка*
*карайлап арга таппадым.*
*Чилдеси куруп кетсинчи*
*чыйрыгып үшүй баштадым.*



Чыңгыз
АЙТМАТОВ
(1928 – 2008)

# ТООЛОР КУЛАГАНДА
## ( КЫЗКАЙЫП)

(Роман)

**(Башы өткөн сандарда)**

Көк тиреген тоолордун койнунда көңүл көтөрүп, биринин сөзүн бири улап баратышты. Ушул маанай Арсен Саманчинге аябай жакты, не дегенде алар бу жерге барс атыш үчүн эле келген эмес, жер көрүп, көңүл ачып, өзгө жерди өз жериндей көрүп эс алышы шарт эле. Өзүнөн өзү ошондой болуп, ханзадалардын көңүлү учуп баратат. Мамиле деген, сөз деген адамды кайра жаратат тура. Ушул учурда:

– Урматтуу ханзадалар, – деди Арсен Саманчин жанагыл маанайды улай үн сала. – Шеф Бектур эскертип жатат, аны баарыбыз кабыл алабыз, мына бул бурулуштан кийин, тигил боордун ары жагына барабыз да, бир аз дем алабыз. Атайын тигилген чатырлар бар, аттар ушул жерде калат, андан ары мергенчинин жолу менен жөө кетебиз, – деди.

– Биз макулбуз.

– Мергенчилик деген ошондой.

Күн жерге түшкөн түш эле. Шеф Бектурга ыракмат, бир аз эс алдырып, бир сыйра кымыз берип, бийик тоонун абасына аларды көнүктүргөндөй болду. Курал-жабдыктарын артынышкан мергендер андан ары жол уламак болгондо Арсен Саманчин өзүнүн демейдеги сергектигине

салып, ханзадаларды токтото туруу керектигин айтты. Анткени айдакчылардан эч кандай кабар келе элек, барстар кайда, ханзадалар кайда барышат, кай жерден өңүт алышат, азырынча белгисиз. Ошондуктан алар тыным жасап турушу кажет. Ошону менен алар барстардын жолу кайда экенин билгенче күтүп калышты. Алар ушул маалда айтылуу Үзөңгүлөш ашуусунун алдындагы Моло-Таш үңкүрүнөн анча алыс эмес тыным алып турушту.

Тоо деген тоо, мындайда жандүйнө кайра кубулат, кай жерде болбо, ошол жердин табиятын, кубулушун өзүңө жакын аласың. Анын үстүнө адам баласы тоолордо жүргөндө өзүн эркин сезет, ой-кыялы алып учуп, жандүйнөнүн ыракатына бататат. Ошондой болот, тоо, андан ары көк асман, мемиреген ак булутка колуң жетчүдөй туюлат, ана-мына дегиче аларга аралашып кетчүдөй туюласың. Ак чоку алдыңа келип, анын адам жеткис ак мөңгүсү менен ак кары алаканыңда тургандай көрүнөт. Ошо таңдай тазалыкты таманың менен басасың, тагдыр айтпас ыракатка батасың, көгүчкөндүн көзүндөй мөлтүр кашка мөңгү суусу сага өмүр берет, өзөндүн суусу өзүңдүн жаныңа жан, каныңа кан болот. А бирок бийиктик деген бийиктик жолун жасайт, дем кысылып, аба табылбай, жонуңдагы жүктү, ал гана эмес өзүңдү да оор санап, дем алуу сени кырк жолу кыл көпүрөдөн өткөрөт.

Жаралгандын табияты ушундай болсо керек, бу асман тиреген ак чокулуу тоо койнунда жүргөндө ой-кыялың да, сезимиң да, айтор, жандүйнө дегендин баары ошол жерге шайкеш келип, алып-учуп, көкөлөп калат. Арсен Саманчин да дал ошондой бир башкача абалда турду. Ошо керемет бийик жана кең дүйнө бар да, анан өзү бар, турмуш түйшүгү менен убайым санаа дегендер анда жок, өзүнчө бир ажайып дүйнөдө калды. Кээде адам ушундай болот, ушу күн, ушул маалда, тигилердин арасында эс алып эмес, бул чети бар да, аркы чети жок, дүрбү жетпес, куш баргыс кайдагы бир боз мунарык баскан талаада эңгиреп тургандай болду. Ооба, ушу саам, ушул маалда ага жүк тарткан паровоздун өчү бардай узакка созулган, кулак тундурган ачуу чаңырыгы, жол сабаган шакылдагы менен жерди жарган дүңгүрөгү аза боюн алып, бүт денесине угулуп жаткансыды. Анан ошол ачуу чаңырык, ошол дүңгүрөк четинен чети көрүнбөгөн кең талааны асма көпүрөдөй солкулдатып келип ушу улуу тоолорду да терметип жибергендей болду. Өзү кайдан байкамак, ошо бойдон ошо дүйнөдө калды. Алып-учкан ошол поезд менен чымын-куюн болуп жанаша чуркап, вагондон-вагонду, терезеден-терезени жанталаша карап үнү жетишинче кыйкырып баратты: «Элес, эй, Элес, эй! Сен кайдасың жан биргем, бул менмин, мен сени сүйөмүн, Элес! Сен менин бул дүйнөдөн тапкан, тигил дүйнөдө да бир болор жалгыз эркемсиң, Элес! Менин соодагерим, менин дүйнөдө жок чүрөгүм. Сен Саратовго бара жатасың, мен сени менен барамын, жалгыз, жалгыз калгым келбейт, жал-

гыз!.. Уктуңбу, сен. Мен тоодомун, а бирок сени мененмин, жаным. Студент чагымда Москвага ушул жол менен каттагам, Саратовду жакшы көрөм! Саратов деген казакча айтканда Сары-Тау! Кыргызчасы Сары-Тоо! Билдиңби, Элес, мен сени менен Сары-Таугa барамын, жалгыз болгум келбейт! Минтип сени издеп, сага жетип, сага жармашып алганымды, сенин тынчыңды бузганымды кечир, Элес! Кечирип кой. Элдин баары экөөбүзгө таң калып карап жатышат, карашсын, Элес, анткени мен сенсиз жашай албаймын!..»

Ал өз тагдыры менен өзү кездешип турганын анын тегерегиндегилердин эч кимиси билген жок, а тургай поезд менен тең жарышып, Элесин издеп, Элесине өмүр бою чогулган, өмүр бою айтылбай келген дилсырын айтканы, куш канаты талыган мейкиндикте жүрүп, мында, тоо арасында эмне болуп жатканын сезген да, туйган да жок. Керемет мына ушунда болчу. Ал тагдыр керемети, тагдыр касиети эле. Ошондон улам анын жандүйнө кубулушун жанында жүргөндөр да сезип-туйган жок, ооба, сезмек да, туймак да эмес. Дүйнөнүн ушул Арсен Саманчинге гана келген бир керемет кезин Элес гана сезди, Элес гана анын безилдеген үнүн угуп, ок жетпес болуп чуркап келатканын көрүп, улам кайра күч ала жүргөн поезддин тепкичинде бороондогу жалгыз тал жалбырактай дирилдеп, бир колу менен вагондун ачык эшигинин туткасын кармап, экинчи колун Арсен Саманчинге сунуп, анын кучагына ана-мына бой таштоочудай ийилип, ал дагы учуп бараткан.

– Арсен! Арсен! Мен сени угуп жатамын, мен сени көрүп турамын, мен дагы сени, мен дагы сени сүйөмүн! Мага жет, Арсен, мага жет, мени көздөй секиргин, мен сени кармап каламын! – деп жалбара кыйкырган.

Кыялдан учкул, кыялдан күлүк эмне бар, бүт баарын көрүп, бүт баарын жасай аласың. Вагондун ачык эшигиндеги жомоктогудай бул көрүнүш, бул сөздөр ушунчалык өңүндөгүдөй көрүнүп, ушунчалык өңүндөгүдөй угулуп, бүт баары көз алдында болду. Ал тургай ал жетеринде кайра күчөп, буурakандап узай баштаган поездди буйдалтпай кууп жетүү үчүн күчүн топтоп, түйүлө чуркады. Жебедей сызып кууп жетти. Жаны бирге бул экөө бир болууну, ушу бойдон бөлүнбөй бир адам болуп калууну самашкан. Бул бир адамга, бир жүрөккө айланар ал экөөнүн сүйүү кудурети болчу. Бул түбөлүктүүлүк менен өлбөстүккө, адам тукумун улантууга чакырган ай-ааламдын, табийгаттын күчүнөн жаралган, Жараткан өзү каалап берген эң жогорку кумар болчу. Бир чети бар да, бир чети жок, күн чарчаткан кең талаа жаралгандан жалдырап айтарым качан келет деп күткөн, ошо мейкиндик менен асман ааламын биriктире жер чапчып бараткан мына бул паровоз да кай сапарда каалаганымды кыйкырам деп жиндене күткөн: «Жетип а-а-а-ал, Арсен, жетип а-а-а-ал!» – деген тилеги эле. Ошо тилек бир келди да, экөөнө тагдыр жол берди. Ал вагонго жетти, тигиниси күйгөн шам болуп кол берди, илбирстей ыргып,

тепкичке чыга калды, кучакка кучак тийгенде өрт болуп күйүп кетишти… А поезд болсо жанагыл мейкин талаада мурдагысындай эле кетип баратты, жок, мурдагысындай эмес, негедир кубангандан ого бетер зымырап, ай-ааламга ак түтүн чачып бийлеп, ырдап баратты…

– Жүр, эми, отуруп сүйлөшөлү, – деди Арсен Саманчин энтиккенин араң басып. – Сага айтар зарыл сөзүм бар.

– Шашылбачы, жаным, сен деген чарчадың, эс ал.

– Убактым жок, Элес, атайы сага тоодон келдим. Азыр мергенчилик башталат, шашылбасам болбойт. Мына бул папкада менин жазгандарым бар. Сага тапшырайын.

– Жазгандарым?.. Эмне жаздың эле? Ушул үчүн поездди кубалап келдиңби?

– Ооба. Жүрчү, мен сага түшүндүрүп берейин.

Купенин терезесинин алдында бет маңдай отурушту. Көздөрүнөн сүйүү төгүлүп, алар бири-бирисиз жашай албастай болуп турушту. Арсен сөз баштады:

– Элес, бул менин аңгемем. Анда экинчи дүйнөлүк согуш кезиндеги окуя баяндалган. Андан бери санатсыз далай күн өттү, кылымды кылым алмашты, а согуш сабагы унутулган жок, унутууга эч кимдин акысы да жок. Анткени ал согуш башынан аягына чейин эки тараптан тең тынымсыз адам өлтүрүү, адам канын агызуу болгон. Адам өлтүрүү бүт баарына бир болгон, генералың да, катардагы жоокер да өлтүрүлгөн. Өлүм бардыгына бирдей. Мен ошону жаздым. «…Өлтүрбө!» деген көңүл чөгөргөн, окуган жанды кайгыга салган аңгеме жараттым. Ооба, азыр адам өлтүрүү тамекинин калдыгын ыргыткандай эле болуп калды, оңдусолду атып жатышат, мен да андай иштин босогосунда болгом, аны сага кийин айтып беремин. Бул аңгеме кылмыш иши эмес, анда жаңжал, чырчатак, кагылыш-кармаш да жок, таптакыр башка. Мен бул аңгемени жазганда океандын түбүнөн чыга калып, сан жеткис өлтүрүлгөндөр менен өлтүргөндөр көмүлгөн көрүстөнгө кулап кеткендей жымжырттыктын койнунда болуп, аларга жана өзүмө окуп бергени баргандай болдум. Сен мени кечирип кой, мен өзүмдүн чытырман токоюма кирип кеттим өңдөнөт, бирок сен китепканачы эмессиңби, бул аңгемени, андагы менин ойлорумду сен түшүнөсүң. Ии, баса, мен өткөн кышта Байкоңурга поезд менен баргам, космодромдо болдум. Космонавт Салижан ошо кезде космосто учуп жүргөн, ал экөөбүз доспуз, телефон чалды, узак сүйлөштүк. Бу космосуң кызык дүйнө, качандыр бир убакта анда ар бир адам үчүн жашай турган орун болот, ошо жакта жашаган адам жөнүндө эссе жазсамбы деп жүрөм, азырынча бул фантастика, бирок жазылат. Сени дагы өзүмдүн кыялыма азгырып алып кирдимби?.. Ошондоймун, сен аны кечирип кой, Элес. Айтор, кышта мен үчүн негедир өткөндү эңсеген мезгил келди, темир жол менен көптөн бери сапар тарта элек элем. Жол алдым, студенттик жыл-

дарымды эстедим. Москванын, Ленинграддын университеттеринде окугам да, сага айтып бербедим беле. Ии, ошол. Байконурдан ары Саратов аркылуу Москвага жол алдым. Мен өзүм жол жүргөндү жакшы көрөм, кыялга батам, кооз жерлерге кадимкидей суктанам. Бул мертебе да ошондой болдум, Элес. Сен билесиңби, мен табиятымдан сезимтал, жашык жаралган, өткөн кез жүрөгүмдү туйлатып, эс-көөнүмдү муңкантып эске түштү. Ошондой болду, дилимде жашагандын бүт баары ошол тааныш жерлерди, Казакстандын талааларын көргөндө көзүмө жаш кылгыртып улутунуп аламын. Саратов аркылуу Москвага барчу бул темир жолдо качандыр бир болгон, өткөн бойдон эстелбей калат дегендер саатын күтүп сагыныч болуп жатыптыр. Анан мен ошо саатын күткөн сагынычта эмнелерди ойлондум? Баягыл жол, баягыл эле батыштан чыгышка, чыгыштан батышка күүлөнүп учкан поезддер. А бирок андагы адамдардын тагдыры эмне болду, кай тарапка айланды? Мен ушул жөнүндө ойлондум. Бардыгы көз алдыма келди, Арал деңизин соолутушту, жаның кашаят, тиги Байконурга космодром курушту. Ал экөөнүн ортосу канча? Ошо кеткен боюнча келбестей болгон жылдарда, ушу жол үстүндө жаза батальонунан кызмат өтөгөн Сергей Николаевич деген майып адамдын айткандарын муңкана угуп, өзүмө өзүм ушул тагдырды жазамын деп сөз бердим эле. Ошол аңгемеде Сергий деген уландын жазмыш-жашоосу жазылмак. Саратовдон Москвага чейинки жол эки күндү алат, эки күн бою Сергей Николаевич менен бир болдум. Анан «...Өлтүрбө!» деп атаган ошо тагдыр жөнүндөгү аңгемемди жазуу керектигин мен кашайып он жылдан кийин ойлондум. Карабайсыңбы, Сергей Николаевичтин, башкача айтканда, аңгеме каарманы Сергийдин көзү өтүп кетиптир, аны тааныгандардан сурамжылап билдим. Кайран киши, мен аны Москванын бейтапканасына чейин жеткирип баргам. Сергей Николаевичтин айткандарын мен көркөм чыгармага айлантып алганымды, майдан талаасындагы бейиттерге окуп бериш керек экендигин мен ошондо түшүнгөм. Эсиңдеби, Элес, мен сага жоокерлер көмүлгөн жерлерге барып окуп бериш керек, бул маркумдарга керек десем сен аябай таңыркап, «...Өлтүрбө!» дегенди кандайча түшүнсө болот дебедиң беле. Ошондо мен сага муну түшүндүрө албай калгам. Сенин да, менин да, баарыбыздын тиешебиз бар дегем. «...Өлтүрбө!» аңгеменин окуясы Батыш менен Чыгышты байланыштырган бир жолдо, Саратов аркылуу Москвага барчу жолдо болгон. Анткени Сергий да ушул жол менен согушка кеткен, мен дагы ушул жол менен Москва, Ленинградга окууга барып-келчүмүн, азыр сен да соода үчүн ушул жол менен каттайсың. Ушунун бардыгын бир нерсе байланыштырып турат. Ой, токтот мени токтот, Элес. Мен дагы бир жакка кетип баратам. Убакыт бүттү! Деген менен мен сага ушул жолу дилимди төгүп, сырымды айткым келген, ошол үчүн ажалдай качкан поездди кууп жеттим, бүт баарын жайынча шашпай айтып берсем болмок, а бирок

антүүгө менин убактым жок. Анан да биздин жолугушуубузга байланыштуу айтар сөзүм көп. Жандүйнөмдө эмнелер гана бар эле, Элес. Сен аны билген жоксуң, а бирок мени сактап калдың, кыйраганы турган дилдүйнөмдү сактап калдың. Ушул жылдын жазында мен «...Өлтүрбөнү» жарыялаганы калгам, согуш менен адамдын түбөлүк табияты жөнүндө бир сөз айткым келген. Анан... Ар кандай согуш кандай гана болбосун адамдын иши. А кандай гана согуш болбосун ал баштагандын да, коргонгондун да трагедиясы. Ал үчүн биринчи чындыкты таанып-билиш керек. Мен ушул согушка чейинки чындыкты айтайын дегем. А бирок, билесиңби, Элес, мына мен сага жолукканга чейин киши өлтүрүүгө көшөрө кекенген, өлтүрөм дегенинен артка кайтпаган өзүнчө зөөкүр болуп чыкпадымбы! Ии, ошондой болгон, сен ага ишене бер, жазганы башка, а жасаганы башка автор болуп, Кудайдын каргышына калып олтурамын. Ошол, Элес, ошол үчүн «...Өлтүрбөнү!» эч жерге жарыялабастан өзүмө катып салгамын. Анткени мен, айтып жатпаймынбы, киши өлтүргүм келген, ошондуктан өзүмдүн аңгемедеги «...Өлтүрбө!» идеямды жокко чыгаргым келген жок. Экинчиден, Элес, сен тагдыр адилеттиги болдуң, мени, Элес, адам өлтүрүү тозогунан алып калдың, ооба, биздин сүйүү бизди кайра жаратты, мени башка адам кылды. Мен ошол үчүн өмүрдү кайра баштадым. Сенин алдыңда, өзүмдүн алдымда мен эркинмин жана тазамын. Сен мени ошол өлтүрөм деген дүйнөдөн алып калдың, эми мен, Элес, сен барда, сени менен мен барда бир убакта көшөрө көксөгөн өч алуу кегине эки дүйнө барбаймын. Анткени эки дүйнө мага эки дүйнөнүн сүйүүсүн берди. Жетет ошол...

Убактымдын жетишинче сага ушуларды айтып берейин дегем. Ушунун баары, Элес, өзүңө жолуккандан кийин жаралды. Жандүйнө сырын жаны биргеңе гана айтсаң болот, анан да бозоргон бейит шаарына барганда эмне ойго келет, мен байкуш «...Өлтүрбө!» аңгемемде эмнени айтууга аракеттендим? Сергийдин тагдырынын сырын арбактар угушу үчүн жана да бул жашоодо тирүү жүргөндөр ар дайыма эле андайды таанып-биле бербегендиги үчүн көр түбүндөй жымжырттыкта, бейпилдик бейишинде күнүмдүк көртиргиликти катыштырбай тигилерге гана үн чыгара окуш керек. Ар бир адамдын өз намазы болууга тийиш. Менин келмедубам ушул «...Өлтүрбөнүн» текстинде, эгерде сага жакса, сен макул болсоң, анда мага кошулгун, ой-санааны бирге тартабыз. Бул сүйүүнү кайра жашартып турар касиет. Ии, баса, жан дептериме жазып койдум, «...Өлтүрбөнү!» Москванын жанындагы айтылуу Волоколамск бейитине жана Брест сепилинин алдында жана башка ушундай кыргын баскан жерлерде, анан да Европада окугум келет.

Кечирип кой, Элес, сени тажатып бүттүм окшойт, а бирок бакыт деген да, анын сени менен бир болушу да өтө кыска болот, ошол үчүн адам бакыт деген эмне экенин учурунда билбейт. Мен дагы башка жакка ке-

тип калдым өңдөнөт. Ооба, мен азыр тоодомун, анткен менен мен сени менен бир купеде отургандай сүйлөшүп жатам. Ошондой, Элес, мунун бардыгы кыял, ошо кыялдын да чеги болуш керек. Азыр, биз токтогон жерди көздөй бир атчан адам келатат, ал Кудай урган Таштанафгандын айдакчылары болуу керек. Мейли, убакыт келди, айла жок, ишке киришели. Көрүшкөнчө, Элес! Жолугушканча, Элес!

Арсен Саманчин жаңылышпаптыр, айдакчы Саксагай келди. Үрпөйгөн башын меймандарга ийкеп саламдашкандай болду да, шеф Бектурга кайрылды. Таштанафган атайы жибериптир, мөңгү барстарынын эки үйүрү бар экен, аларга дүрбү салып, акмалап жатышыптыр, ал эми узун куйрук казан баш барс жалгыз, аны койдой айдап келсе болот. Аны кандайча бул жакка айдоону, кайсыл жерден кандай өтүү керектигин Арсенге Таштанафган өзү түшүндүрүп берет экен. Жолун, өңүтүн өзүм көрсөтөм деп жатыптыр. Шеф Бектур ошо замат Арсен Саманчинге барып кел, иштин көзүн байкап кел деди.

– Бу меймандарга кайда барарыңды, эмнеге барарыңды, мергенчилик башталардагы жагдайды айдакчылар айтып, көргөзүп берерин жакшылап түшүндүр. Качыргандан кайтпаган жырткыч кол салуудан тартынбайт. Этият болгула, бадал-шак аралай качса кайрылбайт. Өңүтүн көрсөтүшсүн.

Арсен Саманчин ханзадаларга иштин жайын түшүндүрдү, бир азга күтө туруу керектигин өтүндү да, мергенчилик кандай башталарын, барска барар жолду көз чалгындан өткөрүп келерин айтты.

Саксагай алдыда бастырып барат, жол кыяматтын кыясындай кыйын экен. Чычкандын изи түшпөгөн түнт чытырман бадал-шакты аралай, таш секиртмек кыл чыйыр менен кууш капчыгайга жетишти. Айлана дүлөй дүйнө экен, төбөндөн асман гана көрүнөт, кайсы бир куштар айланып учуп жүрөт. Башка эч нерсе, бадал-шак, карагай-кайың дегениң да кыймылдан калган, түн түшкөндөй түнөрөт. Саксагай мегафондон өктөм үн катты:

– Таштанафган! Биз айтылган жердебиз! Уктуңбу, биз ошол жердебиз!

Тигил да мегафон менен жооп берди:

– Мен дагы ушул жердемин! Азыр!

Арсен Саманчин аттан түшөйүн деди эле, Саксагай аны токтотуп койду.

– Эмнеге түшкөнү жатасың? Аттан түшмөй жок, тигине, Таштанафган келип калды.

Каптал тараптагы бадал-шактын арасынан моюнуна үн күчөткүчүн саландата илип алган, автомат асынган, балээни баштаганы калган тура, башына баягыл аскер шапкесин баса кийген Таштанафган минген атын алкынтып чыга калды. Арсен Саманчин таштай катты. Тигиниси түшүндү окшойт, шапкесин жогору көтөрүп, кайра кийип койду да, ошо замат:

– Акырая караба! Биз баарыбыз даярбыз. Бешөөбүздө тең автомат бар. Эки гана жол бар, же 20 миллионду колубузга салышат, же бүт баары күм-жам болушат! Бир да жан тирүү калбайт, эч кимди аямай жок! Уктуңбу, Арсен! Сен эмнеге унчукпайсың?

– Эмне дешим керек эле? – Арсен Саманчин араң сүйлөдү. – Сен кабатыр болбогун, бүт баары жайында болот дебедиң беле?

– Дал ошондой болуп жатат, бардыгы жайында. Тартибибиз ушундай, ирети менен аткара бер. Бул жакка бурул, мына бул жерде баягыл мен айткан Моло-Таш үңкүрү бар, ага катыра мина коюлган. Тигил ханзадабийлерди ошол жерге айдап киребиз. А сен азыр мен айткан сөздөрүмдүн бирин калтырбай англисчеге которуп турасың. Өз энчибизди гана алабыз, башканын кереги жок. Мына бул жерде үңкүрдүн оозу бар, аттан түш да, үңкүрдүн ичин көрүп чык, орун жетишет. Барымтага алынгандар туура бир түн, бир күн отурушат. Башын сайган акча болбосо мүнөтү мүнөт келгенде булардын көзүн тазалап иебиз. Эмне эле унчукпайсың? Эстен тандыңбы? Тилден калдыңбы? Үн чыгаргын мен сага ийне-жибине чейин түшүндүрүп бергенмин, сен аны билесиң. Бүт бардыгы эсептелүү, суроо болбош керек, буйрук гана калды, буйрук гана аткарылышы керек. Башты айлантпагын, эмне, мени момпосуйдай эрип кетет дедиң беле?! Андай нерсе сенин түшүңө да кирбейт. Түшүндүңбү?! Эмне сүйлөбөйсүң?! Мен сенден менин буйругумду токтоосуз аткарасыңбы, же аткарбайсыңбы деп сурап жатам?

Арсен Саманчин шашканынан аттан түшө калган эле, кайра элеңдеп үзөңгүгө бут салды. Алактаган Арсенди тигил теше тиктеп, какты:

– Токтогун! Адегенде угуп ал. Эсиңден чыгып калдыбы! Сен аларды бул жерге ээрчитип келесиң дебедим беле! Биз алардын куралдарын алабыз, анан колдорун өйдө көтөртүп үңкүргө айдап киребиз. Сүйлөшүү кылтың-мылтыңсыз катаал болот, өкүмдүк кылабыз. Сен менин буйругум боюнча аларга өздөрүнүн спутниктери менен алардын жерине, кимиси менен сүйлөшөт, кантип жеткирет, алардын иши, билдиртесиң, 20 миллион бир сутканын ичинде ушул жерде болушу керек. Бул буйрук деп айтасың, соодалашпасын. Алардын айткандарын мага сөз калтырбай кыргызчалап турасың. Түшүндүңбү?! Түшүндүңбү деп жатам! Эгер андай болбосо сен азыр туткундасың. Сенин да, алардын да иши бүтөт!

– Шашылбагын, – деди акыры Арсен Саманчин араңдан зорго. Таптакыр эсинен кетип, элирип алган немени азыр ынандырыш кыйын эле. – Эгер сен ушундай чечсең, анда билип кой, бир тамчы кан төгүлсө, мен эч нерседен кайра тартпайм.

– Коркутпа мени! Бир тамчы канга жол бербейм. Барымтага алынгандар үчүн 20 миллион. Бүттү! 20 миллион алып келсе тирүү кетишет, болбосо жок. Бул менин сөзүм. Калганын азыр аткаргын. Тездеткин! 20 мүнөт гана беремин. Бир секунда да ашык эмес. Жөнөгүн, аларды бул жерге

биз менен жолугушууга ээрчитип кел. Башканын кереги жок. Эсиңе түйүп кой, барстарды атуу үчүн эки ханзада гана келсин. Барстар буктурмада дейсиң, калгандары кийин деп айт. Булардын адамдары да, Бектурдун кишилери да ошол жерде күтүп турсун. Түшүндүңбү?! Ашып кетсе 20 мүнөт! Түшүндүңбү?! Бүттү, буйрукту аткар!

– Азыр, – деп түшүнүксүз бир нерсени айтты да, Таштанафгандын башындагы шапкени көз кыйыгы менен карап койду, кыязы, бул болбосо бардыгы башкача болмок деди окшойт. Оор күрсүндү да, унчукпай атка минип, азыр эле келген тарапка кайрадан бет алды.

Тирүүлүк тилден калган жымжырттыктын койнунда артына кылчак карабай, ээрге бир аз бүкүрөйө отуруп, ындыны өчүп, жерден башын алалбай, азабой кара таш болуп кетип барат. Анткени ал азыр кайра бул жерге ханзадаларды ээрчитип келиши керек, аларды мынабу мерездерге көз көрүнөө колго түшүрүп бериши керек, анан алар менен кошо өзү да туткун болушу керек. Алдыда ушундай ойлоп тапкыс тагдыр туру. Көр ичиндей жымжырттык. Төмөн көздөй аккан майда суулардын алда неден корккондой шылдыраганы гана басылбайт. Төбөдөн кандайдыр бир куштар жай, жердеги жымжырттыктай үн чыгарбай учуп өтүштү. Ат жаныбар өзү жол ыңгайын таап, корумдан аяр өттү да, ханзадалар турган тарапка баратты. Ойлоно турган эч нерсе деле жок эле, ошентсе да жаман кабар айтканы келаткан чабендестей шалкы бош, аза күткөн адамдай араң ыргалып келе жатты. Жетерине аз калган, аска таштын артындагы бадалга келип, ат тизгинин шарт тартты да, тегерекке көз чаптыра үзөңгү тээп тура калды. Эмне болду? Оң ийинине асынган мегафонду шашыла алды да, ээр кашына автоматын коё коюп, бир нерсе айтчудай камына калды. Ошондой болду, Арсен Саманчиндин жаалданган өкүм үнү жан чыгара жаңырды. Англис, орус, кыргыз тилинде жиндене да, каардана да кыйкырып кирди:

– Көңүл бургула! Менин буйругумду уккула! Чет өлкөдөн мергенчиликке келгендер, силерди каргыш алсын! Уктуңарбы?! Силерди каргыш алсын! – Үн күчөткүч анын сөздөрүн жаңыртып турду. Мен силерге айтып жатамын, келгин мергендер, силерди каргыш алсын! Биздин мөңгү барстарынан колуңарды тарткыла! Аларга ок чыгармак түгүл бул жерден караанышарды көрсөтпөй жоголгула! Мен силерге өзүбүздүн жырткычтарды тукум курут кылдырбайм. Колуңарды тарткыла! Жоголгула! Барстарды тукум курут кылчулар, жолуңарга түшкүлө! Болбосо бириң тирүү калбайсың, баарыңды атып саламын, баарыңды кырып саламын! – деп ач айкырык салды да, айтканынан кылчалык кайтпай турганын далилдегенсип, асманды көздөй автоматтан тарсылдата ок чыгарды. Тоо жаңырып, аска кабышты. Кайсы бир жактан таштар кулап, жер силкинип жибергендей болду. Жер бекер силкинбептир, жер бекер тиштене түнөрүп турбаптыр, билген экен, сезген экен, ошол замат ар тараптан ок

атуулар башталып, тилден калган тирүүлүк жаны чыгып бараткансып тыбырчылап, дүлөй дүйнөнү кыйсыпырга түшүрдү. Арсен Саманчиндин аты окурана ооздук кемирип, тарса-турс түшкөн ааламга батпай, чыдамы кетип ойт берип үрктү да, анан ошо замат ыргычтап барып качарында тийген октон бир кишенеп чаңырып алып, мүргүй барып күп эте жерге кулады, Арсен Саманчиндин бутун баса жыгылган экен, ооруксунган бутун аттын капталынан араң чыгарды. Атышуу айыгыша күч алды, Таштанафган тарап да, Бектур тарап да жин тийгендей өчөгүшө атып жатышты. Арсен Саманчин мына бу чалды-куйду, будуң-чаң түшкөн учурда ким эмне болгонун билалбай калды.

Ат жаныбар сунган бутун тарталбай жатат, жаны чыккан экен. Арсен Саманчин дене өлүк абалдан чыгып, анан гана түшүндү, бир нече жараат алыптыр. Мүрүсү, көкүрөгү, бели канкакшатып сыздайт, кыймылдаса эле жаны чыгып кетчүдөй көзүнөн жалын чачырайт. Денесин бош койсо эле ылдый кулап кетчүдөй экен, ошондуктан тик эңкейиш жерден жанын оозуна тиштеп болсо да оолактагысы келип, боортоктоп жылууга аракет кылды. Жүрөгү оозуна тыгылды, көзүн кайра-кайра ирмеп алды, дал астынан дене-башы канга боёлгон, тоонун сеңириндей болгон барс чыкты. Кансырап качып келатса керек. Ооба, аламанда ок жеген бул кадимки Жаабарстын өзү болчу. Ал ырылдап алып, жер менен жер боло жылып, ок тийген бутун сүйрөп ары кетти. Кыямат келген экен, асмандагы күн ары-бери термелип, улуу тоолор теңселип, шамал аны алкымдан алып муунтуп бараткандай туюлду. Ал мегафонду ары ыргытып, автоматын таштады да, эмнегедир жарадар болуп кан кускан Жаабарс тарапка барууга аракет кылды. Эмне үчүн? Өзү да жакшы түшүнгөн жок, анткени ал кансыроодон эч нерсе көрбөй, эч нерсе сезбей бараткан. Кутурган иттей жинденген Таштанафгандын: «Ит экенсиң! Чыккынчы! Сени кескилеп өлтүрүш керек! Жардан учуп өл! Бизди сатып кеттиң!» – деген сөздөрүн, өкүрүп-бакырып шыбай сөккөнүн уккан жок. Ал эми Бектур карыя кара жерге өбөктөй өксүп: «Уят болдук! Өлдүк! Ушундай да болорбу?! Кудай менен ата-бабанын каргышы тийсин!» – деп сакалын жулуп, жер муштап жатты. Ханзадалар да кыйсыпыр түштү, жанталашып качып баратышат, арабчабы, же башкачабы, айтор, кыйкырып житип кетишти.

Бул алаамат заңкайган улуу тоолорду кыйлага чейин дүңгүрөтүп турду. Анан барып башаламан атышуулар ок жегендей токтоду да, ок-дарынын каңырсык жыты каңшарды жарып, ызы-чуу түшкөн кыйкырыктар адашкандай бириндеп, үзүлө-үзүлө чыгып, анан анысы да басаңдай баштады. Кайран Арсен Саманчин, кирпик ирмеп алганча кандай алаамат баштап ийгенин бир билип алса эмне?! Атаңдын көрү куу дүйнө, азыр анын билмеги түгүл, ойрону түшкөн дүйнөнү ойлогонго алы жок, ок тийген жерлеринен чыгып бараткан жан азабын тартып жатканы.

Көкүрөгүнөн аккан кан акыры алып тынчудай, денесин жууп, кийимин чылап бүтүптүр. Түшүндү, бир ыңгайлуу жерден жай алышы керек. Ошентти, ок тийген жерин алаканы менен басып, ар сөздүн башын айтып, теңселе кадам шилтеди, кансыраган экен, тулабоюн кармай албай көңүлү көчүп жыгылды. Эс-күчүн жыйып кайра турду, аба жетпей деми кысылып барат. Моло-Таш үңкүрү кай тарапта экени эсине түштү. Эптеп жеткени барат, көзүнөн Моло-Таш учуп, көөнүнөн Моло-Таш чыкпай чалыштап барат. Үңкүр мына, көрдү да бир аз жеңилдеп, ага жөрмөлөп кирди. Ошо жерден карегинин канжар жалыны өчүп бүтүп, жансыз тартып тунара баштаган көздөрүн жума албай калган, таргыл дөөдөй сулк жаткан кайран Жаабарсты көрдү. Дүйнө кызыгы түгөнсө керек, былк этип койгон жок. Алга карай сунулган колдорунун үстүнө койгон казандай башын көтөрүп, ким болду экен деп караганга да шаасы жетпеди. Ошо калыбынан козголбой оор кыркырап онтоп, дем алып жата берди.

– Сен дагы мында белең? – деди эмнегедир Арсен Саманчин аны менен абалтан тааныштан бетер.

Жаабарстын өрттөй өмүрү кан болуп агып жатты...

Арсен Саманчиндин тамыры да Жаабарстай кыймылдан кала баштады.

Адамдын каны менен жырткычтын каны үңкүр таманында кошулуп, бир жерге билинбей сиңип жатты...

Ушу саам, ушул мүнөттө адам менен жырткыч бир асмандын алдында, бир үңкүрдүн ичинде каршылаш да, кас эмес болуп жатышты...

Улуу тоонун үстүнөн бул кандайча жазуу деп добул жүрүп, күн күркүрөп, чагылгандын канжар оту булуттарды тилип-тилип жатты...

Бир сааттын аркы-берки жагында «Мерген» фирмасынын эл аралык аңчылык бизнес-долбоору астын-үстүн түштү да, анын минтип куу камыштай күйүп кетишине Бектур аганын ишенген иниси себепкер экенин андагылардын эч кимиси ишенген жок, анткени алардын ою боюнча мындай болушу такыр мүмкүн эмес эле...

Ханзадалар аттарынан түшөрү менен машиналарына жоо куугандай шашыла отурушту да, Туюк-Жарга куюндай тийип, коштошмок түгүл кол булгап да койбостон «Хаммерге» түшүп, Олуя-Атанын аэропортуна коштогондору кошо карышкырдан качкан кийиктердей жүрүп беришти.

Туюк-Жардын көчөлөрүн өрт басты. Эл деген эл, болгон иштин четбучкагын угушуп, айылды көтөрүп ийишти.

– Уят эле болдук, каргышка калдык!

– Арсенди тирүүлөй асып салса да аздык кылат! Аны тирүүлөй өрттөп, күлүн көккө сапырыш керек!

– Ушундай иштин ойронун чыгарды! Бектур агасын кашайтты, биздин ырыскыны тепти!

– Жакшылык көрбөсүн! Ага адамдардан айбандар артык экен да! Тууган-уругуң сенден колун тартсын!

– Ошону барстар тирүүлөй тытып жесе экен. Сооп болот эле!

Буларды да түшүнсө болот, аңчылык-бизнестен айылга бирдеме түшмөк, ошон үчүн эл ырыскысын оозунан алдыргандай болуп бейпайга түшө беришти. Анан алар бирин бири сүрөп отуруп, Арсен Саманчиндин эжесинин үйүн көздөй жабыла жөнөп беришти да, короого келип, колдоруна тийгенин жулуп, тепкенин тээп талкалап, «Нива» машинасынын айнектерин, ал тургай фараларынын таш-талканын чыгарып, кузовун мыйытып, эл безери неменин буюм-тайымдарын өрттөйбүз деп ызы-чуу салышты. Анан кермеде илинип турган Арсендин көйнөгү менен курткасын, ич кийимдерин ит талаштай тытып, колго көтөрүп жүрүүчү компьютерин эжесинен жулуп алышып, талашайын дегенде аны кадимкидей жулмалашып, абийирин айрандай төгүштү. Уста жездеси үйүндө не болуп жатканын уккан экен, жумушунан чуркап келсе, үй-жайын үч көтөрө сапырган эл ары түртүп, бери түртүп ур-токмоктоп салышты.

Капилеттен чагылганы жарк этип, күн күркүрөп, жамгыр төгүп киргенде гана чуу салгандар тарай башташты. Жамгыр ого бетер күчөдү, тоолорго чагылган түшүп, добул жүрүп, асман титиреп, жер калчылдап жаткандай болду.

Ошо күнү кечке маал Элес Туюк-Жардагы эжесине бир нерсени сезгенсип вокзалдан телефон чалды. Мурда минтчү эмес, эмнегедир кетеринде байланышып турам деп чөнтөк телефонун атайы калтырган, ошонусу жакшы болуптур. Саратовго жөнөргө жарым саат калган кезде үй-бүлөңөр кандай, не жаңылык, мен азыр поездге отурам, кетебиз, а бирок тез эле кайра келгенге аракет кылам деп эжесине телефон чалды. Анан да арабдарды, айрыкча Арсен Саманчинди сурайын деген, тоого кеткендерден кандай кабар бар экенин билгиси келген. Сурамак түгүл аны-муну айтканча эле эжеси туталана кыйкырып ийди:

– Бул сенсиңби, Элес?! Тоого кеткендер чатак. Сенин Арсениң ишти ойрондоптур. Бүт айыл дүрбөп жатат, Арсенди сөгүп, каргап жатат. «Биздин барстардан колуңарды тарткыла! Бул жерден кеткиле! Жоголгула, каргыш тийгирлер!» – деп жанагыл үн күчөткүчү менен айтыптыр. Айтор, аларды кубалаптыр, аларга ок атыптыр. Ханзадалар жүрөгү түшүп, ошол жерден эле качып жөнөшүптүр. Ошентип атышуу башталып кетет. Бектур ага кокуйлап башын ташка койгулайт. Бизнеси бүт күйүп кетти деп жатышат. Айылдагы эл Арсениндин эжесинин короосун талкалап, айтпаганды айтышыптыр. Арсендин өзү жок имиш, бир жакка жоголуп кетти деп жатышат, дагы бирөөлөр аны атып салышыптыр дешет, же өзүн өзү атып салганбы, айтор, жок окшойт. Элес, сен мени угуп жатасыңбы?! Эмне унчукпайсың? Эмне болду? Сүйлөсөң боло, бай болгур?!

Эжеси шолоктоп ыйлап жиберди.

– Ой, бизди да кырсык чалды окшойт. Элестин үнү чыкпай калды, ал Арсен дегенине жанын берип койгон да. Эми эмне болот? – деп кыйкырып-өкүрүп кирди.

– Ой, токтотчу! Кыйкыргандан эмне чыгат? – Күйөөсү аны тынчтандырууга аракет кылды. – Элес келсе, мен аны тоого, ошо Моло-Таштын өзүнө алып барайын. Кааласаң сен да баргының. Аерде эмне болгонун Элес өз көзү менен көрсүн, түшүнсүн. А сен өзүңдү жөн эле кыйнай бересиңби?!

– Эми эмне кылам? Ал эми эмне болот? Барсак баралы, бирок балдарды кантебиз?

– Балдар чоңоюп калбадыбы, эч нерсе болбойт. Бир-эки күнгө чыдашат, малды карашат. Кошуналар турбайбы, алар да көз салышат.

Элеске жаман иш болду, артынма баштыгын шак жонуна салды да:

– Бүттү! Өзүңөр бара бергиле! Саратовго керек документтер мына. Алгыла. Мен азыр айылга, тоого шашылыш кетишим керек, – деп ар бир сөздү баса айтты.

– Эмне, бирөө каза болуптурбу?

– Мүмкүн.

– Келгенде жолугушабыз да?

– Мүмкүн.

– Биз эмне деп айталы? Товарларыңа келесиңби?

– Мүмкүн.

– Ой, деги сага эмне болду? Айтчы? Мүмкүндөн башка сөзүң жокпу?

– Мага тийбегиле! Айтарымды айттым, бүттү. Өзүңөр бара бергиле!

Ушинтти да ал вокзалдан четке чуркап, элди аралай куюн түшүп баратты. Эл анын эмнеге безилдеп баратканын түшүнүп эле койсочу!..

* * *

Түшүнүп эле койсочу... Жүрөгүн өрттөп, жүлүнүн тилген күйүтү мейкинден мейкинди аралап, анан ал ошол эле маалда чагылганы ойногон кара нөшөр менен бирге жанына жаны кошулган жалгыз сүйгөнү жоголуп кеткен Үзөңгүлөш тоолоруна ак жибек болуп төгүлүп, ушу азыр ал Кызкайыпка кошулуп алып улуу тоолорду түрө кыдырып жүгүрүп: «Жараткан, мага жардам бер, эгер көрсөң айтагөр мага», – деп баратканын ким билмек да, ким элестетип ойломок.

Ошол күнү ошол улуу тоолордо аскаларды жаңыртып күн күркүрөп добул сокту, чагылгандын көз тилген жарыгы кокту-колот, өзөндөн бери жаркытып, айтор, кечке чейин кара нөшөр жер сабап турду. Жамгырдын алай-дүлөйүнө кошул-ташыл болгон күүгүм да бара-бара түнөргөн түнгө айланып баратты. Бул жайда мындай көз ачырбаган жаан көптөн бери

боло элек эле, төктү. А Моло-Таш үңкүрү болсо барган сайын караңгы тартып, ичи муздай берди.

Капыстыктанбы, же тагдырдын эрки мененби, айтор, бул үңкүрдө калгандар үчүн караңгы менен муздактын эч кандай таасири болбой калган. Бир күндүн бир маалында өлүмдү бирге тосуу иши маңдайына жазылгандар экөө эле, жаны чыгып бараткан адам менен жаны чыгып бараткан жырткыч. Экөө тең аламан атышууда жаңылган октон, а балким, атайы мээлеп аткандан, жарадар болгон бул экөө өмүр жолун бирдей карытып, өмүр күнүн бирдей батырып жатышкан. Кимди ким атканын териштирип кереги не? Аздан соң алар изсиз түбөлүккө кетишет, ошол үчүн мына бул күн тийбес жайда күн тийген жердин көйгөйү тагдырды кайдан өзгөртмөк...

Жараттарынан аккан кан басылбай алдан тайып кансыраган кайран Жаабарстын деми кысылып бүттү. Козголууга дарман жок, алдыга сунулган колдоруна мурдагыдай эле ат көтөргүс килейген башын коюп, бут тартарга каруу жок сулап, ажыдаардай куйругу айбатынан айрылып, ыргытылган буюмдай капталында жатат.

Жаны чыгып бараткан Жаабарстын жанында жаныма жайлуу болсун деп капталга-каптал тийгизип Арсен Саманчин жаткан. Ал ага: «Акыркы жайга кетерде кездешкен экенбиз да» – деп койду.

Барган сайын Арсен Саманчиндин капталы канга чыланып, анан анысы таштак жерге сиңе берди. Алдан тайып, аркы дүйнө босогосунда турганы менен акыл-эстен кайта элек, ал ошонусун, өмүрүнүн соңку байлыгы болгон ой жүгүртүүсүн мүмкүн болушунча жоготпоого тырышты. Ошентти, анын үстүнө көкүрөгү таза турганда бир нерселер жөнүндө ойлоно алмак, өткөнгө кайрылып, билип-билбей кетирген күнөөсүн эстеди. Атаганат десеңчи, өлүм алдында да сүйүү болот экен, сүйгөн адам сүйгөнүнө жолугат экен, ал Элеске жолукту, ал Элеси менен коштошту. Бу дүйнөдө аларга сүйүү менен бакыт ченеми жок берилген эле, азыр да ченеми жок кеткени жатат.

– Кош бол, Элес, сен экөөбүз эч качан көрүшө албайбыз. Ишке ашпай калган кыялдар үчүн мени кечирип кой. Сага таазим кыламын. Кошкун, жаным, кош болгун. Тилегиме жетпей калдым... Өксүп ыйлап жатамын, мен күнөөлүүмүн...

Ал өзү кордоп басынткан араб ханзадалары азыр аны угуп турушкандай элестете калып, кечигип келген уялуу сезими аны чын эле кыйнап жиберди.

– Кудай алдында мен күнөөлүүмүн, ошол үчүн сөздүн жеткен жери менен каргагыла, мен гана күнөөлүүмүн. А бирок башка арга менде жок эле. Силерди капсалаңдуу каргаша кырсыктан ушинтип гана сактап калууга жанымды сайдым. Эгер кечире алсаңар кечиргиле. Мен күнөөлүүмүн. Менин акыркы сөзүм ушул. Мойнума алам... Жараткан

берген өмүрдү жашай бергиле. Мени аябагыла, каргыштын кайтпасы менен каргагыла, сөөк өчтү сөгүү менен сөккүлө. Мен күнөөлүүмүн.

Ал ого бетер кайгыга батып өкүнүп, күнөөсүн мойнуна алып Бектур агасына кечирим сурап кайрылды:

– Бектур байке, мени карга! Бир аябай каргагын! Мен урук-туугандын намысын сындырып, ишиңдин ойронун чыгардым, күйүп кеттиң. А бирок мындан башка аргам жок калганын эми кантип түшүндүрөмүн. Ооба, сага канчалык кайгы менен зыян алып келгенимди, кадырыңды кантип тебелегенимди жакшы билемин. Каргап-шилегин, мен ага татыктуумун, мен ошондой иш кылдым, азыр демим кыстыгып баратат... Бирок кечирип кой, мен кара ниеттиктен мындай иш кылган жокмун, көралбастыктан да эмес... Көп жашагын, байке. Суранам, эгер кечире алсаң мени кечир... Сенин бир тууган асыл агаңа, менин ыраматылык атама тигил дүйнөдөн бүт баарын түшүндүрүп берем...

Эки дүйнө өртүндө жатып ал туугандарын, эжеси Кадичаны жана уста жездесин да эстеди.

– Мен силерге кандай кайгы-капа алып келгенимди билемин. Кечиргиле... Кечиргиле, мен күнөөлүүмүн. Көңүлүңөргө албагыла.

Анан ал ит бизнеси менен күн көрүп келаткан Ардак агасын да эстеди:

– Ардак, мен өлүп баратам, эми экөөбүз экинчи көрүшпөйбүз. Сен мени жакшы билесиң, мен акмын, бирок кайгы жебегин. Өзүңдүн башка түйшүгүң деле жетишет. Балдарыңды чоңойткун, а мен болсо баласыз кетип баратам. Кантейин, бу да болсо Жаратkandын жазасы...

Арсен Саманчин Айдананын алдында да күнөөсүн мойнуна алды:

– Айдана, сени адептен ашкан эстрада жылдызы болгонуң үчүн айыптап жектегеним үчүн кечирип кой. Ал сенин ишиң, Айдана. Анткени мен сени Кызкайып болуп операнын сахнасына чыгышыңды эстен тана эңсеп, жинди болуп кете жаздаган элем. Тагдыр эми чексиз бейпилдикти сага берет. Жалгыз суранычым бар, Эрташ Курчалга бир да сөз айтпагын, ага акыры өзүм айтамын. Эрташ, сен ташы жогору кулаган олигархсың, мындан ары да ишиң оңоло берсин. А бирок мен сени соңку күнгө чейин өлтүрөм деп келгеним чын, көргүм келген эмес, жектегем. Анын себептери бар болчу. Азыр өкүнүп жатамын, күнөөмдү мойнума алып тынчыдым. Жаман ойлобо, эгер мени кечире алсаң кечирип кой.

Өлүм алдында жаткан Арсен Саманчин эми жан чыгардын азабына түшүп, акыркы күчүн жыйнап, классташы Таштанафганга жана анын шериктерине да айтар сөзүн, кечирим кебин айтты. Не демек эле, күнөөлөп каргаш керек беле?

– Бир Кудайга койдум! Мейли, мен Кудай алдында сенин курмандыгың болоюн, сенин эмнени көздөгөнүң, эмне кыларың жөнүндө эч ким билбей эле калсын. Ошол үчүн мен сенин алдыңда эмес, мен өзүмдүн ал-

дымда күнөөлүүмүн. Болуптур, мен сенин сатып алып садага чапканың боло берейин, а бирок Кудай турат го...

– Айылдаш агаин-туугандар, мени кечиргиле, мен силерди бир келген ырыскыңардан ажыраттым. Ушундай болду. Өлүп баратып, өлгөндөн кийинкиме кечирим сурайм. Анткени мен мындай ишти жакшылык үчүн жасаганым жок, аны эч ким билбейт. Кошкула!..

... Жаабарстан жана жан чыккан. Анын артынан Арсен Саманчин оо дүйнө салды. Жүрөгүнүн эң акыркы кагышында ал Кызкайыптын: «Кайдасың сен, кайдасың сен, жан биргем», – деген үнүн укту. Бүт дене бою менен, бүт акыл-ою менен: «Кош бол эми, көрүшпөйбүз эч качан», – деп мукактана шыбырады...

Түнкү булуттардын арасынан ай адашып, аскалардын коюн-колтугун жойлогон шамал акырындан алсырады, башка эч нерсе угулгандай болгон жок.

* * *

Эртеси түшкө жуук Моло-Таш үңкүрүнө үч атчан жол алып келди, алдыдагысы – эркек, артындагы экөө – аял. Алар Элес, Элестин эжеси менен жездеси болчу. Болгон ишти өз көзү менен көрсүн, күйүт бугу басылып, көксүнү суусун дешип алар бул жерге Моло-Таш үңкүрүнө алып келишкен.

Жоро жездеси бул жерди беш колундай билчү эле. Баягы жылдары колхоздун кой ферма башчысы болуп жүргөндө буерден ары-бери көп өткөн, Моло-Таш үңкүрүнө да далай кирген. Ошондон улам ал тигил экөөнө жол азабын салбай, тез эле алып келди. Алар жолдон ок тийип өлгөн ак боз атты көрүштү, күнү-түн төккөн жамгыр менен добулда калгандан уламбы, айтор, төрт аягы сырайып, ыкчырыла жыгылганда кош басмайыл үзүлүп кеткен окшойт, ээри жанында жатат. Арсен ыргытып ийген мегафон менен автомат да ошол жерде экен, Жоро түшө калып аларды алды. Үн деген жок. Окко учкан ат, ташталган курал Арсендин соо эмес экенин айтып турду.

Алдын-ала жакшылыктан күдөр үзгөн үчөө тең үңкүргө кирип баратышты. Элес өзүн өзү кармай албай, муун-жүүнү калчылдап, көзүнүн жашын токтото албай койду, ушундан улам эжеси аны колтугунан алып келет. Үңкүр болбой үмүрөң кал, көргөндөрүнө көздөрүнөн байланып, тил-ооздон калып, моло таш болуп турушту. Жаны эбак чыккан, аккан каны көл болуп каткан жерде адам менен жырткыч, зорлугунан жан чыккан мөңгү барсы, жан кыйган тагдырлаштардай жанаша жатышкан экен. Арсен Саманчин Жаабарстын көкүрөгүнө башын жөлөгөн бойдон жан бериптир. Бир көз ирмем өттү окшойт, анан эже-сиңди эчкирип ыйлап ийишти:

– Ай, Кудай ай! Бул эмне деген карантүн?! Чын эле Арсенден айрылып калдыкпы?! Эми кандай күн болот?!

Элестин эжеси үнүн баскан жок:

– Арсен өзүн өзү көргө салды дешкендери чын тура! Бул эмне кылганы?! Акылдуу эмес беле? Кантип ушуга барды?! Силерге аябай кубандым эле, Элес, сен ченемсиз бактылуу болчусуң, мен ушундан коркконмун!

Элес эстен тана жыгылды да, чөгөлөй калып Арсендин эбак муздаган колун сылай зээн сыздата боздоп, эмне айтарын, эми эмне кыларын, кайда, кантип барарын билбей өзүнөн өзүн жоготуп баратты... Ийе, тагдыр деген ушу экен, эже-сиңди көпкө ыйлашты. Анан Элеске эжеси түндөй кара жоолук салды. Жоро болсо булардын аза бугу чыксын деп, үңкүргө кирип-чыгып, үн каткан жок.

– Кумар, сен мага энемдейсиң, сага сырымды айтайын. «Биздин барстардан колуңду тарт! Тоо экологиясын бузгандар биздин жерден жоголсун!» – деген плакат жазып алып пикетке чыгам деп Арсенге мен айткан элем. Акылсыздык кылыпмын. Минтүүгө мүмкүн эмес экенин ошондо эле түшүнгөм, ал жөн эле ой болчу. Арсен анда эч нерсе деген эмес, ичинен ойлонсо керек, анан... Ушинткен тура. Кайдан гана андай сөздү айттым экен, кара көзүм кашайган тура!

– Ыйлаба, Элес, жакын адамдар ар нерсени сүйлөшөт. Тагдырдын жазганы ушул экен да. Андан көрө сөөк коюуну ойлонолу. Туура түшүнгүн, тууган-уругу азыр муну көммөк түгүл көргүлөрү келбей жатат. Болгонун көрдүк, эми мунун сөөгүн ушу үңкүргө таштап кетмек белек?..

– Ооба, таштабайбыз. Билесиңби, мен өмүр бою Арсен менен жаны бирге адамдарча кол кармашып жашап келгендей болгом, эми кантип жашарыма көзүм жетпей калды. Кечил болуп кетейин, Россияда аялдардын кечилканалары бар, ошону билейин, Кудайга ишенбей келсем да, эми күнү-түн тынбай Арсен үчүн Жаратканга жалынып сыйынайын.

– Болду. Ыйлаба, Элес. Мен сага ишенем. Сенин колуңдан келет. А бирок ойлонуп көргүн, өмүр бою кечил болгуң барбы?

– Билем. Эгер тагдыр буйруп, бала төрөп калсам анда ал жакка барбаймын.

– Ой, ошондойбу?! Кудай жалгасын, чын элеби?

– Негедир күтүп жатамын. Түш көрдүм. Боюма жооруп койдум, эгер андай болбосо мен өзүмдү кечилдикке түбөлүк беремин.

Ошо маалда үргүлөгөн тоолордон кубаттуу, уламдан-улам күчөгөн дүңгүрөө угулду. Үчөө тең үңкүрдөн чыгышты да, анан алар вертолёттун келе жатканын билишти. Бийик чокулардын ортосундагы капчыгай өрдөп келет. Жакындашкан сайын байланган аттар үркүп, кошкуруна тыбырчылады эле, Жоро барып, аларды тизгинден алып, «та-ак, та-ак» деп жоошутуп жатты. Жанагы вертолёт Моло-Ташты айланып-айланып учту да, анан кетип калды.

– Бул вертолёт бекер келген жок, Моло-Таш окуясы райборборго жетсе керек. Ошого келишти, – деди Жоро ойлоно.

– Бул алардын иши, – деп кирди анын аялы. – Сен өз ишиңди жасагын. Арсенди жерге бериш керек, Элес экөөбүз ушуну сүйлөштүк. Сен кандай дейсиң, Жоро?

– Кандай демек элем, эмнени ойлонобуз, мүмкүн болушунча жерге бериш керек. Туугандарынын биринен да сөз чыга элек. Бектур ага да, жездеси менен эжеси Гүлайым да унчукпайт. Кошуна-колоңдорунан да акыл чыга элек. Сөгүп, каргап-шилеген эле киши. Курусун ошолор, качанга чейин ошентишет. Өлүм деген өлүм, ага атаандашууга болорбу?.. Мейли, бирок сөөктү бу тоонун жалгыз аяк жолу менен айылдын чоң көрүстөнүнө алып баруу да оңой эмес. Ат менен жеткирүү да кыйын, жана көрбөдүңөрбү, жаман жерден замбилге салып өтүү керек, ал үчүн бир нече адамдар керек, колдон-колго алып колдошуп дегендей. Бирок азыр эч ким анткиси келбейт, ал жагы да бар.

Жоро кандай болсо да бул иშти Арсендин жакын туугандары менен акылдашып чечүү керек деген тыянакка келди. Ооба, канчалык ачууланып кыжырланган менен анын сөөгүн жерге жашырыш керек да, бул эмес Кудай безери болуп бүткөн жексур кылмышкерлерди деле жолу менен жайына узатышат го.

– Ооба, ойлонолу, – деп сөзүн улантты Жоро. – Азыр ичкери кирели да, Арсендин арбагы ыраазы болор, дуба окуп коёюн.

Кайрадан үңкүргө киришти. Жанагыл эле көрүнүш. Жаабарска башын жөлөгөн Арсен Саманчиндин жүзү куу камыштай кубарып кеткен. Анын жанына жакын отурушту да, дымып калышты. Чымкый кара жоолук алдындагы Элес кайрадан сууга салган тал чыбыктай солкулдап ыйлап кирди. Жоро болсо ага караган жок, жаттап алган, а бирок өзү таптакыр түшүнбөгөн араб сөздөрүн чын дилинен бериле кырааты менен айтып жатты, а чынында анын маанисин ал эмес, жергиликтүү элдин бүт баары эле билишчү эмес. А бирок салт деген салт да, андан кайда чыкмак.

Ушу ыйык жымжырттыктын кучагында калган Элес бир нерсени ойлоду, бир тууган эжеси менен жездеси канткен менен ага күйүшөт экен, бу жалгыз дүйнөдөн жанын берип тапканы ойдо жок жерден окко учуп минтип калганда, экөө тикесинен тик туруп аза күтүп жатышканы Арсенди тирилтип бергендей эле болду. Булар болбосо анын жанында кайгысын бөлүп ким болмок. Ичинен ушинтип ойлоп жатканда сырттан аттардын дүбүртү, анан адамдардын үндөрү угулуп калды.

Үңкүргө шарт-шурт беш адам кирди. Таштанафган баштаган айдакчылар экен. Алар каада сактап отурушкан жок, кабагынан каар жаадыра түнөрүп, Жоронун дуба окуп бүтүшүн күтүп турушту. Тигил бүтөрү менен Таштанафган кесе сөз айтты:

– Биз силерге бу Моло-Таш үңкүрүнө мина коюлганын айтып коюшубуз керек. Силер бул жерден тез кеткиле, анткени азыр үңкүр жардырылат. Тез кеткиле!

– Жардырылат?! – Жоро каршы сөз айтты. – Эмне үчүн? Бул жерде киши колдуу болгон Арсен Саманчин жатпайбы?! Анан кантип жардырасың?!

– Ал биздин ишибиз эмес, жардырабыз дедикпи, жардырабыз. Аныңар ушул жерде калат, үңкүргө көмүлөт.

– Эй, сөөк коюу да ошондой болчу беле? – Сөзгө ачууланган Кумар аралашты. – Мен силерге аял катары айтып жатамын. Адегенде сөөктү ойлонгула, анан жардыргыла. Баарыбыз өлөбүз, анан каада-салт менен, өз жолу менен көмүлүшүбүз керек да.

– Үйрөтпө мага! Атайын тапшырма боюнча үңкүр жардырылат. Биз ошого келдик, ойноп жүргөн эч ким жок. Жарым саат убакыт беребиз.

Кудай бетин салбасын, ошондо Элес карасын алып ыргытты:

– Ошентип эле көргүлөчү! Өлгөн адамдын сөөгүн кордобогула! Ал үчүн силерди арбак урат. Өлгөн адамдын сөөгүн тебелеп маскаралоого акыңар жок, ал салт боюнча көмүлүш керек. Кордобогула! Мен сөөк үчүн башымды сайып беремин, – деп буулуга сүйлөдү.

Ошондо кыл чайнап араң турган Таштанафган:

– Сен кимсиң? – деп ызага сына, жаалы төгүлө жарылды. Ал ошентмек, кечээ күнү дал ушул жерде анын каракчылык максатын Арсен Саманчин башынан кечип, таш-талкан кылганын Элесиң кайдан билсин. А Таштанафган болсо актыкка айланган классташынан кан ичкичтик менен өзөккө түшүп өксүткөн өчүн алууну көздөгөн. Ошондо касынын канын кочуштап ичкендей болмок. Ошол үчүн ал дагы бир жолу: – Сен кимсиң?! – деп жаны чыга кыйкырды. – Жооп бер деп жатам. Сен кимсиң?!

– Менби?! Мен ким экенимди башка жерден, башка убакта айтсам болот эле. Мына, бутуңардын алдында кишиден өлгөн киши жатат, мен өлүмгө даяр адаммын, өлтүргүңөр келеби, өлтүргүлө, мен өлүмдөн коркпоймун. Азыр жардырып жибергиле, урандынын астында Арсен менен түбөлүк бирге калууга даярмын. Жардыргыла, силерге ыраазы болом, жардыргыла! Аны менен мен бирмин...

Бул жаакташуу дагы канчага созулат эле, ким билсин, айтор, Жоронун жол билги акылы ортолукту жумшартты:

– Таштанафган, мени бир жолу угуп койчу. Көз жашын төгүп, жүрөгүн тилип канатып, күйүткө түшүп турган аялдарды туура түшүн, антип сүйлөшпө. Экинчиден, сөөк жатат, анын алдында катуу кеткен жарабайт, өлүм улук. Ошондуктан сыртка чыгып, эмне кылуу керектигин сүйлөшөлү, кеңешип иш кылалы. Жардырууга качан да болсо үлгүрөсүң. Ага чейин акылдашып алалы.

Сыртка чыгышты. Чыкканы менен ары кетип, бери кетип далайга кыжылдашты.

Сөөк башында жалгыз калган эже-сиңди эми өз камын көрүштү. Эжеси Элестин башындагы кара жоолукту оңдоп, сылап-сыйпап минтти:

– Элес, ыйлаба, бүт баарын арбак угат, сен өз сөзүңдү айттың, арбагы ыраазы болот. Биз милдетке турдук, калганын эркектер чечсин. Эх, ушундай да күйүт болорбу!

– Мен сага ыраазымын, эжеке! Сен чын эле менин энемсиң. Арсендин тагдыры неге мынча чукулунан өзгөрүп кеткенин ойлоп жатам, эжеке. Ал аябай акылдуу жана адилет эмес беле. Кыз кезимден бери анын жазгандарынын бирин калтырбай окучумун, теледен сүйлөгөнүн жылбай отуруп укчумун. Сүйгөм, эже, ал дагы сүйгөн, бактыбыз менен сүйүүбүз кандай эле... Эки дүйнө ээлеген эки өмүргө жетмек. Анан... Акыры ушул болду, барс менен моюндашып үңкүрдөн жаны үзүлдү. А тигилер болсо үңкүрдү жардырып көөмп салгылары келишет, жер менен жексен кылгылары келишет. Бул эмнеси? Урматтагандыкпы же кордогондукпу? Бирок мен үчүн ал эми ыйык, касиеттүү болот. Мейли кыз болсун, мейли эркек болсун, күмөнүм бир күн чын болуп калса Арсен Саманчиндин атын өчүрбөй, тукум улап, өлүм менен жазыксыз жазалангандын өчүн алат элем, эжеке.

Боору бирлер боорунан күйүп турушту.

Жоронун кабагы жерге түшүп келди, ары кетишип, бери кетишип жатып бир сөзгө келише албай койгонун, Таштанафган карадил болуп көшөргөнүн айтты. Дагы жакшы, тигил аксым эртең мененкиге чейин убакыт бериптир, шеф Бектур менен акылдашамын, күтүп тургула, ал эмне дейт, күн муруту чыга электе келемин, ошондо баары чечилет дептир.

Түн ичинде от боюнда отуруп, ал Арсен экөөнүн баласын жетелеп алып анын бейит башына барып турар тагдыр буйрур бекен деп ойлонду. Ошо кезде алыскы тоолордон: «Сен кайдасың, жан биргем, сен кайдасың, добуш берчи менин сүйгөн мергенчим!» – деп Кызкайыптын боздогону угулду. Ал ага дилинен шыбырап: «Кызкайып, мен сени угуп жатамын, эми мен да сага окшоп жалгыз калдым, өзүмдү өзүм каралуу жесир атадым, ал экөөбүздүн кандан бүткөн балабызды жетелеп бейитке барар тагдырды бере көр деп бир Кудайга жалынып жатамын...»

Кудай бар экен, эртең менен иш жакшы жагына айлангандай болду. Ооба, күнөөнү сезүү кээде ушинтип кечигип келет турбайбы, анын үстүнө түбөлүк өзү менен өзү күрөшүүнүн жолу да татаал болот окшобойбу, анткени өз күнөөсүн мойнуна алуу үчүн ар дайыма ай-ааламды жакшылык менен тазалап, өзүңдөгү карөзгөйлүктөн кол жууш керек. Ошентиш керек. Ошондой болду, эртең менен Таштанафгандын балдары замбил, кепин, жабуусунан өйдө алып келишти. Сөөктү замбил менен капчыгайдын оозуна чейин колмо-кол көтөрүп алып баруу керек, аерде шеф Бектурдун жиби, башка машиналар күтүп турат. Иш жайында, ал тургай Моло-Таш

үңкүрүн жардыруу да кийинкиге калтырылса керек, а балким, жардырышпай калгандыр. Айтор, шеф Бектур ага сөөктү алып келгиле, а Жаабарсты болсо ошо тоо арасына көөмп салгыла дептир.

Өзүн өзү каралуу жесир атаган Элес сөөк салынган замбилди көтөрүп бараткандардын артынан түштү, андан соң анын эжеси Кумар, аттарды куюшкандай жетелеген Жоро келатты.

Таштанафган эмне болуп жатканын эч ким билген жок, ал сөөк көтөрүп, аза күткөндөрдүн эң артында ат жетелеп келаткан. Байкагандар аны көзүнүн жашын токтоталбай ыйлап келатты дешти. Ошентип келатканда эле ал башындагы аскер шапкесин күтүлбөгөн жерден жулуп алып, кырбуусунан кармап туруп алынын жетишинче алыска ыргытып жиберди.

Элес болсо сөөк артынан баратып Арсен Саманчин айткан Кызкайып тагдырын дагы бир жолу эстеди да, анан: «Кызкайып, мен сени угуп жатамын, угуп жатамын. Мен кайрылып кайра келемин, издеп жүрүп, бир өзүңдү табамын, андан кийин сен экөөбүз кучакташып алып чогуу ыйлайбыз. Мен сага сеникине окшош дилкүйүтүмдү, тагдырымдын таш ыйлаган арманын айтып беремин. Күтө тур, мен жакында... ооба, мен жакында келемин...» – дилинен сүйлөп, дилинен сыздап баратты...

Ошо күндөрү жалган-чынын жан билгис дагы бир имиш сөз чыкты. Канча бир жолу ок тийип, анан ошондон улам Моло-Таш үңкүрүндө жан берген узун куйрук, казан баш барсты ал жерден алып чыгып, ошо тегерекке көөмп салуу үчүн Таштанафгандын эки баласы келет. Кудая-тообо, ошондо Жаабарс үңкүрдө жок болуп чыгат. Жараткандын амири менен кайдадыр ың-жыңсыз жоголуп кеткен болот. Кийин-кийин аны ошол улуу тоолордон көрдүк, Кызкайып алып кетсе керек дегендер да чыкты. Көрдүк дегени ушу, Жаабарстын көлөкөсү же караанын көрүп жүрүштү. Ал эми аскар тоолордогу мөңгү-карлардан Жаабарстын албан-кубат айбаттуу изин көптөр көргөнүн, көргөн кезде азабойдон ал качып калчылдап кетишкенин айтышты. Чын эле ал улуу тоолорду кыдырып, түбөлүк улуулукка айланып жүргөн чыгар... А улуулук деген эч качан өлбөйт эмеспи.

## ЭПИЛОГ ОРДУНА

**Арсен САМАНЧИН**

# ... ӨЛТҮРБӨ!

**(Аңгеме)**

**Жарыялаган Элес ЖААБАРСОВА**

*Кан чачырап жетпеген жалгыз гана күн калат,*
*Чылбыр сүйрөп, ээсин жоктоп окуранат качкан ат.*
**Көзү ачык цыган аялдын айтканы.**

Көз ачырбаган зенит огунун жолунан самолётун буйтата бурган учкуч кара таандай аламан октон чын эле кутулдумбу деген кыязда төмөн жакты карады. Кырдана ойт берип учкан самолёттой бир жагынан кыйшайгандай көрүнгөн, тийген ок тешип өталгыс жыш чытырман, үстү жагынан күрөң-жашыл көрүнгөн түнт токой сокур түндөй кооптуу түнөрүп жаткан экен. Ал аңгыча истребитель түзөлө калды, а алды жактагы токой да абалкы абалына келип, мунарык түтүн уюган дүйнөнүн кучагына кирди да, аңтар-теңтер түшкөн бул аалам ордуна келди. Көзүнө жаны көрүнгөн учкуч эми өзүнө келерде дагы бир шумдук жүрөгүн түшүрдү. Так самолёттун тумшугуна кайдан-жайдандыр бир нерсе капыстан тушма-туш чыга калды да, анын эмне экенин билгенче күүлөнгөн бойдон түптүз келип былч урунду. Жандуу нерсе окшоду, самолёт тигинин урунганынан улам бир аз калдаңдай түштү, а үрөйү учкан учкуч көз ирмемгеби, айтор, бет алды жагын көрө албай калды.

Көзүнө караан көрүнбөй, канаттары үзүлгөнчө учуп, артта калбоо кумар кызыгы менен келатышкан куштардын тобу эле.

Учкучтан кара тер кетти. Самолёт тик ылдый түшүп кетпес үчүн ал штурвалды карыша кармап, кабинанын маңдайкы айнегин каптап калган жанагылардын кан-жинин көрө жийиркенип, дене-башы жыйрылып кетти.

Ооба, негедир бу жылы келгин куштар күздүн келишин күтүшпөй эле ак жайдын карды жарылган маалда аяны ачык айткансып кайрылып кете башташты. Не экенин ким билсин, адегенде түгөйлөшө, анан топ-тобу менен күндүзү да, түнү да кандайдыр бир аянычтуу үн чыгара чурулдай калышып кетип жатышты. Ооба, кетип жатышты, уясында жумурткала-

рын баскандары да, канатын кагып балапанын басканы да жин тийгендей кетип жатышты. Ителги тийгендей кеткендердин акыркысы түн бакыры бабырган болгон өңдөндү, жоро ичкендердей бакырып жүрүп, анан алардын да үнү угулбай, тоо арасы кулак-мурун кескендей тынчыды.

Жырткычтар да кайдадыр житип кетишти...

Уюлгуй чыгып, көктү көздөй созулган түтүн тумандана тарап, чылк чытырман токойду кызыл жалын аралап, даулдаган от чача чачырап күйүп, өчөшкөн өрткө айланды, канча бир жылды тамырына жан кылган карт дарактар коркконунан кокуйлап кулап, кылда учу көккө сайылып, кылымдан кылым жараткан карагайлар жан кейите качырап барып жыгылууда. Ой-талаанын топурак-ташын сапырган бомба менен миналардын жарылуулары, танкалардын бетме-бет атышуулары. Артиллериянын баш көтөртпөс мөндүрдөй аткылоолору кара жерди калчылдатып турду. Жан чыгарган жарылуулар сууларды да нугунан чыгарды, алар агымынын абазын, тунуктугун жоготуп, туш келди жылжып, чөөт-чөөткө айланып калды. Агын суу сиңип каймак болгон жерге танканын бири чөгүп, замбирегин көккө созгон бойдон жалдырап жатат.

Ушунун баары ар бир күн көрөр окуя эле, ошондуктан муну аскер сөзү менен айтканда, бу жерде согуш айкашы күчүнө кирген кез эле, эрегишкен эки тарап кан жута тирешип турган. Алар бири-биринин коргонуусун талкалап, баш көтөртпөс аёосуз чабуулга өтүп, душмандын оң канат, сол канат колун жексендеп, тылын тыптыйпыл кылып, аскерин кызыл канга айлантып кетиши керек эле. Ушундан улам ар бир тарап душманынын коргонуусун бузуп, чабуулга каршылашынан мурун өтүүнү көздөп жатышты. А бирок андай мүмкүнчүлүктү эч кимиси бири-бирине берген жок, ошондон улам оңутун тапкан ок жаадырып, бомба таштап чабуул талаш согушу жан мойсоп, чыккан күндү батырып, баткан күндү чыгарып, чычаладай кызарып жатты...

Кандан качкан күндөр күндү кубалап өтө берди. А бул жер күйгөн аймакта атышуулар күнү да, түн тынган жок, Жер эненин боорунан кочкул кан агып солкулдап жатты. Алаамат айды боздоткон ушул жайга ушул жылы уясына куштар кайтып келген жок, тебелендиде, ок-дарынын күйүк жытына ууланган чөптөр жалбырагын жазалбай жалдырап калды...

Биринин канын бири ичкиси келген душмандардын согуш штабдары шашылыш пландарын иштеп чыгышып, жоготуулар жөнүндө, окко учкандар менен катардан чыккан жарадарлардын сан-эсеби тууралсында жашыруун билдирүүлөрдү беришип, эки тарап тең Жогорку командачылыктан душманга кыйраткыч сокку уруу үчүн кошумча аскер күчүн, техниканы, ок-дарыны чектөөсүз сурап жатышты. Эки тарап тең өздөрү турган жерди коргоо менен касташын каршылык кылган аймактан сүрүп чыгып, жаңы согуштук өңүт мейкиндигин ээлеш максатында бекем ту-

рушту. Алардын талабы жогорку жактан канааттандырылып, жаңы толуктоолор келип жатты, чабуул талаш согушу кайрадан өз билгенин жасап аскер күчүн сурап турду, соргонунун ордуна жаңылар келип жатты, жеңишке да, жеңилүүгө да эмес, өлүмгө келип жатты...

Тамыр-гүлүн согуш соргон жай мезгили бул жерден эрте картайды, ошондон уламбы, айтор, эки тарапка тең чабуул талаш уруштун көрүнөө керез айттырган акыркы мөөнөтү – аскер күчүн өкүрүк чыкпас өлүмгө бирме-бир берип, көчүгүнөн көк түтүн чыккан бар тобокел согушу жетерине жетти. Мына ушул улуу казатка, адам менен жан-жаныбар аттуунун чачыраган ысык каны аалам жууп, жалгыз гана Күнгө жетпей калар күнгө, кайберен качып, куш учкан дал ушул кыямат-кайым аймакка тагдыр деген жазмышы бүтчү адамдарды атайлап айдап келгендир... Мүмкүн.

Маңдайына жазылганын билбеген ошондой адамдардын бири Кудайына ишенип ушул жакка, аскер эшалону менен Азиянын аптабына балкыган Волга боюндагы Саратовдон келатты. Эшалондогулардын бардыгы кан майданга келатканын билишчү, а бирок кайда барышат, кандай тагдыр күтүшөт, аны алар эмес, жогорку жактагылар гана билет, а булар кайда айдаса каршылык жок бара бермей. Ошентсе да, аларды Москвага алып барат экен деген сөз угулду, андан аркысы белгилүү, Москвада ойнотмок беле, ошерден ар кайсыл фронтко бөлөр... Ооба, акыры ошондой болот.

Саратовдон түш оогон кезде чыгышты да, анан түн бою думуктурган сапар сазайына чыдашып, жай аптабы куйкум кылып куйкалап, көкөйү көзгө сайылган эринчээк Волга боюндагы кумары качкан ач талааны да артка калтырышты эле, мына, темир жолдун эки жагынын алыс-жакын аралыгынан жашыл бадал-шактар, а тургай ийне жалбырактуу токойлор да башталды, тим эле таберикке айланган эски сүрөттөгүдөй ажайып дүйнө, моокумуң канып, караган көзүң тешилет. Жоокерлер менен курал-жарактар толгон вагондордун ачылган эшиктеринен жан сергиткен салкын желаргынын илеби келе баштады да, андан соң алып учкан бул поезд жашыл токойдун койнуна кирип кетти.

– Мына, токой башталды, Россия босогосун аттадык! Россия энебизге келдик! Жоокерлер ошо Россиядан эмес эле, башка жактан келе жатышкансып, эл-жерине келгендей жарыла сүйлөп жатышты.

Ошолордун арасында өтө эле жаш, чычкак улактай тыртайган, атасынын аскердик кийимин кийип алгансып шөлбүрөгөн Сергий Воронцов, болбосо взводдогулар сүймөнчүк менен Сергий инок, бизче Сергий кечил, Сергий монах же мындан да көтөрө чалып айтканда Сергий отец – Сергий ата аталган бирөө бар эле. Ошо жигит сөздөн сөз чыккан бир учурда Кудайды айтып, ал деген икона эмес, өзгөчө ыйык кубулуш экенин айтып калды. А бирок андагылардын бири да ошо кубулуш эмне экенин түшүнгөн жок. Ушундан улам араң турган ажына шылдыңдагычтар аны ошо замат эле

Сергий ата, Сергий кечил деп атап алышты. Болгону ушул, жок жерден ырахат табышты да калышты. Ал эми ошо Сергий Воронцов бар болгону он тогуз гана жашта эле, ошого карабай булардан акылы ашып жатпайбы, анан аны тамаша менен өздөрүнө жакын кылбаса болбойт да. Анткени ал алардын тамашасына териккен да жок. Ошо Сергий вагондун эшигине туурасынан коюлган темирге бир канча саат былк этпей сыртты карап өбөктөп тура берет, эргелчектей эмеде андай турган бирөө жок. Башкалары бака-шака түшүп карта ойношот, кимдир бирөөнүн узаткандар берген арагы түгөнө элек экен, шакылдаган поездде бекерчилик кумарынан шарактап, кажы-кужу ар кандай сөздөр айтылып, уу-дуунун аягы жок, а дагы бирөөлөр телмире жалгыз туруп, өзүнө өзү муңайым ырдап келатат. А Сергийдин дүйнөсү башка, эшиктин ачыгынан сыртты – бирин бири артты көздөй кубалаган жерлерди карап келет. Караганда да жаш балача таңыркай да, бериле да карайт. Анткени Сергий нагыз орус жерине биринчи ирет келатат. Мектептен кийин ал түз эле Москвага барсам, ошерден окусам деп тилек кылчу, анын баарынын таш-талканын чыгарып, мынабу поезд алып учуп аркырап согушка алып баратат. Тагдыр ушундай тура, ал эшалон турмушун көрдү, станцияларда калай чайнек көтөрүп кайнак сууга чуркады, жоокердин жол азыгын үнөмдөп жеди, Волга боюнда үч ай бою аскердик машыгууда болду, анан минтип сапарда, жер кызыгы менен алек. Башкалар үчүн күндө көргөн көнүмүш нерсе болсо да, Сергий үчүн мурда көрбөгөн кызык көрүнүш, ошондуктан ал андай кездерде таң калууга берилип, жанына бара калган бирөөнү тигини карасаң дегенсип жеңден тарткылап келет. Анын таң калганы темир жол боюндагы жалаң жумуру карагайлардан тургузулган кыштактар, камыш өскөн көлмөлөр, айылдын апенди мүнөз бир адамы уй минип өкчөңдөп жыргап барат, дагы башкасы, айтор, айыл турмушу. Ары жакта заводго жакын талаада асман мелжиген бийик труба, андан мунай майы жалындап күйүп жатат. Муну Сергий жакшы билет, атасы мунай чыкчу жерде иштөөчү, ошерде да ушундай бийик, жалыны чыгып турган труба бар эле, ал ашыкча газды жок кылат, жанындагыларга ошону айтып келатты. Анын кыялына кылт этти окшойт, кыштын сокур түнүндө, кар зампарлап жаап турганда, эчтекеден-эчтеке жок асманга жалбырттаган жалын чыгып турса бир керемет көрүнчү. Ошо кереметке жаңы жылда апасы менен эжелерин ээрчип, алар менен кол кармашып алып ошол түн кереметиндей көрүнгөн отко ак карды кечип барышчу. Эки бетине аяздан эндик сүртүнүп кайра келишчү, жарык жана жылуу үйгө кирген соң ошо куунак маанай менен ар дайыма ыр окушчу, апасынын ыр токочторун бурдай жешип, демейде катаалынан кайтпаган бухгалтер апасынын жарпын жаза эркелеп алышчу. Ушуларды ал сапарлаштарына айтып коюп жатпайбы, ошондо алар «эсинен ыр менен май токоч кетпейт... Анан ушу да согушка баратат ээ», – дешип жыргап күлүп алышчу.

Темир жолу жүрөк тамырындай кыйма-чийме түшкөн станцияга алар көз байлана баштаган кезде келишти, поезд үн чыгарбай акырын жылат. Бомба тийип вагондоруна чейин өрттөнгөн, ташы талкан болгон, бардык составы запастык жолго чыгарылып салынган паровозду көрдү да, бир аз таңыркай дел боло түшүп, анан Сергий андагылардын көңүлүн ошого бурду. Дүрбөй түшүп карагандардын бүт бардыгы таш болду, поезддин бомбалоого кантип кабылганын, кандайча өрттөнгөнүн, фашисттердин самолёттору кантип бомба таштаганын, вагондордогу алааматты ар бири көз алдына келтирип, алардын ордуна өздөрүн коюп жатышты. Денеден жылуу жан качты, канчасы мүрт кетти, канчасы тирүүлөй күйдү, ооба, секирип кеткендери да болгондур. Ооба, бул аларды тилден калтырган согуштун алгачкы сүрү, анын адам аябас каар белгиси эле. Муну көргөндөр күйүтү бирлер күүгүм талаш бейитке барып, үн-сөзү жок жолугушуп, үн-сөзү жок солкулдап ажырашкандай болушту. Дене өлүк болуп сөздөн калгандардын көпчүлүгү махоркаларын түтөтүп, ой бастыда калышты.

Көйрөң күлкү ага карабайт экен, көңүл көтөргөн да кез болду.

– Ой, карасаң! Булардын кудуктары да башкача экен, үстүнө кооз чатырча салып коюшат экен. Укмуш эй, сонун көрүнөт экен, – деп Сергий дагы жандана калды. Мындайда тамаша тынчып калчубу.

– Сен кудукту, кооз чатырчасын эмес, ошол кудуктан суу алып жаткан кызды карасаң боло, байболгур! Жүрөгүң менен карачы, күн жалаган ак денеси азгырып, жел сылаган соорусу көзүңдү гана күйгүзөт го, чиркин. Жок дегенде ушуну карасаң боло. Эх, инок. Мен сенин ордуңда болсом тигил үчүн вагондон секирип түшүп... ай атаңдын көрү, анда мен дезертир болмокмун да.

Ушунда бир күлкү төгүлдү.

Ооба, чынында эле ал эл көргөндү көрбөй, эч ким көрбөгөндү көрүп алчу, ошондон улам анын мунусун жакшы көргөндөр кемчонтой, кечил, мадыра баш деп алышкан. Сергийди сыртынан караганда кылдай кыйкым таба албайсың: бой-сымбатты Кудайы аябай эле берген, кең далы, акыл-эси деле ордунда, тамашаны деле түшүнөт, а бирок телегейи тегиз болгонсуган менен уяң, тартынчаак, а турсун кээде апенди чалыш сүйлөгөнү боюнча, айтор, көп жагынан жаш балага окшоп кетчү. Ал өзүнүн бул жактарын жакшы билчү, билмек түгүл тигил өзү сыяктуулар эрезеге тез жетип, мурдуна суу жүгүртүп дегендей кыз-кыркынга кынала калгандарын көргөндө Сергий да, эркектана эмеспи, кадимкидей ойлонуп калчу, а бирок өзүнүн кечиккен жигиттигине өкүнчү деле эмес. Ошентсе да бир жолу көңүлүн көгүчкөн канат кылган бир керемет сезим башталарын башталып, анан эле аягын таптырбай кетти.

Кечээ күнү вокзалдан поездге отуруп жатышканда дагы кызыктай, мүмкүн күлкүдүр, а балким, андай эместир, айтор, ойдо жок бир окуя бол-

боспу. Ал ошону жол бою эстеп келди. Бул окуя да анын ичинде кылдай арамдыгы жоктугунан, эл аны бир көргөндө эле ким экенин, кечил дегендей эле тырмагынан чачынын учуна дейре таза экенинен улам болгон.

Таң куланөөк салганда алардын бөлүгүнө жолго чыгуу жөнүндө шашылыш тревога болду. Команда деген команда да, анын мынчалык шашылыш экенин айтуу кыйын, анткени согуш маалы, мындайда суроо-сапкыт болбойт, болсо да ошол согуш менен түшүндүрүлөт. Бүт бардыгы дүрбөлөңгө түшүп камына башташты. Анан алар Саратовдун четиндеги лагерден бүт жөө аскерлер рота-рота болуп шаардын ээнирээк көчөлөрүнүн бири менен станцияны көздөй жөнөштү. Ошо колонналардын көбү аскерге чакырылган Саратовдун балдары болчу. Алар түшкөн көчөдө ошо саратовдуктардын айрымдарынын үйлөрүнүн терезелеринин түбүнөн, кээлери иштеген жеринин дарбаза жанынан өтүштү. Айтор, Саратовдун балдары көчөгө батпай баратышты, ошентсе да кубаныч деген кубаныч жолу менен болуп, эч кимиси катардан чуркап чыккан жок, андайга командирлер да жол бермек эмес. А бирок үйдөгүлөрүнө, же тууган-туушкандарына, жолдошторуна кетип баратканын билдирип коштошуп өтүү үчүн ачык турган терезелерге кыйкыргандар болду. Айрымдары колоннага жол бошотуп көчө боюнда турган тааныштарын атынан чакырып, жакындарына, үйүнөбү, айтор, дубай салам айтып жатышты. Ал аңгыча бирин бири бол эрте деп ээликтирген балдар көчөгө толуп кетти. «Солдаттар келатышат! Кызыл армиячылар согушка баратышат!» дешип туш-тараптан тумандай каптап чуулдап жатышты. Анан көчөгө аялдар чыгышты, эже-карындаш, ким бирөөнүн түгөйү, кошуна-колоң, кыз-келин дегендей. Айтор, алар ушул күн, ушул саатты ушу күн, ушу саатка чейин чыдамдын чынжырында күткөнсүп, бирөө тапочкасын сүйрөп, дагы бирөөлөрү таптакыр жылаңаяк секирип, айрымдары башын жууп жаткан го, самын суу болгон чачтарын сүлгү менен орой салып, кээ бири жыртык юбкасына жамбашын жашырган болуп шашкалактап чыгышты. Кызык жери алар аңкыйып карап турушкан жок, катар басып бараткан жоокерлер менен жанаша желип чуркашып, согушка бараткандарга акыл-насаат айтышып, көңүлдөрүн көтөрүшүп, бардыгын бир Кудайга тапшырып жатышты. Сезим деген кыйын тура, мына ошондо алар бир туугандай, бир уяда чоңоюшкандай туюлуп, биринен бири өтүп алкап, Саратовго, ыйык Волгага, киндик кан тамган жерге, өз үйүңө тез арада аман-эсен жеңиш менен кайтып келгин деп ар бирине кайра-кайра табыштап айтышты. Кайгыдан улам каңгы баш болгон бир аял, белимчи белем, көзүнүн жашын көлдөтүп: «Сталинге даңк! Сталинге даңк!» – деп жер жара кыйкырып келатты. Алардын айрылышар жери станция эле, акыры ага да жакындап калышты, ошондо гана тигил аялдар акылына келишип, чуру-чуу түштү, өз тагдырларын эстешип, аларды булардын оюна коюп, кайра кайрылбас кан майданга кеткендерди күтүп, бу шордуу-

лар өмүр бою, кылымың түгөнгөнчө каралуу жесир күйүтүн тартып өтүшмөк...

– Болду, кыйкырганды токтоткула! Жоокерлерге жолтоо болбогула! Тарагыла!

Командирлердин жайынча түшүндүргөндөрүн да, кага сүйлөп катуу айткандарын да бир тоготуп койбостон айрылуунун бир өмүр арылгыс арманын сезген алар катарынан жанбастан кадам шилтеп баратышкандарды жанталаша коштой басышып, Саратовдун дарыя бойлой кеткен жылан из көчөлөрүндө балбалактаган аялдар менен күндүн күлкүсүндөй болгон балдар агып келе жатышты. Ыйык Волганы алыска таштап узап баратышат.

Коштошуу деген мынчалык дил кыйноо экенин Сергий байкуш сезген да эмес, сезмек түгүл ал биринчи жолу коштошуу деген эмне экенин зээн кейитип көрүп отурат. Ошондон уламбы, же чын эле бул коштошуунун жолугушуусу жок деген ойдон уламбы, айтор, дил-көөнү ийип, көзү кадала калгандарга жакыныңдай жылмайып, колун булгалап, калчулардын кабагын ача, камтама болбогула, баары жайында болот дегендей тей көрсөтүп жатканы менен ичинен кан өтүп, дил тозогун тартып келатты. Ошентмек, анткени азыркы кырдаал, анан дагы бир арман, ал үйдөгүлөрү менен коштошо албай калды, ата-энеси жашарын жашап, актыктын жолун карап калган адамдар эле, а Сергий болсо алардын көкүрөк күчүгү болчу. Өкүнгөнү ушул. Булардын эң улуусу кыз, Казакстандын Кытай менен чеги бир жердеги заставада, андан кийинки эжеси – Вероника, ал дал ушул Саратовдун өзүндө турат, күйөөсү согушка кеткен, ошо бойдон кабар жок. Кичинекей баласын апасына берип, өзү керелден кечке жумушта болот. Атасы Воронцов Николай Иванович бүт өмүрүн Волга мунай өндүрүшүнө жумшаган эски бухгалтердин бири. Сергий жөнөрдө ал ооруканада эле, ооруганына көп болуп, оңолалбай жаткан. Вероника кыз да, мына ушулардын бардыгын төкпөй-чачпай Сергийге жазып турган. Сергий болсо шаардын сыртындагы аскерге даярдоо лагеринде эле. Ал жерде үйгө барууга уруксат деген жок, ошондон улам Вероника үйдөгүнүн бардыгын, өзүнүн ишин, тыякка да, биякка да жетишип жатканын кат аркылуу кабарлап турчу.

Эжеси чын эле жанда жок боорукер эле, ата-энесин, бир туугандарын ойлоп санааркай берчү, ошондон улам алардан кабар алып турбаса көңүлү тынчу эмес. Ал Вероникaнын сыр катпас ачыктыгын да жанындай жакшы көрчү, катты да ошентип болгонун болгондой жазып турчу. Ошо эжекесинин кийинки катына бу Сергийиң сес көрсөтүп жоop жаза элек, жазабы же жазбайбы аны да билбей жүрү, анткени Вероникaнын ал каты мунун көөнүнө эмнегедир көк таштай тийди. Анын жазгандарында жаман деле эч нерсе жок, болгон иш, а бирок Сергийдин көңүлү көлдөй толкуп алганына башка себеп, анын баарын эжеси билип алганы. Ооба,

Сергий кургурдун Наташка деген классташы бар эле, аны «коминтернчи» деп коюшчу. Оо, мунун тарыхы кызык, анткени ал жетинчи класста окуп жүргөндө ошо Коминтерн жөнүндө, Испаниядагы коминтерндик бригадалар өлкөнүн бүт жумушчулары менен дыйкандарынын бактысы үчүн кантип согушканы туурасында ыр чыгарып, анысын Москвага салып жиберет. Анан ал жактан ага ыраазычылык айткан кат келет. Москвадан, Сергийдин эсинде жок, Коминтернден беле, айтор, агайлар менен эжейлер Наташкага урмат көрсөтүп, азамат дешип, кыскасы, ал окуя мектепти дүңгүрөткөн. Наташка ошол катты сурагандардын бардыгына окутуп жүрдү. Тыкылдаган чыйрак кыз эле, ошондон кийин ого бетер активистка болуп кетти, жыйналыш сайын сүйлөйт, аны тааныбаган адам жок. Согуш башталар жылдын жаз алдында бир шумдук окуя болбоспу. Кече болуп калды, Сергий кайдан качырсын, Наташка өзү болбой жатып бийге жетелеп чыккан. Кайдан ал бийлемек эле, адатынча терезенин жанында вальс бийлеп жаткан түгөйлөрдү бериле карап турган. Бүт баары көрүп турган, бир маалда эле Наташа капилеттен түгөйүн таштап салып, анын жанына келди да, чечкиндүү түрдө колдон алып: «Сережа, эч ким менен эмес, сени менен гана бийлегим келип жатат», – деди. Чын-чынында Наташкасы анын ийининен араң келчү, ошентсе да ал вожатыйынын алдында турган пионерден бешбетер кыз сунушуна үн дебей моюн сунду. Ал неге мындай чечимге келди экен? Ушуну самап, ушуну күтүп, ушундай болор бекен деп эс чарчата эңсеп тургансып Сергийдин азабоюн ысык чымырык басып, көзү караңгылап кетти. Денесинен от жанган бойдон ал экөө тең жаштардын арасына кирип кетишти. Тагдырдын табышмагындай болгон иш мына ушундан башталды…

Сергий буга чейин көрбөгөн кыйноодо калды, бийлеп жаткандардын арасына аралашарын аралашып алып, анан башы айланып чыкты, тегерегинде вальс кумарына баткандардан көзгө илешпеген кандайдыр бир жалындын, жөн жалын эмес, керемет жалындын илеби уруп жаткансып азабоюн аптап каптап, деми кысылды, сезим ышкысын уламдан-улам алоолонткон бул учур аны жанга жагым абалга тартып баратты. Анткен менен аердегилердин көптүгүнөн жүдөп, а балким, эрк-кыймылы чектелип тартынгандыр, айтор, сыртка качып кеткиси келди, жылдыздын кызындай Наташка экөөнү эч ким көрбөш үчүн асманга учуп жөнөгүсү, улам бийиктеген сайын анысын улам бекем кучактап, эки дене бир денеге айланганча улам кыса кучактап, улам кайра бийиктеп кете берүүнү самады. А Наташка анын дил туйгусун кайдан билсин, буту жерге тийип-тийбей чимирилип бийлеп, бүт денеси ээрип, ышкындай солкулдап да, ийилип, анын эркинде болуп жаткансыды. Ушундан уламбы, айтор, адегендеги аны кысынтып-кыйнаган абал да, сезим да таптакыр жоголуп, экөөнүн ортосунда уламдан-улам күч алган таркабас кумар жаралып, ал заматта өрт болуп барат, жүрөгү балыктай туйлап, кабынан чыгып

кетчүдөй дүкүлдөп сокту. Анын ушул кырк тамырын балкыткан абал Сергийди кыздын жылуу демине, магдыраткан назик жытына акырындан багынта берди, ошондонбу, же уламдан-улам билинбей бир дене болуп ээрип бараткандыктанбы, ал Наташканын жүзүн ачык, даана көрө албай койду, кандайдыр бир демиктирген толкундануу эстен тандыра берди. Анан ошо маалда тигил керемети капыстан: «Сережа, сен мени жакшы көрөсүң, мени ар дайыма ойлойсуң, санаага батасың, а мен аны билемин», – дегенде гана ал дароо Наташканын аны күлмүңдөп карап турган көздөрүн, сезим кумарына чыдабай атайын ага тартылып, жүрөктүн ар бир кагышы сайын каалагандын болушун самап жакындап келаткан жүзүн көрдү…

Сергий мындайды күтмөк түгүл андай абалга даяр да эмес эле, ошондон улам ал аябай кысынып, жалгыз муун чөптөн пас болуп тырмагынан тер чыгып уялды, дагы жакшы, өзүн жоготпой, бий ыргагын кармап, бийлей берди. Ошентсе да кызга бир нерсе деп жооп айткысы, болгондо да башкалар көчөдөн бийкечтерге тийиишкендей моокум кандыра турган сөздөрдү айткандай кеп салгысы келди, а бирок куруп калсын, мунуку дайыма олуттуу жана сүйүүнүн сөзүндөй чыкчу эмес эле. Анткен менен ал кызга мен сүйүү жөнүндө ойлонбоптурмун, а сен болсо мага жакканы жагасың дегендей сөз айткысы келди. Наташка бул жолу да анын оюн билип тургансып оңтойсуз абалдан чыгарып кетти: «Мен билем, Сережа, айтпа мага, кыйналбагын. Макулбу, мен сени тамашаладым», – деди музыканын ыргагынан, бий кыймылынан чыкпай. «Мен сенин дилсырыңдан бери билем, жандүйнөңдү да көрүп турам, ошондуктан мага эмне деп айтарың белгилүү». – Ошентти да, айтар сөзү Сергийге жакшы угулсун дедиби бийлеп жаткандардан четке чыкты. «Мен ким эмне ойлоп жатканын жөн эле билип коём. Мунумду райкомдогулар билет, мени кыраакы комсомол-пропагандистсиң дешет. Мына, азыр сенин оюңду да билип турам. Сен мени сүйөсүң, жакында мага сени сүйөмүн деп айтасың. Анткени сен башка балдардай эмессиң, оюңдагыны айтпай тартынып жүрө бересиң. Баарын билем. Сен кыздар менен жүрө элексиң да. Чын айтамбы? Билем мен, бүт бардыгын көздөрүңдөн көрүп турбаймынбы, жашырбай эле кой. Жакында кыздардын баары сага жабышат. Көрөсүң го, а бирок эсиңде болсун, мен биринчимин. Ошондуктан сен меники гана болосуң, – деди. Ошо замат алар кайра бийге киришти, а Наташка болсо өзүн токтоткон жок. – Сен экөөбүз ар дайыма бир болобуз. Мен чогулуштарда сүйлөп турам, а сен журналист болосуң, аларды гезитке жазасың. Сенин колуңдан келет, мен аны билем. А сен болсо менин өткүр экенимди билесиң, сүйлөгөн жагын катырам. Ошондуктан мага сендей акылдуу адам керек, Сережа. Деги сен бир нерсени түшүнүп жатасыңбы?»

Тамаша-чынын айтпаган ушундай бир сөз болду, анын сырын табалбаган Сергий ошол түнү таң атканча кирпик катырып, кумдай куюлган

санаа жеп чыкты. Анан ал Наташкага кат жазмай болду да, жазарын жазып, анысын негедир тытып салды. Жазса акыл-эстен тандырган ашыктык катын жазыш керек, болбосо жөнсалды кагаздын кереги не, эрмек үчүнбү, кыз көңүлүн көтөрүш үчүнбү, айтор, мындай жалынсыз сөздөр менен жазыш Сергийге кызыгы жоктой сезилди.

Кубалаша кеткен күндөр аны санаа оорудан айыктыргандай болду. Мектептен соң ал techинститутка тапшырды, ошо жайда чыйкандай болуп согуш дегени чыгып кетпедиби. Наташка экөөнүн ортосу ошо бойдон тунжурап калган, бар болгону эки ирет жолдон кездешип, а бирок баягы бийдеги сөздүн чет-бучкагы да айтылган эмес, кандайсың деп алжай сурашканы болбосо, сүйүү түгүл башка деле сөз болбогон. Неге экенин ким билсин, ушундай болгон, а Сергий болсо жолуккан сайын ичинен бийдеги сөзгө кайрылабызбы дей берчү, андай болбоду, экөөнөн тең ошол сөздүн учугу чыкпай койду. Чын-чынында ал ишти унутуп койсо деле болмок, а бирок аскерге чакыруу кагазы келгенде ал кургуруң бүт баарын будуң-чаң түшүрбөдүбү. Не болгонун ким билсин, Сергий кагаз алгандан кийин эле токтоно албай калды, жерге батпай ээлигип Наташка жашаган көп кабаттуу үйгө барды да, тигини чыгып калар бекен деп зарыга күтүп, толкунданып, кайра чыдамынан чыгып кете берсемби же күтө берейинби деген олку-солку ойдун туткунунан бошоно албай жүрө берди. Акыры күткөнү күйгөн шам болуп балбылдап келатат. … Ушуну эңсеп, ушуну күткөн беле, кош көңүл жолугушуп, сыпайы адамдарча сүйлөштү. Жалыны бүтсө, от да өчөт, кайрадан аны алоо жалынга айлантыш үчүн кургак чырпык зарыл го. Сергий ага жакшы эле жан тарта сүйлөдү, аскерге баратканын, анан ошондон улам коштошкону келгенин айтты. Кыз муну күндө болчу иштей эле кабыл алды, тынчсызданган да жок, кайра ага азыр бүт баарын фронтко алып жатат, адресиңди мага жибер, кат жазып турамын, азыр болсо убактым жок, шашылып баратам деди. Негедир Сергий кат жазышып турууга убада алышканы келгенсип, анысы оңунан чыккансып аябай кубанды. Бир чети көзмө-көз сүйлөшкөнгө караганда кат аркылуу көңүлдөгүнүн көбүн, батына албагандардын баарын айтса болот. Ошентип ал кызга катары менен үч мертебе кат жазды, а бирок алардын бирине да жооп алган жок. Кат күткөнүн айтпа, ал тургай кайра жооп жазарын дегдеп, дилинде кызга арнаган жылдыздын баласындай сөздөрдү тандап жүргөн. Жаш баладай үмүтү өчүп, аскер турмушу менен алагды болуп жүргөндө Вероника эжесинен кат алды. Бүт баарын билип алыптыр, билген адамдардын айткандарына караганда Наташка турмушка чыгат экен, анысы өзүнөн бир кыйла улуу, өткөн жылы аялы каза болгон, фронттон бронь менен калган адам экен. Мунусу аз келгенсип: «Сережка, сен ага кайгыланбагын, кагылайын. Мен сени билем го, романдардын баарын окуй берип, бүт бардыгын ошондогу жазылгандай түшүнөсүң, санаага батасың. Сен антпегин. Билесиңби, сен

деген такыр башкасың, ал экөөңөр эки башка адамсыңар. Сен аны күнөөлөбөгүн, күйөөгө чыгабы, чыкпайбы өзүнүн иши. Мага ишенчи, экөөңөр бир адам боло алмак эмессиңер. Айтор, аман-эсен эле үйгө келсең экен, согуш дегени эрте эле бүтсө экен, сени менен бир айдай кыз бактылуу болоруна өзүмдөн артык ишенем. Ошондуктан сен таптакыр өкүнбөгүн, бир гана суранарым ушул. Тезирээк үйгө келип кал. Согуш бүтсө экен, тез эле бүтүп калса экен…» – деп жазыптыр. Минтип безелене кайгыргандай ал экөөнүн ортосунда эч нерсе деле болгон эмес да. Ошентсе да эжеси Сергийдин көөнүн жайкап койгусу келген.

Наташа менен болгон ошол опаасыз окуя элес-булас эсте калган түш сыяктуу, он тогуз жыл жашаган өмүрү берген турмуш сабагы иретинде өттү да кетти. Согуш майданына баратат, анткен менен ал өкүнүч менен ар нерсеге ишене берген, али кагылып-согула элек ак көңүлүнөн кутулгандагы чие түйүн сезими менен баратып, ал негедир өзүнө өзү түшүнгөн да жок. Көчөдөгү кыз-кыркын менен балдардын узатуусунда балалыгы калган шаары менен коштошуп, түз эле согушка кетип баратты. Ошо учурда узаткандардын арасында Вероника эжесинин болбогонуна аябай өкүндү, анткени ал булардын фронтко шашылыш кетерин билгенде жүз көрүшүп коштошууга кандай да болсо келмек.

Бу дүйнө өзү керемет тура, эжеси менен көрүшпөй кетип жаткан Сергийге тагдыр башка жактан берейин деген окшойт. Бу жөнүндө ал элес деле албаган, качан гана вагонго отуруп, көңүлү тынчып, жол үстүндө ойлоду.

Катарынан жазбаган жоокерлер вокзалды карай баратышканда аларга жакын чуркап келип жатышкан аялдардын арасынан бир цыган аял көрүндү. Ошону айтсаң, бу Саратов шаарында жайындасы цыган аялдар жайнап эле кетет, а бирок мунун бул жерге кантип келип калганын бир Кудай гана билбесе… Чуркаган сайын жез сөйкөлөрү ары-бери силкилдей берген, эски кооз жоолугу ийнине түшүп калган, жер чийген узун юбка кийген бул аял көргөн көздү ирметпес караторунун сулуусу эле. Цыган болуп жаралган соң суктантпаса болорбу. Ал көпчүлүктүн шарданына өзүн берген бу цыган жоокерлердин колоннасын жандай, кимдир бирөөнү көрүп, кимдир бирөөгө кол булгап, бир нерсе айтып келатты. Жоокерлер эч нерсе түшүнүшкөн жок, бири-бирин капталга түртүп, бирибирине ээк кага көз ымдап, бу цыган сени издеп жүргөн жокпу деп баратышты. А турсун бирөө:

– Эй, цыган, эй шайтан! Мен бияктамын! Уктуңбу?! Мени тааныдыңбы? Мен баягы баламын да, мага бал ачайын деп издеп жатасыңбы? – деп жиберди.

– Сага бир күнү бал ачып берем. Азыр мага керек адамды өзүм табам, – деген жооп угуп тигиниси тилин тиштеп таң калды. Анан баары анын айтканындай болду.

Мүмкүн Жараткан берген сезим касиети менендир, мүмкүн көөнү түшкөндүр, айтор, көп өтпөй издегенин тапты. Анысы Сергий болуп чыкканына андагылар таң калды. Эмне үчүн ушунчадан Сергий? Эмне үчүн цыган аял ага көктөн издегенин жерден тапкансып шашыла кайрылды:

– Эй, жигит! Эй, жаш жигит, эй каракаш бала, четке чыкчы, колуңду бер, жолуңа бал түшүп жатат, бактыңды айтып жатат!

Сергий четинен санаганда үчүнчү катарда бараткан. Ал мындайды күтмөгү кайдан, алапайын таппай абдаарып калды. Башына түк чыкканы ага бал ачкан адам болбогон, тагдырын айтып төлгө да салбаган, анткени үйдөгүлөрдүн андай сыйкырдуу иштерге жан тарткан жайы жок эле. Атасы жанагы карта ачып тагдыр айткандарга ишенчү эмес, апасы деле ошондой болчу, ишарат-аян дегенге үзүлө түшүп көрбөгөн, анан бул цыганды кара!

– Кереги жок! Бал ачпай эле кой! – деп кыйкырып жиберди да, макул болбой койгонуна уялгандай түр көрсөтүп, ийиндерин куушуруп койду. Ошол эле учурда андан сыпайгерчилик кылып кечирим сурап коюш керектиги оюна түштү. А бирок кантип сурайт, эмнеге сурайт эле? Мына бу жанындагыларга Кудай берип салбадыбы, цыган аял билет, ушунчадан биздин кечилге көөнү түшпөдүбү. Көзү ачык да, баарын көрүп турат да, Кудайга ишенери чын да, тигил экөө тим эле эгиз тал болуп жатпайбы дешип жыргай башташты.

– Эй, жигит, сен жок дебегин, бул – тагдыр, – деп тигил цыган ого бетер ага жабышты.

– Анын аты, Сергий, – деди катардын четиндегилердин бири цыганга.

– Сергий? Эй, Сергий, садага болоюн десе, эй, каракаш! Бул деген тагдыр деп жатпаймынбы, ошол үчүн жок дебе, Сергий, сен али жашсың, тагдырыңды айтып берейин! Бал түшүп жатат, чын дилимден айтып берем. Болгонун болгондой айтам!

Ал аңгыча бирөөлөр:

– Жолдон кач, цыган, элге жолтоо болбогун, – деп аны кодулап киришти. Аларга цыган бош келген жок:

– Мен жолтоо кылбаймын, басып бараткандa эле алаканын карайм.

– Жадатып бүттүң, эй цыган. Жабышпа деп жатабыз, кач жолдон!

Бу цыган аял орто жаштарда эле. Сергий анын жүзүнөн цыгандарга таандык митаамдык менен мастендиктин белгилерин көрө алган жок, тескерисинче, ал ага Вероника эжесиндей ачык-айрым, жанда жок боорукердей туюлду. Ал ошондой, ар качандан бир качан кимдир бирөөлөргө жакшылык кылайын деп ченден чыга чебелектенип, убара тарта берет. Бул цыган да ошо эжесине аябай окшошуп кетти, кандайча экенин кармай албай калды, караганыбы же көзүбү, а балким, «мен сенин эжең катары, өзүмдүн бир боорум катары айтып берем» дегенинен уламбы, айтор, ал Вероникадай көрүндү.

Не болгонун ким билет, цыган аял көрүнбөй калды. Ушундан уламбы эмнегедир Сергий аны аяп, бал ачтыра бериш керек болчу, тартынчаак болуп не таптың деп дил өкүмүнө салып, өзүн өзү жемелеп алды.

Алар келер станцияга ошо марш басыш менен, ошо каз-катар турушу менен келишти, саратовдуктар да алардан калган жок, тойдогудай топурап, уу-дуусу күчөп, жоокерлерди жандай коштоп, тегеректи толкутуп турушту. Жоокерлерди алып кетер эшалон товардык вагондорунун эшиктерин кең ачып даяр турган экен. Аяк-башы ат чабым, көз жетер эмес.

Вагондорго түшөрдө кыйсыпыр кыймыл башталды, бири батышка, бири чыгышка чуркамай, анысы аз келгенсип, узатып келишкен аялдар менен балдар да кубалаганга карабай опур-топурду ого бетер күчөтүп ийишти.

Орун алмай оголе узак иш болду. Күндүн жерге түшүп турганы аз келгенсип эл кысылыштан кыйналып турду. Эшалонго качан отурарын ойлогон Сергий жанагы цыганды таптакыр унутуп калган, бир маалда эле элдин арасынан анысы көзгө көрүнсө болобу. Көшөргөн көктүгүн кара, акыры тапты.

– Эй, Сергий! Мен сага баратам. Кой дебегин, менин тилимди алгының. Тагдыр деген тагдыр, ал сенин жолуңа бал ачып бер деп мага айтып жатат. Макул болгунуң, согуш деген согуш, тагдырыңды билип ал.

Кызык, Сергий кысынмак түгүл сүйүнүп кетти:

– Макул. Сен айткандай болсо, тагдырымды ача бер, – деди да, баштыгын буттарынын ортосуна коюп, автоматын мойнуна илген бойдон алаканын ача оң колун ага сунду.

Түшөр вагон жанында, бир взводдогу теңтуштары жарданып карап турганда анын тагдыр балы ачылды. Цыган аял анын алаканындагы сызыктарга жандилин төшөп, бериле карап кирди да, эриндерин кыймылдатып күбүрөнүп, анан башын чайкады:

– Ой, бо-ой! Жаман, кара кыргын, кызыл сүргүн согуш болот. Оо, Жараткан, бул эмнең! Мына ошондо кан чачырап жетпеген жалгыз гана күн калат, чылбыр сүйрөп, ээсин жоктоп окуранат качкан ат, – деп эч кимге кайрылбастан өзүнчө күбүрөндү да, анан Сергийдин көзүн тик карап: – Түшүнүксүз бир сүйүү башыңдан өткөн экен. Ал сага күйүт бериптир, болбогон эле күйүт. Азыр болсо ак кагаздай тазасың, – деди.

Ошо замат оозун ачып аңырайган жоокерлерге жан кирди:

– Биздин наристенин жолу болбогону түшүнүктүү да!

– Койсоңорчу! – деди андагылардын бири тигилерди жемелей. – Силерди шылдыңдатып эле койсо. Эй, биздин кечилдин тагдыры айтылып жатат, анын дилкүйүтү менен ишиңер жок, а тиги болсо соорусун такап коюп, көздөн кайым болуптур. А мында эмне күнөө, таза болчу, ошол бойдон калыптыр.

– Эй, жигит, сен буларды укпай эле кой, менин тилимди ал, – деди цыган тигилерге кол шилтеп, – эми сол колуңду бергин да, алаксыбай айтканымды угуп тур.

Ошентти да, Сергийдин алаканын үңүлө карады да, саамга тунжурай калып, анан кубана үн катты:

– Мен билгем да, жүрөгүм сезип турган да! Сен өлбөс адамсың. Карачы, сен өлбөс адамсың. Сенин жылдызың ошондой. Мен ушуну билгем. Ошон үчүн артыңдан келдим да.

Жана тегеректеп тургандар дымып калышты эле, азыр аларга да жан кирди. А Сергий болсо кубанарын, же күлөрүн билбей, а балким, сыпайыгерчилик үчүн ыраазылык билдирип, тамаша иретинде ага ийилип коюш керек беле, айтор, ал мыйыгынан жылмайды да, цыгандын колунан колун тартып алмакчы болгондо туурадан чыккан туз баштык болуп баягы Кузьмин пайда болду. Адаты ушул, бирөө-жарым туура эмес сүйлөп койсо эле ошого ач кенедей жабышат да калат, тыйын майдалаган адамдай мээ жеме маңыз. Таз чачындай акылы алты күн айтса түгөнбөйт.

– Коё тур, цыган эжекеси, коё тур, бул жакшы эмес. – Ал өкүнгөндөй өктөм баш чайкап: – Сен таптакыр тескери кеттиң, ойду айтам деп тоону айттың. Өлбөс адамсың дегениң кандай? Өлбөс адам да болобу? Ушундай адам бар деп уктуңар беле? Жандуунун баары күнү бүткөндө өлөт, а бул гана жалгыз өлбөйт экен. А биз болсо, кудага бараткан жокпуз, согушка баратабыз, а согуш деген кандай калчарын өзү билет, тагдырды жалгыз ок чечет. Сенин төлгөңдү ал уруп да койбойт. Керекпи, бирин калтырбай кырат. Түшүндүңбү, сен биздин башыбызга май кайнатпа.

– Кой, эй! Мен баш айланткан жокмун, тагдырды айтып жатамын. А мунун жылдызы чынында эле өлбөс жылдыз. Бешенесине жазылганы ошондой. – Цыган аял тигиге моюн берген жок. Тескерисинче, анчалык ишенерлик болбосо да, андагылардын көбүн ынанткан мындай сөз айтты: – Сен дагы билип кой, тагдыр деген өлүмдөн улук. Ошон үчүн тагдырдан тагдыр жаралат, а өлүмдөн эч нерсе уланбайт. Бул жигиттин жылдызы тагдырдан өлбөс жаралган.

Кузьмин өзүнүн бабырлыгын карматып, цыгандын сөздөрүн туталана жокко чыгарып жатты, а жоокерлер болсо анын айткандарын туура көрүп турушса да, негедир алар тиги аялга жан тартышты. Акыры жөнөр кез да келди, вагондорго отурмай башталган маалда аердегилердин көбү аял менен жакындардай кол алышып коштошту, а цыган болсо ордунан жылбай телмирип, перрондо тура берди. Качан гана поезд ордунан силкине жулунуп козголгондо казганактаган баягы балдар менен аялдарга кошулуп ал дагы жанынын жарымы вагондо кетип жаткансып эшалонду жандай чуркап, Сергийге колун булгалай кала берди...

Топурак түтөп, таш күйгөн ысык. А түнү да кирпик илинген жок. Жер чапчыган дөңгөлөктөрдүн шака-шагы уюган түндү чыкыйга чаап уктат-

пай, бир жагынан паровоздун маал-маалы менен көк түтүн бүркө жер жарып, азабойду дүркүрөтө өңгөчүн үзө кыйкырганы жалгызсыраган жаныңды жанчат, жүрөктү мыжыккан сагыныч санаа тындырбайт. Ушундай, дүйнөлүк согуш дегенге тагдыры айдап бараткан Сергийдин ою он бөлөк. Бир туруп жанагыл цыган аялды, анын айткандарын эстейт. Эстейт да «кан чачырап жетпеген жалгыз гана күн калат, чылбыр сүйрөп, ээсин жоктоп окуранат качкан ат», – дегенин дилинде кайталайт. Бул эмне дегени? Түшүнүп болбойт, таш табышмак сырдуу сөз. Кан чачырап жетпеген жалгыз гана күн калганда кай кыямат болушу мүмкүн. Ээсин жоктоп качкан ат окуранганычы? А балким, мунун баары калжың сөздүр? Деги бу жылдыз дегендин адам тагдырына кандай тиешеси бар? Жылдыз көктө да, адам жерде, байланышы болчубу? Анткен менен тагдыр дегендин бар экени чын. Ошол үчүн адам менен тагдырдын тамыры бир. А тагдырдын өзү эмне? Тагдырдан тагдыр жаралар жайы кандайча?

Темир дөңгөлөк темир жолду аптыга жутуп келатат. Каз-катар жаткан жоокерлер сунган бутун тартпастан коңурук тартып киришти. Эшиктин ачык жеринен ай булутка жашынып, жарк этип кайра чыга калат да, жылдыздар жымың-жымың көз ымдайт.

Деги кызык, Наташка экөөнүн мамилесин, ага ак көңүлдөн кат жазганын, жаштык иши ортого жанбай койгонун бу цыган аял кайдан билет? Бүт баарын көргөндөй айтты. Эмне деди? Куру убайым дедиби? Ошондой да болот турбайбы. Бир иш түштөй өттү, эми тагдырын эмне күтүүдө? Бу согуш аны не кылар экен? Согуштун жүзү курусун, ал жөнүндө жарадар болуп Саратовго келишкен жоокерлер айтышкан. Көрмөк түгүл уккуң келбейт, а бирок тагдыр аны кан аккан майданга айдап баратат.

Үкүнүн көзүн жегенсип уктайын деген түрү жок. Анан ал ушу карышкан караңгылыктай кайрымсыз ойго чырмалды. Бүт баарынан жана ар бир жаралган жандын үстүнөн карап турган бир кудурет-күч бар окшойт, ошонун өзү тагдыр аталса керек. Аны эч кандай күч токтотуп, маанижайын түшүндүрүп бере албаса керек. Кыязы согуш да тагдырдын буйругу, өмүр менен өлүм, жеңилүү менен жеңүү дагы тагдырдын иши окшоду. Тагдыр жазган экен, элдин баары согушка бара жатышат, поезд болсо алып-учуп аркырап, аларды кан күйгөн алаамат өрткө жеткирсем деп ашыгат. Барганда кандай болот? Кайрадан тагдыр башталат! Өлтүрөт же өлтүрбөйт. Кимдин кимди жеңери дал ушундан билинет. Тез арада согуш бүтүп, ачарчылыктан чыксак экен дегенди элдин баары Кудайдан тилеп турушат. Көчөнү көлдөй каптап, кара таан түшүп келатканда аялдар ушул жөнүндө, а тургай балдар да ушул жөнүндө кыйкырышкан. Ал үчүн аёосуз салгылашуу керек, душманды өлтүрүү керек, анан жеңип чыгуу керек. Ушундай болушу керек. Ушул үчүн атасы менен апасы талашып-тартышып кетишкен. Сергийге аскерге чакыруу кагазы келген, ошондо алар эмне бериш керектигин акылдашып, эне кургур андай-мын-

дайын даярдап жатып отургучтун четине отура калган да, колдорун көкүрөгүнө алып, капысынан эле: «Эч кимди өлтүрө көрбө, эч кимдин канын агызба, балам!» – деп жалынып жиберген.

Эмне үчүн антти экен? Жөн элеби же бир билгени бар беле? Сырдуу болчу, эсинен али чыга элек, ошондо апасы алыс жактан ашыга келип, ишарат-аян бергенин акыреттин тамандырыгын аттар алдында айта тургансып, аны экинчи көрөмүнбү же көрбөймүнбү деп жалбара тиктеп, алкай айтканын көзүнүн нуру өчкөнчө, көзүнөн дүйнө көчкөнчө унута албайт. Анткени ал ошондо алдейлеп баккан апасын алгач ирет көрүп, табышпай жүрүп алгач ирет табышкансып жаткансып, анан да анын көздөрү батар күндөй балбылдап баратканын, ошол эле мезгилде күндөн күнүмдү, түндөн өзүмдү таппай каламбы деген санаага өзүн биротоло багынтканын көрдү. Эски сатин көйнөгү, далысына түшүрө, ийинине арта салынган тыбыт жоолугу, айтор, ошондогу апасынын жалбарып турган абалы ага күйгөн оттун өчөрүн элестетти. Көзү умачтай ачылды. Чыт курсак курагында атасынын нефтидеги ишине барып түнөп, бу дүйнөнү суй жыгып жүргөн кезинде апасы алтын түс чачын өрүп, желкесине бек түйүп үй тиричилигин, мектеп менен балдарынын, андан калса күйөөсүнүн диабет дартынын түйшүгүнө ноюбай жүргөн куландан таза, кулундай ойноок сымбаттуу кезинен ушу мезгилге чейинки касиет-дөөлөттөрү Сергийдин аскерге жөнөр алдында айтылар акыл-кеп үчүн кызмат кылган окшоду. Ооба, согушта эч кимдин канын агызба, эч кимди өлтүрө көрбө деп апасы баласынан жалынып суранганда Сергий байкуш алапайын таппай калган, ошондон улам ал анын сөзүнө кайдыгер гана жооп кылган:

– Антип айтпачы, апа! Анын эмне кереги бар? Мен деген армияда кызмат өтөйм да, – деп аны алаксытыш үчүн шкафтагы китептерин иргемиш эте баштаган да: – Апа, китепканадан алгандарым бар эле, аларды өзүнчө бөлүп коёюн, Вероника өткөрүп койсунчу, – деген.

Ошондо ошол сөз аягына чыкпай калган, анткени ойдо жок сөзгө атасы аралашып кеткен. Жарыктык киши түз сүйлөгөн, бетке чабар, андан калса айтканым айткан деген кыялы бар, ачуулуу эле, өзүнүкүн бербеген мүнөзү кармаса урушканга чейин барчу, мүмкүн жетекчилер менен тил табышып, мамиле түзө албаганы да ошондон болсо керек.

– Өлтүрбө дегениң эмне?! – Ал ачуулана айкырды. – Эч кимди өлтүрбө, эч кимдин канын агызба дегениң кандай?! Айтканын кара! Балаң кайда баратат? Согушка баратат, душманды өлтүргөнү баратат! Анан айтканын кара! – Адатынча ал махоркасын издей баштады. Анысын аялы ар дайыма катып салчу, антпесе капаланып кызууланса эле тамекисин ороп кирчү. Ошондон улам арык жана жини тез келгенине ушу тамеки себеп болууда деп түшүнчү.

– Тамеки чекпечи, Коля, өзүңдү аясаң боло, – деп чебелектенчү.

– Сергийге айткан сөзүңдөн кийин кантип чекпей коёсуң. Ал эртең согушка барат, а сен эмне деп жатасың?!

– Мен деле ошону айтып жатпаймынбы, Кудай өзү билет да, мен айткандай болмок беле. Бүт баары эле өлтүр, өлтүр дешет. Душмандар бизди, биз аларды өлтүрөбүз дейбиз. Жер үстүндө анда кандай жашоо болот, жалаң киши өлтүргөндөр калабы? Мени билбейт дейсиңби, билемин. Сен өлтүрбөсөң алар сени өлтүрөт, ошол үчүн өлтүрүшүң керек, өлтүрөсүң, душманыңбы, баары бир адамды өлтүрдүң да, мен ошону айтып жатамын. Күйөө балабыз Анатолий эмне болду, тирүүбү же тирүү эмеспи? Аны өлтүрүп салыштыбы, же кишилерди ал өлтүрүп жатабы? Вероникага ушуну айткандан коркомун. Ушундай, атакеси, жүрөгүмдөгүнү өпкө кага солкулдап жашып балама айтып алайын. – Эне деген эне да, бук чыгара эчкирбей, өз оюнан баш тартпай турду.

– Мына-мына! Ушул сөзүң үчүн сени эл душманы деп Сибирге айдап жиберет. Түшүнөсүңбү, жөн согуш эмес, бүт дүйнөлүк согуш болуп жатат. Ошондуктан кимди ким кырып жок кылат, же биз, же алар, башка сөз жок. А сен өлтүрбө дейсиң! Мен эмне, өз баламды же тигил Анатолийди аябайт дейсиңби?! Аяйм. Аяганда да кандай аяйм, а бирок башка арга жок. Жоокер өз жерин коргоп жатат, ошондой, коргогун деген буйрук алган. Эгер жоокер буйрук боюнчабы, өзүнүн милдети боюнчабы душманды өлтүрүп жок кылса, анда ал анын эрдиги болуп саналат. – Николай Иванович көшөрө сүйлөп жатты.

Апасы уулунун буюмдарын сала турган баштыктын жыртылган жерлерин жамап-жазгап, анын сөзүн капарына деле алган жок. Атасы басылчудай эмес, өзүнүн жаш кезин, эмне кылганын, дал он тогуз жашында, ушу Сергийдин курагында, Биринчи дүйнөлүк согушта суу асты менен жүрүүчү аскер кемесинде моряк болгонун айта берди. Айтор, анын сөзүнүн ток этер жери, согуштагы эң башкы иш душманды душмандай кырып жок кылуу керек дегенге барып такалды. Бир жолу алар суу алдындагы кеме менен Балтика деңизинде чалгын салып жүрүшүп душмандардын согуштук-транспорттук кемесин аскер-маскери менен бүт чөктүрүп таштапташкан. Адегенде алар ал кемени суу алдынан көпкө чейин акмалап-аңдып жүрүшкөн. Анан мерчеми келген кезде гана торпеда снаряды менен согушкан. Эки снаряд тең эсептегендей бутага таамай тийип, бортту талкалаган. Кемени кызыл өрт каптап, акырындан аны деңиз соруп бараткандай болду. Тигилер болсо суу ичине тереңдей кирип, бир сааттан соң кайрадан көтөрүлүшүп, перископ аркылуу деңиз үстүндө эмне болуп жатканына көз салышты. Баары жайында экен, кеменин тумшугу асманды карап, жарымы деңизге чөгүп кетиптир, анын жанында жанталаша чабак урган адамдар жайнайт.

Командир менен чини чоң офицерлер перископтон көз албай карап турушту, а алардын айткандарын радисттер ошо замат Кронштаттагы

Ставкага Морзе аркылуу согуштук тапшырманын так аткарылганын билдирип жатышты. А тапшырма дегениң – буйрук, болгондо да душманды жок кылуу деген буйрук, аны аткарыш үчүн өлөсүң же өлтүрөсүң, бүттү, башка жол жок.

Алар жанталашкан адамдардын деңизге кантип чөгүп жатышканын перископтон маашырлана карап турушту да, анан качан гана кеменин карааны көрүнбөй калган кезде айлана-тегеректе камындырбай кол салар душман жок экенин текшеришип, андан соң гана деңиз үстүнө чыгышат. Ошондо бүт баары кеменин палубасына чыксын деген команда болду, шашыла катар-катар тизилишип, командирдин азыркы иш боюнча алкыш жарыялоосун күтүп турушту. Ары жакта кемесинен айрылган душмандар биринин артынан бири деңизге чөгүп жатышты. Жан деген ширин тура, чөгө электеринин айрымдары булардын кемесине жан соога сурашып сүзүп жетүүгө аракет кылышты, алдан тайып бүтүшкөнү албуут деңизге жутулуп, жакындаганын тапанча менен бирден атып турушту. Күүгүм кирердин алдында кагышарга кас таппаган азоо толкун бирин-бири омуроолоп, чалкар деңизди көңтөрүп ийчүдөй долуланат. Кайрадан түнөргөн деңиз түбүнө кайтмай.

Согуш деген мына ушундай. Өлтүргөн тарап жеңет, а чындык дегениң ошол жеңген тарапта болот. Согуш чыккан ошол күндөн ушул күн ар дайыма ушундай болуп келет, эми да ушундай болот.

Апасы талашкан да, бирдеме деп каршы чыккан да жок, баш чайкап гана тим болду. Анан кошуналар коштошолу деп кирип калышты, таэжеси да балдарын ээрчитип алып келди. Вероника мындайда тынч отурчубу, шаша-буша чуркап келди да, апасына жардам берип, анан алар түн бир оокумуна дейре божурашып отурушту.

Сергий эми апасын да, атасын да аяп жиберди, энеси эч кимди өлтүрө көрбө дейт, а атасы болсо муну өлтүрө турган душманды бул өлтүрүш керек, согуш ошону талап кылат дейт. Көкүрөккө кусалык келе баштаган го, үйдөгүнүн бардыгы сапарда эсине түшүп, жанына жакын нерседей, аларды жоготуп алчудай сезилип, эт жүрөгүн тызылдатып баратты. Тамыры каккан сайын өткөндөр улам алыстан, арт жакта калып жаткандай туюлду. Негедир анын эсине Саратовдун бөксө тоосунун этегиндеги Волга дайрасы түштү. Жай келгенде андан өткөн жер болбойт, жашыл арчалары, күнгө чагылыша мелмилдеп аккан дарыя бир керемет көрүнөт, анан калса жел кемелер жайнап чыкчу. Бирок ал бала чагында дарыяга салынган темир жол көпүрөсүнө аябай кызыкчу. Анын бийиктигинен баш айланат, дарыянын боюнда туруп алып, чалкалай калып, ошо көпүрө менен өтүп бараткан поезддердин шака-шагына маашырлана кулак түрүп, өткөндөргө сонуркап, кечке чейин карай берер эле. Баарынан да ага бул учунан тиги учуна үн жетпеген көпүрөнүн эки жагындагы асманга тие жаздаган, бири-бирине чатыраштыра карматылган темирлери

поезддер өткөн убакта каар жаңырта гүүлдөп, коркунуч чыгара титиреп жиберчү, а Сергий болсо ошо Волганын кереметине керемет кошуп, китептерде гана жазылган бир укмуш өлкөлөргө бараткандарга улутуна суктанып кала берчү.

Сергийдин эсине кайрадан балалыгы түштү. Алардын үй-бүлөсү жаңы жылда кар баскан талаа менен ар дайыма мунайзат жалбырттап күйүп турган, бийик орнотулган түтүккө барышчу. От асманда алоолонот, анын жарыгында кар зампарлап жаап турчу. Жалынга жааган карды от тынымсыз аймай берчү, а отко ашык болгон аппак кар да кайра-кайра жаай берчү. Жалын өчпөй жалбырттап, кар жабалактап басылчу эмес.

Жылдар менен кошо көп нерсе кетет экен, өзгөрөт экен. Эми минтип согушу башталып, өлтүргүн, өлтүрбөсөң өзүңдү өлтүрөт дегени чыкты. Ушундай экен, башка жол жок. Азыр ал дал ошол өлүү менен өлтүрүүнү гана билген согушка баратат. Ошентсе да ушу азыр анын оюна апасы, анан Вероника эжеси түштү да, негедир ал касындай карышып турган караңгылык койнунда ыйлай берди. Үйүндөгүлөр менен кубана кол кармашып алып, кар жамынган талаа менен уюган түндүн уйкусун качырып баягы асманда алоолонгон жалын-отко барууну кандай гана кусалана самады.

Дөңгөлөктөр рельстерди така-так айтып сабап баратат, а вагондор куш болуп сызат. Түн койнунда үргүлөгөн күңүрт жарыктан улам кайсы бир чакан станциялар көзгө илешпей артта калууда. Жоокерлер менен курал-жарактарга жык толгон бу эшалон түнөргөн түндү жара тилип, өлтүрүү менен өлүү экөө тең бирдей күткөн тарапка алып учуп баратат. Сенин өлүмүң сенин эркиңде эмес, анткендиги эч бир жан өлүмгө туш болууну самабайт жана ошонун өлүмгө кабыларын да жан адам билбейт. Өлтүрүү деген кара мүртөздүктүн эрк-оюнун иши, а согушта болсо ал иш ар кимдин зарыл, мойнуна тагылган милдет иш. Ошенткен менен өзүңө өлтүрөйүнбү, өлтүрбөйүнбү деп кантип айта аласың.

... Вагондордун дөңгөлөктөрү рельстердин кошулушкан жеринде өлтүр-өлтүрбө, өлтүр-өлтүрбө деп безене какшап баратты...

Көзүн жаш чайган Сергий үргүлөп баратып кызыл кыргын согушту, ал жактан кимди өлтүрөт, кантип өлтүрөт, аны эмне, атып өлтүрөбү же мушташып жатып өлтүрөбү, айтор, аргасыздан ушуларды жана да душманды өлтүрүүнү жай бою Волга боюнда үйрөтүшкөнүн эстеди. Анан ал өзүн өлтүрө турган адамды, анын кантип өлтүрөрүн көз алдынан өткөрүүгө аракет кылды. Ал тургай ошо душманды – немисти, фашистти да элестетип көрдү. Анткени анын бул аракеттеринен майнап деле чыккан жок, андай адам кандай экенин элестетүү чыны ага кыйын өңдөндү. Кеменин жанында, эч нерсе болбогонсуп карап тургандардын көз алдында деңизде өлгөндөрдү да атасы айткан окуя боюнча эч бир элестете албай койду. Алсырагандарды албуут толкундар жутуп, дит баккыс көрүнүш көзгө

сайып турган эле. Жаным аман калсын деп кемеге жан талаша жакындагандарды тигилер атып турушкан.

Вагондордун дөңгөлөктөрү рельстердин кошулган жеринде өлтүр-өлтүрбө, өлтүр-өлтүрбө деп безене какшап баратты. Сергий мектепте немис тилин окуган эле, ошо маалда ал өлтүр-өлтүрбө, өлтүр-өлтүрбө, өлтүр-өлтүрбө деген сөздөр немисче кандай угуларын да түк биле албай койду...

Аркыраган поезд түндү тешкен ок болуп учуп баратты...

**P.S.**

Арсен Саманчиндин «... Өлтүрбө!» аңгемесин анын кол жазмаларынын арасынан таап алдым. Анткен менен бул чыгармасынын жарык көргөнүн көрүүнү авторго тагдыр айткан эмес экен, мен ушуга өкүнөм.

Окурман деген автор менен кандай болсо, анын көзү өткөндөн кийин да ошо бойдон, ал тургай алардын саны андан да көбөйүп, түбөлүк кала берет. Ооба, Арсен Саманчиндин дептеринде кандай жазылса, мен ушу «... Өлтүрбө!» аңгемесин согуш кыргыны болгон жерлердеги бозоргон мүрзөлөргө барып, аларга үн чыгара окуп беремин.

Жана да мен бейиши болгур Арсен Саманчин басса-турса оозунан түшүрбөгөн Кызкайыптын насыйкатын ар дайым угуп турамын. Мен дагы Кызкайып менен биргемин.

Элес
2006–жыл, февраль айы.
Брюссель.

Которгон **Самсак СТАНАЛИЕВ**



*Поэзия*

## Калчоро КӨКҮЛОВ

* * *

*Айырмам жок эл билгенди билем дейм,*
*Элдей жашап, эл катары жүрөм дейм.*
*Көрүнсөм деп кара жаным карч уруп,*
*Бөлүнсөм деп амал издеп түгөнбөйм.*

*Бирок дагы тээ, кайсы бир кыйырымда*
*Кара жиним тынбай келип кыймылга.*
*Качан эми көрөбүз деп кызыкты,*
*Бир арамза оюн айтат жылдырма.*

*Бирок дагы тээ кайсы бир төрүмдө*
*Бир арам ой жылып келип көңүлгө.*
*Качан эми баштайбыз деп сонунду,*
*Бир арамза оюн айтат бөлүнмө.*

*Мен аларга көңүл бөлбөй анчейин*
*Жөн бир жүргөн жан болгум бар алпейим.*
*Бирок дагы бир жеримдин бир жери,*
*Бир башкача өйүп турат кантейин.*

---

**Калчоро КӨКҮЛОВ** – *1953-жылы Токтогул районунун Үч-Терек айылында төрөлгөн. 1976-жылы КМУну бүткөн. 1990-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү. «Күзгү обон», «Мезгил ыргагы», «Аптаптуу айыл» ыр жыйнактарынын автору. Бишкек шаарында жашайт. Кыргыз Улуттук телерадиокорпорациясында иштейт.*

*Бир башкача өйүп турат куяңдай*
*Бир башкача пейил күтөм уялбай.*
*Убададан тайып кетем ошондо,*
*Уу-дуу түшкөн напсимди эч тыялбай.*

*Көр оокаттын тапкым келет жеңилин*
*Көп каадасын, уруп койбой элиңин.*
*Мээ айланып, адамдыктан ак кетип,*
*Меңдубана берип коёт теңирим.*

*Анан барып, араң кармап жакамы*
*Анан сезип, азыр кеткен катамы.*
*Эл ичинде эл катары күн көргөн,*
*Эстеп алам эсил кайран атамы.*

*Анан барып, араң-араң тартыла*
*Анан келип, адамдыктын наркына.*
*Эстеп алып эсил кайран энеми,*
*Эл журтумдун кулдук урам салтына.*

*Айрымам жок, эл билгенди билем дейм,*
*Элдей жашап, эл күлгөндө күлөм дейм.*
*Көрүнмөккө кара жаным карч уруп,*
*Бөлүнмөккө амал издеп түгөнбөйм.*

* * *

*Менден өткөн шоркелдейсиң сен дүйнө.*
*Менден өткөн мажүрөөсүң чынында.*
*Айта жүрөр атың барбы кашкайган,*
*Ала жүрөр наркың барбы ырымга.*

*Анан эле күтүр-күтүр күтүрөп*
*Анан эле шатыр-шатыр шатырап.*
*Ала көөдөк желдеттериң көбүртүп,*
*Айгай салып андан-мындан чакырат.*

*Ызылдатып ырга салат ана – деп.*
*Күпүлдөтүп күүгө салат мына – деп.*
*Сенин үнүң бийик чыгып баарынан,*
*Сенин шагың бир да жолу сына элек.*

*А мен болсо эрбеleңдеп эпеңдеп,*
*Эми аз калды эңсегенге жетем – деп.*
*Көрүп келем далайлардан далайды,*
*Угуп келем эчендерден эчен кеп.*

*А мен болсо кабак ачпай түнөрүп,*
*Азап менен өтүүчүдөй түбөлүк.*
*Тирүүлүктүн салты тура ушу – деп,*
*Бир жүгүрүп, бир түйүлүп, бир өлүп.*

*Келем, бирок кордугуңа бүгүлбөйм,*
*Келем, бирок зордугуңа ийилбейм.*
*Адамдыктын атын атап ар дайым,*
*Адалдыктын бардык шартын ийиндейм.*

*Менден өткөн мажүрөөсүң сен турмуш.*
*Менден өткөн шоркелдейсиң чынында.*
*Айта жүрөр атың барбы кашкайган,*
*Ала жүрөр наркың барбы ырымга!*

* * *

*Тебет сени, тебүүчүлөр табылат.*
*Урат бирөө, ура турган күч менен.*
*Бул жашоонун көйгөйү бар түгөнгүс,*
*Бул өмүрдүн азабы бар бүтпөгөн.*

*Агат дүйнө ага турган жайы бар.*
*Бири жарык, бир ыптасы караңгы.*
*Чындык күйүп, көз жаш болуп тамчылап,*
*Чыла мисал жылжып турат арамдык.*

*Агып кетпейт сенин гана көйгөйүң.*
*Кемип турат, бир жериңдин бир деми.*
*Апакеңдин аянычтуу көздөрү,*
*Аялыңдын анткорлонуп күлгөнү.*

*Сендиректеп сенек тартат жандүйнөң.*
*Сени азаптан мүмкүн эмес куткаруу.*
*Күйүп түшпөйт ургандардын колдору,*
*Күйүп түшпөйт тепкендердин буттары...*

* * *

*Ошол жазда ала-шалбырт... Жан кейип.*
*Ой максатым тентип жүргөн жел кеме.*
*Өзүмдү өзүм эң бечара жан сезип,*
*Өзөлөнө бир ыйлагым келди эле.*

*Достор угуп сен жөнүндө бир кабар.*
*Эрип-эчип турган кезде жер үстү.*
*Жугумсуз бир өктөсүндөй өмүрдүн,*
*Жубайыңдын жайын айтып беришти.*

*Мейли дедим, аз сүйүнүп, көп кейип,*
*Бул жашоонун ак-карасы тең деген.*
*Ажарына ай түнөгөн чүрөктүн,*
*Аяр жаны, алаар жары мен белем.*

*Өткөндөрдүн сыры өзүнчө санжыра,*
*Өмүр бирөө унутпассың сен деле.*
*Өзүмдү өзүм бир аялуу жан сезип,*
*Өзөлөнө бир ыйлагым келди эле...*

* * *

*Бүгүн бизде акча-тыйын жетиштүү.*
*Арам-адал, амал-айла жетиштүү.*
*Ыйкы-тыйкы, ыр-чыры көп дүйнөдө,*
*Ыр гана жок. Ырлар качып кетишти...*

*Неге качты мен бирдеме дебесем,*
*Неге качты сен бирдеме дебесең.*
*Кара мүртөз мамилеге келишкис,*
*Кайберендин кайыбындай неме экен...*

*Карсылдашма мамилеге жарабай.*
*Күрсүлдөшмө күпө-күпкө жарабай.*
*Жакалашып, жанталашкан замандан,*
*Жандүйнөсү жабыркады баладай.*

*Бар экени, жок экени билинбей.*
*Ач экени, ток экени билинбей.*
*Канча оңудум, канча издедим көшөрүп,*
*Качып койду калемиме илинбей.*

*Акын жайын, акын көөнүн билет ким.*
*Акын үчүн ырсыз кантип күн өтсүн.*
*Ыр дегениң арамдыкка түк көнбөс,*
*Ыйык экен толтосундай жүрөктүн.*

*Бар тилегим бизге кудай берсе дейм.*
*Бар тилегим качкан ырлар келсе дейм.*
*Ынтымакка, ырыскыга шериктеш,*
*Ыр дегениң ыйман мисал нерсе бейм.*

*Бүгүн бизде илим-билим жетиштүү.*
*Амал-айла арамзалык жетиштүү.*
*Ыр-чыры көп ыйкы-тыйкы дүйнөдө,*
*Ыр гана жок. Ырлар качып кетишти...*

* * *

*Бул дүйнөгө кимдер келип кетпеген*
*хандар өткөн, бектер өткөн көптөгөн.*
*Калыс жанмын кара кылды как жарган,*
*Хандык, бектик мага неге жетпеген.*

*Калк деп жашап, калк мүдөөсүн үйрөнө.*
*Калктан коркуп, калктан сүрдөп иймене.*
*Билгенимди, бийлигимди жумшасам,*
*Бир мусаапыр калмак эмес дүйнөдө.*

*Кайра-кайра кабар алып элимен.*
*Калк камы деп, калк иши деп теминем.*
*Бүт адамзат мээримиме жылынып,*
*Бүт адамзат кубат алмак демимен.*

*Эсеп берип, напсиме да, алкыма.*
*Калк турмушу, калк иши деп чарк ура.*

*Калкка керек кадик иши түз баштап,*
*Бир жакшы иш өтөмөкмүн жалпыга.*

*Калпка калптай, чынга чындай тескелип,*
*Күнгө күлүп, айга айланып экчелип.*
*Кай кылымдан келатканын ким билет,*
*Хандардагы, бектердеги кекселик.*

*Бул жарыкка кимдер келип кетпеген.*
*Хандар өткөн бектер өткөн көпкөлөң.*
*Карап туруп калк мусаапыр болгонун,*
*Мен хан болбой калганыма өрттөнөм...*

* * *

*Ар нерсенин келет күнү, ай, жылы,*
*Ар учурдун болот азап, айдыңы.*
*Бийди бир күн чалып жыгат бийлиги,*
*Байды бир күн алып тынат байлыгы.*

*Арыла албай тээ качанкы дартыман,*
*Аттай албай акак сүйүү шартынан.*
*Көөдөн менен, көңүл менен жоолашып,*
*Көр дүйнөнүн түшө албадым артынан.*

*Бийлигине, байлыгына барбадым,*
*Бир өзүңдү медер тутуп зарладым.*
*Кара башка кубат болду, дем болду,*
*Карегиңен бир кагылып алганым...*

*Азыр чачты ак аралап кар баскан,*
*Атаң көрү, карылык бар жармашкан.*
*Бүгүн бирөө таштайм десин асманын,*
*Бүт дүйнөнү караанына алмашпайм...*

*Ар нерсенин болот азы, арбыны,*
*Ар учурдун болот кеңи, тардыгы.*
*Бекти бир күн чалып жыгат бектиги,*
*Ханды бир күн алып тынат хандыгы...*

* * *

*Бул жарыктан нени гана көрбөдүм,*
*Нечен чөктүм, нечен кайра өрдөдүм.*
*Ата-баба изи болду басканым,*
*Ата-баба жолу болду өнмөгүм.*

*Атам кийген ак калпакты кийбесем,*
*Атам сүйгөн Ала-Тоону сүйбөсөм.*
*Амандыгым айткылачы кайсы олжо,*
*Адалдыкка азиз башты ийбесем.*

*Кыяматтык иш кетирсе тирүүлөр,*
*Кылапаты кыйла жылга билинер.*
*Карындаштар кантип карап жүзүңдү,*
*Кантип жүрөм араңарда инилер?!*

*Кара дилим кара желек ыргаса,*
*Кара жиним каралыгы ырбаса.*
*Жабыккандын даба болуп дартына,*
*Жазган ырым жарык чачып турбаса.*

*Анда менин баскан жолум ала экен.*
*Анда менин кылган ишим чала экен.*
*Айткан сөзүм арык аттап, суу кечпейт,*
*Атаң көрү, адамдыгым алешем...*

*Эч болбосо эртеңкиге өрнөгүм,*
*Эш болбосо эл-журтума бергеним.*
*Азирети андай күнүң көрсөтпө,*
*Анда менин тирүү туруп өлгөнүм!*
*Анда менин тирүү туруп өлгөнүм...*

* * *

*Ырдан жыдып, ырдан күйгөн немедей,*
*Ыр жазууга ырпым чаппай кенедей.*
*Ыркырашып, өзүмө-өзүм жоо чыгып,*
*Ырыс кыйды болуп кетем ченебей.*

*Өзөлөнүп, өзүмдү-өзүм жемелеп,*
*Өткөн-кеткен өмүр саатым тебелеп.*
*Кара жандын кайрымы үчүн күн көргөн,*
*Кадыры жок, кара башым эбелек.*

*Кандай ырдап, кайсыл сөздү сүйлөбө,*
*Кандай чуркап, кайсыл бийди бийлебе.*
*Аркың кетип, көркүң кетип оңосуң,*
*Актан бүткөн, көктөн бүткөн дүйнөдө...*

*Кайырчыдай кайрымы жок жол басып,*
*Канча белес, канча кокту жонду ашып.*
*Барып-барып батаар күндү чамалайм,*
*Баскан изим, батылы кем. Шор. Жашык...*

*Элде жүрүп, элдин ишин кылбадым,*
*Эл деп жаркып, элге күйүп турбадым.*
*Сан күйөрман саптарын кууп окубай,*
*Саман мисал, саргайдыбы ырларым.*

*Сөздөн жыдып, сөздөн жалккан немедей,*
*Сөз сүйлөөгө ыркым келбей кенедей.*
*Ыркырашып, өзүм менен жоолашып,*
*Ырыс кыйды, ырчы тилим келегей...*

* * *

*Карапайым турагым бар салынган,*
*Карапайым дасмалым бар жайылган.*
*Кара баштын камы деп жан үрөгөн,*
*Карапайым адамдан жок айырмам.*

*Ар бир кышын колум менен кынагам,*
*Ар ишинин түйшүгүнө чыдагам.*
*Айнектери, каалгалары, чатыры,*
*Ар биринде бар өзүнчө ымалам.*

*Машийнем бар. Балам айдап иш кылат.*
*Байбичем бар. Мен сүйлөсөм шүк турат.*

*Үрдөй кызым үн көтөрүп кайрыбайт,*
*Үй-бүлөмдө ырыс-таалай, ынтымак.*

*Менде болбойт бир нерсеге эсирүү,*
*Менин пейлим айкөлдүктүн бешиги.*
*Акыл менен ар-намысты тебелеп,*
*Аттап-буттап иш кыла албайм тетири.*

*Бий болгондун бийлигине баш урдум,*
*Бай болгондун байлыгына макулмун.*
*Идиреги барлар келип эл бийлеп,*
*Ити чөп жеп, иши жүрсүн акылдын.*

*Карапайым тилегим бар көлдөлөң,*
*Карапайым максатым бар өрлөгөн.*
*Кара башым таза болсун деп жүрүп,*
*Карапайым адам болгон өңдөнөм...*

* * *

*Ким бирөөнүн бели калса бекчейип,*
*Бул – турмуштун кылганы.*
*Ким бирөөнүн көзү калса чекчейип,*
*Бул – турмуштун кылганы.*
*Турмуш ошо – муңдуу келип кайрыгы,*
*Мукам болот ыргагы...*

*Ким бирөөнүн арбып турса арманы,*
*Бул – тагдырдын иши де.*
*Ким бирөөнүн ажаан чыкса алганы,*
*Бул – тагдырдын иши де.*
*Тагдыр ошо – тамашасы талдырма,*
*Тарткылыгы татаал болот кишиге.*

*Ким бирөөнүн түнү келсе түнөрүп,*
*Бул – өмүрдүн кейиши.*
*Ким бирөөнүн күнү келсе түгөнүп,*
*Бул – өмүрдүн кейиши.*
*Өмүр ошо – бир төгүлүп, бир тамып,*
*Өкчө келет өрүшү.*

*Көп зарыгып келбей койсо күткөнүң,*
*Бул – жашоонун тардыгы.*
*Көп кагылып кемий түшсө күч-демиң,*
*Бул – жашоонун тардыгы.*
*Адам ошо – аймап тынар бир күнү,*
*Алып жүрөт ажал деген каргыны...*

* * *


*Акырын салып күлкүнү,*
*Акырын басып жыңайлак.*
*Атасы бөлөк турмушта,*
*Акырын жүрөм кудайлап.*

*Этият болуп бассам да,*
*Эбине келбей экчелдим.*
*Энеси бөлөк турмуштун,*
*Эсебин, корун көп көрдүм.*

*Жолобойм чырдуу иштерге,*
*Жоругум кирсиз тазамын.*
*Жотосу бөлөк турмуштун,*
*Жок жерден тарттым азабын.*

*Байкатпай уруп төбөгө,*
*Бакылап баскан жолуму.*
*Бабасы бөлөк бул турмуш,*
*Байлады канча колуму.*

*Калп эле күйүп, камкорсуп,*
*Кайра эле тийип каскагы.*
*Тек жайы бөлөк бул турмуш,*
*Тебелеп коё жаздады.*
*Теңири бөлөк бул турмуш,*
*Тентитип ийе жаздады...*



*100 жылдыгына карата*

Ташым
БАЙЖИЕВ

(1909 – 1952)

# КЫТМЫР ӨЛДҮ

## (Повесттен үзүндү)

...Ал жылдарда Буудайчы төрага «келди-кетти» кагазды курджунга салып, күн-түн чапкылап жүрчү. Өрдөштүктөрдүн башы кошулган жерде: «Ой, өкүмөттөн минтип күндө жол-жобо келип атат», – деп мөөрдүү кагазды көтөргүлөсө:

– Ээ, согуп атпайбызбы!

– Аз калдык!

– Бүтөбүз, деген чууну тебелете кимдир бирөө: «Буудайчы буздуң го. А-ай, эминенин ичинен чыгар экенбиз!» – деген көпчүлүктүн ортосуна салмактуу, үмүтсүз үн таштаалар эле.

«Мени жайлаарда Буудайчы биздин кем-кетикке туулгандан орток. Буудайчы оозанган сүтүнүн даамын унутпас», – деп эмгекке бышкан жоон тамырлуу шадылуу, чор алакан, сом колдуу: «Буудайчы! Буудайчылап көтөрүлгөндүр...» Ушул ой төраганын мээсинен чыкпай, эртең мененки талкан чалган чоң аяк жармадан башка, оозуна наар албастан күн баткыча жумуш-жумуш деп кыдырып жүрөт. Курджундагы кагаздын баарын тирүү турмушка аралаштырат. Андагы маанини жекелеп да, топтоштуруп да элдин кулагына куят. Кечинде үйгө барганда тоголок кара, тентек Эркинбайын мойнуна мингизе ойнотуп, айтып түшүндүрө алгыс кубанычка батат.

Бирок анын адал аракетин, көпчүлүк үчүн кайрат-күч менен кылган эмгегине от коюу ниетинде уктабай; бир чети чын, бир чети оюнга окшотуп: «Буурул байталың семирип баратат белем, Буудайчы?! Сүйлө, Буудайчы болуш?!. Каленинге качан барасың?» – дечүлөр бар. Бул кутулбас

сөөк ооруга жолуккан дарттуу арманкечтердин үнү. Ырас, алар чоюн колдор көтөрмөлөгөн Буудайчыны эл көзүнө, бөөдө, жалгыз байталын арыктатып, жанын сабап жүргөн, бир акмак катарында көрсөттү, жаңыдан көтөрүлгөн баркына «көөдөк, тантык» деген кемсинтүүнү жабыштыруу эле.

Ушинтип анын төрагалыгына арналган шылдыңдарында терең сыр бар эле.

Ашуу ашып, таш басып кийинки келген уполдомочун Маймакупту, жиниккен карагерден алпештеп түшүргөндөн кийин, ысык куурма чай ууртатты «сыр билги» катчы. Айылдагы келин-кесек куургуч-туткучка шылтоолоп кирип, жабыктан да шыкаалап күбүр-шыбыр болуп жатышат.

Анын бороон соккон денесине ысык кан жүгүрүп, сөөк-сагын үкүнүн жүнүндөй жумшартып жиберди. Боз үйүнүн ичи жаз күнүндөй сүйкүмдүүлөнө салкын жел жылып, жаш баланын тилине окшоп, жолоочунун муздак бетин акырын аймап өттү. Жүрөк илебинен жогору-жогору ишенимдүү көтөрүлүп алды. Көңүлүндө түнкү сапар жайын ойлоп, кылый көз коломтону уурдай кыдырып эптүү уланды издеди.

Маймакуп кызуу кандуу кырс кыял, 28 жашты кемирген жигит. Ишке илешкенден бери ушинтип туш-туштан шыкаалатууга кыныккан. Ал муну маңдайга бүткөн бак, колго тийген түгөнгүс деп айта аябай кубанат. Калаага барганда бул окуяларды ири-ири укмуштардан кылып ак жака жолдошторуна айтып берет. Талаага чыгарда чий баркыт шым, суусар тебетей кийип, жорго басык чоң жал тору менен келет. Анын дагы бир бөтөнчөлүгү марксизм-ленинизмсиз оозунан эч бир сөз чыкпайт. Чөнтөгүндө сыялуу мүйүз карындаш, кооз дептерлер. Колундагы күмүш жазуулуу таяк, колтугундагы китеп, кой текейдей мурутуна көзү түшкөн бирөө, республикадагы мыкты ишкер же билимдүүлөрдүн биридир деген кыялда калат. Бирок билбеген бирөө Кыргызстандагы райондордун санын сураса, оозеки да, жазып да жооп кайтара албагандыктан куу маңдайынан сасык тер да агып кетүүчү.

...Кызыл өзгөрүш дөөлөттүү улуу кожоюнду тактан учургандан кийин да кузгун мүлжүгөн куу шыйрактай кылып түшүргөн жазуусунун аркасында өрдөштүктөрдүн моюнуна уурданып минүүгө аракет кылып келди Уруубек.

«Ал атанын баласы...өссүн, журт деп журт үчүн жакшылап жүрөт, мизин кайтарбагыла, ал өрдөштүн атын сүрөөр...

Атанын намысын алдырбас....» – деп, Байгазы 3 кишинин башы кошулган жерде кырылдак үн менен керээз сөзүн айтат. Байгазы элүүнү жаңы эңкейген болсо да 10 жылдык сөөк оору анын күч-кубатын, казылык күнүндөгү ындынын өчүргөн жалгыз гана өлүм күтүп, көр оозунда турган кези. Ошондо да көмүлгөнчө Уруубекке этек-жең болуп туруууга башын байлаган киши.

Уруубектин анжиан тиктеген көзүнөн киши эмес кутурган ит да үркөрлүк эле.

Анын боо тагылуу сыя карандашы кагазды түрткүлөсө, бир укмуштун угулары, же бир баланын табылары, же салык-малык салынары анык. Муз тоосундагы табияттын каардуу өзгөрүшүнөн токмок жеген Адыбай чолок кагаз чийгенге, казналык сүйлөөгө «калам акы» чай-пул берүүнү беш убак намаздын иреттериндей көрөр эле. Мына узак жылдар кайталаган кесип сөөккө сиңип, адатка айланган. Ошону үчүн Уруубек жумушту тактагандан кийин, сыңар колдон алда немнени алдына коёт. Ал да Алыбайларга көп түшүп аттануучу. Ушинтип, ат үстүндөгү табылгасы менен суукчан энесин тердетүүчү Уруубек.

Ийрек жазуунун аркасында Уруубек өрдөштү мындан башка да көкөйдөн кеткис белги калтырды. Ал белги таза баанын эркеси, Борончунун төргө сыйлап өстүргөн кенжеси Анар сулуунун жүрөгүндө, кичине гана уу коргошун катарындай сакталып турат.

Анардын алма жүзү сабырдуу мүнөзү, кезинде эркек, кезинде аял жумушун аткарышы айылдагы кары-жаштын алдына атагын чыгарган. Ал бүтүргөн ишке таң калып, түз шыйрак, шадылуу колун ээрчий карап: – Чоюн кашыктай бак тийген бирөө дуушар болор, буудай сапырып турса, – деп кобурашчу уландар. Уруубек заарда ачылган шайы гүлдү үзүп жыттоого көп амалдарды ойлоду, атайылап катчылык менен атка минген күндөрүндө ошонун аракети менен таттуу тил арам кыял жуучу күбүр, шүдүңкүт арачы да кара көзүнө жылынып жандады. Бирок: «Уруубек убара болбосун», – деген Анардын жалгыз ооз сөзү гана жаакты кабыштырды. Уруубектин кыялын да, чарасын да өзгөрттү. Ыгы келсе: «Борончу жең ичинен калың жеди, Балшабектин заңына каршы чыкты», – деп топко угузуп, кезеги менен: «Кыз саткандыгы үчүн сотко берем. Он беш жыл түрмө. Чачың тизеге жетер. Тоо кенедей бит каныңды сорор», – деп өз кулагына угузду.

Күндөрдүн биринде Анар аркан курчанып отун алып жатты. Мына карагай арасынан табышсыз суук алакан көздү басты. Дагы бирөөлөр үндү бууду. Анар эриксиз жыгылды...

Убакыт өтүп жатты, бетиндеги суу мончокторун шыпырып таштагандан кийин «Иттин кызы» деген митаамдын табалуу үнү жүрөктү күйгүздү.

Алар эчак житип жоголгон...

Ай мүнөт катарында өтүп, күн суу окшоп агылгандай агып жатат. Ал кирпик какпай ичин ушалап таңды аттырат. «Ырас эле ошол митаамдан бир балаанын жолукканыбы?! Балким, шишиктир. Оорудур...» – деп өзүнөн өзү күбүрөйт. Бирөө кулагына: көрчү, дагы сыйпачы дегенсийт. Сыйпайт. Колуна алда немине урунат. Атанын төрүндөгү беш көкүл кыз. Этегиң жапкандан эстүү бол! Эби жок күлбө! – деп кулагына куюп келди эне.

Ошондуктан иштин чынын айтууга эстүү кыз ниет чаппастан эненин төшүнө маңдайын коюп шолоктоп жиберет...

Көптөн бери үйдөн кадам жылбаган Анар кечээги түн ортосунан бери жок. Табияттын кабагы бүркөлүп, жинди бороон жолдогу топуракты айлантып асманга көтөрдү. Дүнүйө жашыл чок чачырап, күндүн күркүрөгөнү өрдөштөгү кичине кыштакты, бир эсе жерге батырып берердей, бир эсе асманга атардай болду. Бороон алда кайдан аянычтуу жаңырыкты учуруп келип, ал жөнүндө төлгө тартып отургандардын кулагына куйду. Кыска жыгачты колуна алып кокуйлап жүгүргөн эне менен башка катындар, эски тамдын ичинен муз буурчак сабаган кансыраган, ээси оогон Анарды көтөрүп келишти. Ал сулк жатат. Топуракка буланып, жамгырга чыланган саксайган чачтын арасынан көрүнгөн эрди акырын кыймылдап тирүүлүгүн билгизет. Өлүк баланы Бурулкан койнуна катып чыгып, жоготуп келди. Экинчи күнү бүтүн өрдөш бул кабарга сугарылды.

Ошондон бери ал ачуу арага учураган жаш денеси шибеге менен сайгандай сыздап жатат. Мына Анардын жүрөгүнө Уруубектин кадаган уу коргошуну ушул. Бул окуя өрдөштөгү мурунку күрөштүн көөрүгүн басып өөрчүткөнү...

* * *

Колхоздун сөлөкөтү көрүнбөсө да, кабары жеткенине көп болгон. «Колхоз» деген сөз дыйкандардын оозунан далайга тайгаланып «камкоз», «кызыл ооз, кара козу» болуп жүрдү. Мунун кандайлыгы, чоңдугу, кичинелиги, жакшы-жамандыгы, өрдөшкө бир табышмак эле. Кимдир бул жаныны көргүсү, кол менен кармалагысы келип ашыгышты. Кимдер кокустан чыга калган, бир чайнагычтыр деп өңүндө да, түшүндө да коркту. Байгазы бул кабарды уккандан бери жан алгыч, кан төккүчтү күткөндөй уйкудан ажырады. Тамактан калды. Жалгыз калкоз эмес бардык жаңылык, Байгазыга ажыдаардай көрүнүп, бүткөн бою титирөөчү.

...Кийинки келген Маймакуптун оозунан, кармал түтүнгө аралаш «калкоз уюштурууга келди» деген сөз чыгары менен үйдүн ичи үч көтөрүлүп кетти. Төрдөн босогого чейинки көздүн баары анын бүткөн боюн кыдырып барып көзүн тешип атат. Табышмактын чечимин эңсегендердин тамыры ылдамдап атат.

– Колхоздун жайын бир айтып берсе! Тиги киши ошого келген го, – бул сөздөр отургандардын арасында өз ара чыккан менен, келген улуктун кулагына, мурунку келген өкүмөтчүлөрдүн жанына өбөктөй отуруп капкайдагыны сурашчу дыйкандар. Артыкча ача сакал Адылбек: «Ии...баатыр!» – деп алып тиги кытай, жапон туурасында тамашалап айтышар эле. Ачууланар эле. Күлөр эле, бирок айтышкан өкмөтчүсүн ысык көрүп, аягында: «Балдар, окугула! Жеткиле», – деп ача сакалын түкүрүктөп сылап калуучу.

Маймакуптун кебете-кешпири, кийим-кечеси дыйкандарга чоочун көрүндү. Төшүнөн тапанчанын кайышы көрүнүп, доого келгендей мур-куюп отургандыктан, үйдүн ичинде: «Бул кандай неме?! Кайсы иштин башында болду экен?!» – деген суроо туулат. Тапанчаныкына окшогон кайыштын сыры, анын өзүнө гана маалым. Эч ким түз суроо бере албады. Адылбек да үн чыгарган жок. Ал да отургандар менен иши болбой катчы Уруубектен:

– Жыйылдыбы, качан? – деп сурап отурду.

Уй мүйүз тегеректеп ортосундагы үстөлгө өбөктөй Буудайчы төрага жыйылышты ачык санатты.

– Жыйылышты башкаруучу кишилерди көрсөткүлө?

– Күрөңбай!

– Шадыбек.!

– Абыл!

Чогулгандардын ортосунан аба жарган үн созула берди.

– Чш-ш! Агайындар! – Уруубек башын төмөн сала, чууну алакандап токтотту, – жарай турган кишиден көрсөткүлө, – деди.

– Байгазы!

– Жок.

– Эмесе, Жамантай сопу!

– Кой!

– Керим!

– Бөлөкбай!

Кетменчи үнсүз үстөлдүн жанына басып келип:

– Ой, аялдардан да көрсөткүлө, алар да жыйылышка келди.

– Ырас, ырас.

– Бүбүш!

– Саманчы келини!

Кырк тогуз кол менен Бүбүш, Бөлөкбай үстөл башына олтурушту. Күн тартибин жарыялагандан кийин ак жоолук менен оозун аачып, суусар тебетейин үстөлгө жумшак койду да, чачын кайрып силкип, комдонду Маймакуп. Эл кулак көтөрдү.

– Агайындар, калкозду угуп жаткандырсыңар. Ленинизм-марксизм- коммунизм менен калкоз курулат. Биз эмне үчүн минтип күндүр-түндүр чапкылап жүрөбүз? – Сөз узаргандан элдин моюну жерге салынды. Кержекбай тебетейин баса кийип, каалгып кетти. Чечендин көп сөзүн обочодогу чүкө атышкан балдардын чуусу жоготту. «Ошол калкоз болот, кедей, букара, жарды-жалчы. Бул пайдалуу...» деген үзүндүлөр гана угулат.

Бирок эмне туурасындагы сөз экендиги туман. Кээ бирөө: «Силерге эң пайдалуу, жазылгыла, ушунда отургандардын баары жазылышы керек» – дегенди укту. Көбү анын папкеден кагаз суура отургандыгын байкап калды.

– Суроо бергиле! – Бир аз тынчтыктан кийин Түмөнбай башын жалкоо көтөрүп:

– Калкоз бол дединиз. Анан?.. Кирдик десек эле болобу? – Ал башын чайкады да түтүндү ууртунан чубуртуп:

– Жок, угуп тургула. Кой-эчки, төө, катын-калач ортого салсаңар. Сеники, меники жок, баары бир кишинин катынындай, баары бир катындын эриндей...

Ал жоолуктардын арасынан бирөө:

– Апей, ошондой да болобу? – деп тескери карады.

Башкалары бетин чымчып, күбүр-шыбырга түшүштү. Эркектер эч нерсе сезишпегендей коюу туманга батышты. Бирөөнүн оюнда жаш катыны, бирөөнүн оюнда сулуу кызы, бирөөнүн оюнда жалгыз байталы, артыкча ополдомочтун – «катын-калач» дегени жаакты кабыштырды. Эл тунжуроодо, жалгыз гана ал кармалаган кагаздын шуудуру угулат.

– Кана киресиңерби?!

Үн жок.

– Агайындар, айткыла!

Бир топ тынчтыктан кийин: «Биздин эл караңгы, жакшы түшүнө албай жатат», – деди Буудайчы төрага.

– Ырас эле.

– Ошондой, мырзам!

– Бу кошкондон кийин?! Калкоз, андан савкоз, андан коммунага барабыз. Кичүүсү калкоз, ортончусу сапкоз, туну камууна, – деп чыпалактарын аты жогуна чейин жумгулашууда.

Сөз жок.

Олтургандардын көңүлүн алагды кылып аткан караан Чынтемир салам айтып түшкөндөн кийин, уй мүйүз тегеректин тышына тура калды. Байгазы көзүнүн агын анын ачуу тик маңдайына такады.

Ополдомочун чачына жашынып, жазууга киришти. Туш-туштан тиктеген уйкулуу жоош көздөр, көтөрүлгөн ээктер менен кыймылсыз тынчтыкта: «Кедей тобунун баштыгы эмине дээр экен» – деген белги тургандыгын, айылга жакындан бери белгилүү болгон, дурус жигит Чынтемир байкады. Кагаз түртүп аткан жылаңбаш азамат менен элдин ортосунда кандайдыр бир бөтөндүк тургандыгын да сезди.

Кылымдап жаткан оор көлөкө жоголушу менен бирге, таңга аралаш сайрап көтөрүлгөн сүйкүмдүү торгойго окшогон жаны Чынтемирге жолукту өрдөш. Чынтемир жаш. Күн-түн чапкылап кылган иши да, сүйлөгөн сөзү да көпчүлүктүн келечек тагдыры үчүн экендигин айгинелеп турат. Кедейлердин жүрөгүндөгү кайратты, дарт-дарманды жарып билгендей, таап сүйлөшүндө. Анын кесибин дагы бир айылга зыяндуу жашыруун аракетти сезип, чочуркоосуна айкымдоо. Уруубектин уурулугун айылга түшүндүрүү, чогулган күч менен кайдадыр жоготуу. Ал кайрат менен

иштеп, таттуу сүйлөп, эртели-кеч дыйкандарга жаңы кабар угузат. 37 кедейге башчылык кылса да, аны айылдык кедей тобунун баштыгына окшотпостон, үч жашар балдар да билген Борбордук Комитетинин төрагасы катарына коюп сыйлашат. «Сталиндин өзүнөн мандатталса керек, анын мүчөлүк келбети да партиялардыкынан башкадыр...» – дешет айылдагылар.

«Бөлөкбай, атыңды жемде, Саманчы сокоңду оңдо! Бүбүкан, талкаңыңды тарт. Иштейли! Камыналы!» – десе топтолгондор: – «Ырас, маакул», – деп карандай аңгемени таштап, жумушка киришет.

Маймакуп үстөлдөгү баштыгына чекесин тийиштире шыбырады да кагазды бетине алып: «Калкоз уюшмасы тууралуу ополдомочун Маймак уулу Көңдөйдүн докладын уккандан кийин, өрдөш дыйкандар сабыраныясы: «Биз букара кедей, жарды-жалчылар, калкозго 100 процент киребиз» – деп токтом кылат. – Ушуну кабыл алабыз! – дегениңер кол көтөргүлө.

Кыймыл жок. Кол саноого тура калган ополдомочун карандашын серейткен боюнча калды.

– Көтөрбөйсүңөрбү! – Жалдыраган көздөр ополдомочун менен Чынтемирге алмак-салмак жүгүрдү.

Үстөл башы көтөрүлгөн колдун санын үчкө жеткирди. Байгазы семиз денесин жорголотуп:

– Жекелеп баккан малыбыз деле өкмөттүкү эмеспи, – деди эле.

– Неге?

– Жо-ок.

– Ойлонолу, Баке.

Отургандар козголуп бет алдынча кобураша кетишти.

– Түшүнбөдүк деп кагаз жазуу – натуура. Буга өкүмөт ишенбейт. Калкозго киргиңер келбейби? Кана эмесе, кирбейбиз деген, ким?..

Көпчүлүк кобур-собур кыймылга кирди.

– Кирбейбиз дегениңер көтөргүлө!

Отуз бир кол көтөрүлдү. Чынтемир буулуга тегеректин ортосуна тура калып:

– Түшүргүлө! – Колдор бириндеп түшө берди. Ал тебетейин колтугуна кысып сөзүн узатты. – Түшүнбөстөн эминеге кол көтөрдүңөр? Жолдош ополдомоч, бул маселени эң мурун кедей тобуна салыш керек! – деп четке чыга берди Чынтемир.

Уруубек тура калып: – Кол көтөрүлдү! Иш бүттү! Чынтемир элди бузуп отурат! – деди.

– Сиз тийиштүү жерге барасыз.

– Жарайт?!

Ополдомоч титиреп Чынтемир менен жаакташа кетти. Жыйылыш катчысы: «Жалпы жыйылыш Маймакуптун баяндамасына түшүнбөдү, – деп кыска карандаш менен корутунду жазды. Ачуулуу үндөр көбөйгөндөн

эле туш-тушка чачылды. Уруубек эрдин кырча тиштеп, отуруп калды. Маймаков папоростун түтүнүнө жашынды.

...Ал тополоңду көрүп булардын мал-мүлкүнө өрт кеткенби, же алда кандай сааттан үркүшкөндүр, дээрлик мүмкүндүктү келиндердин шыңк-шыңкы, уландардын сүрөгү жоготуп турат. Болбосо акырын баскан киши жок. Чалгынын, айрынын, тырмактын тиги чөпкө көлдөлөң салынып курчактап, сыйпап, бурдап ала салдырган, машийненин табышы кемпирдин кебин да угузаарлык эмес. Ылдам кыймыл тиктеген көз адаштырат. Бирок чөмөлөнүн үйүлүшү, чөптүн жыгылышы, бир кишинин колу тийгендей, баары бирине бири баарысына кошоктошкондой тартип билгизет. Оргуч машийненин кыркып таштаганы, сыйпап ала салдырганы көзгө илешпейт. Табактай темирге ныктай отурган эркек далы Шайымдын жандай өткөндө сузган чөптү уландардын башына таштап кетсе: «Ой шойкондуу... сени!» – деп мойнун сыйпалай ээрчий карай талаа күл-күл. Бөдөнбайлар тобу жабылып дагы бир чөмөлө тургузгандан кийин:

– Кой!

– Биз бүттүк. О-оо биз бүттүк, уят-уят! – деп чуркурап жиберишти.

– Кыррр!!.. Тезек тере келгиле, – деп чойду Бүбүш.

– Ой «от араба тобу» эмес эле өгүз араба тобу болуп калдыңар – деп улады бирөө.

Бөдөнбай чакчасын өтүгүнө каккылап наспайдан эрдине салды да, жеңи менен терин алып: – Күбөш ой! Жүрбөй калдыңбы?

– Ичи көөп кеткен го!

– Жарманы көп ичсе керек!

Алардын оор жөтөлү гана чыгып, үнсүз аракетте. Бул жумушту бүтүргөндөр «Таң» колхозунун шайдоот аттуу эркиндүү шалдыңдар тобу. Мындагы күлкүнүн уюткусу Бөдөнбай. Ал чогуу жумушка киргенден бери топтун эч кимисине алдыңкы мөрөйдү берген эмес. Анын көзүнөн кайрат чачырап, булчуңдары көөп, маңдайынан кубат төгүлүп турат. Ал баланча иштейт. Баланча ойнойт. Ага кошумча күлүп, ызалашып берүүчү Бүбүш келин.

Жумушчулар шылдыңдашып жеткиче Зуура шиберге жайган дасторконго нан төгүп, ысык жаркөптөн аяк-аякка куюп турду. Кичине Эдиге чор колдорго жаба-жаба суу куйду.

«Жалгыз киши ушунча жерди түндө чабар эле? Баары канча чөмөлө?!» – деген ойду, сорпого нан жумшартып жеп турганда: «Жети жүз чөмөлө» – деди бирөө.

– Биздин калхоздун күчү оой! – деп Арпачы мурдун шуу тартты.

Ошон үчүн калкоздо бүгүн жаздын күрөш талаасында бириккен эмгектин жемишин көздөрү менен көрдү. Ушул тоюнуу мүнөтүндөгү тамаша күлкү үстүндө, жүздөп жылдар бир калыпты муңдантып чөп-чар бо-

луп өткөн ачуу тиричилик өрдөшкө «Таң» колхозу уюшулгандан бери экинчи түргө көчкөнүн дагы бир сыйра сезишти. Мына табышмак калкоз ырысы жок караңгы түндү түрүп таштап ордун баскан сүйкүмдүү таң болду. Ал үчүн өрдөшкө далай укмуштар учурады.

...Мындагы жашырын кылыктар күндөн күнгө күчөп, жиндиленип бара жатат. Анын аягы бирдин каны, бирдин жансыз солуташы дүлөй кулакка угулуп, сокур көзгө көрүнгөндөй болгон таң үчүн Маймакуптун тебетейин тескери кийгизип аткандан кийинки үч айдын ичинде кырк үч чогулуш болуп далай-далай угумдуу сөз кулакка куюлду.

...Бул дүйнөгө келгенден бери Байгазы турмуштан жабыркады. «Бак кетти, эч кимге сүйлөй албасам, эч ким мени асыранды итинче көрбөсө, оорлук, кордук, уу тил маа тийсе, ичкен тамак-аш болбосо, эмине жакшылыкты күтүп, тирүүчүлүк үчүн күрөшөм? Андан көрө, тынч жылуу, жер алдында эч кимге көрүнбөй жатсам, кудай-арбак мени сыйласа, мени колдосо азыркы мүнөттө жанымды суурса», – деп намаз окуйт. Эшикке чыкса өрдөштөгү карагайдын баары ушуну үчүн камдалган эки миздүү айзага окшоп, көрүнгөн бирөө: «Кандайсыз семиз ит?!» – деп шылдыңдагандай, үйүндө отурса жүрөгү ооруп, башы тегеренип кетет. Эч жерде, тынч, убайымсыз турардай тешик жок. Жети күндөн бери оор жөтөлүп төшөктө. Киши жокто: «Кемпир, мына тапшырма», – деп миң чөмөлө чөп салды. Чапкандарды бүт алды, бир күнү тапшырма деп менин жанымды да калкозго сурап келет. Жанды Чынтемир алгыча өзүмдөн өзүм көрөйүн. Же уйкуда жатканда өз колуң менен муузда», – дейт. Мурун бирөөнүн терине семирген кемпир Байгазынын дартына орток болгондон бери, жүүн майлары соолуп, кубаты жоголду. Анын үстүнө муун оору жана безгек жолукту. Кемпир: «Өлүм келсе өлөрбүз, мал сураса берербиз, колдон андан башка эмне келет», – деп шолоктоп жиберет. Кемпиринен да мурункудай кайрат укпаганга Байгазы ого бетер басыңкы. Анын төшөктө жатканын, кайгы уусуна саргарган жүзүн көрүп, айыл-апа оору дейт. Күндүн бир күнүндө курч анжыян бычагын жүрөгүнө такап, там артында айга жалынган. Аксакал үчүн кайгырган бир айылдагы жалгыз Уруубек кайрат айтып, жөлөп-таяп үйгө киргизип жаткырган. Байгазы бул кылыгын андан кийин да кайталамакчы болгондо Уруубек: «Жатып өлгүчө атып өлөлү, биз букара болууга башка өкүмөт деле табылат», – деген.

Өрдөштөгү эки митаам өлөрдүн алдында «Таң» калкозунун көкөйүнө тийгендей дагы бир балээ издеди. Алар жатып да, туруп да Чынтемирдин башын канжыгага байлана келүүнүн чарасында. Байгазы түн ортосу оогондо кара чыракты маңдайына коюп алып керектүү саат жөнүндө кемпирден акыл сурайт.

Мына түн. Августтун жумшак жели өсүмдүктүн алма жытын дүйнөгө сээп турат. Түн ээси – ай, аскадан башбагып келет. Табыш жок. Баары

уйкуда. Мына ууру адам менен кыштактан жети караан суурулуп чыкты да, алардын көлөкөсүнө кирип жоголду. Калкоздун короочу иттери узата барып, обочодо үрүп турду. «Апийим жүктөп аткезчилик кылган жол. Ушундагы Чынтемирди моюнга мингизгенче, кытайдын доотайына жалыналы», – деп үй-бүлөсүн көчүрүп бара жаткан Уруубектер из тийбеген чуңкурга түшө калып, басмайылды дагы бир сыйра бекемдешти. Шыбыр менен катын-калачты илгери узатып, уурдап минген мыкты аттар менен кыштакты карай чапты экөө.

Байгазы колундагы ширеңке бийлеп, сарыгыр үймөк чөптүн түбүндө ал тапанчасын сууруп, ээрдин кырча тиштей Чынтемирдин терезесине жетти. Эки ай мурун кызыл милийсаны муунтуп тартып алган тапанчада эки гана ок бар эле. Сапардагы коркунучтарга бири калса, бирөө анын жүрөгүн өпсө, деп ылдам атууга шашат. Бир эсе аңдып турган көп куралдуулар бардай бүткөн бою калчылдайт. Мына үймөктүн түбүнөн калың түтүн оргуду. Уурунун сөөмөйү күч менен бүгүлдү. Терезе талкан болуп чачырады. Алар тизгиндеше тумшукту айлана берди.

– Өлдү!

– Атты!

Эшик-эшиктен желбегей жамынып чыккандар үймөккө жабылды. Атылган октун кимге тийгени эч кимге маалым болбосо да баарында: «Чынтемир өлдү!» – деген ниет, айдын бетин жашырган кызыл жалын, кыштакты көмгөн түтүн, бала-чаканын чуусу, үйгө кирип чыккандардын эч кимисинин анын өлгөнүн угузууга чамасы келбеди.

Көптөн бери сак жүргөн Чынтемирдин бүгүн түн ортосунда кыштактан суурулганын эч ким сезген эмес.

Таң кызылына аралаш жалынды жоготушту. Коюу түтүн кокту-колотко сиңди. Ал түтүн калкозчуларга эмгектеринин бууга айланышына окшоду. Семиз Байгазыны атка тескери мингизип, катын-баласы менен калкоз жигиттери жетелеп келди.

– Уруубек кутулуп кетти, – деп угузду Чынтемир.

Кап оодаргандай көпчүлүк жабылып, Байгазыны ат үстүнөн кулатышты...

* * *

Бир күнү Борбордун тополоң базарында бийликке чыккан бирөө: «Эки сомдон ким ашат? Бир!.. Ким ашат? Эки!» – деп кебез килем сайма шырдакты көтөргүлөп атты.

– Үч сом.

– Төрт?

– Беш жарым!

Айдалып бараткан семиздин кулагына бул кыйкырыктар бомбунун үнүнө окшоп, көзүнө асман ала-сала жүрөгү ачышып, мелчемдүү жерине жетпестен, баткакка башы менен сайылды да жан берди...

Ушул учурда кызыл туу жамынган сөзмөр: «Доордун акыл жеткис укмуштарынан алыстагы, эки балбанга те өрдөштөгү күрөштүн бир жеңиши таң болсо, таңга сүйөнүп, сага кой айдатып жетимишке чыккан Байгазыны пурлатарлар огуна учуруш – экинчи жеңиш.

Мына кезинде кууруп, кезинде суурулуп тырыша келген кытмыр ит өлдү», – деди. Залдагы көп жылаңбаш кол чапкылады. «Таң» колхозунун уландары ураалап үйдү көтөрүп кетишти...

**«Чабуул», № 1–2,**
**1932-жыл. Фрунзе.**

*Сөз – олбойт*



**Салижан ЖИГИТОВ**

**(1936–2006)**

# ТАШЫМ БАЙЖИЕВ – БЕЛДҮҮ КАРА СӨЗЧҮ БОЛМОК

Ташым Байжиев (1909–1952) бир убакта кыргызга белгилүү инсан болгон. 30–40-жылдары мектеп балдары анын кыргыз тили жана адабияты боюнча Зияш Бектенов менен авторлошуп жазган окуу китептеринен таалим алган. Өз мезгилинде анын адабият жана оозеки көркөм сөз маселелери боюнча илимий, сын, публицистикалык макалалары жарыяланып турган.

Ташым Ыскак уулу 1930-жылы педагогикалык техникумун, 1940-жылы Кыргыз педагогикалык институтунун орус тил жана адабият факультетин бүтүргөн. Демек, ал кыргыз арасынан орус филологиясы боюнча жогорку билим алган туңгучтардын бири болгон.

Ташым Байжиев мектеп үчүн окуу китептердин, илимий-сын макалалардын гана эмес, көркөм адабиятка тиешелүү чыгармалардын да автору болгон. Атүгүл ал адеп калем тартып чыкканда келечектүү прозаик сапатында көрүнгөн. 1929–1932-жылдары газета-журналдарда анын «Сен кимсиң», «Дос», «Күрөш», «Суу боюнда», «Кытмыр өлдү» деген аңгеме-повесттери жарыяланган. Береги «Кытмыр өлдүсү» орусчага которулуп, өз убагында Ташкенде чыгып турган «Советская литература народов Средней Азии» деген журналда басылган, москвалык жазуучулар тарабынан мактоого арзыган.

Ташым Байжиев ошол бойдон жазуучулук иш-аракетин улай берсе, шек жок, биздин белдүү кара сөзчүлөрүбүздүн бири болмок. Тилекке каршы, кыстаган шарттар анын ушул жол менен кетишине мүмкүнчүлүк берген жок. Конкреттүү айтсак, 1930-жылдын аркы-берки тарабында Кыргызстанда советтик-партиялык, маданий, эл агартуу мекемелерин «жат элементтерден» тазалоо компаниясы жүргөн. Ошондо өз атасы же чоң атасы бир убакта дөөлөттүү же сөөлөттүү болгон интеллигенттердин баары комсомолдон, партиядан чыгарылып, кызматтан айдалган. Маселен, 1931–1932-жылдары маданий курулуш институтунан Карыдин Кашымбеков, Ажыйман Шабданов, Султан Курманов, Турдакун Сопиев тектүү, оокаттуу үй-бүлөлөрдө туулуп калгандары үчүн гана чыгарылган. Алардын совет өкмөтүнө карата пейли тазалыгы, иштеп аткан ишине тыңдыгын, атүгүл улуттук кадрлардын ошо кездеги өтө эле аздыгы да эч эске алынган эмес.

Экинчиден, 1929–1934-жылдары кыргыздын жаңыдан куралып келаткан адабий чөйрөсүндө эң жарамсыз моралдык атмосфера өкүм сүргөн. Кедей-дыйкан үй-бүлөсүнөн чыккан айрым жаш калемгерлер өздөрүн «пролетариат» жазуучубуз деп жарыялап, республикалык даражадагы өкмөтчүлөрдөн катуу колдоо таап, ошо кездеги акылсыз идеологиялык «казаттардын» ураандарында, ата-бабалары байлык менен бийликтен өткөн заманда жөн гана тың оокат кылгандардын адабият майданына аралашып калган тукумдарын аёосуз куугунтукка алышкан. Маселен, аталары бий болгон Жума Жамгырчиев менен Сатыбалды Нааматов, манаптын баласы таланттуу чоң акын Бөрү Кененсариев теги «жаман» болгонунан кодуланып отуруп, акыры жазгандан баш тартышкан.

Дагы бир баса белгилей турган нерсе: 1928–1933-жылдары кыргыз тилинде чыккан китептердин басымдуу көпчүлүгү «ур-токмок» сынга алына берген. Алардын дээрлик баары авторлорунун туңгуч эмгеги, дегеле кыргызча биринчи адабий китептер экени бир сынчынын да эсине келген эмес. Маселен, С.Карачевдин «Эрксиз күндөрдө», К.Баялиновдун «Ажар» повесттери, Ж.Жамгырчиевдин, М.Элебаевдин биринчи ыр жыйнактары, К.Тыныстановдун поэмалары, драмалык чыгармалары, ал тургай «Манас» эпосу идеялык каталары бар деп жамандалып, партиялык токтомдорго кирип кеткен. Ушундан улам адабият майданы жаңыдан жазып жүргөндөр үчүн опурталдуу зона катары көрүнүп калган.

Ташым Ыскак уулу да бийдин небереси, өз оокатына тың кишинин баласы болгон. Ошон үчүн ал педтехникумду бүтөр замат комсомолдон чыгарылып, ата-тек жагын териштирчүлөрү көп Фрунзе калаасында кызматка калбай, жанга тынчыраак элет жерине (Алайга) кеткен. Жаңы прозалык чыгармалар жазсаң, катуу сынга алынары турган кеп, акыры ата-

бабасы тектүү экени билинип, кызылдай балээге каларым да ыктымал деп чочулаган болуу керек, ал киши 1932-жылдан кийин көркөм кара сөзгө кайрылган эмес.

Ташым Байжиев согушта жүрүп «Жигиттер» деген пьеса жазып, 1944-жылы «Советтик Кыргызстан» журналына жарыяланган. Ал 1957-жылы «Күттүргөн жаз» деген пьесалардан, ырлардан, кара сөздөн куралган жыйнактын ичине кирген.

«Т.Байжиев 1928-жылы курулган «Кызыл учкун» адабий уюмунун активдүү мүчөсү болгон. Мунун жетекчилери Базаркул Данияров, Сыдык Карачев, Касым Тыныстановдор Ташым менен Узакбай Абдукаимовду мыкты жазуучу болот деп дайым макташа турган.

1929-жылы Ташымдын 1916-жылдагы көтөрүлүш жөнүндө жазган «Турмуш чөлүндө» аттуу повести конкурска катышып, байгеге ээ болуп, басууга берилген. Бирок ал повестти дагы бир сыйра оңдоп, басмага берем деп жүргөндө Алайга Районо болуп кетип, басмачыдан коркуп, бирде үйгө түнөсө, бирде жүгөрүнүн арасына түнөп жүргөндө ал кол жазмасы жоголуп, жарыкка чыкпай калды», – деп эскерет Зияш Бектенов.

Т.Байжиевдин аздыр-көптүр басмага чыгып, сакталып калган көркөм чыгармалары, журналисттик очерктери, ал тургай адабий сындары менен таанышканда жазуучунун бир өзгөчөлүгү көзгө кашкайып урунат.

1920–30-жылдары гана эмес, кийинки мезгилдерде жазылган советтик жазуучулардын чыгармалары өкмөт менен партиянын идеологиялык учур саясаты менен сугарылган. Мамлекет башкаргандардын талабы ошондой болгон. Андыктан кээ бир чыгармачылар чоңдорго жагып сыйлыкка, мансапка жетүү максатында жараткан чыгармаларын көбүнчө чылгый марксизм-ленинизмдин үгүт-насаатына айландырып жиберген. Бул максатты, талапты аткарыш үчүн кээде каармандардын дүйнөсү баяндалган окуялар турмуш жолунан тайып, чындыкка сыйбай калган көрүнүштөр учурайт.

Ташым Байжиевдин жазгандарында, мейли көркөм чыгармабы, журналисттик очеркпи, ал тургай сын макалалары да нак турмуштук шарттан тайбайт. Саясат үчүн чындыкты бурмалабай, бирөөгө жагынуу үчүн жасалма түс менен боёктобой, болгонду болгондой жазат.

Көбүнчө өз башынан өткөн окуяларды баяндайт. Зыяш карыя эскерген 1916-жыл жөнүндө жазылган «Турмуш чөлүндө» аттуу повесть да ушундай болуш керек. Анткени ошондо жети жашар Ташым ал кыяматты өз көзү менен көргөн. Кытайга барганда бир жуманын ичинде 31 жаштагы атасы Ыскак, анын агалары – 33 жаштагы Ысмайыл, 35 жаштагы Ыбрайым бир жуманын ичинде каза болот. Кечээ эле жаркырап-жайнап, мал-жандуу, айлана-чөйрөгө белгилүү, үч уулу тең русско-туземный гимназияны бүтүп, чоң атасы Байажы бий болуп шайланып, ал тургай ак падышага өз колу менен кат жазып турган чоң атасынын мойнуна асы-

лып эркелеп турган Ташым заматта шүмүрөйүп жетим калып, Апакай энесин ээрчип, Кытайдан Ысык-Көлгө жөө келет.

«Ата Мекендик согуш алдында биздин үйгө Жусуп Турусбеков, Мукай Элебаев, Абдылас Малдыбаев, Шамшы Түмөнбаев, Касымалы Жантөшевдер көп келер эле. «Ажал ордуна» коюлган сайын театрга барышып, үйгө келип спектаклди өз ара талкуулашып, Абдылас абама Бектурдун «Кош, Ала-Тоо өскөн жер» деген ариясын ырдатып, көздөрүнө жаш алып, анан Шамшы Түмөнбаевдин аялы Таты жеңеме Учей-фунун аялынын монологун аткартып каткыра күлгөндөрүн далай уккамын», – деп эстейт Ташымдын уулу Мар.

Баса, ошондо Т.Байжиевдин үйүнө чогулган жазуучу, артисттердин бардыгы драмада көрсөтүлгөн кыяматтуу жолду басып өтүшпөдү беле!

Ал эми Т.Байжиев 23 жашында Алайда Районо болуп иштеп жүргөндө жазган «Күрөш» деген очерки, «Кытмыр өлдү» аттуу чакан повести Кыргызстандын түштүгүндө опурталдуу, коркунучтуу, ажал менен өмүрдүн ортосунда кан жыттаган колхоздоштуруу жүрүп жаткан жердин чордонунда жазылган. Бул чыгармаларында зоболоңдуу замандын дүбүртү даана угулуп турат. Сүрөттөмөлөр бир сүртүм кочкул боёктор менен, кыска-кыска сүйлөмдөр менен берилген.

Каармандардын өз ара сүйлөшкөндөрү да артынан жоо кууп келе жаткансып шар-шарт кескиндүү.

... «Коктудагы айыл түн көлөкөсүндө табышсыз. Кара алачыктын эшиги шырп эткенден кийин, душман колу Нарматтын оозу-мурдуна жабышат. Караңгы алачыктагы коңурук жоголот. Эшиктин алдында алда кандай коркунучтуу караан турат. Жалгыз уулунун өмүрүн тилеп ойгоо жаткан кемпирдин жүрөгү оозуна келет.

– Нармат! Ээ, Нармат!

– Үн катпа, дайыз!

Кемпирдин тили буулуп, көз жашы көлдөйт»...

Баса, ал кездеги турмуштун өзү да ушундай эмес беле! Большевик. Кызыл аскер. Басмачы. Кедей дыйкандар. Совет өкмөтүнүн күпүлдөгөн аткаминерлери. НКВД. Булардын бардыгы туш-туштан талап, эл-журттун шаштысын келтирип, үрөйүн учуруп, карбаластатып турган учур эмес беле!

Т.Байжиевдин ушул сыяктуу кара сөз чыгармалары ал кездеги «Чабуул», «Маданият жолунда» сыяктуу алгач журналдарда басылып турган.

Өзү жазган көркөм чыгармаларында гана эмес, калемдештеринин эмгектерине жазган сындарында да Т.Байжиев өзүнүн нукура позициясынан тайбайт, көркөмдөштүрүүдө турмуш чындыгынан тайбастыкты талап кылат.

1941–45-жылдары болуп өткөн Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө көп чыгармалар жаралды. Авторлордун көбү адабият болобу, театр, кино,

сүрөт болобу ошол согушка катышкан. Согуш жөнүндө ок-дарынын жытын жыттабай туруп, божомол менен жараткан чыгармалар да аз эмес. Согушка катышкан жоокер-авторлор өзүлөрүнүн чыгармаларын көбүнчө майдандан келип, тылда жазышкан. Ал эми Ташым Байжиев «Жигиттер» аттуу драмасын согушта, Украина фронтунун окопторунда жүргөндө баштап, 1944-жылы жарадар болуп госпиталда жатканда бүтүргөн. Пьесанын окуялары, каармандары, драмалык кагылышуулары майдан турмушунан алынып, көркөмдөштүрүлгөнү дапдаана байкалып турат. Окуялар өтө кызыктуу, кыймыл аракеттүү, каармандардын тилдери, диалогдору, конфликтиси өтө так, курч, чечкиндүү, профессионалдуу түзүлгөн. Бул пьесаны Т.Байжиев согуштан кайтканда ала келип, «Советтик Кыргызстан» журналына бастырат. Бирок тилекке каршы, театрга ана коёбуз, мына коёбуз деп турганда, өзү да жакында эле согуштан келген Райкан Шүкүрбеков «Жигиттерди» катуу сындайт. Пьесанын кайсы бир улуту кыргыз каарманы совет өкмөтүнө таарынып, немецтерге өтүп кетиптир. Аны жигиттер колго түшүрүп: кыргыз элинин намысын түшүрүп, Манас бабабыздын арбагы алдында күнөөкөрсүң деген өкүм чыгарып атып салышат. Мындай көрүнүш саясатка туура келбейт, көрүүчүлөргө тескери таасир берет, – деген доо коюлат.

Согуш бүтүп, турмуш бир аз оңолуп, тынчып, жай-жайына келе баштаганда «Жигиттерди» сахнага чыгарууга шарт түзүлө баштайт. Бирок Ждановдун докладынан кийин Р.Шүкүрбековдун, К.Жантөшевдин, К.Эшмамбетовдун драмалык чыгармалары менен бирге Т.Байжиевдин «Жигиттерине» совет элинин турмушун бурмалап, саясатка каршы жазылган» деген күнөө коюлат.

Т.Байжиевдин «Жигиттери» 1989-жылы жазылганына 45 жылдан кийин кыргыздын улуттук драма театрынын сахнасында аткарылды. Т.Байжиев отуз беш жашында жазган пьесасы, туулган күнүнө 80 жаш толгондо жарык көрдү. Кантебиз? Заманыбыз ушундай болбодубу...

Албетте, Ташым Ыскак уулунун тагдыры өтө кейиштүү. Ал туура кырктын кырына чыкканда камакка алынды. Ага чейинки өмүрүнүн сегизтогуз жылын атайын орто жана жогорку билим алам деген абыгерге, төрт жылдайын согуш мээнетине жедирди. Адабий-илимий жумуштар менен чындап алпурушканга чолоосу көп тийген жок. Анын үстүнө ал киши өз алдынча ойлонгонго, өнүмдүү чыгармачылык иш-аракет жасаганга, жаңы бир сөз айтканга улуксат кылынбаган катаал заманда жашады. Ата-тегимен качан жабыр тартам, каягыман ката кетирип коём деп бүлкүлдөп жүрүп өттү. Ошону менен ал өзүнө табият тартуулаган чыгармачылык жөндөмүн толук бойдон ача албай, кыргыз адабиятында калың из калтыра албай кетти.

Ата Мекендик согуш бүткөндө Илимдер академиясында «Манас» жана фольклор сектору ачылып, согуштан жаңы келген Т. Байжиев анын же-

текчиси. Эпостун 1100 жылдык юбилейине жооптуу секретарь болуп дайындалат. 1948-жылы З. Бектенов менен бирдикте «Манас» жана кыргыздын фольклору боюнча окуу китебин жазышат. Ал китепте Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевди «улуу манасчылар» деп атаганы үчүн авторлорду улутчул катары күнөөлөп, он жылга кесилет. Ташым Байжиев 1952-жылы 17-февралда Караганды түрмөсүндө каза болот. Бирок ал биздин улуттук адабияттын пайдубалына биринчи кышты коюшкандардын катарында тарыхта калары шексиз.

Әлет кайрыктары



**Өмүркул КУЛУМБАЕВ**

# ӨЛБӨСТҮККӨ ЖАРАЛГАН АДАМ

**(Кыргыздын айкөл уулу Чыңгыз Айтматовго)**

**I**

*Бакыт карап, бизди кызып жалгаган,*
*Айкөлдүктү ата-бабам арнаган.*
*Абалтадан улуу кыргыз тукуму,*
*Уюткулуу, уучу куру калбаган.*
*Өрнөктүү эл – өлгөн сайын өөрчүгөн,*
*Өзгөчө бир касиет бар жандаган.*

*Көз көрбөгөн бир күч колдоп төбөдөн,*
*Көсөм элим бирин бири жөлөгөн.*
*Алпы кетсе куру койбой бешигин,*
*Андан ашкан алпты кайра бөлөгөн.*

---

**Өмүркул КУЛУМБАЕВ** *1933-жылы Ат-Башы районунун Терек-Суу айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган.Кесиби полиграфист. 1958–1961-жылдарыТянь-Шань облустук аскер Комиссариатында финансылык иштер боюнча орун басары болуп иштеп турган маалында автокырсыкка учурап, ошол мезгилден бери буту баспай, төшөктө жатып калган. Тагдырдын буйругуна мөгдүрөп сынып калбай, ар намысын бийик тутуп, болот калемин жаркылдатып, кыргыз поэзиясына салмактуу салымын кошуп, ыр дүйнөсүндө өз үнүн, өз жүзүн жараткан акын. Ондогон поэтикалык китептердин автору. СССР Жазуучулар союзунун, КР улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү.*

*Алтын олпок айланайын энелер,*
*Ата Журтка алп кара куш төрөгөн!*

*Улуу элим, ыйык салтың, жөрөлгөң,*
*Акыл менен өсүп-өнүп көгөргөн.*
*Ай-ааламдын көз жетпеген түпкүрүн,*
*Бир алмадай асыл башка чөгөргөн.*
*Аруулуктун, айкөлдүктүн символу,*
*Ар бир кыргыз Манас болуп төрөлгөн!*

*Бул жашоодо парз экен го бүтөөр күн,*
*Бир убакта буттан тайыйт үзөңгүң.*
*Ырыскыны жалгыз адам жаратпайт,*
*Учук улайт ынтымакта – күчү элдин.*
*Уюткубуз кыргыз барда түгөнбөйт,*
*Улуу урпак улам келет ишенгин!..*

*Чени менен  чиет даңкты жараткан,*
*Алтын сарай кургандар бар таланттан.*
*Адам өткөн мүңкүрөтүп дүйнөнү,*
*Башты кесип, кылычынан кан аккан.*
*Кыргыз уулу – Чыңгыз уулу  кыргыздын,*
*Калемине алп Жер шарын караткан!*

*Турмуш өзү, жашоо өзү даанышман,*
*Адам өткөн тилдеринен чаң учкан.*
*Алты саны соолор өткөн дүңгүрөп,*
*Ата Журтка арылбаган карыздан.*
*Биздин Чыңгыз калайыгын дүйнөнүн,*
*Калеминин зери менен багынткан.*

*Гүл өскөндөй чөлгө жамгыр жааганда,*
*Күндөй тийди гүлгө чанак жарганга.*
*Жанар тоосу жыйырманчы кылымдын,*
*Өчпөй турат адабият ааламда.*
*Ойдун Чыңгыз опол тоосун тургузду,*
*Ойрондобос, ураталгыс шаалар да.*

**II**

*Кайран өмүр ушунчалык аз беле?!*
*Асылдарга ажал мынча кас неге?*

*Туу көтөрүп жашай берет жакшылар,*
*Туйгун өлбөйт, түбөлүккө «кош!» дебе.*
*Оодарылбас, чайпалбаган Чыкебиз,*
*Океанда сүзүп жүргөн «Ак кеме».*

*Ооба, Чыке! Өрнөк өмүр тургуздуң,*
*Ырдап бүткүс казалысың турмуштун.*
*Ата Журтуң ким деп менден сураса,*
*Кыргызымын деп айтамын Чыңгыздын.*
*Ою менен бүт ааламга көз салаар,*
*Түбөлүктүү дүрбүсүсүң кыргыздын!*

*Сыймыгыбыз, сыйыбызсың сыйлаарга,*
*Сабы сенсиң, кармай турган туу барда.*
*Өлдү дешет экиленген немелер,*
*Жарык жүзүң Күндөн түшкөн нурдан да.*
*Өлгөн жоксуң, өлбөйсүң сен эч качан,*
*Кыргыз элиң кыргыз болуп турганда!*

*Бүтпөйт сенин жашоо үчүн күрөшүң,*
*Таасир берет табияттай мүнөзүң.*
*Акыл-эстин маягысың ар качан,*
*Арабызда багыт берип жүрөсүң.*
*Мезгил узап, сен жашарып уламдан,*
*Манас менен бирге өмүр сүрөсүң.*

## III

*Доорду жаздың канкор желдет сураган,*
*Доорду жаздың маңкурттуктан ураган.*
*Жульеттасын, жаздың сүйүү Данкосун,*
*Жүрөгүнөн сүйүү деми булаган.*
*Өлбөс-өчпөс ашыктыктын шамына*
*Өзүң болдуң өмүр жибин улаган.*

*Ордун тапты опол тоодой салмагың,*
*Окурмандын жүрөгүндө кан-жаның.*
*Төгөрөктүн төрт бурчунан үн салып,*
*Чыңгызовбуз – деп ырдашат балдарың.*
*Кызгалдактай гүлдөй берет дайыма,*
*«Кызыл алма», «Кызыл жоолук жалжалың...»*

*Жаактуудан жан жетпеген чеченсиң,*
*Жайы-кышы бөксөрбөгөн өзөнсүң.*
*Не бир асыл – келээр-кетээр, жок болоор,*
*Сен көктөмдөп, мезгил артып өсөөрсүң.*
*Сени мактаар, не бир булбул тил жеткис,*
*Кол жетпеген, ой жетпеген көсөмсүң!*

*Элестериң эске түшөт көп ирээт,*
*Түпкү тегим Түрк атадай көрүнөт.*
*Ак калпакты кийип турган элесиң,*
*Ала-Тоодо аткан таңдай сөгүлөт.*
*Кубат кетип, кургап турган дүйнөгө,*
*Сенин нуруң Күн сыяктуу төгүлөт.*

*Дулдулсуң сен дүбүрт салган жаңылап,*
*Доор турат сенден өзүн дарылап.*
*Салттан тайбас «Саманчынын жолусуң»,*
*Заманага багыт берген ар убак.*
*Хандар өтөөр, калк картаяр, а бирок*
*Сенин доошуң зымырык куштай жаңырат.*

**IV**

*Сен элең – ой сулуусу, ойдун назы,*
*Сен элең – ойдун гүлү, ойдун жазы.*
*Сен элең – асыл мончок, ыйык тумар,*
*Сан кылым адамдардын мойнундагы.*
*Өзгөчө көз тийдиби, аттиң дүйнө,*
*Көзү ачык ойдун элең олуясы.*

**V**

*Сагынат ай-ааламдын түркүн эли,*
*Сагынат адам сымал – түлкү, бөрү.*
*Саябан көлөкөлөөр чынар элең,*
*Нур элең балбал жанган түпкүрдөгү.*
*Саматып, сагындырып ыйлатаарсың,*
*Саргайтып Шекериңди, Күркүрөөңдү!*

*Өлгөндөр өмүр улап келбейт тура,*
*Өлбөстү кудай дагы бербейт тура.*
*Асылга ажал дайым кылтак коюп,*
*Акмакты анын көзү көрбөйт тура.*
*Мүрөктү ичсең деле даңкың калбайт,*
*Мурасын сактай турган эл дейт тура!*

*Олтурам орчунуна муюп кептин,*
*Оор экен даңк деген да куруп кетсин!*
*Көп көзгө көзүктүңбү билбей турам,*
*Жок дешип бир Чыкеңден ыйык эч ким!*
*Агылып Ала-Тоодон дайра болуп,*
*Агатай океанга куюп кеттиң!*

## VI

*Курушкан хан-султандар алтын ордо,*
*Ураган, ал таланып – болгон олжо.*
*Азабын акылынын далай тартып,*
*Олтурган нечен  чечен, акын орго.*
*Урагыс, урунса да моюбаган,*
*Агатай, куруп кеттиң  акыл ордо.*

*Дүйнөнүн  түбү тешик – качан толгон?*
*Ким чыккан – арман-санаа, жайган тордон.*
*Сыпайы, сыр билгизбей жүрүп өттү,*
*Зындангa бугун салып кайран ойрон!*
*Чыгарбай, чым астына ала кетти,*
*Чыңгызда чыңгызчалык арман болгон.*

## VII

*Адам болот – дөөтү, дөөлөт жандаган,*
*Адам болот – алтын балык кармаган.*
*Адам болот – өмүр, жашын,өрнөгүн,*
*Адамдардын бактысына арнаган.*
*Алла Таала бир кыраанды Чыңгыздай,*
*Адамзатка берээр бекен  кайрадан?!*

# Канбадым

*Турмуштан нечен ирээт сындырылып,*
*Тирдикке нечен ирээт кулдук уруп.*
*Тажабай канча кулак салсам дагы,*
*Канбадым, кандайдыр бир чындык угуп.*

*Кайгымды – күлкү-ырга алмаштырып,*
*Тагдырдын таап сырын, алдаштырып.*
*Өмүрдү эриш-аркак жашап келдим,*
*Өлүмдү тирүүлүккө жалгаштырып.*

*Өмүрүм – өчүп, кайра ысып-күйүп,*
*Өмүрүм – бирде жапыз, учуп бийик.*
*Өр тартып бара жатам мөгдөбөстөн,*
*Өмүрдү саралтындай тутуп, сүйүп.*

*Сабылдым,өмүр калып коогалаңга,*
*Зымпыйып, сездирбедим жөө-жалаңга.*
*Буттарым көр оозунда салаңдады,*
*Кептенип анда турдум соо адамга.*

# Күйүп кетем

*Киши болуп жаралып дарман барда,*
*Көзүн карап бирөөнүн жалданганга.*
*Күйүп кетем, күнүмдүк күн өткөрүп,*
*Килеңдеген кем акыл дардаңдарга.*

*Акыл-эси ордунда, дарман барда,*
*Ар-намысын коргобой алданганга.*
*Ардансам да, а бирок аяп кетем,*
*Ара жолдо сандалып калгандарга.*

*Акыл-ойду жүрөккө камчы кылып,*
*Арамзага басынбай алчы туруп.*
*Азаматтык милдетин аткарбайбы!*
*Асыл жанын жашабай жалчы кылып.*

*Ар-намысын эмгекке кайрак кылып,*
*Алдаганга арбашып айбат кылып.*
*Адамдыгын аздектеп жашабайбы,*
*Арашандай түпкүрдө кайнап чыгып.*
*Айтаар эле атанын баласы – деп,*
*Максатыңан турганда майнап чыгып!*

## Өмүрдө ким бар өлбөгөн

*Орунсуз ойлор кыйнады жанды,*
*Ой-бойго койбой тутанып алды.*
*Марага жеткен, муңайбай өткөн,*
*Миң жашка чыккан – мисалы барбы?*

*Сүрөсүң деги өмүрдү канча,*
*Баарысы келет аманат башка.*
*Кор болуу, жыргоо, кайгы бар дечи,*
*Кечирээк берсе ээ, өлүмдү жашка?*

*Өмүрдү бирөө – дуулашып сүрөт,*
*Өмүрдү бирөө – куурашып сүрөт.*
*Өмүрдүн баркын күйүтчөн билет,*
*Болсочу, өлбөс сүйүшкөн жүрөк!*

*Билбестир арбын өмүрдүн баркын,*
*Алгандар – атак, чыгарып даңкын.*
*Өлбөгөн жан жок, ак эмгек өлбөйт,*
*Из салып кеткен – өмүрүң алтын!*

*Өлбөгөн өмүр – айтсаңчы кайда?*
*Соолот булак, соолгон дайра.*
*Айлана берет өлбөгөн тирдик,*
*Адамдар өлсө ал келет кайра.*

*Өлөбүз жашап, ченелүү жашты,*
*Өлүшөт жашап – жаман да, жакшы.*
*Ушул го деймин өлбөгөн өмүр,*
*Улана берсе тукумдун арты.*

*Өлчүүлөр ичкен ашына чачайт,*
*Өлчүүлөр алкы, даңкынан аксайт.*
*Өлбөстөр элин өксөөдөн сактайт,*
*Өлбөстөр элин, мекенин сатпайт.*
*Акыл-ой өлбөй, ар дайым жашайт!*

# Көзүм барда

*«Колдо бар алтындын баркы жок»*
*(Макал)*

*Ысыгыңа, же суугуңа күйбөсө,*
*Ыйлап турсаң, ызырынып сүйлөсө.*
*Ал туугандын кимге тийсин кереги,*
*Алсырасаң чагып турса бүргөчө.*

*Акыл айтсаң, «куп!» деп башын ийбесе,*
*Ачка калсаң, сыртын салып сүйлөсө.*
*Ал баланын кайдан болсун упаасы,*
*Атасынын аталыгын билбесе.*

*Жагып калса эр жигиттей жүргөнүм,*
*Жакпай калсам, эптеп калса сүлдөрүм.*
*Көз өткөн соң «кыңк-мыңк» этип отурбай,*
*Ким экеним, көзүм барда сүйлөгүн.*

*Сапар бүтүп,буюраар бир күн ыйманым,*
*Тойго айлантпа, ыгы келсе ыйлагын.*
*Колдо барын берип, напси буюрса,*
*Көзүм барда колдон келсе сыйлагын.*

*Маркумдардын өзүнө эп-сыйы бар,*
*Бирок ага бирдей кепин буюраар.*
*Эй, адамдар, урмат кылып топо сал,*
*Ошол болот – эң акыркы сыйыңар.*

*Өмүрдүн бар – өз-өзүнчө көктөмү,*
*Бирде толот, бирде болот көк бөрү.*

*Узаталы ким экенин ылгабай,*
*Адам үчүн бу да болсо бөксөрүү.*
*Барктайлычы, көзү өткөн соң баа бычып,*
*«Аппак жылдыз болучу, – деп, – көктөгү».*

* * *

*Аласың ээ, кээ бир сасык капырлар,*
*Айлам канча, адам деген атың бар!*

## Эркиндик жок

*«Эркиндикке чыгыш үчүн өлүш керек».*

*Чындык жок, эркиндик жок кепилдикке,*
*Эч качан болгон эмес эркин дүйнө.*
*Агылып бир бирине байланышкан,*
*Айланат ат казыгын аалам түлдө.*

*Теңсиздик кошо келип өмүр менен,*
*Теңсиздик тамам болот өлүм менен.*
*Азаттык, эркиндикке анан жетет,*
*Адамдын анан болот көрү кенен.*

*Ким айтат, башым азат баарынан – деп,*
*Ким айтат, зомбулуктан арылам – деп.*
*Пайгамбар, падышаң да эркин эмес,*
*Азабы – арбап турат, багынан көп.*

*Көпөстөр эркин эмес, пулу толгон,*
*Алардын касапчысы – пулу болгон.*
*Өмүрү бийдин дагы эркин эмес,*
*Өздөрү бийлигинин кулу болгон.*

*Ар дайым ээрчип жүрөт көч заманды,*
*Куунатпайт, миң мактаган сөз жаманды.*
*Ааламда Күн болбосо жашоо болбойт,*
*Бу тирдик бир бирине көз каранды.*

*Эркиндик – кур кыялдык, акмак неме,*
*Эңсөө бир, эркиндикти таптак беле!?*

*Куштар да эркин эмес ободогу,*
*Жеткирет эркиндикке мансап дебе.*
*«Мына мен, эркин жашап жатам» дешип,*
*Арбактар арга болсо айтат эле…*

## Аккан дүйнө

*«Оомал-төкмөл дүнүйө,*
*Оошуп турат күнүгө…»*

*Айкөл менен болот арбашуу,*
*Акмак менен кыйын кармашуу.*
*Темир жолдун рельсасындай,*
*Эч убакта болбойт жалгашуу.*

*Пенделердин болот зардасы,*
*Болот нефсе – кумар канбачу.*
*Анын баарын жеңүү гана парз,*
*Адамдардын жалгыз аргасы.*

*Келет бакыт – көксөө канбаган,*
*Жашоо болот – эптеп алдаган.*
*Турмушуңда болот баарысы,*
*Тирүүлөрдү тоорул, жандаган.*

*Атса таңың, кайра кеч кирмей*
*Акыл оошуп өтөт сездирбей.*
*Тегеренет өмүр барасы,*
*Жылда айланып келчү мезгилдей.*

*Тирүүлүк да, өлүм арбашып,*
*Бирин бири турат жалмашып.*
*Кезигишпейт, деле көрүшпөйт,*
*Түн да, күн да турат алмашып…*

*Аңгеме*



**Казакбай АБДЫШЕВ**

# КАРАЛА АТ

*«Жакшы ат болсо мингениң,*
*Жароокер болсо сүйгөнүң».*
*Токтогул*

Казактын каңгыраган кең талаасындагы ээндикте, боз басып, кырлары көзгө бүлбүл чалдыккан кыргыздын кырка тоосун бет алып, жалгыз салт атчан кетип баратат. Ысыктын күнүндө чымын-чиркейлер, көгөндөр ызылдашып, аттын жанын койбой, көзү-башына үймөлөктөшөт, жука чабысына чып жабыша калышат. Антсе да жүгөндүн ооздугун шалдырата, башын дембе-дем чулгуп, куйругун жан-жагына, чурайына шыйпаң уруп, кез-кезинде таноолорун быр-быр эткизе чылбыр-тизгини бош, өз эркине койгон карала аттын жүрүшү ыкчам.

Ат үстүндөгү адамдын кийгени: күндөн көзүн калкалап, чекесине түшкөн ак калпак, жону көөнөрө баштаган жүн жалаткан жеңил чапан, бутунда эски булгаары өтүк. Кыл чылбыр кокон ээрдин кашына оролуп, сол колундагы тизгин бошоң. Табылгы саптуу, тоо текенин моюн терисинен өрүлгөн он эки өрүм жоон камчысы оң колунда салаңдайт. Камчынын тоголдурулугу күмүштөн чабылган. Өрүмүн бүктөп чапса карт камандын башын жарып кетчүдөй. Бөктөрүнчөгү, анан бир жак канжыгасында таар баштыкта томпойгон бирдемеси бар.

---

*1939-жылы Казакстандын Мерке аймагында төрөлгөн. «Жаандуу түндө», «Кум дөбөлөр», «Биздин балачак», «Устат» аңгеме-повесттер жыйнагы, көптөгөн ырсүрөт китептери жарык көргөн. Кыргыз Улуттук Жазуучулар союзунун, Журналисттер кошунунун мүчөсү. Композиторлор жана Сүрөтчүлөр союздарынын ардактуу мүчөсү. Бишкек шаарында жашайт.*

Бул өзү казак менен кыргызга белгилүү, Таластын те баш жагынан чыккан кыржылык Алмүрөк деген балбан жигит. Алмүрөктүн алдында камчы салдырбай, ыкчам жүрүшүнөн жазылбай, алчаңдай баскан Карала аттын даңкы Алмүрөктүкүнөн ашса ашат, кем эмес. Табына келген чагынан бери жарыштарда алдына ат сала элек. Эки жаат болуп көк бөрү тартышканда Караланы топко салдырышчу эмес. Алмүрөк четтей акмалап жүрчү. Топ жарылып, улактын четке чыгышын күтчү. Улакты өз жаатындагылар алып чыкса, Алмүрөк жандай салып, тиги атты сүрөөгө алчу. Топтон мындай узай бергенде улакты өңөрчү да, чү койчу. Карала жаныбар ат коюп жөнөгөндө берки тараптагылар: «Каралага тийди. Эми ага эч ким жетпейт. Жеткен күндө да Алмүрөктөн тартып ала албайт» дешип үмүттөрүн үзүшчү. Улакты берки жааттагылар алып чыккан күндө да, Алмүрөк Карала менен буйтамга келтирбей жетчү да, наркынын такымындагы улакты аттан артылып барып сууруп алчу. Айылдык ырчы Абыке Алмүрөктүн Караласын минтип мактаган экен:

Айныбас күлүк болгон – дейт,
Алманбеттин Сарала.
Ат салдырбай алдына,
Ашып келген марага.
Андан да өткөн даңкы бар,
Азыркы заман тулпары –
Алмүрөктүн Карала...

Эл ичинде сөз бар: «Карала болбосо Алмүрөк, Алмүрөк болмок эмес, Алмүрөк болбосо Карала Карала болмок эмес».

Алмүрөк Караланын табын келтирип, жылтылдата минип жүрдү. Нечендер сат деп асылышты. Болгон жок. Эрдин кунун берели дешти. Болгон жок. «Карала уткан байгеден кур калгандан коркуп жатыр» дешти бир даарлар. Алардын бул жоромолу туура эмес. Эл күбө, Карала жеңген байгени бөлүп-бөлүп кетишчү. «Каралаң турганда байге дагы болот» дешчү. Алмүрөккө да бирдеме тийчү. Байге толук колума тийген жок деп деги бир капарына алчу эмес. Анын көңүлү атынын даңкы менен тоюп турчу. Көңүл ток болсо – курсак ток деген ошо. А дейбиз, бу дейбиз, Алмүрөк Караласын жанынан да артык көрүп, эч кандай кырдаал аны Карала аттан ажырата алмак эмес. Кер ооздор: «Караласы өлсө, Алмүрөк артынан кошо өлөт» – дешчү.

Ошо Караласын минип, Алмүрөк казактын Улуу Талаасында кетип баратат. Алдында Улуу Тоолор жатат. Ушул тоону ашып өтсө өз эли кыржылык кыргыздарга түшөт.

Таластык кыргыздар менен чүйлүк казактар канатташ эл. Илгертен көчмөн эки элдин жайлоолору бир. Кыргыз тоолорун жайлашат. Кыды-

рып кымыз ичишет. Жаатташып оюн курушат: эңиш, күрөш, ат чабыш, кыз куумай, көк бөрү... Алмүрөктүн Караласынын даңкы дал ошол жыйындарда казактарга да билинген.

Бу эки элдин бөтөнчөлөнгөн деле айрымалары жок. Өң-жүзүнөн айрыма таппайсың. Алардагы айрыма казактар көз кыйыры жетпеген талааны мекендеп келишсе, кыргыздар аркайган тоо арасын түнөк-жай кылышкан. Домбуранын эки кылы болсо, комуздуку үчөө – койдун, эчкинин ичегисинен жасалат.

Эки эл илгертен кыз алышып, кыз беришип келишкен. Кыз апкелишсе кыргыз ичинде: «Капырай де, Шаршенбай келинди казактан алып келиптирби?» – десе, казак ичинде: «Ойпырай де, Сарсенбай келинди кыргыздан акептирма?» – дешет. Казактардын түшүн жоруп, кемпир болуп канча кыргыз кыздары казакта, казак тилин кыргызчага аралаштыра «чычканды» «тышкан» деп кыргызда кемпир болуп канча казак кыздары жүрөт.

Каатчылык жылдары эки эл бири-бирине ооп турган. Колдо болгонун бөлүп жешкен. Болбосо бирге ачарчылыкты баштан кечиришкен. Бир элден экинчисине жетишке дарманы келбей, орто жолдо сөөктөрү жашырылбай калгандары канча? Жокчулуктун айынан чымындай жаны аман болсо болгону дешип, кыздарын колунда барларга таштап кете беришкен. Нысабы барлар өздөрүнө кыз кылып, өз теңдүүлөрүнө баш коштурган, нысапсыздар өздөрү токолдукка алышкан...

...Караласын минген Алмүрөк июль айы жаңы эле башталса да, бир тал эгин, бир тал чөп жок көз кыйыры жетпеген казактын боз талаасында кетип баратат. Үргүлөп баратабы, же күнгө чагылышып баратабы, кабагы бүркөлүп, көздөрү жумуңку. Алмүрөктүн ою он санаа. «Оо. Жараткан, артын жакшы кыла көр» – деп ичинен тобо келтирет.

* * *

Журт башына жут келгени экинчи жылга айланды. Өткөн жылы жаз-жайы бир тамчы жаан түшпөй, эгин, чөп-чар күйүп кетти. Кыш катуу болуп, мал кыргынга түштү. Колго жабышкак арык малдын этин жешти. Кермек даам болсо да, сулунун нанын татып, кара шакынын кара катык жармасын ичишти. Алар да түгөндү. Эл зарыга жазды күттү. Жаз да келип, жыргаткан жок. Жаанчыл болду. Арты кардап кетип турду. Кош чыгарбай жүдөттү. Жутта мал элдин жанын сактай албайт экен. Жутта элди сактаган дан экен, нан экен. Муну эл түшүндү. Кошту эртелеп чыгаралы, бышыкчылык да эртелеп келсин дешти. Күн жаанчыл болуп, кош кеч чыгып калды. Ошондо Караласын баш кылып, бир сокодо Алмүрөк. Үрөң-бараңдан каш карайганга чейин кош артында жүргөнү. Этинен кеткен аттар жалгыз тиштүү сокону тарта албай, шапалактын ышкырыгы-

нан калч-калч этип, бир орундан жылбайт. Төрт аттын ичинен жалгыз Карала гана сокону тартып жүргөнсүйт. Караласына Алмүрөктүн жаны кейийт.

Кош айдалып бүттү. Эгин кылтыйып чыккандан баштап, жаан жаабай, күн чакырайып туруп алды. «О, жараткан, бул эмне кылганың?» – деп эл жанынан түңүлүп, жакаларын карманды. Түлөө өткөзмөк болушту. Мүлдө айылдан бычакка илинер мал чыкпады. Ошондо ушу Алмүрөктүн Караласына токтолушту. Кадыресе эти бар болучу. Алмүрөккө бул адегенде анчейин эле айтылган кептей көрүндү. Айылдагылардын молдосу баш болгон аттуу-баштуу деген карыялар келишти. «Э, айланайын жарыктыктар, Караладан башка мал жок бекен?» – деди Алмүрөк кызаңдап. «Ошо жок үчүн келип отурабыз да. Сен эстүү жигитсиң. Жалгыз ат деп бүтүн эл кырылабызбы?» – дешти карылар. «Караланы сойсок эле жамгыр төгүп жиберет бекен? Ошенте турганын билсем, өзүмдү курмандыкка чалат болучумун» – деди Алмүрөк чындап. «Башка мал деле бар. Бирок арык болуп жатыры. Арык малды шарыят көтөрбөйт» – дейт молдо. «Кудайга эти керек эмес, жаны керек, ырымы керек. Те, илгерки бир заманда кудайга багыштап, мал эмес, адамды курмандыкка чалышкан. Ошондо кишинин семизин тандашкан эмес. Карала тирүү турса элдин керегине жарайт. Эң куру дегенде соко менен чийнеге салабыз» – деп Алмүрөк карыларды беттетпей койду.

Ошо менен Карала аман калды. Эл жыйылып, арык болсо да бир кара мал аттууну мууздашып, кан чыгарышып, түлөө өткөзгөн болушту. Бирок Алмүрөккө окшогон эр-азаматтар ырайым тилеп, качан жамгыр жаайт деп акыйышып асманды тиктеп отурушкан жок.  Эски арыктар оңдолуп, жаңылары чабылды. Алмүрөк суу башында болду. Караласынын үстүнөн күн-түн түшпөдү. Күндүз эле эмес, ай жарыгына салып түнкүсүн да сугарышты. Такымындагы кетменин сууруп, Алмүрөк сууга да кирип кетчү. «Эгин даны – элдин жаны» экенин ар кимге айтчу.

Кийинчерээк суу тийген эгин ой да бир көк шибер болуп кулпунуп чыкпайт бекен. Алмүрөк эми эгинге көз салат. Качан көрсөң Караласын минип, мал-сал түшүп кетпесин деп эгиндин чекелеринде жүргөнү.

Эгин көк-жашыл болуп, жуттан калган мал көккө тоюнган менен элдин курсагы ач, ооздорунан кара суу кете элек. Дагы деле болсо эптеп бир жактан бир чымчым талкан таап келүүнүн аракети.

Эл бирин-серин малы менен нары тоо этектей көчүшүп, жака ээн калганда Алмүрөк Караласын минип, Чүйдөгү меркилик казактарга келген. Биерде анын карачечекей жалгыз карындашы бар. Казактарга турмушка чыккан. Үч жылдан бери катыша элек. Ошо карындашына учурашып, ал-жайын билип, эми кайра өз эл-өз жерине кетип бараткан кези. Казак жери кең эмеспи, ылайыгы болуп калса, бышыкчылыкка жеткенче талкан-тулкан таап кетейин деген ой менен келген

болучу. Казактар деле жыргап турбаптыр. Күйөөсү өлүп, биринин артынан бири удаа төрөлгөн чычкандай эки баласы менен жесир калган карындашы агасын ыйлап-сыктап узатты. Агасы менен кыргызга кетип калайын деп да ойлоду. Эки көзү көр, жетимиштеги кайненесин кыя алган жок. Жарым жан мусапыр карыны таштап кетүү адамгерчилик эмес ко. Муну Алмүрөк да, карындашы да түшүндү. Байкуш кемпир сокур көздөрүнөн жашын агызып Алмүрөккө: «Мен көрөр күнүмдү көрдүм, ичер суумду ичтим. Жарамсыз сокур кемпирдин момундай заманда кимге кереги бар, ашка жүк, башка жүк болуп. Карындашыңды, кичинекей казак жээндериң менен алып кет. Казак-кыргыздын тукуму улансын» – деди. Кемпирдин айткандарынын жөнү бардыр. Бирок андай кылууга болбойт. Кемпирди жалгыз таштап кетүү деген анын башын баталгыга салып бергенден эч айрымасы жок эле да. Алмүрөк ошо жердеги казак тааныштарынан сурамжылап чогулткан эки буттай арпадан бир чөйчөк гана бадырак куурутуп алып, калганын карындашына калтырып, бүгүн таң эртең менен аттанып чыккан. Азыр Караланын үстүндө келатып, Алмүрөктүн эки оюнун бири эле – эл эптеп бышыкчылыкка жетсе.

Күн түшкө жакындаганда талаа бүтүп, Алмүрөк Чөңөр ашуусуна кетчү кенен коктуну өрдөй, тоо таяна берди. Аттын белин суутмакка аттан жерге түштү. Бир-эки чалдырып алмакка Караланын ооздугун чыгарды. Өзү жерге көчүк басып, Чүй тарапка сереп салды. Кылкылдаган кең талаанын учу-кыйырына көз жетпейт. Улам арылаган сайын боз чалып, жер менен асман чеги айрымаланбайт. Өнө бою тоо арасында жүргөн Алмүрөк дүйнөнүн мынчалык кең экенине назарын салган эмес экен. Анын оюна булар кетти: «Бирок дүйнөнүн кеңдигинин кимге кереги бар, каткан чокоюң жаныңды кейитип, бутуңду кысып турганда. Казак талаасынын кеңдигинин кимге кереги бар, бир тоголок дан табылбай, оозуңдан кара суу келип турганда». Капырай, ушунча жерге эгин эксе, түшүмү тимеле тоо болбойбу? Казак-кыргыз мал артынан жүрүп, эгиндин баркын билбейт экенбиз».

Алмүрөк кайра аттанды. Коктуну өрдөп, өйдөлөй түшкөндө, оң жактагы жылганын оозунда турган жалгыз боз үй Алмүрөктүн көзүнө урунду. Чет-чекеде мал-салдын карааны көрүнбөйт. Үрүп чыккан ит да жок. Алмүрөк аттын башын үй жакка бурду. Кыялай бастырып, үйдүн жанына келди. Түндүк жабылуу, түрүлгөн эшиктен үй ичи үңүрөйүп караңгы. Адам аттуу барбы-жокпу, билинбейт.

Алмүрөк аттан түшүп, чылбырын кырчоого илип, үйгө баш бакты. Эр жигит болсо да үй ичиндеги көрүнүштөн Алмүрөктүн бүткөн бою тамандынан куйкасына чейин дүркүрөп чыкты. Чакалайдын чак түшүндө үйдө болгон адам аттуулардын баары өлүү-тирүүсү билинбей, төшөктө жуушап калышкандай. Сол капталда карыя киши чалкасынан жатат. Үстүнө

жамынганы эски чапан. Чөйчөгү үңүрөйгөн өлүмтүк көздөрү түндүктү тиктейт. Төрдө бири-бирине катарлаш, баштарын жүк жакка келтирген үч-төрт бала. Оң жакта бүкүлү бойдон, башын оң колуна жаздап, бутун бүгүп коюп, кемпир жатат.

– Ассалоому алейкум!

Үргүлөп жаткан кемпир Алмүрөктүн үнүнөн чоочуп кетип, селт эте башын силкип алды. Чалдын көзү гана кыймылдап, муруту өсүп, оозун жапкандыктан алик алганы-албаганы билинбеди. Балдардын чачтары өскөн баштары да кыймылга келип, бул үйдө тирүүлүктүн жышааны бар сыяктанды. Кемпир өйдө болуп, жоолугун оңдоп:

– Келгиле, келгиле. Биякка өткүлө,– деп эпеңдеп, төр жакты, чал менен балдардын ортосундагы ачык жерди көрсөтө берди. Алмүрөк өйдө өтүп отурду да, чалга назарын салды. Чал өтө эле жайбаракат кыймылдап, кемпири кол кабыш кылып, башын көтөрүп отурду. Кемпир да жанагы жаткан жерине көчүк басты. Болжолу төрт-беш жаштан он жашка чейинки го, тизилип жаткан төрт баланын жылтыраган көздөрү Алмүрөктү кызыга карай жалдырады.

– И, балам, жөн-жайыңды айта отур,– деди чал казакча, оңдонуп болгондон кийин, үнү кыңылдап араң эле чыгып. Алмүрөк казактардагы карындашын көрүп, эми кыргызга кайтып баратканын кыскача баян этти.

– И-и де. – Чал бирдемелерди ойлонгонсуп, башын жерге салды. Бир топтон кийин барып кемпирине:

– Жолоочу экен. Эмне тамагың бар. Апкел,– деди. Кемпир адегенде күймөлө калып, анан кыбырап өйдө болуп, Алмүрөктүн алдына кадыресе тасмал жайып, чоң кара аякка суудан куюп, суна берди. Алмүрөк кесени колуна алып, шек алдырбастан туруп, шак жутуп жиберди. Кесени жерге коюп, мурутун сылады. Кабагы салыңкы ойлоно отуруп калды. Бул үйдөгүлөр ооздоруна наар албай, кесерип ачка жатышкандарын ал айттырбастан түшүндү.

– Э-э, балам, башыбызга ушундай күн түштү, – деп карыя үңкүйүп отурган калыбында, сураттырбай кебин баштады...

Бирин-экин малы менен эки үй-бүлө жазында ушул жерге жайлоолоп көчүп келишиптир. Бир үйдө чал-кемпир, баласы, келини, алардын балдар-кыздары болуп, он эки жан экен. Анан эле мындан азыраак күн илгери ич келте баласын, келинин, неберелеринин төртөөн жалмап кетиптир. Коңшусу көчө качыптыр.

– Келте кайтты. Аларын алып тынды. Бирок калгандарыбыз моминтип ачтан кырылганы олтурабыз. Беш күн болду оозубузга наар ала элекпиз. Кемпир экөөбүз өлсөк мейли эле. Балдардын шору ката турган болду,– деди да, чал кежигеси кержейген башын жерге сала мүңкүрөй отуруп калды. Арык ийиндери солк-солк дей түштү. Нарытан кемпири бышактап, жыртак көздөрүн жоолугунун учу менен сүртүндү.

Алмүрөк эми тизилип жаткан балдарга назарын салды. Чалкасынан, кырынан жаткан балдардын ырбыйган арык кебетелери жапырт ага бурулуп, тирүүлүктүн жышаанын билгизген жалгыз гана жылтыраган көздөрүндө: «Байкетай, нан берсең» дегенди окуду. Алмүрөк өмүрүндө эч кимден жалтанып көргөн эмес. Азыр балдардын үлдүрөп нуру өчө баштаган көздөрүнөн жалтанып кетти. Аны өмүрүндө эчтеме коркута алган эмес. Өз башына ажал келген учурда да жүрөгү солк этип койбогон. Бирок мынабу үйдөгү көрүнүш анын бүткөн боюн дүркүрөтүп, каңырыгын түтөттү. Босогонун ары жагынан арбактай болуп, ажал көрүнгөнсүдү. Өмүрүндө айласы кетип көргөн жан эмес эле. Азыр канткенде мынабу бечара балдардын курсагын тойгузуп, бөөдө өлүмдөн алып каларын билбей, айласы кетип отурду. Караланы союп таштап кетсемби деп чын дилинен кыяз кылды. Бирок жылкынын эти бир-эки эле жегенге болбосо, узак мөөнөткө тамак болуп бербейт. Жайдын ысыгында этти асыраш да кыйын. Караланын эти менен бышыкчылыкка жетишпейт. Эмне кылуу керек? Ошондо Алмүрөктүн башына бир ой келди. Мындан башка айла жок...

Алмүрөк ордунан шарт туруп тышка чыкты. Канжыгасындагы баштыгын чечип, андагы арпа бадыракты, эки көмөч нанды алып чыгып, кемпирдин алдына койду.

– Мобу менен эптеп өзөк жалгап тургула. Мен кайра Меркиге барып келейин. Бирдеме таап кайтармын,– деди Алмүрөк кадимки кайратына келип. – Балдардын өзөгүнө түшүп кетпесин. Нандан бир аз гана өзөк жалгатыңыз. Бадыракты жаргылчакка тартып жиберип, жарма жасап бериңиз.

Алмүрөк ошо менен Караласынын жонун биртике болсо да сергитпей, Меркини көздөй чаап жөнөдү. Тимеле жарышка салгандай чапты. Тоодо жүрүп көнгөн жаныбар коктунун таманы менен ылдый куюлуп түштү. Түздөн ээсинин бир маанилүү иш менен шашып баратканын сезгендей жаныбар Карала кулагын жапыра, жал-куйругун төгүлтүп, суналып бир жөнөп берди дейсиң, беттен урган керимселден Алмүрөктүн эки көзү улам балбылдап жашка толуп, ирмеп жиберген сайын бети ылдый кулап, көкүрөгүнө жамгыр болуп таамп жатты. Көз жаштын чыгышына эмелеки үрөйдү учурган көрүнүштүн ызасы да кошул-ташыл.

Жут башталганына эки жылга айланып баратат. Чабыла элек Карала байгеге түшкөнсүп, өзүнүн көлөкөсү менен өзү жарышып, тимеле безип баратты. Кайран ат азыр барып, бир кап жүгөрү шакка алмашыларын, бул ээсинен ажырап, башка бирөөнүн колуна өтөрүн, дал ошол үчүн шашып баратканын билди бекен? Билсе ушинтип жанын сабап чуркайт беле?

Ушул эле күнү келип, Алмүрөк өз жанынан артык көргөн күлүк атын ары карап ыйлап, бери карап күлүп дегендей бир кап жүгөрү шакка алмашты да, анын эртеси үрөң-баранда үч буттайын колтурмачтап жонуна

көтөрүп жолго чыкты. Көтөрүшүнчө алды, калганын карындашыныкына калтырды. Өзү жөө, жол алыс. Ачтан өлгөн жаткандарга эрте жетүү керек.

Алмүрөк элге балбан атыккан менен мүчөсү алптардыкындай эмес. Бою чарчы, бирок далысы кенен, жоон билектери сом темирдей. Балбан болуп жөө күрөшкө түшүп көргөн эмес, бирок ат үстүндөгү оодарышта казак-кыргыздан эч кимге алдыра элек. Ат үстүндө даңкы чыккан отуздагы кыргыз жигити азыр үч бут жүгөрү шакка ныгыра басылып, казактын ээн талаасында кыргыздын кырка тоосун бет алып, илээлей жөө кетип баратат.

Жүктүн салмагы Алмүрөккө адегенде анчалык сезилген жок. Бирок бара-бара жүгөрү шак эмей эле, кум көтөргөнсүп, оордогондон оордой берди. Жүктүн оордугун адегенде анын буттары сезди. Ат үстүндө көп жүрүп, буттарындагы каруу анчалык эмес экен. Дегинкисин айтканда ушул жашка келгени мынчалык оор жүк көтөргөн эмес. Канчалык карылуу болсо да, узак жолдо үч бут дегениң итапкандай эле оор жүк экен.

Ысыктын күнүндө, суусу жок ээн талаа-эрме чөлдө жүк көтөрүнгөн Алмүрөктүн жолдо көргөн азабынын бетин ары кылсын. Буттары, бели, жону уюйт. Дарманы кетип, жаны жер тартат. Оозу кургап, тили колдурайт. Кабын дөңчөгө коюп, колтурмачын чыгарып, жерге суналып жата кетет. Кайра жөнөйт илээлеп. Алмүрөктүн шашып жаткан дагы бир себеби, караңгы киргенче алиги үйгө жетип калуу керек. Түнгө калса ит-кушка жем болоруна шек жок. Анан калса жокчулукта ит-кушуң да күч алып кетет экен, колуңдагы жемиңди кошо талашып.

Жайдын узун күнүндө үрөң-баранда чыккан Алмүрөк күүгүм кире жетер жерине жетти. Жонундагы шак салынган кабын үйгө сүйөй берип, өзү да жылбышып ылдый болуп, колтурмачтан колдорун чыгарууга шайманы келбей, буттарын сунуп жиберген бойдон, башын шылк дегизе, көзүн жуумп, шалдайып отуруп калды. Чын жеттимби, калп жеттимби деп келгенине анча ишенбеди.

Жанын биртике сеп алдырып, Алмүрөк көзүн ачканда кечээ күнү таштап кеткен бадыракты жаргылчакка тартып, кара катык болсо да ысык жарма ичишип, өзөктөрүнө бирдеме барып баш көтөрүшкөн, илмейип сүлдөрү эле калган балдар менен чал-кемпир анын маңдайында жардашып карап турушкан эле.

– Ана, ана, агай көзүн ачты,– деди сегиз жашар кыздын үтүрөйгөн кабагы ачыла берип. Алмүрөк балдарга бир сыйра көз жүгүртүп чыкты. Үмүт менен кубаныч, аёо менен таң калуу жык толгон көздөр ирмелбей, Алмүрөктү тиктейт. Кемпирдин да жыртак көздөрүнө жан кирип:

– Ооба, ооба, көзүн ачты. Чарчаган го,– деди кызга жооп кылгансып.

Алмүрөк адегенде чал менен баш ийкешип, ооз учунан учурашкан болду. Алты жашар чамасындагы тармал чач кыз катардан суурулуп чыгып:

– Мунуң эмне? – деди илмейген ичке колун капка тийгизе берип. Так эле маңдайында жакын турган кызга Алмүрөк эми алсыз жылмая назарын салды.

– Эмне болмок эле? Жей турган бирдеңке. Силерге апкелдим,– деди кыздын башынан сылап.

– Уулум, атың кана? – деп сурады чал.

– Каптагы жүгөрүнүн шагы. Атымды алты бут шакка айрыбаштадым. Жартысын силерге апкелдим. Калганын карындашыма бердим.

Карыя бирдеме дейин деп, бирок ошо оозун ачкан бойдон жигитти далдырай карап тура берди.

Алмүрөк колтурмачтан колдорун чыгарып,буттарын алдына тартып, өйдө болмокко эңкейе берди эле, бели менен жону коргошундай уюп, кыймылдаса сыздап ооруп, туруууга чамасы келбеди. Чалынан көрө тыңыраак кемпир колдон алып, туруууга көмөк көрсөтүп жиберди. Алмүрөк кызуулук менен жонунун колдоюп ооруганына карабай өйдө болду. Эртеден бери жонунан түшпөй, эми жүктөн арылган дене-бою Алмүрөккө эбелектей жеңил сезилип, буттарына таканчыктап секирсе эле учуп кете тургандай көрүндү. Ал ордунан турарын турду, бирок жон омурткасы колдоюп оорутуп боюн түзөтпөй койду. Күч менен кейкейе берип, бирок ооруганына чыдабай онтоп жиберди да, кайра бүкүрөйө башын төмөн салып, эңкейүүгө аргасыз болду. Ушул калыбында эки-үч кадам шилтеп көрдү. Бул саам анчалык ооруткан жок. Жонун ошо үңкүйткөн калыбында аяктарын элдир-селдир таштап, берки тургандардан оолактай четке басты...

Анын эртесинде жолдон жегенге жүгөрүнүн шагынан жасалган сагара нан салынган баштыгын жонуна илип, колуна четин таяк алган Алмүрөк:

– Кош болгула. Эптеп бышыкчылыкка илинип алсаңар мал болуп кетесиңер. Көрдүм, Чүйдө быйыл эгин жакшы. Бир кылка баш алып келатыптыр. Анан айылдагыларга силер жөнүндө айттым. Ат-көлүк камдап келип көчүрүп кетише турган болду,– деди чал менен кемпирге.

– Эмне дейлик. Уулум, сага эч бир алкыш чак келбейт. Аргымак атыңдан айрылып... Жолуң ачылсын. Көргө киргенче аманчылыгыңды тилеп өтөбүз. Башка эмне дейлик. Казактар жакка дагы каттап калсаң кайрылып тур, – деп чал аты-жөнүн, кайсы уруудан экенин айтып берди. Бирдеме деп айтышпаганы менен алтыдан он эки жашка чейинки төрт кыздын капкара көздөрү ыраазы боло тегиз жылтырап Алмүрөккө тигилет.

Ошентип, Алмүрөк үрөң-баранда жөө-жалаңдап жолго чыкты. Коктудан кокту өрдөп, белестен белести ашып, тынбай жүрүп отуруп, кеч

бешимде Каракыштактын белин ашып, туулуп өскөн жери Караколдун кенен түзү, андагы тилке-тилке көк-жашыл эгин аянттары бет алдына тартыла берди...

Алмүрөк экинчи ат таптап минбеди. Эгин эгип, дыйканчылыктын артынан түштү.

Кийинки байкерчилик жылдары Караланын аты кайра дүңгүрөп, казактардагы албан-албан чабыштардагы байгелерди жеңип алыптыр деген даңазалуу кабарлар Таластын жогорку элине чейин жетип турду. Алмүрөктүн буга ичи ачышкан жок, кайра кубанды. Баягы өзү Караласын жүгөрүнүн шагына алмашып, ачкалык өлүмдөн сактап калган капкара көздөрү жылтыраган төрт кыздын жетим балдар үйүндө тарбияланышып чоңоюшканын, алардын бири кийин булбул үндүү казактын атактуу ырчы кызы болгонун гана Алмүрөк билбей калды.

**1984-жыл.**

*Өлбөстүккө таазим*



**Болот БЕЙШЕНАЛИЕВ**

**(1937 – 2001)**

# *Соолуган кызгалдак*

*Жаныңа жаш кезимде жакын бардым,*
*Ошондо бактым бол – деп чакыргамын.*
*Тагдырдын таалайыма жазганы экен,*
*Мен үзбөй, соолуп калдың, кызгалдагым.*

*Жүрөктө андан бери каткан муз бар,*
*Көөдөндө эрибеген шордуу туз бар.*
*Элесиң мен өлгөнчө эстен кетпей,*
*Жүрөгүм жалгыз гана сен деп сыздаар.*

*Атыңды азыр да уксам сыздап кетем,*
*Алгачкы сүйүү деген кымбат экен.*
*Арманым – бул дүйнөдө орундалбай*
*Азаптуу өзүмдү мен шордуу сезем.*

---

*Ысымы кинокүйөрмандарынын арасында легендага айланган* **Болот БЕЙШЕНАЛИЕВ** *1937-жылдын 25-июнунда Кемин өрөөнүндөгү Калмак-Ашуу айылында жарык дүйнөгө келген. Кыргыздын таланттуу киноактеру «Кыргызфильм», «Мосфильм», «Өзбекфильм», «Довженко», «Тажикфильм», «Горький», «Экран», «Свердловфильм», «Казакфильм», «Ялта», «Ленфильм», «Мафильм» ж.б. киностудиялары тарткан жүздөн ашык кинотасмаларда тартылган. Ал таланттуу актер гана болбостон, таланттуу акын да болгон. Анын айтылуу актрисабыз Таттыбүбүгө арналган айрым ырларын окурмандарыбыздын назарына коюуну туура көрдүк.*

*Өтсө да далай мезгил унута албайм,*
*Азыр да сени эстөөдөн такыр талбайм.*
*Жашоомдо жалгыз сени сүйгөнүмдү,*
*Жараткан алдында мен жашыра албайм.*

*Алтыным, акыретте жолугаарбыз,*
*Жараткан болгун дээрбиз бизге калыс.*
*Армандар бизде болгон аткарылбай,*
*Ал дүйнө, болгон бизге абдан карыз!..*

* * *

*Түн киргенде оолактап,*
*Алыста жалгыз түнөймүн.*
*Муңканып муң-зар кыйнаган,*
*Түгөйсүз калган түгөймүн.*

*Таба албай калган түгөйүн,*
*Таалайсыз жалгыз бирөөмүн.*
*Жараткан неге жараттың?*
*Жаралуу менин жүрөгүм.*

## *Т.Т га*

### I

*Таланттын жаркыраган шамы өчтү,*
*Теңдешсиз бул дүйнөдөн сулуу өттү.*
*Кызгалдак кыйылды да соолуп калды,*
*Талантка тагдыр эмне өзү өчпү?!*
*Күтпөгөн суук кабарды укканымда,*
*Жүрөгүм кан аралаш жашын төктү!*

### II

*Сымбаты, баскан турушу,*
*Суйкайып гана туруучу.*

*Өзгөчө башка жаралган,*
*Ал болчу –*
*Сулуулардын сулуусу!*
*Периси болчу жомоктун,*
*Мен перимди жоготтум.*
*Армандуу жалгыз калыптын,*
*Мен жетим –*
*Ак Мөөрсүз калган Болоттмун!..*

* * *

*Акыркы азезилдин сурагында,*
*Сүйүүгө айырбаштап жан берем.*
*Калтырам ашыктыкты жер үстүнө,*
*Кетсе да жер алдына менин денем!..*

## Булуттар

*Дүйнө бетин сапар чекчү булуттар,*
*Ала кеткин, сага өтүнүч, сунуш бар.*
*Айтып койгун Ала-Тоого жеткенде,*
*Бир баласы ошол тоону унутпаар.*

*Дүйнө бетин мен кыдырып келдим де,*
*Алыстан бир кыргыз уулун көрдүм де.*
*Ала-Тоосун сагыныптыр саргайып,*
*Ошонусун ала келип бердим де.*

*Жетээр замат кучактаарсың ак тоону,*
*Унутпагын мен сураган суроону.*
*Дагы айтып кой, муңайса да чыйрак де,*
*Ойлойт дегин эл намысын сактоону.*

*Даттанайын сага аппак булутум,*
*Не кылмакмын, ошол болсо жумушум.*
*Теңиримдин жазганы экен маңдайга,*
*Өтүп барат, ар кай жерде турмушум.*

*Конок тура дүйнөгө адам күнчөлүк,*
*Адамга караганда сен түбөлүк.*
*Жолдош кылып, ак булаңа ороп ал,*
*Жүрөйүнчү жол азабын бир бөлүп.*

*Дагы сурайм, ала кетчи бир жүрөйүн,*
*Бирге барып Ала-Тоомо бир түнөйүн.*
*Арманым көп, ал анткени сагындым,*
*Күтүп жүрөт жалгыз сүйгөн түгөйүм.*

*Менин сырым сен билесиң булутум,*
*Айтор, деги, менин жашоом курусун.*
*Ал муңканып медер кылып жашайт де,*
*Жалгыз гана Соң-Көлдүн бир сулуусун!..*

*Новеллалар*

**Абдыманап КӨЛБАЕВ**



# ЧӨП ЧАБЫКТА

– Максат Булакович, кайсы жерге жатасыз?

– Ооз жакка төшөк салып койгула?

Кыздар чатырга киришти.

– Мага төргө салгыла? – деди жанында отурган тиш доктур Эрмек, – мен үшүп калам, суукка чыдамым жок.

Кыздар күлүшүп, бирине бири шыбырап сүйлөп, төшөк салып жатышты. Четте отурган Айжан кыздарга сөөмөйүн көтөрө белги берип:

– Эй, кыздар, акырын, акырын, агайлар угат! – деди.

– Укса уга беришсин, биз тоонун башында чөп чаап, иштеп жүрөбүз,– деди Гүлай.

– Күлгөнгө да уруксат жок бекен? – деди Майраш жылмайып, – күлөбүз да күлкүбүз келсе.

Бул үч кыз бир бирине көңүлдөрү жакын, сырдаш, райондун ооруканасында бир бөлүмдө иштеген медсестра кыздар эле.

Майрашты ашпозчу кылып шайлашкан, Гүлай менен Айжан да башка кыздардан бөлүнүп Майрашка кошулган. Совхоз берген эки чатырдын чаканын оокат-азык, казан-аяк койгон чатыр кылып, чоң чатырга башка кыз-келиндер жата турган болгон.

Ашпозчунун чатырында кыздарга баш-көз болгон врач-терапевт Максат Булакович, тиш доктур Эрмек, үч кыз орун алган.

---

**Абдыманап КӨЛБАЕВ** *1948-жылы Жалал-Абад областынын Токтогул районундагы Бор-Дөбө кыштагында туулган. Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун дарылоо факультетин 1971-жылы ийгиликтүү аяктап, эмгек жолун Ош шаарында врач болуп иштөөдөн баштаган.*

*Чыгармачылыкка мектеп жашынан тартып кызыгып, 1963-жылы биринчи ырлары «Ленинчил жаш» газетасына басылган. Тогуз китептин автору.*

Бул күнү жаңы келишип, мурун тигилип турган чатырларды ээлешип, иштей турган жер менен таанышып алышкан.

Чыракты өчүрүп, Максат Булакович уйкуга кирди, кечке нары-бери басып, чалгы, бешиликтерин ырастап, кыймылдап жүрүп чарчап калган экен, башы жаздыкка тиери менен уктап кетти. Түн бир оокумда чочуп ойгонду, караса жанында бирөө жатат, сыйпалап кармап көрсө чачы бар кыз, назик духинин жыты мурдуна бур дей түштү. Бирөөнүн сыйпалап жатканынан ойгонуп кеткен кыз да таң кала карап алып, шашыла өз ордуна жылып кетти. Көрсө, жантайыңкы жерге тигилген чатырдын ичинде жаткан кыздар уктагандан кийин жылып отуруп бирөөсү Максат Булаковичтин төшөгүнө барып калган экен; кыздар уйкусурашып, «нары жат, бери жат» дешип чукулдашып жатып калышты. Максат Булаковичтин уйкусу качып, көпкө уктай албай жатып, таңга маал уктап кетти.

Эртең менен муздак, шаркырап аккан чоң өзөн суусуна бети-колдорун чайканышып, чай ичип алышып, кыздар ишке жөнөштү; кыздарды Максат Булакович баштап баратты. Чатырда тиш доктур Эрмек, ашпозчу Майраш калды. Эрмекти сен завхоз бол, оокат-аш алып келесиң совхоздон, андан башка отун-суусун ырастап, от жагып жардам бересиң деп Максат Булакович дайындап кеткен эле.

Жыйырма кыздын он кызына эки барадан бир чалгы берип, чөп чапканга бекитти, он кызга он бешилик берип чөп чөмөлөгөнгө салды.

– Эки күндөн иштейсиңер, үчүнчү күнү чалгы чапкандар чөп чөмөлөйт, чөмөлө кылгандар чалгы чабышат, – деп Максат Булакович күлүп жар салды.

Чалгыга түшкөн Айжан менен Гүлай шыңкылдап күлүп жатышты, алардын күлгөнүнө себеп, түндө Айжан уктагандан кийин жантайыңкы жерден жылып отуруп Максат Булаковичтин төшөгүнө барып калганы болду, булардын күлкүсүнө кызыккан башка кыздарга айтпай коюшту, айтса эле мынча кыздар шылдыңдап, келеке кылары аштан бышык эле; ач кулактан тынч кулак деп өздөрүнчө күлүп жатышты.

Бул күнү кыздар жакшы иштешти. Түз жерлерди трактор чаап, грабилдеп кеткен чөп чөмөлө болбой, ташылбай жаткан экен, кыздар тең жарышып чөмөлө кылып коюшту, трактор бара албаган жашыл тескейдин араласа адам көрүнбөгөн чөбүн чекесинен оюп чаап киришти, бирөөсү чарчаса экинчиси чалгыны алышып, токтобой иштешип, көп жердин чөбүн чаап салышты. Муну совхоздун директору көрүп мактап кетти.

Кечинде чарчап келишип, Майраш «повурдун» жасаган шорпосун ичип алышып, бир аз эс алган соң жат-жатка келишип, төшөк салып уктоого камынышты. Кечеги ордуна жаткан Максат Булакович дагы түн ортосунда ойгонуп чочуп кетти, төшөгүндө Айжан жатат. Ал кызды нары түртүп жылдырып кобурады:

–Айжан, тур нары, өз ордуңа жат?!

Айжан уйкусурап ойгонуп кетип, бачым жылып өз төшөгүнө жетип жатып калды.

Максат Булакович кайра жатып, тез эле уктап кетти. Бул күнкү окуяны Айжан да, Максат Булакович да эстеген жок, эч нерсе болбогондой унуту-

луп калды... Үчүнчү күнү кечинде жат-жатка кезек келди. Кечке иштешкен кыздар тырп этерге алдары келбей уктап калышты. Айжан ойгонуп кетип көзүн ачса дагы Максат Булаковичтин төшөгүндө жатат. Ал Максат Булаковичтин дем алганын угуп жата берди, бир топтон кийин дене-башы чымырап, эркектин тер жыттанган жыты мурдуна жетип, искеп алып, жакын жылып келип агайына жанаша жатып алды, бир топко чейин анын дем алганын тыңшап унчукпай жата берди, агайы ойгоно турган эмес, Айжан акырын колун сунуп агайына коомай колун арта салып кучактап калды, ошондо гана ойгонуп кеткен Максат Булакович шаша өйдө болуп, кыздын колун серпе үстүнөн алып тыштап шаша кобурады:

– Ай, Айжан, тур ордуңа жат, дагы жылып кетиптирсиң, – деди.

Айжан уйкусурамыш болуп кобурады:

– Гүлай койчу, мен ордумда эле жатамын...

Максат Булакович шаша кобурады:

– Ай, Айжан, мага жылып келип калыптырсың дейм, ордуңа жат!

Айжан калп эле ойгонумуш болуп чочуп сүйлөп, жылып кетти.

– Апей, дагы жылып кеткен турбаймынбы.,

Айжан ошол түнү көпкө уктай албай жатып анан уктады...

Эртең менен Максат Булакович ишке кыздар менен кетип баратып, тиш доктур Эрмекке иш дайындады:

– Эрмек, бир күрөк таап, кыздар жаткан жерди тегиздеп салчы, уктай албай кыйналып кетишти? – деди.

... Ошондон кийин кыздар тынч укташчу болду...

# ДЫЙКАНБАЙ БОЛУШТУН ӨЛҮМҮ

Жаз айынын жадырап турган күндөрүнүн биринде Дыйканбай болуш жигиттерин ээрчитип бир атты жетелетип, бир сыйра жаңы ич кийим, тыш кийим алып, андан башка соку кант, набат, өрүк как, мейиз, такта чай кылып бир карала куржунду толтуруп атка салып, Ултан-Камышта өзүнүн коргон сепилинде жаткан Бешкемпир даткага учурашып, батасын алып келүү үчүн жөнөп калды.

Жыйырма сегиз жашка жаңы чыгып акыл-эси, бой-келбети толкуп-ташып турган кези экен, айтканы айткандай болуп, элдин оозуна алынып, өзүнүн кылган иштери менен башкаларга үлгү болуп атагы алыска кете баштаган учур эле...

Ал эми Бешкемпир датканын эки жыл мурун кемпири өлүп, кайгы-касирети ашып-ташып баласынын үйүндө, сексен жети жашка келип, бир топ күүдөн тайып, кыймыл-аракети оорлошуп калган кези экен.

Дыйканбай болуш Бешкемпир датканын коргон сепилине жакындашып барып калган эле, ал күтүүсүздөн коргон түбүндө аттын токулгасына олтуруп, көйнөгүн чечип алып, күнгө салып карап жаткан датканы көрө койду, бул көрүнүш жаш болушка катуу таасир этти.

Дыйканбай болуш баш чайкап кейип сүйлөдү:

– Ай, атаңдын көрү ай, өтө эле узак жашоо да азап тура, мен элүүгө чыксам эле болду, – деди!

– Ооба, болуш, элүү жаш да көп жаш эмеспи, – дешип жигиттери коштоп кетишти дуулдашып.

Бешкемпир датка аттардын дүбүртүн, кишилердин кобурун угуп, көйнөгүн, кемселин шашыла кийип, жанында турган кумгандагы сууга колун жууй баштады, анан ордунан турду. Датка жаңы келген Дыйканбай болуш, анын жигиттери менен учурашып, эшикке чыга калган балдарына:

– Аттарын алып, байлагыла, – деди.

Анан меймандарды үйгө чакырды.

Келген болушка кой союлуп, кыштан калган сүр чучуктар кошо салынып, бышканда кошо тартылып, жакшы сый көрсөтүлдү...

Дыйканбай болуштун алып келген кийимдерин кийип, атын минип Бешкемпир датка ыраазы болуп, болушка батасын берип узатты.

Мезгил суудай агылып, жашоо өз нугунда өтө берди. Дыйканбай болуш көп жолу болуш шайланып, эл башкарып жүрүп элүү жашка келип калды. Ал дагы эле күч-кубаттуу, баскан-турганы шайдоот, акыл-эси даана эле. Күндөрдүн биринде ага: «Элүү жашка чыктың, даярдан!» – деген аян келди Алла Тааладан.

«Атаңдын көрү ай, элүү жашың жаш эле болот тура, күч-кубатым мурдагыдай эле, мен «элүү жашка чыксам болду» деп бекер айткан экенмин, жаңылган экенмин» деп муңайымга түштү. Дайыма жанында жүргөн калпасынан кеп-кеңеш сурады.

– Болуш, айткан сөз, атылган ок! – деп айтылат, ал бир гана Алла Тааланын эркинде, Шамшыкал-Атага барып ак боз бээ союп, Алла Тааладан суранып көрөлү, – деди калпа.

Алла Таала үчүн ак боз бээни курмандыкка чалып, Шамшыкал-Атада түнөп калышты. Таңга маал болгондо Дыйканбай болуштун башына аппак нур чачып турган бир ак куш келип коноюн деди эле, аппак көйнөк кийген, аппак нур чачып турган, бою көк тиреген аял кушту кондурбай Дыйканбай болушту коруп турду; куш үч жолу учуп келип, үч жолу болуштун башына конгонго аракет кылды, үч жолу тең коно албай койду, ага чейин таң атып кетти да куш дагы, ак көйнөкчөн көк тиреген аял да жок болуп кетти...

Дыйканбай болуш үйүнө жетип эле өзүн жаман сезип, төшөккө жатып калды да, түш оой үзүлүп кетти...

---

*Жаштар үнү*

Гүлмайрам
ТУРУСБЕКОВА



# СЕН ЖӨНҮНДӨ...

Сен жөнүндө... бардыгы сен жөнүндө... Кирпигимден бери күтүүгө малынып, сен менен таң атырып, сен менен күн батырып... Өмүрүмдү кочушума чогултуп, өзүңө алмашат болчумун, эгер алмашууга мүмкүн болсо...

*Бир караштан сезгем ошондо,*
*Ортобузда оттой ысыктык,*
*Алакандан ойноп денеге,*
*Турардыгын далай ысытып.*

* * *

*Поезд жылат түнкү он бирден өткөндө,*
*Поезд жылат, өмүр жылат коштолуп.*
*Мен бул жакка бакыт издеп келсем да,*
*Кайттым кайра кармап арман кош колун…*

* * *

*Жарык күйдү, маңдайдагы терезе –*
*Кимдер жашайт, дүйнөлөрү бүтүнбү?*

---

**Гүлмайрам ТУРУСБЕКОВА** *1982-жылы Чаткал районунун Жаңы-Базар айылында төрөлгөн. Жалал-Абад мамлекеттик университетин бүтүргөн. 2004-жылдан бери «Кыргыз руху» гезитинде кабарчы.*

*Тилке - тилке бөлүк болдум, бөлүндүм,*
*Издеп жүрүп төрт түгөлдүү бүтүндүк…*

* * *

*Чардактар жашайт уясын салып чатырга...*
*Чардактар бүгүн таң эрте мени ойготту.*
*Чыркырап жаны чыкчудай ыйлап үн салат*
*Не болду экен?..*
*…Болбосун, бирок жоготуу…*

* * *

*Изим бар бул жылдардын*
*Унутуп коём кантип бары-жогун.*
*Унутуш керек жаңы жашоо үчүн,*
*Бүгүнкү жарык көргөн бала болуп.*

* * *

*Менчелик сага эч ким күйүп-бышпас,*
*Жарыгым, кандай күндө жүрдүң экен?..*
*Алакан кармап турган бактыбызды*
*Ачуунун табагына салып берип,*
*Экөөбүз эки жерде жүргөн менен,*
*Жүрөктөр билем, бирок бир экенин…*

* * *

*Кайыгып ысыгына-суугуна да,*
*Кайышып ой-кырлары урагандa,*
*Сүйүүнүн жетем деген чокусуна.*
*Турмушка көр көкүрөк кадаганым*
*Кечигип билген менен,*
*Боздогон бир жапайы добуш чыгып,*
*Бозоргон тар ааламда жашап турам.*
*Айтпагын, бирок мага айта көрбө!..*

*Кулагым дүлөй болоор:*
*«Сүйүү жок!» – дегенди уксам кокусунан!..*

* * *

*Сен жаным кылчактабай жолуңду ула,*
*Көп болбос, аз да болбос, өп-чап өтөөр,*
*Турмушум туу көтөрбөс колдоруна.*
*Тургузуп үмүтүмдүн мунарасын,*
*Бирөөдөн мээрим издеп кемибестен,*
*Өзүңдү күтө берем айда-жылда…*

* * *

*Карарган караан турат, көрдүңбү, эркем,*
*Ошондон өтсөң болот бакыт төрү.*
*Ал караан – сагынычтын заар каргышы,*
*Жыгылтып орго салаар эчен  жылы.*
*Кусалык төгүп өтүп өткүндөрүн,*
*Ным болот жаткан жериң денең муздап.*
*Кемибе, бирок жаным кейибегин.*
*Жеңилбе! Жеңе көргүн толкундарды!..*

* * *

*Түн агылып тереземден,*
*Ак жарыктын бардыгын айтып турат.*
*Агылган бир оттон денем ысып,*
*Себеби жок кусалык колун сунат.*

*Жолдор жатат  тептегиз  жасанышкан,*
*Жоолук даяр,  апакай, чачыгы бар.*
*Көздөр сулуу, көңүлдөр ак, ийменишет*
*Ак көйнөкчөн, апакай адал кыздан…*

* * *

*Ыйлаганда көп нерседен жан кейип,*
*Апакемдин мээрим үнүн сагынам.*

*Эне затын алмаштырбайт бала да,*
*Сүйүү дагы, башты айланткан бакыт да.*

* * *

*Турмуш менин тизгинимди бош койсо,*
*Чуркагым бар арт жагыма калдактап...*
*... Кайра келбес, кайтып келбес сүйүүлөр*
*Кечиргиле, ирмемиңе байлансам...*

* * *

*Бак башында безеленет бир чымчык,*
*Бак башында эркиндик бар, ээндик бар.*
*...Кетишкендер күлкү менен коштошуп,*
*Келишкендер айгай салып ыйлашат...*

* * *

*Үзүлбөс узун үмүттүн кармап четинен,*
*Тагдырдын жолун өзүңө келип кошкомун.*
*Көздөрүң сенин тирүүлүк күндүн күзгүсү,*
*Шыбырың сенин шыбырты мага жашоонун.*

* * *

*Аягы жакшы болсун жакындыктын,*
*Айланып көпөлөктөй далбас урам.*
*Сен менен чогуу болсом дүйнөм бүтүн,*
*Сен жокто жарыкты да жектеп турам.*

* * *

*...Өмүргө СЕН деп ыйлап келген болсом,*
*Өмүрдөн СЕН деп кете берет окшойм...*

* * *

*Эсен болсок кездешербиз күздө биз,*
*Жашоо айдап алган жалкы кез өтүп...*
*Көздөрүңдөн сүртүлбөсө көздөрүм,*
*Жүрөгүңдө жашап жүрсө жүрөгүм…*

* * *

*Ажырашуу акыл - эске салгандай,*
*Эми таанып бирибизди бирибиз…*
*… Бу керемет сөздөр кайда жашынган,*
*Чогуу жашап жүргөн кезде айтылбай…*
*… Пенде баркын пенде билсин үчүн – деп,*
*Ажырашуу жасаганбы Жараткан?..*

* * *

*Таарынычым сагынычка айланып,*
*Кездешүүнүн саатын тынбай карадым.*
*Элестетсем - биз урушкан кечтерди,*
*Ызасы жок... ич жылытып калганы...*

* * *

*Жүрөгүм айтат:*
*«Алыстыкпы? Куруп кетсин алыстык,*
*Эртең эле жолдор жакын  көрүнөт.*
*Кээде талаш, кээде жылуу сөз жүрөт,*
*А тагдырлар түбөлүк бир өрүлөт.*

*Жалаң гана ак тилке жок жашоодо,*
*Кээде жектеп, кээде кайра жактырып,*
*Жаман болсо, жакшы болсо не айла,*
*Ушул адам – Теңир берген Тагдырың!»*

* * *

Сагыныч – эч кимге, эч нерсеге баш бербеген өтө күчтүү сезим экенин бүгүн билип отурам. Башта менде мындай күчтүү сезим болгон - болбогонун билбейм. А азыр жандүйнөм мекениме, апама делген ыйык толкундун - сагынычтын кучагында калып, баш көтөрө албай муңайым - мусаапырмын. Заматтын ичинде, аз убакыт аралыгында уйку - соонун ортосунан так кесер ойгонгонсуп, ушул эки жылды бул эки ыйык заттарымсыз кантип өткөргөнүмө акылым жетпей калды. Кантип мен апамсыз эки жыл жашадым, суу ичтим?..

Азыр, ээн аралда жапжалгыз калгандаймын… Томсоргон асман, мелтиреген деңиз, кум - шагылдуу жээк меники эмес… Меники эмес… Бул жердин эч нерсеси меники эмес… Бирөөнүн аманат буюмундай топурагын да аярлай басып… Чарчадым, ушул меники эместен… Чарчадым жандүйнөм, дилим, жүрөгүмдүн тааныш мээримди издеп үңүлдөп ыйлаганынан!.. Чарчадым…

Көзүмдү жумсам эле, түшүмө балалыгым кирчү болуп алды. Чаткалым, тоолорум, атамдын шадылуу, берекелүү колдору өстүргөн багыбыз, үйдүн артындагы мөлтүр булак, АПАМ...

Уфф!.. Эң жаманы ойгонгондогум… Көзүмдү ачсам, шаркырап аккан мөлтүр булагым, жапжашыл токоюм, көпкөк асманым, мээримдүү АПАМ жанымда жок… Түш – көз ирмемдик – күндүз сагыныч менен кусадан жедеп ийрилген жүрөктүн бир саамдык кубанычы гана…

## МЕНИН АСМАНЫМ, МЕНИН ТОКОЮМ, МЕНИН БУЛАГЫМ, МЕНИН АПАМ!!!

*Жашык болуп баратам мен*
*Сагыныч мукам кайрык кайрый берип.*
*Көңүлүм бир мүнөткө алаксыбай,*
*Көзүмдө АПАМ, АПАМ, АПАМ менин!*
*Мен эмес, мобул караан араң баскан,*
*Кусадан бир ыптасын дартка саткан,*
*Мен эмес*
*Карегинде мөлтүр тамчы*
*Башбагып турган таңда, кечте дагы.*
*Мен эмес*
*Жүрөгүндө сагынычтын*

*Жомогу күнү - түнү кайталанып,*
*Жашоодо жашап туруп, жашабаган.*
*Мен эмес!..*

* * *

*Карааның карегимде, күндүр - түндүр,*
*Кагылып жүрөм апам эсениңе.*
*Айча алыс чыкпай жүрүп көнгөн экем,*
*Бул жылдар мага анык тозок болду.*
*Жарыкта кармаараым жалгыз өзүң,*
*Жараткан март болсо экен өмүрүңө.*



*Эстутум*

Эсентур
**КЫЛЫЧЕВ**

# МЕНИН АБДРАСУЛУМ

Агам Абдрасул тирүү болгондо быйыл токсонго чыкмак. Тилекке каршы, ал, жер үстүндө бул жаштын үчтөн бирин гана жашап өттү. Бала кездеги жетимчилик оор турмуш, анан алты-жети жыл бел чечпей «чабуулдарда окко, түтүнгө аралашкан» согуш мезгили... Ошентип Абдрасул жашаган өтө эле кыска мезгил Байгазактын тоолорундагы Кылычтын коктусунун үстүндө түндөсү учуп жок болгон куйруктуу жылдыздарды элестетип да жиберет. Ошол Ак-Кыянын колтугундагы Кылычтын коктусу аталган өтө жайлуу, кышкысын шамал-чапкындардан ыктоо, жайкысын салкын жерде Абдрасул да боз үйдүн түндүгүнөн далай ирет түңкү көктөгү жыбыраган жылдыздарды карап жатып, толгон ойлорго, түркүн кыялдарга батканын анын ырларын окуган киши баамдабай койбойт.

Кылаасын азоо Нарындын,
Кыдыра чуркап бойлодум.
Калдайып жаткан адырдын,
Капталын басып ойнодум.
Балапан кармап алсам – деп,
Бала чак экен ойлодум...

Кудай Таалам болгону 32 жаш берген Абдрасул өзүнүн жылт этип жок болгон өмүрүндө эмнени жасоого үлгүрдү экен деп ойлобой койбойсуң?.. Ал эс тарткандан баштап эле: «Жаңыртып тоонун катмарын, жалындуу обон салбасам» – деп өзүнүн бала кезден кыялданып эңсеген ой-тилегин ишке ашырууга киришет. Анысын акындын:

Ардагым билим үйрөттү
Абамдар айтпас акылды.

Аспабым билим көрсөттү,
Алыскы менен жакынды.
Ак сүтүн берген Ата Журт,
Айнектей көзүм ачылды, –

деп жазган ыр саптарынан эле түшүнө алабыз.

Адегенде Нарында журналисттик кесипти аркалайт, андан соң борбор шаарга көчүп келип жаштардын белгилүү гезити «Ленинчил жашта», кийинчерээк Кырмамбаста иштеп калат. Ал жерлерде иштеп жүрүп адабий жүрүшкө бир топ эле жигердүү катыша баштайт. Андерсендин жомоктору дал мына ошол кездерде которулуп, акындын көркөм котормо жаатындагы дараметинен кабар берет. Бул котормо кандайдыр бир себептер менен жарык көргөн эмес, калем менен жазылып, көп убакыт өткөндөн улам барактары да, сыясы да саргайыңкы тартып калган кол жазмалар азыр да менде таберик буюм катары сандыгымда сакталуу турат. Балким, 1959-жылы өзүнчө китеп болуп чыккан Андерсендин жыйнагында Абдрасулдун да котормолору киргендир, ушуну таап алып кол жазмалар менен салыштырып көрүү азыркыга чейин оюма да келген эмес экен.

Абдрасул ошол кездери адабий майданда чогуу иштешкен Сергей Фиксиндин, ошондой эле Алексей Сурков сыяктуу белгилүү орус акындарынын ырларын кыргыз окурмандарына тартуулаган. Кийинчерээк шаардын чок ортосунда, эмен сейилбагынын түштүк тарабында жайгашкан эки кабат Жазуучулар үйүндө чогуу иштеп жүргөн учурларыбыздагы Сергей Фиксиндин мага кылган артыкча мамилеси, балким, ошол Абдрасулдан башталаар. Ал кезде булар оюма келип, маани берсем Сергей Фиксинден агам Абдрасул тууралуу сурап да калмак окшойм, а биз аны коюп Сергей Фиксинден көбүн эсе Александр Твардовский, ал экөөнүн тааныштыгы жөнүндө сурай берчү элек. Азыр албетте: «Элүү жылда эл жаңы» – деп айтылган сымак, Абдрасулду жакшы билгендердин көбүнүн көзү өтүп да кетти.

Абдрасул өзү: «Четине журттун жоо келсе, Жүгүрүп мылтык атканым...» – деп жазгандай Улуу Ата Мекендик согуш башталган күндөн акырына чейин өрт аралап, кан кечип майданда жүрүп келет. XX кылымда жер жүзүндө болгон бул алаамат Абдрасулдун да жүрөгүнө, сезимине терең так калтырат.

...Деңизге чөгүп кеткенсийт,
Жаш өмүр, жайкы гүлдөй чак.
Шамалдай учуп өткөнсүйт,
Чекеме бүткөн таалай-бак.
Камчы тийбес этиме,
Немецтер салды кара так, –

деп жазган акын мына ошол согуш жылдары. «Сүйүүнүн күчү» жана ушул жаатында жазылган дагы башка ырлары, «Эне» поэмасы кыргыз поэзи-

ясындагы согушка, басып алуучулукка, кулчулукка, талап-тоноочулукка каршы жазылган жакшы чыгармалардын арасында турат десек ашык кетпестирбиз. Акын бул сыяктуу саптарын ойдон чыгарып, курулай кыял чабытынын жардамы менен жазган эмес, бул саптар «кан-майданда аралашып түтүнгө, ...кандын, октун ичинде жүргөн» таланттуу жоокер-акындын калеминен жаралган.

Акындын ырларында лирикалык кайрык өтө күчтүү. Эл ичине кеңири тарап кеткен «Алмага», «Журтум, сага жаным курман», «Жаштар маршы» ж.б. көптөгөн лирикалык ырлары бир кезекте элдин оозунан түшпөй ырдалып келген чыгармалардан. Белгилүү акын Эрнис Турсунов жазгандай, акындын көптөгөн ырлары Абдрасул Кылычевдики эмес эле, элдики болуп кеткен. Эрнис Турсуновдун айтуусу боюнча: «...обонун Абдыкалый Темиров чыгарып, Асек Жумабаев, Мыскал Өмүрканова, Жапар Чабалдаевдердин репертуарында жүргөн ырлар Абдрасул Кылычевдин көзү барда чыккан жыйнагына кирбей калып, азыр ар кимдики, же элдики болуп ырдалып калганына таң калабыз...» Албетте, адабият тарыхында мындай учурлар көп эле кездешет. Ошентсе да булар бир чети өкүнүч алып келгени менен ошол эле учурда сыймыктануу сезимин да чакырбай койбойт. Акынга ырларынын «элдикке» айланып кеткендигинен башка дагы кандай баа, дагы кандай сый-урмат керек. Абдрасулдун элдик болуп кеткен төмөнкү саптарын кимдер сүйүп, кимдер гана ырдабаган:

Ак маңдай келин мен сага,
Арнаймын ушул ырымды.
Ар качан эстен чыгарбай,
Акыным деген сырыңды.

Аркаңа салган эки өрүм,
Маңдайдан типтик бөлүнгөн.
Ак чырайлуу, нур жүздүү,
Адамдан артык көрүнгөн.

Сагындым жаным артыкча,
Сары алтын сендей келинди.
Санаадан кантип чыгарам,
Садагам деген кебиңди.

Ак маңдай келин мен сага,
Арнаймын ушул ырымды.
Ар качан эстен чыгарбай,
Акыным деген сырыңды.

Согуштан кийин акын республикалык партиялык эки жылдык мектептин адабият бөлүмүн бүтүрөт. Жазуучулар союзунун жолдомосу менен

белгилүү акын Байдылда Сарногоев экөө Москва шаарындагы Адабият институтунда окууга жиберилишет. Борбор калаага Байдыкем экөө жөнөмөк болуп жатышып эле, Абдрасул бир себептер менен эртеси кетмек болуп калат. Алты-жети жыл ажал менен арбашып, алаамат согуштан аман-эсен  келген Абдрасулдун өлүгү эртеси темир жол вокзалынан табылат. Ошондо ал 32 жашта гана болучу. Акындын жаза турган, элине бере турган чыгармалары ого эле көп эле... Таланттуу жоокер-акын Абдрасулду алдыда жакшы келечек, жакшы мезгилдер күтүп турган...



Ыр өмүр

Абдрасул
КЫЛЫЧЕВ

# СҮЙҮҮДӨН АКЫН БОЛГОМУН...

## Мекеним

*Бодурдун бетин каптаган,*
*Боз туман таркайт жел менен.*
*Күн тийип, көзүм ачканым,*
*Гүлдөгөн мекен сен менен.*

*Сүтүңдү бердиң энедей,*
*Күчүңдү бердиң ченебей.*
*Боорунда сенин жетилдим,*
*Балапан элем кенедей.*

*Кубаты сенсиң билектин,*
*Кубанчы сенсиң жүрөктүн.*
*Келечек үчүн ойлосом,*
*Тиреги сенсиң тилектин.*

*Аткан таң, тийген күнүм сен,*
*Ичкен суу, сүйгөн гүлүм сен.*
*Көңүлдүн эркин булагы,*
*Көкөлөп чыккан үнүм сен.*

*Канатын сууга чапкылап,*
*Каз-өрдөк жашайт көл менен.*

*Кан жүрүп, жүрөк соккону,*
*Кагылам Мекен сен менен.*

## Таңдагы ыр

*Оң колума калем алдым,*
*Таң атканда ойгонуп.*
*Шакылдата жазып калдым,*
*Болот үчүн ойнотуп.*

*Жайкы таңдын жарык нуру,*
*Тереземен шыкаалап.*
*Калем алган оң колуму,*
*Күмүш сымал нур чалат.*

*Ак кагазга жазып жаткан,*
*Ырым нурга бөлөнчү.*
*Нурлуу ырым таңда жазган,*
*Эл аралап жөнөлчү.*

## Алмага

*Мөлтүрөп бышып сен турсаң,*
*Мөмөлүү бакка жарашып.*
*Аралай басып мен барсам,*
*Алмалуу шакка жанашып.*
*Үзүлөөр белең колума,*
*Башкага барбай адашып.*

*Атырдай жыты аңкыган,*
*Алманы өпсөм, жыттасам.*
*Жазылар беле кумарым,*
*Кучактай жатып уктасам.*
*Жетпейби мага убалың,*
*Башкага шондо кол сунсам.*

*Алтындын нуру төгүлгөн,*
*Акактан тунук өңүндөн.*

*Күлүмсүрөп мен келип,*
*Күзгүдөй даана көрүнсөм.*
*Жаныңа жаным кошулуп,*
*Бирге өтөр белек өмүрдөн.*

*Атырдай жыты көлпүгүп,*
*Айланаң толгон гүл жайнап.*
*Ар адам колун сунбайбы,*
*Ак алма турса бүр байлап.*
*Ийилсе шагың мен үчүн,*
*Алармын колго ыңгайлап.*

*Алмага жазган ырымды,*
*Ардактуу селки билеби.*
*Алмага атын теңеген,*
*Акынды эстей жүрөбү.*
*Быша бер, алма, быша бер,*
*Орундайт жаштын тилеги...*

## Таазим кыл

*Кайберен качып баратса,*
*Куланып кете жаздаган.*
*Канаттуу учуп өтпөсө,*
*Эзели адам баспаган.*
*Темир жол өттү даңгырап,*
*Ушундай калтыс аскадан.*

*Капчыгай, адыр, жондорду*
*Кадуулай тартып аралап,*
*Адамга ашуу бербеген*
*Асканы, зоону табалап,*
*Айкырык салып жөнөдү*
*Туягы темир тулпар ат.*

*Аркайган тоону артыла*
*Арышы жетип тулпардын,*
*Ат менен жүрсө алты айлык*
*Алысы жолдун кыскардың,*
*Түнөргөн дүлөй капчыгай,*
*Дүңгүрөп бүгүн күү чалдың.*

*Ашуусу тиреп асманды*
*Чокусу заңги чоң болуп,*
*Катар-катар капчыгай*
*Калганы адыр жон болуп,*
*Менсинип жаткан жолсуз тоо*
*Таазим кыл бүгүн толгонуп.*

## Жаш чагым

*Жаңыртып тоонун катмарын*
*Жалындуу обон салбасам.*
*Жадырап өскөн жаш чагым,*
*Жаш чагым айтып албасам.*
*Күн жетпес кырдаал астында,*
*Кызматын кантип атказам.*

*Кылаасын азоо Нарындын,*
*Кыдыра чуркап бойлодум.*
*Калдайып жаткан адырдын*
*Капталын басып ойнодум.*
*Балапан кармап алсам – деп,*
*Бала чак экен ойлодум...*

*Бала чак экен ойлодум...*
*Партага боюм жеткенде.*
*Башотум менен берилип,*
*Балкыдым тунук билимге.*
*Ошондон тартып он жылдап,*
*Окудум эне тилимде.*

*Ардагым билим үйрөттү,*
*Абамдар айтпас акылды.*
*Аспабым билим көрсөттү,*
*Алыскы менен жакынды.*
*Ак сүтүн берген Ата Журт,*
*Айнектей көзүм ачылды.*

*Оболоп учкан туйгундай,*
*Он жылды артка таштадым.*

*Өчпөс нур, тийген күн менен,*
*Өркүндөп өсө баштадым.*
*Өмүрдүн алтын жылдызы,*
*Өзүмдүн сүйгөн жаш чагым.*

*Четине журттун жоо келсе,*
*Жүгүрүп мылтык аткамын.*
*Чекемден терди чубуртуп,*
*Үңүлүп иштеп жаткамын.*
*Сен үчүн Мекен, сен үчүн,*
*Жалындуу менин жаш чагым!..*

## Маңдайымда балбылдаган жылдызым

*Маңдайымда балбылдаган жылдызым*
*Жылдызым сен, тууган элим – кыргызым.*
*Маңдайдагы жылдыз-таалай эмеспи*
*Сенсиз менин кантип өтмөк турмушум.*

*Нурлуу чолпон жылдызына эсирген,*
*Мен бир чүрпөң жетим жүрүп жетилген.*
*Ошондуктан мен айлана бермекмин,*
*Ачкан көзүм жумулганча өзүңдөн.*

## Нарындын жээгинде

*Жээгине келип Нарындын,*
*Капилет ойго кабылдым.*
*Элеси көзгө көрүнүп,*
*Дайрадай толкун чагымдын.*

*Чачырап урса толкуну,*
*Жүрөгүм кошо толкуду.*
*Кыялды желпип тургансыйт,*
*Кылаанын жумшак салкыны.*


*Кыркалай салган жаңы там,*
*Кашаттан тиктеп тургансыйт.*

*Жээгиңде жаткан түркүн мал,*
*Шарыңа көңүл бургансыйт.*

*Каз-өрдөк издеп келгенсип,*
*Канатын куулөйт желдентип.*
*Абалдан азоо кең Нарын,*
*Ансайын туйлайт эрдемсип.*

*Толкундайт туйлап жүрөгүм,*
*Ташкының ташка урганда.*
*Ташкындай таасир эте кет,*
*Жээгиңде бир аз турганда.*

*О, кең Нарын ынагым,*
*Тиктесем канат кумарым.*
*Канчалык тентек болсоң да,*
*Кадиксиз көлгө куярың.*



*Котормо*

Александр
СОЛЖЕНИЦЫН

# ИВАН ДЕНИСОВИЧТИН БИР КҮНҮ

**(Башы өткөн сандарда)**

Балдар болсо бакырганын койбойт, сөгүнүп атышат! Алардын бакырганы Сенькага да жетти окшойт, демин түзөп, үстү жактан жооп кайтарды дейсиң! Өмүр бою унчукпай келатат – анан бир барк этет! Муштумун түйүп, азыр мушташканы даяр. Унчукпай калышты. Арасында күлдү айрымдары.

– Эй, жүз төртүнчү! Алдагыңар кереӊ эмес окшойт! – тамашалашты. – Биз текшербедикпи.

Күлүштү бардыгы. Конвой дагы.

– Бештен бөлүн!

Дарбазаны бирок ачпайт. Өздөрүнө өздөрү ишенбейт. Элди дарбазадан артка жылдырды. (Дарбазага жабышат, дөөпөйлөр, ошондон тезирээк болгонсуп.)

– Бештен бөлүн! Биринчи! Экинчи! Үчүнчү!..

Бештикти санаганда, алар бир нече метр алдыга жылат.

Демин бастырды Шухов, бурулуп караса – атаңдын көрү, ай кызарып түнөргөн, асманга жаңы чыккан окшойт. Чекесинен оюлуп баратыптыр. Кечээ ушул маалда бийигирээк турган.

Бардыгы ойку-тойкусуз жакшы бүткөнүнө Шуховдун көңүлү ачылып, кавторангды капталга уруп, сөздүн башын чыгарды:

– Укчу бери, кавторанг, силердин илимиңер боюнча – эски ай кайда кетет?

– Кайда дегениң кандай? Караңгы неме! Жөн эле көрүнбөй калат!

Шухов башын чайкап, күлөт:

– Көрүнбөй калса – анан каяктан билесиң анын бар-жогун?

– Сеники боюнча эмне, – таң калды капитан, – ай сайын жаңы ай жаралабы?

– Эмнеси бар экен? Адам деле тигине, күн сайын туулуп жатпайбы, ай эмне, төрт жумада бир кайра жаралса болбойбу?

– Тьфу! – түкүрүндү капитан. – Ушуга окшогон дөөпай матросту жолуктура элек болчумун! Эскисин анан каякка жибердиң?

– Мен да сенден ушуну сурап атпайымбы, каякка? – деп. – Шухов тиштерин ырсыйтты. – И-и? Каякка?

Шухов үшкүрүнүп, өзү айтып берди:

– Бизде мындай дечү: эски айды Теңир жылдыз кылып майдалайт имиш.

– Мына жапайылык! – күлөт капитан. – Укпаптырмын! Сен эмне, Шухов, кудайга ишенесиңби?

– Ананчы? – башын ийкеди Шухов. – Күркүрөп бир койгондо – ишенбей көрчү!

– Кудай аны эмнеге кылып атат анан?

– Эмнени?

– Айды жылдыздарга эмнеге майдалайт?

– Эмнесин түшүнбөйсүң? – Шухов ийнин көтөрүп койду. – Жылдыздар мезгил-мезгили менен түшүп атпайбы, толукташ керек да.

– Түзөл, энеңдилер…– конвой бакырат.– Бештен тур!

Эсеп жетип калыптыр буларга. Бешинчи жүздүктүн он экинчи бештиги өттү, артында экөө калды – Буйновский менен Шухов.

Конвой кыжы-кужу, эсеп тактайлары менен текшерип атат. Жетпей калыптыр! Кайрадан эсеби жетпей атат. Эсептегенди үйрөнбөйбү, иттер!

Төрт жүз алтымыш экини эсептешиптир, бирок дейт, төрт жүз алтымыш үч болуш керек экен.

Кайрадан бардыгын дарбазадан кубалашты (дарбазаны жүйөлөп калышкан кайра) – анан жаңыдан:

– Беште-ен бөлүн! Биринчи! Экинчи!

Булардын улам санап отурушунун жаман жери, кызматтык эмес, өзүңдүн убактың кетип атпайбы. Азыр талаа менен лагерге жеткиче, анан лагердин оозунан тинтмеге кезек келгиче! Объекттердин бардыгы жан талашып чуркашат, биринен бири ашат, ким эртерээк тинтмеден өтөр экен, ким лагерге эрте кирип кетер экен. Кайсы объект лагерге биринчи келсе, ошолордун күнү болот: ашкана аны күтүп турат, жөнөтмөлөргө ал биринчи, сактоо камерасына биринчи, жеке ашканага, КВЧЗга кат алууга же өзүңдүн жазган катыңды цензурага тапшырууга, санчастка, чачтарачка, мончого – бардыгына ал биринчи.

Конвойго деле бизди эрте тапшырып, өзүнүн лагерине кетип калгысы келет. Аскерлер шапар тепкендей болушпайт: иштери көп, убакыт аз.

А бирок мына эсеби чыкпай атат алардын.

Акыркы бештиктерге жакындап баштаганда, Шуховго аягында алар үчөө тургандай көрүндү. Жок, кайра экөө.

Санагандар начкарга, тактайлары менен. Талкуулап жатышат. Начкар кыйкырды:

– Жүз төртүнчүнүн бригадири!

Тюрин жарым кадам алдыга чыкты:

– Мен.

– ТЭЦте сеникилерден калган жокпу? Ойлоп көрчү.

– Жок.

– Башыңды жулам, ойлоп көр!

– Жок, калган жок эч ким.

Өзү болсо кыйшая Павлону карайт – эч ким уктап калган жокпу растордук жайда?

– Бөлүн бригадаларга! – буйруду начкар.

А бардыгы бештен турган, чаржайыт. Эми түртүшүп, күпүлдөшүп калышты. Тигил жакта чакырат: «Жетимиш алтынчы – мага кел!» Бул жакта: «Он үчүнчү! Бул жакка!» Тигил жакта: «Отуз үчүнчү!»

104- элдин аягында турган, ошол жерге чогулду. Көрдү ошондо Шухов: бригада бүт колдору бош, ушунчалык ишке берилип, келесоолор, отун чогултпай калышыптыр. Экөөнүн гана чакан оролгон отуну бар экен.

Бул оюн күн сайын жүрөт: жумуш бүтөөр замат жумушчулар кесинди, кертик, чыбык чогултушат, кездеме жиптен же эптеген жип менен байлап алып, көтөрүп алышат. Биринчи тономой – вахтадагы прораб же онбашылардын бирөөсү. Эгерде турса, таштагыла дейт (миллиондор мештин мору менен кетти, ушул чырпыктар менен жабабыз деген ойлору бар). Бирок жумушчунун тымызын ою: эгерде бригададан ар бири анча-мынча куурай алып келсе, баракта жылуураак болот. Дневальныйларга ар бир мешке беш килограмм сапырынды көмүр беришет, андан жылуулук болбойт. Ошондуктан кесиндилерди сындырып, кыскараак аралап, бушлат алдына катышат. Ошентип прорабдан аман-эсен өтүшөт.

Бул жакта, объектте, конвой отунду эч качан ыргыткын дебейт: конвойго да отун керек, өздөрү болсо көтөрүп жүрө албайт. Бир жагынан – формачан кантип отун ташысын? Экинчи жагынан – колдорунда автомат, бизди атыш үчүн. Конвой лагерге жеткиргенде, команда берет: «Баланча катардан түкүнчөгө чейин отунуңарды бул жерге ташта». Бирок кудайды карап алышат: лагердеги сакчыларга калтырыш керек, зэктердин өздөрүнө да калыш керек, болбосо ташыбай коюшат.

Мына ушундай: ташыгын ар бир зэк отунду ар күн сайын. Билбейсиң, кайсы күнү жеткиресиң, кайсы күнү калтырасың жолдо.

Шухов көздөрү менен бут алдында кесинди-үсүндү издегиче, бригадир бардыгын санап, начкарга маалымдады:

– Жүз төртүнчү – бардыгы бар!

Цезарь дагы бул жерде, конторалыктардан басып, бизге кошулду. Түтүгүн кызыл кылып түтөтүп коёт, кара мурутун бубак баскан, сүйлөдү:

– Иштер кандай, капитан?

Ысыктан келген үшүктү түшүнөбү? Иштер кандай деген – ушул сурообу?

– Кандайын айтайын? – ийни кыймылдады капитандын.– Жумуштан араң белимди көтөрдүм.

«Сен тамеки бергенди унутпасаң» дегени.

Цезарь тамекисин берди. Ал бригадада кавторанг менен гана сөз табышат, башка эч ким менен ачылып сүйлөшө албайт.

– Отуз экинчиде киши жок! Отуз экинчиде! – кужулдап калышты бардыгы.

32-нин бригадиринин жардамчысы, жанына бир жаш баланы алып – кетишти тигил жакка, авторемонттук имаратка издегени. Эл болсо: ким ал? Эмне болду? – сурап атышат. Билди Шухов: жапалдаш бойлуу кара молдован жок экен. Кайсы молдован эле? Жанагы молдованбы, румын шпиону болгон, чыныгы шпион?

Шпиондор – ар бригадада бештен адам бар, бирок алар жасалма, чын шпиондор эмес. Жаза иштеринде шпиондор деп жазылган, өздөрү болсо туткунга түшкөндөр. Шухов деле ошондой шпион.

Молдован болсо – чыныгы шпион.

Начкар тизмекти караганда, өңү бузулуп кетти. Эгерде шпион качып кетсе – начкар аман калабы?

Чогулган элдин, Шуховдун жини кайнап баратат. Бу эмне болгон балээ, жүзүкара, өлүп кеткир, былгытма, сасыткы? Асманды эчак караңгы басып, айдан жарык келип атат, тигине жылдыздар чыкты, түнкү суук күчүнө кирип баратат – тигил, желмаян, жок! Эмне, ишке тойгон жокпу, бу жалаңкыч? Кызмат күнү азбы, он бир саат, таң аткандан кеч киргенге чейин? Шашпай тур, прокурор кошуп берет!

Чакырыкты кулакка илбей, ушул маалга чейин бирөө иштеп атканына Шухов аң-таң.

Шухов өзү жакында эле ушинтип иштегенин, вахтага эл эмне эрте чогулуп атат деп күбүрөнгөнүн унутуп койду. Азыр ал бардыгы менен кошо үшүп, бардыгы менен кошо жиндеп турат, тигил молдован дагы жарым саат кармаса жана аны конвой ушул элдин таландысына таштаганда – торпокту карышкыр жара тарткандай тамтыгын калтырмак эмес!

Мына ушул чакта суук чыкылдап баштады! Эч ким ордуна турбайт – же буттарын каккылайт, же эки кадам мындай, эки кадам тигиндей басат.

Кеп салышат, молдован качып кеттиби? Эгерде күндүз качса, анда мейли, эгерде жашынып, чокудан сакчылар кеткиче күтүп жатса, анда иш-

тин бүткөнү. Эгерде зым алдында соймолоп кеткен изи калбаса – үч күн зонадан издешет, үч күн чокуларда отурушат. Мейли бир жума – отура беришет. Бул алардын уставы, эски камактагылар билишет. Деги эле, эгерде ким качып кетсе – конвойдун бейкапар жашоосу бүтөт, ичпей-жебей, уйку жок безилдешет. Кээ бирде ушундай бир көөнүнө тийгенден – качкынды тирүү калтырбайт. Атып салышат.

Цезарь кавторанг менен сүйлөшүп атат:

– Мисалы, пенсне кеме шайманында илинип калган, эсиңердеби?

– М-да...– кавторанг тамекисин тартып коёт.

– Же коляска тепкичтен-тепкичке, тепкичтен-тепкичке...

– Ооба... Бирок деңиз жашоосу жасалма болуп калган.

– Билесизби, биз азыркы киного тартуу техникасына көнүп калганбыз...

– Офицерлер бири калбай мыкаачы...

– Тарыхта ошондой болгон да!

– А ким аларды майданга алпарчу?.. Анан эттеги курттар тим эле сөөл жыландай соймолошот. Ошондой болмок беле?

– Майдасын кино аркылуу кантип көрсөтөсүң?

– Мен ойлойм, ошол этти биздин лагерге жанагы бок балыктын ордуна алып келсе, жуубай, кырбай казанга ыргытып салса, биз аны...

– А-а-а! – ызылдады зэктер. – У-у-у!

Көрүштү: авторемонт имаратынан үч кишинин сөлөкөтү чыкты, демек, молдован менен.

– У-у-у! – дарбазадан эл уулдайт.

Тигилер жакындаганда:

– Шерменде-е! Шүмүрөй! Шуркуя! Шүмшүйгөн ит! Кусунду! Бетбак!

Шухов да кошулат:

– Шерменде-е!

Тамаша бекен, беш жүз адамдын жарым сааттан ашык убакытын алып койду!

Башын ийнине киргизип, бөжүрөп келатат чычкандай.

– Токто! – кыйкырды конвой. Жазып атат: – Ка төрт жүз алтымыш. Каякта жүрөсүң?

Жакын келип, карабинди кайрып урганы турат.

Эл тынчый элек:

– Шүмшүк! Кан ичкир! Арам өл!

Башкалары, сержант мынтыгын көтөрүп урайын дегенде, унчукпай калышты.

Молдован үн жок турат, башын катып, конвойдон кылчактап. 32-нин помбригадири алдыга чыгып:

– Бул арам менден жашынып штукатурга коюлган бийиктеги тактайларга чыгып, ошол жерге жылуу-жумшак уктап калыптыр.

Анан беттен нары, желкеден нары муштум менен!

Атайылап бир урду, конвоирден алыстатып.

Нары ыргып кеткен молдованды ошол эле 32-бригададагы мадьяр буту менен көчүккө, көчүккө берип калды! (Мадьярлар румындарга өч келишет экен.)

Бул сага шпиондошмой эмес. Шпиондошууну келесоо деле билет. Шпиондун жашоосу жылмакай, жайдары. А сен сүргүн лагерде он жылды жалпы иште өткөрүп көрчү!

Түшүрдү конвоир карабинди.

Начкар болсо бакырат:

– Да-арбазадан нары болгула! Бе-ештен бөлүн!

О, иттер, эми кайра санашат! Эмнесин санамак эле, бардыгы түшүнүктүү болду го? Дуулдашат зэктер. Бардык жиндери молдовандан конвойго секирди. Дуулдап, дарбазадан жылышпайт.

– Эмне-е? – начкар барк этти.– Карга отурасыңарбы? Азыр отурасыңар. Таңга чейин кармаймын!

Тамашасы жок, отургузуп салат. Канча жолу отургузган. Ал эмес, жаткырып салчу: «Жаткыла! Куралды камда!» Ушундай учурлар болгон, зэктер билишет. Акырын дарбазадан бери карай жылбыша башташты.

– Жылгыла! Жылгыла-а! – конвой түртөт.

– Чын эле, дарбазага не жабышасыңар, маңыроо баштар? – арткылар алдыңкыларга жини келип атат. Кысым менен артка жылышты.

– Бе-ештен бөлүн! Биринчи! Экинчи! Үчүнчү!

Айдын жарыгы толук күчүнө кирип алган. Кызарганы кетип, апакай болуп турат. Асмандын төрттөн бир бөлүгүнө көтөрүлгөн. Куру өттү кеч!.. Өлүп кеткен молдован. Өлүп кеткен конвой. Өлүп кеткен жашооң…

Алдыңкылар, саналгандар кылчактап, баштарын көтөрүп карашат – акыркы бештикте экөө калабы же үчөөбү. Ушул азыр жашообуздун бардыгын чечет.

Акыркы бештикте алар төртөө калдыбы? – деп Шухов чочулап кетти. Ашык баш! Кайра санашат! А көрсө, бирок Фетюков, канчык, кавторангды тамеки калтыр деп алагды болуп, өзүнүн бештигине убагында кошулуп баспай, бул жерде ашыкча чыга келген турбайбы.

Помначкар жини менен желкеге урду Фетюковду.

Туура кылат!

Акыркыда – үч киши. Туура чыкты, кудай жалгагыр!

– Дарбазадан жылгыла! – конвой кайра түртөт.

Бул жолу, бирок зэктер тынч, көрүп турушат: вахтадан аскерлер чыгып, плацты дарбазанын тигил жагынан курчап атышат.

Демек, чыгарышат экен.

Эркин онбашылар, прораб көрүнбөйт, балдар отун алып баратышат.

Дарбаза ачылды. Ошол жактан, дарбазанын тышынан, жыгач өткөрмөдөн, кайра начкар менен контролер:

– Биринчи! Экинчи! Үчүнчү!...

Дагы бир жолу туура чыкса – чокулардагы сакчыларды түшүрөт.

Алыскы чокулардан зонаны бойлоп ой-бо-ой канча басыш керек! Акыркы зэкти зонадан чыгарып, эсеби туура чыккандан кийин – телефон менен бардык чокуларга чалышат түшкүлө !– деп. Эгерде начкардын башы ордунда болсо – жылдырып бастыра берет, анткени зэк кайда качмак эле, ал эми тигил, чокудагылар, колоннаны kууп жетип алышат. Начкар келесоо болсо – коркот, аскери зэктерге каршы жетишпей калабы деп, күтүп отурат.

Бүгүнкү начкар ошондой маңбаштардын бири экен. Күтүп турат.

Күн кечке зэктер суукта, өлгүдөй үшүп калышты. Жыйналгандан кийин да, мынакей бир саат үшүп турушат. Ошентсе да сууктан эмес, куру өткөн кечтен жандары кашайып жатпайбы! Зонада эми эч бир ишти бүтүрбөйсүң.

– А Сиз кайдан англис флотунун тирилигин мынча жакшы билесиз? – коңшу бештикте суроо берди.

– Билесизби, мен бир ай англис крейсерде жашагам, өзүмдүн каютам бар болчу. Мен деңиз конвойду коштočумун. Байланыш офицери болчумун аларда.

– Оп, бали-и! Жетиштүү турбайбы сизди жыйырма беш жылга кесүүгө!

– Жок, билесизби, мен мындай либералдык критицизмден алысмын. Мен биздин мыйзамдар тууралуу жакшы пикирдемин.

(Ырдай бер, ырдай бер – деп ойлоп койду Шухов, алардын сөзүнө кошулбай. Анакей Сенька Клевшин америкалыктар менен эки күн жашады эле, жыйырма беш жыл беришти, сен болсо алардын кемесинде бир ай жүрсөң, сага канча бериш керек?)

– Бирок согуштан кийин англис адмиралы, шайтан алгырдыкы, мага эсте каларлык белек жибериптир. «Ыраазычылыктын белгиси» деп. Таңгаламын, карганамын!...

Кызык ай. Кызык ушинтип карап көрсөң: жылаңач талаа, ээн зона, айдын жарыгында каар жылтылдайт. Конвоирлер ордуларына туруп калышыптыр, бири-биринен он кадам аралыкта, куралын атууга даяр. Кара үйүр зэктер, алардын ичинде, окшошкон бушлат кийинген Щ-311 – мурдагы жашоосунда алтын погонсуз өмүрүн элестетип көрбөгөн киши, англис адмиралы менен кадимкидей сүйлөшкөн неме – азыр Фетюков менен ташыма көтөрүп жүрөт.

Адамды мындай да, тигиндей да чимирилтсе болот экен го…

Мына, чогулду конвой. Намазын окубай эле түз:

– Кадам арыш-та! Тезирээк!

Ооба, бок силерге эми – тезирээк! Бардык объектилерден калдык, эми эч жакка шашпайбыз. Зэктер сүйлөшпөстөн бирин бири түшүндү: силер бизди кармадыңарбы, эми биз силерди кармайбыз. Силер да жылууга баргыңар келип турат, э-э…

– Ыкчамда! – кыйкырат начкар.– Ыкчамда, алдыдагылар!

Бок сага – «ыкчамда»! Баратышат зэктер бир калыпта, баштарын жерге салган, өлгөнгө бараткандай. Биз эми бардыгынан үмүт үздүк, баары бир лагерге акыркы келебиз. Адамча биз менен болгон жоксуңбу – кыйкырыктан мага десең эми жарылып кет.

Бир кыйкырды, эки кыйкырды начкар «ыкчамда!» деп, анан түшүндү: зэктер тезирээк болушпайт. Атканы да болбойт: бештикте, колонна менен тартиптүү баратат. Зэктерди кубалап бастырууга начкардын бийлиги жок. (Эртең менен зэктер ушинтип айла табышат – жумушка мойнунан сүйрөгөн иттей сүйрөлүп чыгышат. Ким жүгүрүп жүрсө, лагерде узак жашабайт – чаалыгып кулайт.)

Ошол бойдон кеттик – тегиз, ыраааты менен. Карды кычыратып. Ким акырын сүйлөшүп баратат, кимиси жөн гана башын салып. Эстеп баштады Шухов – эртең менен зонада кайсы иш калды жасалбай? Эстеди анан – санчасть! Мына укмуш ай, иштин үстүндө такыр санчастты унутуп калыптыр.

Туура азыр санчастка кабыл алып жаткан кез. Кечки тамакка кирбесе, үлгүрүп калышы мүмкүн. А бирок эми сыздатпай калгансыйт. Температура баягыдай эле… Текке кетирген убакыт! Догдурсуз эле басып жүрөт. Догдурларды ээрчисең, тез гана көргө жеткирет.

Санчасть эмес кечки тамакка дагы эмне кошуп тапса болорун ойлонду. Үмүтүнүн бардыгы – Цезарь жөнөтмө алыш керек эле, убагы эчак келген.

Бир маалда зэктер колоннасы кадимкидей өзгөрүлө түштү. Чайпалып, ыраааты бузулуп, булкунуп, күүлдөп, күүлдөп кетти – мына арткы бештик, анын ичинде Шухов, алдыдагыларга жетишпей, артынан чуркап, жете чуркап калышты. Бир нече кадам басышат, анан кайра артынан чуркаганга туура келет.

Арты дөңгө чыкканда, Шухов көрдү: сол жактан ыраакта, талаада, дагы бир колонна карайып келатат, биздин колоннанын жолун кесе, бизди көрө калып, алар дагы чамдап баштаган окшойт.

Бул колонна мехзаводдуку болуш керек, үч жүз кишидей. Аларды да кармашкан турбайбы. Аларды эмне үчүн кармашат? Жумуш боюнча кармашы мүмкүн: кайсы бир машина оңдолуп бүтпөй калган чыгар. Аларга эчтеке эмес, алар күн кечке жылуууда болушат.

Эми кимди ким! Балдар чуркаганга өттү. Конвой да безилдеп баратат, начкар гана кыйкырып коёт мезгил-мезгили менен:

– Чоюлбагыла! Арткылар, калбагыла! Калбагыла!

Башыңды урайын, эмне каңкылдайт мынабу? Калбай эле келатпайбызбы!

Ким эмне жөнүндө сүйлөшүп аткан, ким эмне жөнүндө ойлонуп бараткан – бардыгын унутушту, колоннада бир гана максат калды:

– Тигилерден озунуп, тигилерден эрте жетүү!

Ушундай баары аралашып калды азыр, конвой зэктерге душман эмей, өз кишидей. Душманы – тигил, башка колонна.

Көңүлдөрү ачыла түштү бардыгынын, жиндери тарап кетти.

– Бол эми! Бол эми! – арткылар алдыңкыларга кыйкырат.

Көчөгө кирип барганда, колонна кысылгансып калды. Каптал жактан конвоирлерге чуркаганы оңтойсуз. Ушул жерден биз алардан ашып кетишибиз керек!

Мехзаводчуларды лагердик вахтада өзгөчө узак тинтмелешет, ошондуктан аларды артка калтырыш керек. Лагерде айрымдарды сайып баштагандан кийин, жетекчилер бычакты мехзаводдон кылышат, ошол жактан келет деген ойлору бар. Андыктан лагерге киргизип жатканда мехзаводчуларды өзгөчө тинтмелешет. Кеч күздө, жерди тоң басып калганда, аларга кыйкырчу:

– Батинкелерди чечкин, мехзавод! Батинкелерди колго алгыла!

Ошентип жылаңайлак тургузуп тинтмелешчү.

Азыр деле, суукпу, суук эмеспи, тандамалап бир-экөөнө сөөмөйү менен көрсөтөт:

– Кана, оң чокойду чечкин! Сен болсо – сол чокойду!

Зэк чокоюн чечет, анан бир буттап тигил чокойду өөдө-ылдый кылып, чулгоосун желпиши керек – мына, бычак жок дегенсип.

Шуховдун укканы боюнча, чынбы, калппы билбейт, мехзаводчулар жайында эки волейбол устундарын лагерге алып келишкен, ошол устундардын ичинде бычактын бардыгы катылган экен. Ар биринде ондон. Эми лагерде таап калышат кез-кезде – тигил жерде, бул жерде.

Ошентип жорголоп барып, жаңы клубдан, турак жай кварталдан, жыгач жасалгалоо жайдан өтүп, лагердик вахтага чыккан түз бурулушка чыга келдик.

– Ху-гу-у! – бир үн менен колонна кыйкырыгын салды.

Ушул жол кесилишин максат койгонбуз! Мехзаводчулар – жүз элүү метрдей оң жакта, артта калышты.

Эми жай кеттик. Колоннада бардыгы кубанып алышкан. Коёндун кубанычы: анакей, бака бизден коркот турбайбы дегенсип.

Мына көз алдыбызда лагерь. Таңга маал кандай калтырганбыз, ошол бойдон турат: түн, бүтүн короо үстүндө зона боюнча жарыктар жана вахта алдында фонарлар өзгөчө жыш күйүп турат, тинтме үчүн бүт аянтча күн тийгендей жарык.

Бирок вахтага жете электе…

– Токто! – кыйкырды помначкар. Анан, өзүнүн автоматын аскерге берип коюп, колоннага жакын чуркап келди (автомат менен жакын келгенге тыюу салынган). – Оң жакта тургандардын бардыгы, колундагы отунду – ыргыткын оң тарапка!

Тыштагылар ачык алып баратышкан, бардыгын көрүп турат. Бирөө, экөө кетти байланган отундан, үчөө. Айрымдар колонна отунун жашырып койгусу келет, коңшулары болсо аларга:

– Сен үчүн башкалардыкын алып коёт! Жакшылыгың менен ташта!

Зэктин башкы душманы ким? Башка зэк. Эгерде камактагылар бири бирине ит-мышык мамиле кылбаса, жетекчилердин аларга күчү жетмек эмес.

– Ма-арш! – кыйкырды помначкар.

Кеттик вахтага.

Вахтадан беш жол кошулат, бир саат мурда ошол жолдордо бардык объекттер үйүлүп турушкан. Эгерде ушул жолдорду бойлой көчөлөр салынса, келечектеги шаарчада ушул вахта менен тинтме жерде башкы аянт болмок. Азыр бардык объекттер ар тараптан келаткандай, демонстрациялар ушул жерден кошулмак.

Сакчылар вахтада жылынып отурушуптур. Чыгып, жолду торой туруп калышты.

– Че-ечкиле бушлатты! Күрмө тонду чечкиле!

Анан колдорун эки жакка жайышат. Тинтмелеп, кучактаганы камданып турат. Капталдарга ургулаганы. Жанагы эртең мененкидей.

Азыр чечингенден коркпойбуз, үйгө баратабыз.

Ушинтип айтышат бардыгы – «үйгө» деп.

Башка үйдү күндүз эстегени убакыт болбойт.

Колоннанын башын тинтмелеп баштаганда, Шухов Цезарга басып келип айтты:

– Цезарь Маркович! Мен вахтадан дароо жөнөтмө жайына чуркап барып, кезек алып коёюн.

Капкара, алды жагын бир аз бубак баскан, куюп койгондой муруту менен Цезарь Шуховго кайрылып:

– Жөн эле, Иван Денисыч, кезек ала бергени эмне? Балким, жөнөтмө болбойт.

– Болбосо, мага эмне? Он мүнөт күтөмүн, келбесеңиз – мен баракка кеттим.

(Шухов болсо ойлоп койду: Цезарь болбосо, башка бирөө келет, кезектеги орунду сатып жиберсе болот.)

Цезарь жөнөтмөсүнө зар болуп калган окшойт:

– Мейли, Иван Денисыч, барып ала бер. Он мүнөт күткүн, ашык эмес.

Тинтме мына жакындап калды. Бүгүн Шуховдун тинтмеден жашыра турган эчтекеси жок, коркпостон баратат. Бушлаттын жиптерин чечти шашпай, күрмө тондун брезент жибин чечти.

Бүгүн эч нерсеси жоктугун билсе да, бирок сегиз жылдын сак жүргөндүгү адатка айланып калган. Колун тизедеги чөнтөккө салды, бош экенин дагы бир жолу текшерип көргөнү.

Бирок ал жакта темир арaанын сыныгы бар экен! Ал сыныкты чарбалык адатынча бүгүн жумуш зонадан таап алып, чөнтөккө салып коюптур, лагерге алып барайын деген ою жок болчу.

Ою жок болгону менен, бирок мына ушул жерге чейин алып келип ыргытып жиберген аянычтуу болуп турат! Аны кичинекей бычак кылып курчтап алсаң – бут кийим ондогону, кийим жамаганы да жарайт.

Эгерде алып кирем деп ойлонсо, жакшы катып салмак. Эми алдыда эки катар калды, алардын бир бештиги алдыга чыгып, тинтмеге туруп калды.

Шамалдан тез чечиш керек эми: же акыркы бештиктин аркасында турганда, билгизбей карга ыргытып жибериш керек (артынан аны таап алышат, бирок кимдики экенин билбей калат), же алып кириш керек!

Эгерде бычак деп табышса, ал темир арaанын кесиндиси үчүн он сутка карцер беришет.

Бирок бут кийим бычагы иштеп тапканга жакшы, нан таап берет!

Ыргыткан өтө аянычтуу.

Шухов аны кебез колгабына салып салды.

Ошол учурда тинтмеге кийинки бештик кетти.

Жарык тийген жерде алар үчөө калышты: Сенька, Шухов жана 32-ден молдованды издеп барган бала.

Алар үчөө, сакчылар болсо бет маңдайда бешөө болгондуктан – эбин таап, оң жактагы эки сакчынын кимисине барышты тандаш керек. Шухов жаш, бети кызыл баланы эмес, мурутун буурул чалган кары немени тандады. Кары, албетте, тажрыйбалуу, кааласа оңой эле таап алмак, бирок ал кары болгондуктан, бул кызматтан өлөөрчө тажаган.

Шухов эки колгабын, сынык араа менен жана бошту, колунан чечип, бир колго алды (бош колгапты алдыга оркойтуп), ушул эле колуна белге бууган жипти илди, күрмө тонду жагжайтып салды, бушлаттын жана күрмө тондун этектерин элпектенип өөдө көтөрүп алган (эч качан тинтмеде мынча элпек болгон эмес, азыр болсо ачык-айкындыгын көрсөткүсү келди: – Ме, ала бер, катчу эч нерсем жок дегенсип) анан команда боюнча буурул мурутчанга жөнөдү.

Буурул мурутчан Шуховду капталынан, аркасынан чапкылады, тизедеги чөнтөктүн үстүнөн какты – эчтеке жок, күрмө тон менен бушлаттын этектерин колдору менен эзгиледи, жок эч нерсе, анан коё берерде Шуховдун оркоюп турган колгабын уйпалады – бошту.

Сакчы колгапты мыкчыганда, Шуховду өзөгүнөн кычкач менен кыпчыгандай болду. Экинчи колгапты да ушинтип бир мыкчыса – кетти карцерге, күнүгө болгону үч жүз грамм нан, ысык тамак үчүнчү күнү гана берет. Аяктан алдан тайып, өзөрүп, азыркыдай тарамыштай тырышкан, ач эмес да, ток эмес абалына жетүүгө кыйын болоорун көз алдына түшүрдү.

Ошол замат ал жан дилин салып, көккө кайрыла сыйынды: «О Кудай! Сактай көр! Бербесең мага карцерди!»

Ушул ойлордун бардыгы сакчы биринчи колгапты уйпалап, экинчи арттагысын уйпалайын деп турганда зуулдап өттү (Шухов колгаптарды бир колунда эмес, эки колдо кармап турса, сакчы аларды эки колу менен бир жолу уйпалап салмак). Бирок ошол учурда тинтмедеги чоңу, тезирээк бошогону шашып, конвойго кыйкырды:

– Мехзавод келе берсин!

Буурул мурутчан экинчи колгапты мыкчыгандын ордуна, шилтеди колун кете бергин дегенсип. Коё берди.

Шухов өз катарына кошулганы чуркады. Тигилер колонна үчүн кашаа сымал, базарда жылкыны койгон жердегидей эки узун карагай – өткөрмөнүн ортосунда бештен болуп тизилип калышыптыр. Бут алдындагы жерди сезбей жеңил чуркап баратты, ыраазылыгын айтып, дагы бир жолу көккө кайрылып койсо болмок, бирок бир жагынан чолосу тийген жок, экинчи жактан, дайыны жок болуп калмак.

Бизди коштоп келген конвой азыр четке чыкты, мехзаводдун конвою үчүн жол бошотуп, өзүнүн начальнигин гана күтүп турат. Тинтмеге чейин биздин колонна ыргыткан отундарды конвоирлер чогултуп алышты, тинтмеде сакчылар тартып алган отундар вахтанын жанында үймөктөлүп жатат.

Ай бийиктеген, ай жарыгындагы түндө суук кычырап турат.

Конвойдун начальниги төрт жүз алтымыш үч башка кол жазмасын кайтарып алыш үчүн вахтага баратып, Волковойдун жардамчысы Пряха менен сүйлөшкөндөн кийин, тигил кыйкырды:

– Кэ – төрт жүз алтымыш!

Колоннанын ортосуна жашынган молдован үшкүрүп, оң жактагы өткөрмөгө чыкты. Башы шылкыйган, ийиндери чыгып турат.

– Бас бери! – Пряха көрсөттү жылкы койгудай жердин аркы жагын.

Молдован айланып барды. Колду артка алып, ушул жерде тургун деп буйрушту.

Демек, качууга аракет жасады деп күнөөлөшөт. БУРга тыгышат.

Дарбазага жетпей, кашаанын оң жана сол жагынан эки вахтер орун алышты, үч адамдын боюндай бийик дарбаза акырын ачылганда команда угулду:

– Бе-ештен бөлүн! («Дарбазадан жылгыла» дегендин кереги жок бул жерде: дарбазалар ар дайым зона ичине ачылат, анткени эгерде зэктер үйүлүп ичинен түртүшсө, ачылбагыдай болуш үчүн.) Биринчи! Экинчи! Үчүнчү!..

Мына ушул кечки эсепте, лагердик дарбазадан кирип келатып, зэктин шамалга кагылганы, үшүгөнү, өзөргөнү эң эле бийик чегине жеткен – оозду күйгүзгөн кечки суу шорпосу ал үчүн ушул учурда аптапта жааган

жамгырдай, бүтүн шимирип алат аны азыр. Бул шорпо ал үчүн азыр азаттыктан ширин, өткөн өмүрүнөн жана бүтүн келечегинен кымбат.

Зэктердин лагердик дарбазадан кирип баратканы, согуштан келаткан аскерлердей шагырап, кадамды кенен кагып – жолго турба, четке кач!

Штаб барактагы аңкоолонгон неме кирип бараткан зэктердин үйүрүн көрүп – чоочулайт.

Тээтигил таңга маал алты жарымда тизилүүгө чакыргандан баштап зэк мына ушул эсептен кийин гана биринчи жолу өзүн эркин адам сезет. Зонанын чоң дарбазасынан, зона алдындагы кичирээк дарбазадан өттүк, дагы эки дубал ортосунан кесип өтүп, эми ким кайда чачыла бергин.

Ким кайда, ал эми бригадирлерди нарядчик кармап жүрөт:

– Бригадирлер! Пландык-өндүрүштүк бөлүккө!

Бунусу – эртеңкиге моюнга кандай жүк илгенди сүйлөшүүгө.

Шухов БУРдун жанынан, барактардын ортосунан кесип чуркап, жөнөтмө жайга кетти. Цезарь болсо аброюн түшүрбөй, салмактуу басып, башка тарапка жөнөдү, ал жакта устунду тегеректеп быкылдаган эл турат, устунда фанер тактай кагылган, химиялык карандаш менен ал тактайда бүгүн жөнөтмө кимге келгендиги жазылган.

Лагерде кагазга көп жазышпайт, көбүнчө фанерага. Тактайга жазганың катуу, дурус болгонсуйт. Ошого вертухайлар жана нарядчиктер баштардын эсебин жүргүзөт. Эртеси өчүрүп салып, кайта жаза бер. Үнөм.

Зонага калгандар ушинтип да жан багышат: тактайдан кимге жөнөтмө келгенин окуп алышып, алдынан тосуп номерин билдирет. Көп болбосо да, мындайларга бир тамеки беришет.

Шухов жөнөтмө жайга жетип барды – баракка кошулган курандыга, ал курандысына дагы тамбурду жабыштырып салышкан. Тамбурдун эшиги жок, суук ээн-эркин ойноп жүрөт, а бирок баары бир баш калка эмеспи, чатыры бар да.

Тамбурда кезек дубалды бойлой созулган. Шухов кезегин алды. Алдыда дагы он беш киши бар, бул бир сааттай убакыт, туура жатаар мезгилге чейин. ТЭЦ колоннасынан тизмекти көргөнү кеткендер Шуховдун артынан кезек алышат. Жана мехзаводдун бардыгы. Алар жөнөтмөгө экинчи жолу, эртең таңга маал келбегидей эле.

Турушат кезекте баштыктары менен, чакан каптары менен. Тигил эшиктин артында (Шухов өзү бул лагерде бир да жолу алган эмес, бирок ушинтип айтышат) жөнөтмө ящикти балта менен ачышат экен, сакчы өз колу менен бардыгын алып чыгып карайт имиш. Бирдекесин кесет, бирдекесин сындырат, уйпалайт, куюштурат. Эгерде айнек же каңылтыр банкада суюктук болсо, оозун ачып куюп беришет, колун тособу, майлыктан идиш кылабы баштары оорубайт. Банкаларды беришпейт, эмнегедир коркушат. Эгерде шумдуктай тамак-аш, же таттуу, же колбаса, кургатылган балык болуп калса, сакчы анын татымын билип көрөт. (Бир-

деке деп көрчү, ошол замат «мындайга уруксат жок», «тыюу салынган» деп бербей коёт. Ошол сакчыдан баштап, ким жөнөтмө алса, бериш керек, бериш керек, бериш керек). Жөнөтмөнү тинтмелеп бүткөндө, анын ящигин беришпейт, бардыгын баштыгыңа салып кетесиң, болбосо бушлаттын этегине – анан кете бергин, кийинкиге кезек бер! Кээ-кезде ушундай шаштырып калганда, айрымдары тигил жерден бирдекесин калтырып кетет. Ал үчүн келбей эле койгун. Ал жок болду.

Шухов Усть-Ижмада жөнөтмө алган бир-эки жолу. Бирок ошондо кемпирине жазган өзү: жибербе, балдардан айрыба, баары бир курулай келип атат деп.

Бул жерде жалгыз башын баккыча, боштондукта жүргөндө бүт үй-бүлөсүн баккан Шуховго жеңилирээк болчу, а бирок жөнөтмө салып жибергени алар үчүн канчалык оор экендигин түшүнүп, он жыл бою үй-бүлөңөн сындырым нанды талашып жүрө албастыгын билди. Ансыз деле күн көрөбүз.

Ошентип өзү менен өзү чечип койсо да, жөнөтмөнү бригадасында же баракта жакын бирөө алган сайын (мындайча айтканда, эки күндүн биринде), жөнөтмө мага эмес дегенсип ичинен тыз этет. Кемпирине пасха майрамы болобу, же башка шылтоо менен эч качан жибербегин деп катуу буйруса да, жөнөтмөлөр тизмеги илинген устунга колунда бар бригадалашы үчүн гана барбаса, өзү эч качан барбаган күндө да, бирок негедир күтчү, бирөө чуркап келип:

– Шухов! Эмне барбай отурасың? Сага жөнөтмө келбедиби! – деген сөздү.

Бирок антип эч ким келген жок…

Темгенево айылын, өзүнүн үйүн эстегенге шылтоолор азайгандан азайып баратты… Бул жердеги тирилик тургандан жатканга чейин жанды койбойт, дайыны жок эскерүүгө орун калтырбайт.

Азыр, жакын арада май чайнаганы турган же  чайга кант салып ичем деген үмүт менен күткөндөрдүн арасында туруп, Шухов бир гана нерсени тиледи: ашканага өз бригадасы менен киргени үлгүрүп, баланданы муздак эмес, ысыгында ичип калууну. Муздаган ысыктын жарым баасына да татыбайт.

Эгерде Цезардын аты-жөнү тизмекте жок болсо, ал эчак баракка барып жуунуп жаткандыр. Аты-жөнү тизмекте болсо, анда ал баштыкчасын камдап, пластмасс кружкасын, тараны чогултуп атат. Ошол үчүн Шухов он мүнөт күтөмүн деп убада бербедиби.

Бул жерде, кезекте туруп, Шухов бир жаңылык укту: бул жумада кайра дем алыш болбойт экен, кайра дем алыш күнү иштетет. Ошондой күтүлгөн, бардыгы ушуну күткөн: эгерде бир айда беш жолу дем алыш болсо, үчөөсүн эс алдырат, экөөсүндө жумушка айдашат. Ошентип күткөнү менен угаар замат жаны кашайгансып, кебетеси келише түштү:

дем алыш күндө белди бүккөн жакшыбы? Ооба, туура айтышат бул жерде кезекте тургандар: дем алыш күнү зонада да бир балекетти чыгарышы мүмкүн – же мончонун бир жагын тууралаш керек, же басып жүргөн жерге дубал тургузуш керек, же эшиктин алдын тазалатат. Же болбосо матрастарды алмаштырып, күбүп-силкип, вагонкаларда канталаны жоготмой. Же карточкалар боюнча аты-жөнүн текшерүүнү башташат. Же инвентаризацияны: дүнүйөң менен тышка чыга бергин, жарым күн күтүп отур.

Эртең мененки тамактан кийин уктап жаткан зэк алардын тынчын кетирет окшойт.

Кезек жай болсо да, жылып жатты. Эч кимден суранбастан, алдыңкыны түртүп, бир чач тарач устакер, бир бухгалтер жана КВЧдан бирөө кирип кетишти. Булар карапайым зэктер эмес, күчкө кирип алган лагердик аңкоолор, зонада отурган биринчи жүзү каралар. Мындайларды жөнөкөй жумушчулар боктон төмөн көрүшчү (тигилер да жумушчуларды ошондой көрөт). Бирок алар менен талашып-тартышкандын пайдасы жок: аңкоолор бирин бири колдошот жана сакчылар менен сүйлөшүп алышкан.

Шуховдун алдында он чакты адам бар, артынан болсо жети адам тизилип калганда эшиктин тешигине эңкейип, эркиндикте тигилген өзүнүн жүн шапкеси менен Цезарь кирди. (Мына ушул шапке деле. Бирөөнүн колуна берди Цезарь, ошондуктан жаңы таза шаардык шапкени кийип жүргөнгө уруксат алган. Башкалардын башынан үпсүйгөн фронттук шапкелерин жулуп, чочконун терисинен жасалган лагердик шапкелерди беришкен.)

Цезарь Шуховго жылмайып, дароо кезекте туруп гезит окуган, көз айнекчен кызык бир киши менен сүйлөшүп калды:

– Аа-а! Петр Михалыч!

Бири-бирине жоогазындай ачылышат. Тигил кызык неме:

– Менде «Вечёрканын» жаңысы бар, караңызчы! Бандероль менен келди.

– О, койчу?! – Цезарь да гезитке башын салат. Үстүлөрүндө эптеген-септеген лампочка үлбүрөп турат, майда тамганын кайсынысын көрүшөт дейсиң?

– Мында Завадскийдин премьерасына кызыктуу статья бар экен!..

Бул москвалыктар бирин бири иттерге окшоп алыстан байкашат. Анан жолугушканда, өздөрүнчө жытташып, бат-бат сүйлөшүп киришет, кимиси көбүрөөк сөз айтат. Ошентип сүйлөшүп атканда орус сөздөрү сейрек кездешет, аларды тыңшасаң – латыш же румындын булдурактаганын уккандай болосуң.

Бирок Цезардын колунда баштыкчалары бардыгы чогултулган, ордунда.

– Мен эме… Цезарь Маркович…– шүүдүрөдү Шухов, – кете берейинби?

– Ий-и, ий-и. – Цезарь кара мурутун гезиттен көтөрдү. – Мен кимден кийинмин? Менден кийин ким?

Көрсөтүп берди Шухов ким кимден кийин экенин, анан Цезарь өзү кечки тамак жөнүндө эске түшүрөрүн күтпөй сурап калды:

– Кечки тамакты алып келейинби силердикин?

(Бул деген – ашканадан баракка, атайын идиште. Ташууга тыюу салынган, көп буйруктар чыгарылган. Кармап алып, идиштен жерге төгүп салышат, керек болсо карцерге отургузуп салышат, бирок баары бир ташыйт жана ташышат, анткени кимдин иши көп болсо, ал эч качан бригада менен ашканага үлгүрө албайт.)

Кечки тамакты алып келейинби дегени менен, өзү ойлоп койду: «Кечки тамакты мага бербей битирейсиңби? Кечки тамакта ботко жок, шуудураган баланда жалаң!..»

– Жок, жок, – күлүмсүрөдү Цезарь, – кечки тамакты өзүң жеп кой, Иван Денисыч!

Ушуну эле күтүп турган Шухов! Эми, ээн-эркин чымчыктай тамбур чатырынан учуп чыгып, зонаны кесе, зонаны кесе чуркады!

Ар тарапка чуркап жүрүшөт зэктер! Бир убакта лагерь начальниги ушундай буйрук чыгарган: эч бир камактагы адам зонада жалгыз жүрбөшү керек. Кайда керек болсо – бүт бригаданы тизип алып барыш керек. Кай жакка бүт бригаданы алып барыштын кажети жок болсо, мисалы, санчастка же дааратканага, төрт-бештен топтошуп, алардын ичинен бирөөсүн чоң кылып, ал тигилерди тизип алып барат, ошол жерден күтүп турат, анан кайра тизилип кайтып келишет.

Лагерь начальниги ошол буйруктун аткарылышын такап сурачу. Эч ким анын сөзүнө каяша айта албайт. Сакчылар жалгыз жүргөндөрдү кармап, номерлерин жазып, БУРга тыкчу, а бирок буйругу баары бир иштеген жок. Акырындык менен эчен дүпүлдөгөн буйруктар жокко чыкты. Айталы, кишини оперге чакырып атат, аны менен эмне бир команда жибересиңби? Же сага каптеркага продуктуларга барыш керек, мен сени менен эмнеге барам? Тигил КВЧга гезит окуганы барат, аны менен ким барат экен? Бул чокойду оңдогону берген, башкасы кургатма жайга барыш керек, деги жөн эле барактан баракка (барактан баракка барууга өтө тыюу салынган болчу!) – бардыгын кантип кармап каласың?

Ошол буйрук менен начальник акыркы азаттыкты алгысы келген, бирок ал челектин ойлогону оңунан чыккан жок.

Баракты карай баратканда бет маңдайынан сакчы чыкты, анын алдынан шапкени көтөрүмүш этип, Шухов баракка кире качты. Баракта – ызы-чуу: ким бирөөнүн пайкасын күндүз уурдап кетишиптир, дневальныйларга кыйкырып атышат, дневальныйлар да алардан калбай аркырашат. 104-нүн бурчу бош.

Зонага кайтып келген кеч – жакшы кечтердин бири деп эсептейт Шухов, бүгүн болсо матрастар көңтөрүлбөгөн, баракта күндүз тинтме болбоптур, жашаса болот.

Шухов желкесинен бушлатты чече коюп, өзүнүн койкасына чыга качты. Бушлатты – үстүнө, ичинде темир аранын сыныгы бар колгаптарды – үстүнө, матрастын тереңинде кармалап көрдү – эртең мененки үзүм нан ордунда! Тигип койгонуна кубанды ичинен.

Анан тышка чуркап чыкты! Ашканага!

Ашканага чейин сакчынын көзүнө илинбей жетип барды. Алдынан зэктер гана чыкты пайкалары жөнүндө талашып.

Тышта ай нуруна түн жарык болуп калган кез экен. Фонарлар жарыгы пастап, бaрактардан кара көлөкө түшкөн. Ашканага кирүү – төрт тепкичтүү кенен кире бериш жер, азыр аны да кара көлөкө басып турат. Бирок анын үстү жагында салпактаган сайын суукка кыйчылдап фонарча илинип турат. Сууктанбы, кириненби – лампочкалар кубулмалуу жарык ташташат.

Лагерь начальнигинин дагы бир катуу буйругу чыккан: бригадалар ашканага экиден тизилип барыш керек деген. Андан аркы буйругу: ашканага жетип, бригадалар кире бериш жерге чыкпай, бештен туруп ашкана боюнча дневальный аларды киргизмейинче күтүп турушу керек. Ашкана боюнча дневальныйдын ордун Аксак колдон чыгаргыс кылып ээлеп турат. Аксап басканын майыптыкка чыгарып алган, а бирок күчтүүсүн айт балекеттин. Ак кайыңдан таяк жасап алган, ошону менен берип калат, ким анын сөзүн укпай сүзүп баратса. Ар кимди чаап калбайт. Аксак көз ирмемде, мейли караңгы түн болсун, кимдин аркасы экенин таанып коёт – тумшуктан нары берип, жооп кайтаргандарды тийбейт. Жүдөгөндөрдү урат. Шуховго бир жолу кол көтөргөн.

Аталышы – «дневальный». Мындай карасаң – өзүнчө эле хан! – ашпозчулар менен дос!

Бүгүн же бригадалар бир убакта үйүлгөнбү, же көпкө чейин тартипке келтирип туруштубу, кире бериште эл жыш. Аксак болсо, жардамчысы менен жана ашкана башчы өзү кошулуп турушат. Сакчыларсыз эле элге күчтөрү жетет, дөбөттөрдүн.

Ашкана башчысы – байлаган топоздой, башы чанач, далылуу. Ушунчалык күчү арбып турат дейсиң, басканда пружина тепкендей секирип басат, буттарына, колдоруна пружина салып койгондой. Шапкеси ак мамыктан, номерсиз, бир да боштондукта жүргөндүн мындай шапкеси жок. Койдун терисинен чыптама кийип жүрөт, анын көкүрөгүндө – кичинекей номерче, почта маркасындай, – Волковойго моюн сунганы, аркасында андай да номер жок. Ашкана башчысы эч кимге башын ийбейт, зэктердин бардыгы коркот. Бир колунда миңде-

ген адамдын өмүрүн кармайт. Бир жолу сабап коёлу деген аракет жасашкан, ашпозчулар ошол замат коргоп чыга келишти, биринен бири ашкан аткыйган немелер.

104- кирип кетсе, иштин бүткөнү, Аксак лагердин бардыгын беш колундай тааныйт, тигил башчы турганда башка бригада менен эч убакта коё бербейт, атайын маскара кылат.

Аксактын артында кире бериштеги кармагычтан нары оодарылып кирип кетишчү, Шухов да кирген. Бүгүн, башчы турганда, кармагычтан нары секирип кире албайсың – бутуңду жулуп салат, санчастка сүйрөлүп баргыдай кылат.

Тезирээк, тезирээк кире беришке, бирдей кара бушлаттардын арасынан караңгыда 104- бар экенби, билиш керек.

Ошол учурда кычап бригадалардын бардыгы жүйөлөп, жүйөлөп баштады (айла канча – жатаар мезгил жакындап калды!) чепти багындыргандай чыгып атат – биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү тепкичти багындырды, кире беришке жүйөлөп киришти!

– Токто, …я'дтар! – Аксак бакырат, таягын алдыңкыларга көтөрүп.– Токтоп кал! Азыр бирөөңдүн башын жарам!

– Бизде не күнөө? – алдыңкылар кыйкырат. – Арттан түртүп атпайбы!

Арттан го, арттан түртүп атышат, анысы туура, бирок алдыңкылар түрткөнүнө туруштук бербей, ашканага кирип кеткилери бар.

Ошондо Аксак таягын шлагбаумдай көкүрөктөрдү тосо кармап, бүт күчү менен алдыңкыларды качыра түрттү! Аксактын жардамчысы да таякты кармаша түрттү, ашкана башчысы да өзүнө төмөн көрбөй түртүштү.

Кыйла түртүп салышты, эт жешип күчкө толгон немелер – артка кетенчиктетти! Үстүнөн ылдый алдыңкыларды арттагыларга томолото ыргытты, чөп чапкандай кулатып салышты.

– Сынып кал сылтык… башың дурайын!.. – элдин арасынан жашырына сөктү бирөө. Башкалары үн дебей жыгылып, унчукпай турушту тезирээк, арттагылар тепсеп кете электе.

Тепкичтерди бошотушту. Ашкана башчысы арткараак басты, Аксак болсо үстүнкү тепкичтен окутуп атат:

– Бештен болгула, эшек мээлер, канча айтыш керек?! Мезгили келет, киргизем!

Кире бериштин түбүндө Шухов Сенька Клевшиндин башын көргөнсүдү, кубанычы койнуна батпай, чыканак менен түрткүлөп, ошол тарапка жол сала баштады. Бирок аркалар тыгыз шыкалгандыктан – алдыга жылууга күч жетпегидей.

– Жыйырма жетинчи! – Аксак кыйкырды.– Өтө бергиле!

27- тепкичтерден чуркап чыгып, кирүүгө тез шашылды. Алардын артынан бардыгы тепкичтерге чыга келишти, арттагылар түрткүлөшөт.

Шухов да күчкө салып алдыга аракет кылып атат. Кире бериштеги кармагычтар термелет, үстүдөгү фонарча кыйчылдайт.

– Кайра баштадыңарбы, маң баштар? – Аксак жинденет. Таягы менен бирөөнү желкеден, аркадан ургулап, бирисин экинчиге түрткүлөп, түрткүлөп сүрүп чыгарды.

Бошотту кайра.

Көрдү Шухов ылдыйдан – Аксактын жанына Павло көтөрүлүп чыкты. Бригаданы бул жакка ал алып келет, Тюрин бул жүйөлөшмөйгө келип өзүн түшүрбөйт.

– Бештен тизил, жүз төртүнчү! – Павло үстүнөн кыйкырды.– Достор, силер нары-нары кирип тургула!

Ооба, достор азыр кирип калышат!

– Коё бер дейм, эй байкеси! Менин бригадам тигил! – Шухов силкийт алдыдагыны.

Коё берейин дейт анысы, бирок ар тараптан кысып турушат.

Эл термелет, кыстыгат – баланда алыш үчүн. Иштеп тапкан өзүнүн баландасын.

Анда Шухов башкача кылды: сол жактан кармагычтарга илинип, кире бериштеги устунга колун ороп, жерден көтөрүлүп асылып калды. Буту менен бирөөнүн тизесине чыкты, капталга бирөөдөн сокку жеди, бир-эки жолу сөгүп калышты, ал болсо соймолоп чыгып кетти: бир буту менен кире бериштеги үстүнкү тепкичтин чекесине туруп күтүп калды. Көрүштү өз балдар, колдорун сунду.

Ашкана башчысы кетип баратып, босогодон кайрылып буйруду:

– Киргизе бер, Аксак, дагы эки бригаданы!

– Жүз төртүнчү! – Павло кыйкырды, өзүнүн элин коё берип.

– Фу-у! – ашканага сыгылып кирди Шухов. Анан Павлонун буйругун күтпөстөн, идиш ташыгычтарды, бош идиш ташыгычтарды издеп кетти.

Ашканада, адаттагыдай, эшиктен буу оргуштап кирет, столдордо отурушат бирине бири күн караманын данектериндей, столдор ортолорунда жүрүшөт түртүшүп, кимиси толтура идиш ташыгычы менен жол салып. Шухов ушунча жылдан бери көнүп калган, көзү курч, көрүп калды: Щ–208 идиш ташыгычында беш чөйчөк менен келатат, демек, бригадасында акыркылары, болбосо эмнеге толук эмес баратат?

Жетип барды ага, кулагына шыбырайт артынан:

– Байкеси! Идиш ташыгычты – сенден кийин мен алайын!

– Тигил терезе жакта күтүп турат бирөө, беремин дегем…

– Бармагын сорсун, күтүп турат! Ачпасын оозду!

Сүйлөштүк.

Жетээр жерине алып келди, бошотту, Шухов идиш ташыгычты кармаганда тигил мурда сүйлөшкөнү чуркап келип калыптыр, наркы аягынан кармап өзүнө тарткылайт. Өзү болсо Шуховдон тыртайган неме экен.

Шухов аны тартып аткан жагына түртө салганда, тигинин колу ташыгычтан жулунуп, өзү устунга барып жөлөнүп калды. Шухов – колтугуна ташыгычты кысып, тамак тараткан жерге безди.

Павло терезеге кезек алган, ташыгычтары жок зэригип турат. Сүйүнүп кетти:

– Иван Денисович! – анан алдындагы 27-нин помбригадирин колу менен четке чыгарып: – Коё бер! Жөн турганда эмне? Менин ташыгычтарым бар!

Ана, Гопчик да шылуун ташыгыч алып келатат.

– Алар алагды болгондо, – күлөт, – мен тартып алдым!

Гопчиктен жакшы лагерчи болот. Дагы үч жыл үйрөнүп, чоңойсо – нан кескичтен төмөн болбойт.

Экинчи ташыгычты Павло килейген сибирдик киши Ермолаевге берди (ал да туткунда болгондугу үчүн он жылга кесилген). Гопчикти кайсы столдо тамак жеп бүтүшүп, бошойт – издегени жиберди. Шухов өзүнүн ташыгычын тамак таркаткан терезеге бурчу менен коюп, күтүп турат.

– Жүз төртүнчү! – Павло терезеге билдирди.

Терезелер бешөө: үчөө жалпы таркатма, бирөө тизмек боюнча тамактангандар (ашказан жарасы менен он адамдай жана бүт бухгалтерия), дагы бирөө – кир идиштерди кайтарууга (ал терезеде чөйчөк жалагандар мушташып жатышат). Терезелер бийик эмес – белден бир аз өөдөрөөк. Алардан ашпозчу өзү көрүнбөйт, бир гана колдорун жана сузгучтарын көрөсүң.

Ашпозчунун колдору каралган аппак, апсайган, москоол. Ашпозчу эмей эле боксчу. Карандаш алып дубалдагы өзүнүн тизмегинде белгилеп койду:

– Жүз төртүнчү – жыйырма төрт!

Пантелеев деген келиптир ашканага. Сыркоо эмес ал, митаам.

Ашпозчу үч литрлик сузгучун алып, челектин ичин аралаштыра, аралаштыра айлантты (челек жаңы куюлган экен, бир аз толтурулбай, буу оргуштайт). Анан жети жүз элүү граммдык сузгучун алып, түбүнө чейин малбай үстүнөн сузуп куюп баштады.

– Бир, эки, үч, төрт…

Шухов кайсы чөйчөктөргө коюу куюлганын жана кайсы чөйчөктөргө тунмасы отуруп, жалаң суу кеткенин байкап койду. Идиш ташыгычка он чөйчөк тизип алып жөнөдү. Гопчик колун булгайт экинчи устун тирегичтен:

– Биякка, Иван Денисыч, биякка!

Чөйчөк алып барыш – дырдалаңдап басыш эмес. Салмактуу баратат Шухов, бир да кагылышка учурабай, үнү менен көбүрөөк иштеп:

– Эй, Хэ тогуз жүз жыйырма!.. Абайла, байкеси!.. Кач жолдон, балакай!

Мындай жыкжыйма элдин ичинде бир чөйчөктү төкпөй-чачпай жеткириш кыйын, азыр колдо – оноо. Бирок Гопчик бошоткон столдун аягына ташыгычты жумшак коюп, шалпылдаткан жок. Өзү отура турган жерге бурчтагы эки коюу куюлган чөйчөктү өзүнө каратып ташыгычты койгонго үлгүрдү.

Артынан Ермолаев онду алып келди. Гопчик чуркап барып Павло менен акыркы төрт чөйчөктү колдорунда алып келди.

Кильдигс ташыгычта нан көтөрүп келди. Бүгүн ар кимдин жумушу боюнча тамак берди – кимге эки жүз, кимге үч жүз, Шуховго болсо – төрт жүз. Өзүнө төрт жүз грамм нан кабыгы менен алды, Цезардыкы эки жүз, ортосу.

Бригадалаштар ашкананын ар тарабынан чууруп келе баштады – кечки тамак алганы, кай жерге отурсаң, ошол жерден урдура бер. Шухов чөйчөктөрдү таратып атат, кимге бергенин эске тутуп, өзүнүн бурчун унутпай. Бир коюу куюлган чөйчөккө кашыгын салып койду – меники дегенсип. Фетюков өзүнүн чөйчөгүн биринчилерден алып кеткен: бригададан азыр эчтеке чыкпарын билип, ашкана ичинде тинтип, калдык издегени кетти (эгерде ким акырына чейин жебей, чөйчөгүн нары түртүп койсо, аны жорулар тарпты жулгандай талашып жок кылышат).

Павло экөөлөп порцияларды санап чыгышты, туура окшойт. Андрей Прокофьевич үчүн Шухов коюу куюлган чөйчөктү берди, Павло аны капкагы бар немистердин жалпак идишине куюп алды: бушлаттын ичине кымтып катып алып барса болот.

Ташыгычтарды берип салдык. Павло өзүнүн эки порциясы менен жана Шухов экөө менен. Башка эч нерсе жөнүндө сүйлөшкөн жок, ыйык мүнөттөр келди.

Шухов шапкесин чечип, тизесине койду. Кашыкты салып бир чөйчөгүн көрдү, экинчи чөйчөгүн. Эчтеке эмес, балыгы да жүрөт. Негизи, кечкисин баланда эртең мененкиге салыштырмалуу суюк келет: анткени эртең мененкисин иштей тургандай кылып зэкти тойгузуш керек, кечинде болсо мындай эле уктайт, өлбөйт.

Жеп баштады. Башында жалаң суусун шорголотуп ичип, ичип алды. Ысыгы кеткенде, денесине жайылганда – ичинин бүттүгү тим эле баландага карай талпынат. Жак-шы-ы! Мына, ушул кыска көз ирмемдик учур үчүн зэк жашап келатат!

Азыр Шуховдун эч нерсеге капасы жок: узак мөөнөтүнө да, созулган узак күнүнө да, дем алыш бербей койгонго да. Анын ойлору азыр: Кудай бергенин көрөбүз! Баштан өтөт бардыгы, бул да бүтөт акыры!

Эки чөйчөктөн тең ысык шорпосун ичип, биринен экинчисине бардыгын көмкөрүп алды, кашыгы менен түбүнөн шилеп. Ушинткенде тынчыраак болосуң, экинчи чөйчөктү ойлобой, колуң менен, көзүң менен аңдыбай.

Ошентип көзү бошогондон кийин – коңшулаш чөйчөктөргө көз салды. Сол жактагы кошунаныкы жалаң суу экен. Эмне кылып жатышат, жүзү каралар, өзүбүздүн эле зэктер!

Жеп баштады Шухов капустасын калган-каткан шорпосу менен. Картөшкө эки чөйчөккө бирөө тийиптир – Цезардын чөйчөгүндө. Орточо картөшкө экен, үшүк алган, албетте, катуусу бар жана татымы таттуураак. Балык жокко эсе, айрым сөөктөрү жүрөт. Бирок ар бир балыктын арка сөөгүн, куйруктарын эзилте чайнаш керек – андан ширеси чыгат, пайдалуу шире. Буга, албетте, убакыт керек, Шухов болсо азыр шашпайт, бүгүн аныкы майрам болду: түштө эки порция, кечинде эки порция амалданып таап жеди. Мындай иш үчүн бардык жумуштарды токтотуп койсо болот.

Тамеки саткан латышка барып келсекпи. Эртең менен тамекиси түгөнүп калышы мүмкүн.

Кечки тамакты Шухов нансыз жеди: эки порцияны нан менен май чайнагандай болбойсуңбу! Нан эртеңкиге калат. Ашказан деген шумпай, кечеки оокатты көпкө эскербейт, эртең кайра сурайт.

Шухов өзүнүн баландасы менен алек болуп, тегерек четте эмне болуп атканын байкоого алган жок, анын азыр кереги жок болчу: жаңы эч нерсеге ал көз арткан жок, өзүнүн законду тамагын жеп атты. Ошентсе да, наркы столдо бет маңдайда орун бошоп, ошол жерге бийик бойлуу чал Ю-81 отурду. Ал, Шухов билет, 64-бригададан, жана жөнөтмөдө кезекте турганда укту Шухов, 104-нүн ордуна Соцгородокко бүгүн 64-чү барды, күн кечке жылынбастан тикенек зымды тартып өзүнө өзү зона куруштү.

Бул чал жөнүндө Шуховго айтышкан, лагерде, түрмөдө эсеби жок отуруп келатат деп, совет бийлиги канча турат, ошондон бери, бир да амнистия буга жологон жок, бир он жылдыкты отуруп бүтсө, экинчисин ошол замат кайра мойнуна илишет.

Азыр Шухов аны жакындан көрдү. Бүкүрөйгөн лагердик аркалардын арасынан анын аркасы түптүздүгү менен айырмаланып турат, столдо отурганда алдына отургучка бир нерсе төшөп алгандай көрүнөт. Жылаңач башында кыркып-түздөөгө эчактан бери бир тал чачы калбаган – жакшы турмуштан күүлүп түшкөн бардыгы. Чалдын көздөрү ашканадагы уу-чууга чуркабайт, Шуховдун үстү жагына өзүнүкүн ойлоп, көрбөй тиктеп турат. Ал суу баландасын жыгач, жарака кеткен кашыгы менен шашпай жеп атты, бирок бардыгына окшоп чөйчөккө башын салып эмес, кашыгын оозуна чейин бийик көтөрүп. Тиштери үстүнкүсү да, алдыңкысы да эчак жок болгон: сөөктөй катып калган тиш эттери нанды тишке окшоп чайнап атты. Бетинде көргөн түйшүктүн бардыгы жазылып турду, бирок алсыз майып бечелдикиндей эмес, урунган кара таштай. Жарака кеткен чоң кара колдорун көрсөң: бул жакта аңкоолонуп көп деле

жүргөн эместей. А бирок өзөгү катуу, моюн бербейт: өзүнүн үч жүз граммын бардыгына окшоп, киргил, шалпылдап тамак төгүлгөн столдун үстүнө эмес, жуулган чүпүрөктүн үстүнө коёт.

Бирок аны көпкө карап туруууга Шуховдун убакыты жок. Тамактанып бүтүп, кашыгын жалап-жулап чокоюна салды, шапкесин матыра кийип турду, пайкаларды – өзүнүкүн жана Цезардыкын алып, чыгып кетти. Ашканадан чыгуу башка жагынан, ал жакта да эки дневальный турат, алардын иши болгону ушул – илгичти көтөрүп, элди чыгаруу жана илгичти кайра илип коюу.

Шуховдун курсагы ток, өзүнө алымсынып чыгып, мындай деп чечти: жатаарга чакыруу  маалы келейин деп калса да, латышка баары бир барыш керек. Өзүнүн тогузунчу барагына кирип нанды таштабастан, кадамын арыштап жетинчи барак тарапка басты.

Ай бийик турат, таптаза, аппак, асманга кесип тагып койгондой. Асман ачык. Жылдыздар жымыңдайт ар жерде. Бирок асманды да караганга Шуховдун убакыты жок. Бул тууралуу бир нерсени гана түшүнүп келатты ал – суук өзүнүкүн коё берген жок. Боштондогулар айтыптыр: кечинде отуз градус, таңга маал – кыркка чейин күтүлөт имиш.

Тээ алыста айылдагы трактордун тартылдап атканы, андан четкерээк шосседе экскаватордун мезгил-мезгили менен чайылдаганы угулуп турду. Лагерде басып же чуркап жүргөндөрдүн чокойлору кычыр-кычыр этет.

Шамал урган жок.

Колдун тамекисин Шухов мурдагыдай сатып алат, стаканы бир сом, боштондукта мындай стакан болсо үч сом турат, сорту боюнча андан да кымбат. Лагерде баалардын бардыгы өзүнүкү, башкага окшош эмес, анткени акча кармоого бул жерде болбойт, ал сейрек кимде бар жана өтө кымбат бааланат. Бул жерде иштеген үчүн бир тыйын төлөшпөйт (Усть-Ижмада Шухов айына отуз сом болсо да алчу). Эгерде кимге туугандары почта менен салып жиберсе, ал акчаны колго берчү эмес, өздүк эсепке жазып коюшчу. Өздүк эсептен айына бир жолу дүкөнчөдөн арак самын, чириген пряник, «Прима» сигаретин сатып алууга болот. Жактырасыңбы товарды, жактырбайсыңбы – начальникке канча сомго арыз жазсаң, ошончого сатып аласың. Сатып албасаң – акча баары бир жок болот, жокко чыгарылат.

Шуховго акча жеке жумушунан гана келчү: берген чүпүрөктөн тапичке тигип берсе – эки сом, күрмө тонду жамап берсе – сүйлөшкөндөй төлөп беришет.

Жетинчи барак тогузунчудай экиге бөлүнгөн эмес. Жетинчи баракта узун коридор, анда он эшик бар, ар бир бөлмөдө бир бригада, жети вагонка коюлган. Дагы дааратканa кабинасы бар, барак башчынын кабинасы. Сүрөтчүлөр да кабинада жашашат.

Шухов латыш жашаган бөлмөгө кирди. Латыш ылдыйкы нарада жатат, бутун өөдөкү тактайга коюп алган, коңшусу менен латышча булдуруктап атышат.

Отуруп калды Шухов алар менен. Учурашты. Тигил алигин айтты, бутун түшүрбөй. Бөлмө болсо кичинекей, бардыгы тыңшап калышат – ким келди, эмнеге келди дегенсип. Буну экөө тең түшүнөт, ошондуктан Шухов шашпастан кеп баштады: – И-и, иштер кандай, жакшыбы? – Болуп атат. Суук бүгүн. – Ооба.

Бардыгы кайра кужулдашып киргенче күтүп турду Шухов (Кореядагы согуш тууралуу талаш: кытайлар болушуп киргендиктен дүйнөлүк согуш болобу, жокпу), латышка эңкейди:

– Колдун тамекиси барбы?

– Бар.

– Көрсөтчү.

Латыш бутун тактайдан алып, жерге койду, көтөрүлдү. Сараң бул латыш, стаканга салганда – бир ором тамекиге ашык салып коёмбу деп калчылдай берет.

Көрсөттү Шуховго тамеки салгычын, ачып берди.

Шухов алаканга бир чымчым алып, көрдү: ошол экен, мурда алганындай, жыттуу да, кесилгени ошондой. Мурдуна алып жыттап көрдү – ошол. Латышка болсо сүйлөдү:

– Ал эмес ко.

– Ошол! Ошол! – зиркилдеди латыш. – Менде башка сорт жок, ушул гана болот дайыма.

– Мейли, – деди Шухов, – сен мага стаканга уруп берчи, мен бирди тартайын, экинчисин да аламбы, көрөбүз.

Уруп берчи дегени тигил зыкымдап эптеп толтуруп салат.

Жаздыктын алдынан латыш башка, томпойгон тамеки салгычын жана тумбочкасынан стаканды алып чыкты. Стаканы пластмасстан болсо да, берки кырдалган стаканга тең, Шухов ченеген аны. Салып атат.

– Сен басып салсаң, эй, басып салсаң! – Шухов өз бармагы менен чукуду.

– Өзүм билем! – ачуусу менен латыш стаканды жулкуйт, анан өзү бастырымыш этти, бирок жеңил-желпи. Дагы үстүнө сала түштү.

Ошол эле учурда Шухов күрмө тондун жибин чечип, ичтеги кебезинен өзүнө гана билинген кагазды сыйпалап тапты. Эки колу менен кебезден түрткүлөп, түрткүлөп такыр эле башка жеринен айрылган, эки жип менен эптеп тигилген жыртыкка жылыштырды. Жыртыкка жеткирип, жиптерди тырмагы менен үздү, кагазды узунунан жазды (ансыз да узунураак бүктөлүптүр) жана жыртыктан алып чыкты. Эки сом. Эскирген, кырсылдабайт.

Бөлмөдө болсо болушунча бакырып атышат:

– Аяп коёт силерди кара мурут абаңар! Анын бир тууганга ишенбейт, силерге окшогон далдырларга эмес!

Бул лагерде эмнеси жакшы – ээн-эркин сүйлөй бересиң. Усть-Ижмада шыбырап «боштондукта шеренке жок экен» деп койсоң, сени камап, эки он жылды мойнуңа илет. Бул жерде болсо үстүнкү нарадан каалаганыңды кыйкыра бер – ушакчылар аны жеткиришпейт, оперлер мейли деп тим болушкан.

Бирок бул жерде көп баарлашууга убакыт калбайт…

– Эх, аяп салып атасың, – деп Шухов чайкады башын.

– Ме эми, ме! – тигил бир чымчым кошту үстүнө.

Шухов ички чөнтөгүнөн өзүнүн тамеки салгычын алып чыгып, тамекини стакандан ошого көмкөрүп салды.

– Мейли, – деп чечти ал, биринчи бал тамекисин чуркап жүрүп чеккенди каалабай. – Экинчисин ура бер.

Дагы кыйкындашып, экинчи стаканды да салды салгычына, эки сомду берип, латышка башын ийкеп чыгып кетти.

Тышка чыгып, дароо өз жагына шашыла, шашыла жөнөдү. Цезарь жөнөтмөсү менен келгенин калтырбаш керек.

Бирок Цезарь өзүнүн ылдыйкы койкасында жөнөтмөсүн териштирип отуруп калыптыр. Алып келгенин койкасына, тумбочкасына жайып салган, лампанын жарыгы ал жакка тийбейт, Шухов жаткан өөдөкү тактай калкалап, ал жерди караңгылатып турат.

Шухов эңкейип, кавторанг менен Цезардын койкалары ортосуна келди да кечки пайканы сунду:

– Сиздин нан, Цезарь Маркович.

«Не, алдыңарбы?» – деп сураган жок, анткени кезек алып, менин да бир үлүшкө акым бар дегенсип шылтоо айткандай болуп калмак. Ал ансыз деле акысы бар экенин билет. Бирок ал сегиз жыл жалпы иште белин бүгүп жүрсө да тилемчи кейпин кийген эмес, жана барган сайын ушуга бекемделип келатат.

Көзүнө бирок ээ боло алган жок. Анын көздөрү, лагерчинин карчыга көздөрү койкада, тумбочкада жазылган Цезардын жөнөтмөсүн бир паста серп сала койду, кагаздардын чекеси гана ачылган, айрым баштыкчалары буулган болсо да, ошол көз жүгүрүм менен жана далилдеген жыты менен Шухов билди – Цезарь бул жолу колбаса, коюлтулган сүт, ышталган чоң балык, сало, жыттуу кургатылган нан, печений башка жыты менен, эки кило кант жана каймак май, тамеки, колдун тамекиси, дагы бирдеке, дагы бирдекелерди алыптыр.

Ушунун бардыгын: «Сиздин нан, Цезарь Маркович» – дегиче түшүнүп койду ал.

Цезарь болсо, чачтары кеткен, бейжай, мас кишидей (азык-түлүк жөнөтмө алган  ар киши ушундай болуп калат), нанга колун шилтеди:

– Аны өзүңө ал, Иван Денисыч!

Баланда жана эки жүз грамм нан – бул толук кечки тамагы жана, албетте, Шуховго Цезардын жөнөтмөсүнөн берилген толук үлүшү.

Шухов, кесип салгандай, Цезардын жазылган оокатынан өзүнө эч нерсе күтпөдү. Курулай алкымды ачып алгандан жаман нерсе жок.

Мына төрт жүз грамм нан, анан дагы эки жүз, анан дагы матраста эки жүздөн кем эмес. Жетет ошол. Эки жүздү азыр урдурабыз, эртең таңга маал беш жүз элүүнү, төрт жүздү жумушка алып барсак – жашайбыз! Тигил, матрастагы, жата берсин катылуу. Жакшы дагы, үлгүрүп тигип койгонун, анакей, 75-де тумбочкадан согуп кетиптир – сурай бер эми Жогорку Кеңештен!

Кээ бирөөлөр ойлошот: жөнөтмө алган чандайган чанач, ошондон жулгун деп. А бирок териштирип келгенде, канчалык жеңил келсе, ошончолук жеңил кетет алардыкы. Айрым учурда, жөнөтмө алаар алдында тигилер өздөрү ашыкча ботко иштеп тапканга жанталашат. Тамеки берчи деп калышат. Сакчыга, бригадирге, жөнөтмөнү колуңа тапшырган немеге кантип бербейсиң? Жөнөтмөң башка жолу келгенде аны жумалап бербей ит-акмагың чыгарбайбы. Ал эми мына эртең Цезарь продуктунун бардыгын баштыкка салып, тапшыра турган сактоо камерадагы (ууруллардан, тинтмелерден сак болот, начальник да ошентип буйруган) каптерго – ошого жакшы бербесең, аның чекесинен оюп, көбүрөөк жеп салат баштыгыңдан. Күн кечке отурат ошол жерде келемиштей болуп, бөтөндөрдүн продуктусун кайтарымыш этип, барып текшере бер эмне кылып атканын! Мына Шухов кызмат кылып жардам берди, буга кантип бербейсиң? Мончодо сага жакшыраак ич кийим берип турган немеге аз болсо да бересиңби? Чач тарачта сакал алгычты сенин жылаңач тизеңе эмес, кагазга сүртүп тейлеген немеге азбы, көппү бир-эки тамеки бериш керекпи? КВЧда катты унутуп, жоготуп, карабай койбосун үчүн – бериш керекпи? Бир күн иштебей, зонада эс алып уктап жаткың келсе, догдурга бересиңби? Ал эми сени менен бирге бир тумбочкада тамактанган коңшуга, кавторанг менен Цезардай, кантип бербейсиң? Ал ар бир үзүмүңдү санап турат да, бул жерде уятсыз да бетинен чыдабай берет.

Ошондуктан бөтөндүн колунда бөлкө чоң көрүнүп, көз арта берсин башкалар, Шухов болсо жашоону түшүнөт, башканын оокатына алкымын ачпайт.

Аңгыча ал бут кийимин чечип, үстүнө чыкты, колгаптан темир арааның сыныгын алып чыгып карап көрдү, эртең жакшы таш таап, муну бут кийим тиккенге бычак кылып курчутуш керек экен деп чечти. Эгерде эртең менен жана кечкисин отуруп курчутса, төрт күндө мизи ийри сонун бычак жасаса болот.

Азыр болсо эртең мененкиге чейин арааның сыныгын катыш керек. Өзүнүн тактайында туурасынан кеткен жерде эки тактайдын ортосуна

шыкап коюш керек. Азыр ылдыйда кавторанг жок, бетине ыпыр-сыпыр түшпөйт, Шухов жаздалган баш жагынан оор, кырынды эмес таарынды шыкалган матрасын омкоруп, араанын сыныгын катканы киришти.

Мындай ишин үстүндөгү кошуналары көрдү: Алешка баптист жана наркы беттеги коңшу вагонкада – эки ага-инидей болгон эстондуктар. Бирок Шухов алардан чоочулабайт.

Бaрактын ичин бойлой Фетюков өттү, ыйдан улутунуп. Үңкүйүп алган. Жарылган ээгинде сүртүндү кан. Чөйчөк талашып, кайра токмок жеген турбайбы. Эч кимди карабай, көз жашын жашырбастан бүт бригаданын жанынан өтүп, үстүгө чыкты, матраска башын чүмкөдү.

Мындай карасаң, аяп кетесиң муну. Мөөнөттүн аягына жетпейт бул кебетеси менен. Өзүн койгонду билбейт.

Ошол тапта кавторанг кирип келди, көңүлү жайдары, казанчасына накта чай көтөрүп келген окшойт. Баракта эки челек чай турат, бирок не деген чай дейсиң аны? Жылуу жана сары түстүү болбогон бирдеме, челектин бууга бышкан жыгачы жана чиригени менен жыттанат. Бул чай жөнөкөй жумушчулар үчүн. Буйновский болсо Цезардан анык чайдан бир ууч казанчага салып, суу кайнаткан жайга барып келген окшойт. Көөнү ток, ылдыйда тумбочкага жайланып атат.

– Шорголоґон кайнак сууга колумду күйгүзүп ала жаздадым! – мактанып койду.

Тигил ылдыйда Цезарь кагаз жазып, анын үстүнө ар нерсесин коюп атат, Шухов матрасты жапты, көрүп алып дайыны жок бук болбош үчүн. А бирок кайра эле Шуховсуз алардын иши жүрбөйт, көтөрүлдү Цезарь, Шуховго көзүн кысат:

– Денисыч! Жанагы… Он сутканы берчи!

Анысы чакан, бүгүлмө бычакты берчи дегени. Андай Шуховдо бар, аны да тактайга катып жүрөт. Эгерде бармактын ортоңкусун бүксөң, макиси андан да кичирээк болот, а бирок шумдугуң кургур, беш эли майды кесет. Ошол бычакты Шухов өзү жасаган, тыкандаган жана курчутуп жүрөт.

Алып чыкты бычагын, берди. Цезарь башын ийкеп, ылдыйга чөмдү.

Ошол эле бычак мына – таап берет. Аны сактап жүргөнүң үчүн – карцер. Абийирден качкан, адам сыягы жок неме гана минтиши мүмкүн: сен бизге колбаса кескени бычакты бергин, сага болсо коколой тикен жок деп.

Эми Цезарь кайра Шуховго бересе болуп калды.

Нан жана бычактарды тыкандап бүтүп, Шухов тамеки салгычын алып чыкты. Карызга сурап чеккениндей бир ууч тамекини алып, наркы беттеги эстонго сунду: ме, ырахмат бергениңе дегенсип.

Эстон оозун чойду жылмайгансып, коңшу байкесине бирдеке деп күңкүлдөдү, экөө жанагы бир ууч тамекини кагазга орошту, Шуховдун тамекиси кандай, жакшы экенби дегенсип.

Силердикинен жаман эмес, чегип көргүлө! Шухов өзү деле чегип көрмөк, бирок кайсы бир ичтеги сааты менен текшерүүгө аз-аз гана калганын сезип турду. Азыр сакчылар барактан баракка чуркап жүргөн кездери. Тамеки чегиш үчүн азыр коридорго чыгыш керек, Шуховго болсо өзүнүн керебетинде, үстүндө жылуураак көрүндү. Баракта эч бир жылуулук жок, төбөсүнүн бардыгын кыроо баскан. Түнүчүндө калчылдап каласың, бирок азыр чыдагыдай окшойт.

Шухов ушунун бардыгын жасап, эки жүз грамм нандан чекесинен сындырып жеп баштады, өзү болсо ылдыйда кавторанг менен Цезарь чай ичип, сүйлөшүп атканын аргасыздан угуп жатты.

– Алгыла, капитан, алгыла, тартынбагыла! Мынакей ышталган балыктан ооз тийгиле. Колбасадан алгыла.

– Рахмат, алып атам.

– Батонго май сүйкөп жегиле! Москвадагы накта батон!

– Ай-ай-ай, кайсы бир жакта азыр батон чыгарып атканына ишеналбай турам. Билесиңерби, мындай кокустан түшкөн молчулук бир окуяны элестетти көз алдыма. Бир жолу Архангельскиге барып калып…

Барактын жарымында эки жүз адам кыжы-кужу болуп атты, бирок Шухов жатаар маалды билдирип рельске балка урулганын укkансыды. Эч ким аны уккан да жок. Дагы бир нерсени байкады Шухов: Курносенький деген сакчы баракка кирди – чыпыйган жаш бала, бети кызыл. Колунда кагаз жүрөт, ошондуктан жана баскан-турганынан ал тамеки чеккендерди кармаганы эмес жана текшерүүгө чыгарганы эмес, башка бирөөнү издеп келгени билинип турду.

Курносенький кагазды карап, сурады:

– Жүз төртүнчү каерде?

– Бул жерде, – жооп беришти ага. Эстондор папиросту катып, түтүндү желпип жоготушту.

– Бригадир кана?

– И-и? – Тюрин койкадан үн чыгарды, бутун жарым-жартылай ылдыйга түшүрүп.

– Түшүндүрмө кат жазгыла дебеди беле, жаздыңарбы?

– Жазып атат! – Тюрин шек санабастан жооп берди.

– Тапшырыш керек болчу эчак.

– Менде жалаң сабатсыздар, оңой иш эмес. (Бул Цезарь жана кавторанг жөнүндө. Азамат, бригадир, сөздү бирөөдөн сурабай айтат.) Калем жок. Сыя жок.

– Болуш керек.

– Тартып алышат!

– Көрөсүң, бригадир, көп сүйлөсөң – сени да отургузуп салам! – кек сактабай коркутту Курносенький. – Эртең эртең менен тизилээрге чейин түшүндүрмө каттар сакчылар жайында болсун! Уруксат берилбеген

буюмдар өздүк буюмдар каптеркасына тапшырылганы көрсөтүлсүн. Түшүндүңбү?

– Түшүндүк.

«Кавторангды кудай жалгап отургузбайт экен!» – деп ойлоп койду Шухов. Кавторанг өзү эчтеке уккан жок, колбаса жеп жыргап сүйлөшүп атат.

– Та-ак, эми – деди сакчы. – Ще – үч жүз он бир – сендеби ушул?

– Тизмектен караш керек, – буйтактап жооп берди бригадир.– Бардыгы эсиңе түшөбү, бу ит номурларың? (Убакытты чоюп, Буйновскийди бул түнү сактап, текшергенге чейин калтырып калыштын аракетин жасап атат бригадир.)

– Буйновский – барбы?

– А? Мен! – Шуховдун койкасы алдынан, далдаадан кавторанг үн чыгарды.

Мына ушинтип шамдагай бит таракка дайыма биринчи сыдырылат.

– Сенби? Туура, туура Ще – үч жүз он бир. Камдангын.

– Каякка?

– Өзүң билесиң.

Үшкүрдү капитан, жөткүрүндү. Караңгы түндө миноносецтер эскадрасын албуут деңизге чыгарганда, ал мына ушул ылымы жакын маектешүүдөн суук карцерге жөнөгөндөй кыйналган эмес чыгаар.

– Канча суткага? – ырайы түшүп сурады ал.

– Он. Бол, бол эми батыраак!

Ошол замат дневальныйлар кыйкырышты:

– Текшерүү! Текшерүү! Текшерүүгө чыккыла!

Демек, текшерүүнү жүргүзгөнү келген сакчы баракка кирген экен.

Кылчактады капитан – бушлатты алыш керекпи? Бушлатты баары бир сыйрып салышат, жалаң күрмө тон менен калтырат. Ошол кейпиң менен кете бергин, демек. Волковой унутуп коёбу деп үмүт салды эле капитан (Волковой болсо эч кимге эч нерсени унутпайт), даярданбай отурган, күрмө тонго тамекини да катып алган жок. Колуңа алсаң – болбогон иш, тинтмеде ошол замат тартып алышат.

Ал шапкесин кийгиче Цезарь эки-үч тамекини колуна баары бир карматты.

– Кош калгыла эми, достор, абдырап, башын 104-бригадага ийкеди кавторанг, анан сакчынын аркасынан жөнөдү.

«Чөкпө», «башың салба» – деп артынан кыйкырып калышты балдар, – а башка эмне дейсиң? 104- өздөрү салган БУРду, билишет: дубалдары анын таштан, пол цемент, эч кандай терезеси жок, мешти жагышат – дубалдын музу эрип, полдо көлчүк болуп калгыча. Жатаар жериң – жылаңач тактай, тиш тишке тийбейт, бир күнгө – үч жүз грамм нан, баланда болсо – үчүнчү, алтынчы жана тогузунчу күнү берилет.

Он сутка! Бул жердин он сутка карцери, эгерде аны катуу эрежеси менен жана аягына чейин отурсаң, – ден соолуктан өмүр бою ажыраганың. Кургак учукка кабыласың, ооруканалардан чыкпайсың.

Он беш сутка катуу карцерге отургандар – көргө кетишкен эчак.

Баракта жашап жатасыңбы – кудайга тобо деп жүрө бер жана түрмөчүнүн колуна кармалба.

– Кана, чыккыла, үчкө чейин санаймын! – барак башы кыйкырат. – Ким үчкө чейин чыкпаса – номурларды жазып сакчыга берем!

Барак башы – мына үстүбүзгө дагы бир жүзүкара. Мындай карасаң, биз менен кошо баракта камалат, түн түнөйт, а бирок өзүн чоң коёт, эч кимден коркпойт. Тескерисинче, андан бардыгы коркот. Кимди сакчыларга сатып жиберет, кимди өзү тумшуктан нары бир коюп калат. Майып болуп эсептелет, анткени мушташта бир бармагын жулдуруп ийген, кебетеси болсо – урка. Чын эле урка, жазык статьясы боюнча отурган, бирок башка статьялардын арасында элүү сегиз – он төрттү илип коюптур мойнуна, ошондуктан бул лагерге туш келген.

Ал турган иш, кагазга жазып коюп, сакчыга карматат – мына сага эки сутка карцер жумушка чыгуу менен. Чыгуу тарапка шашпай сүйрөлгөн эл, бир убакта жык, жык толуп кетти, үстүнкү койкалардан күңк этип аюуга окшоп секирип түшүп, кууш эшикте жүйөлөшөт.

Шухов көптөн тилеген, өзү орогон тамекисин колуна кармап, шамдагай секирип түштү, бутун чокойго салып кетейин дегенде, Цезарды көрүп боору ачыды. Цезардан дагы бир нерсе иштеп табайын деген аракети менен эмес, жөн гана аяп койду: тигил өзүн көтөрүп, чоңмун деп ойлойт, а бирок турмушта эч нерсени түшүнбөйт: жөнөтмөнү алып, аны ачып жайылбай, текшерүүгө чейин тезинен сактоо камерасына алып барыш керек болчу. Курсак тойгузушту – ананкыга деле калтырса болмок. Азыр мына – жөнөтмөнү Цезарь эмне кылмакчы? Текшерүүгө кабың менен чыксаң – күлкүгө калдың! Беш жүз адам шылдыңдап күлөт. Бул жерде калтырса – баракка текшерүүдөн биринчи чуркап кирген неме акырын койнуна салып шилтеп кетиши мүмкүн. (Усть-Ижмада мыйзамдар мындан да кара мүртөз болчу: ал жактан жумуштан келатып, блатнойлор биринчи киришип, арткылар кирип келгиче, тумбочкалардын ичин тазалап кетишчү.)

Көрдү Шухов, алдастап калды Цезарь, тык-мык этет, а бирок кечикти. Сало менен колбасаны койнуна катат – эч болбосо ошолор менен текшерүүгө чыгайын деп, эч болбосо ошолорду сак калтырайын деп.

Аяды Шухов, минтип үйрөттү:

– Отур, Цезарь Маркович, акыркыга чейин, тигил караңгы жерде үңкүйүп акыркы чекке чейин отура бер. Сакчы дневальныйлар менен койкаларды карап, ар тешиктин баарын шимшигенде гана чыккын. Ооруп атам дейсиң. Мен болсо биринчи чыгам да, биринчи кирип кетем. Мына ушундай… – деп безип кетти.

Башында Шухов эптеп сыгылышып чыкты (оролгон тамекисин, бирок абайлап муштумда кармап). Барактын эки бөлүгүнө бир коридордо жана кире беришге алдыга талпынган эч ким жок, айбандай куу немелер зэктер, дубалга эки катар сол жакта жана эки катар оң жакта жабышып турушат – ортодо бир кишилик гана өтмө жер калды: ким келесоо, чыга бергин чилдеге, биз болсо бул жерде туруп турабыз. Ансыз деле күн кечке суукта жүрөбүз, азыр он мүнөт ашыкча суукта кимдин тургусу келет? Андай макоолор жок. Өлсөң бүгүн сен өлгүнүң, а мен эртең көрөйүн!

Башка күндөрү Шухов да дубалга жакын бүрүшүп турат. Азыр болсо кадамын кең таштап, жөн кетпей ырсыйды башкаларга:

– И-и жан бакмалар, эмнеден чоочудуңар? Сибирдин суугун көрө элексиңерби? Чыккыла, бөрүнүн күнүнө жылынабыз! Кел, кел байкеси чоктон түтөтөлү!

Кире бериштен тамекини түтөтүп, эшиктин алдына чыкты. «Бөрүнүн күнү» – деп Шухов жашаган тарапта тамашалап айды айтар эле.

Бийиктеп калыптыр ай. Дагы ушунча чыкса – төбөсүнө жетет! Асман ачык, көк тартып турат, сейрек жылдыздар жымыңдайт. Кар жылтылдайт, барактардын дубалдары да жарык – фонарлар жарыгын баспайт.

Тээтиги барактын жанында карайган эл жыбырап калыптыр – тизилүүгө чыгып атышат. Тигине башка барактын жанында да. Барактан баракка элдин күбүр-күбүр сүйлөшкөнү эмес, кар гана кыйчылдайт.

Тепкичтерден түшүп, эшиктерге бет маңдай беш адам турду, алардын артынан дагы үчөө. Ошол үчөөнө экинчи бештикти түзүп Шухов кошулуп туруп калды. Нан чайнап, тамеки тиштеп бул жерде туруп турса болот. Тамекиси жакшы экен, калп айткан жок латыш – күчтүү да, жыттуу да.

Акырындап эшиктерден келе баштады, Шуховдун артына эки-үч бештиктер туруп калышты. Эми бияка чыккандар, тигилерге жиндери келет: эмне коридордо тырышып турушат чыкпай? Алар үчүн үшүп турасың бул жерде.

Зэктерден эч кимиси саатты көргөн эмес, сааттын бул жерде эмне кереги бар дейсиң? Зэк билиши керек – качан туруш керек? Тизилээрге канча калды? Түшкү тамакка? Жатканга канча калды?

Айтышат, кечки текшерүү саат тогузда деп. Бирок эч убакта ал саат тогузда бүтпөйт, экинчи, үчүнчү текшерүү деп жандары тынбайт. Ондон эрте уктабайсың. Саат беште тургузат дешет. Молдован бүгүн жумуш бүтөөр маалда уктап калганы таң калычтуу эмес. Кай жерде зэк жылынса, ошол жерден уктайт заматта. Жума ичинде укталбаган уйкулар топтолуп, жекшембиде ишке куубаса – барак-барак катар укташат.

Эх, мына чыга бериштен каптап, каптап чыкты зэктер! – барак башы сакчы менен арттарынан үркүтүп койду окшойт! Ошентсин, айбандарды!

– Эмне? – биринчи катардагылар кыйкырды.– Арамзалык оош-кыйыш кылайын дедиңер? Боктон каймак чогулткан немедей эмине турасыңар? Эчак чыксаңар – эчак санап коймок.

Бүт баракты тышка чыгарышты. Баракта төрт жүз адам – бул сексен бештик чыгат. Биринин артынан бири, башында туура бештен, арты мындай эле тизилип калышты.

– Тияктагы, арттагылар, тизилгиле! – барак башы тепкичтен кыйкырды.

Дурайын десе, тизилишпейт шайтандар!

Эшиктен Цезарь чыкты үңкүйүп, оорулумун дегенсип, анын артынан эки дневальный бaрактын тигил жагынан жана экөө бул жагынан, дагы бирөө аксап чыкты. Ошолор биринчи бештик болуп туруп алышты, ошондо Шухов үчүнчү бештикте болуп калды. Цезарды болсо элдин аягына кубалашты.

Сакчы да чыкты тышка.

– Бештен бөлүн! – арттагыларга айкырды, кекиртеги жоон.

– Бештен бөлүн! – барак башы да айкырды, кекиртеги андан жоон.

Туруп калышпайт, дурайындар!

Барак башы эшиктин алдынан чыга качып, тигил жакка сөгүп да, аркадан муштап да!

Бирок ар кимди эмес, көрүп урат. Момундарды гана.

Туруп калышты. Тигил кайтып келди. Сакчы менен бирге:

– Биринчи! Экинчи! Үчүнчү!...

Саналган бештик – баракты көздөй безип кетет. Бүгүн начальник менен эсептешип бүттүк!

Эсептешип бүтмөкпүс, экинчи текшерүү болбосо. Бул бекерпоздордун беттери табактай, жүдөгөн койчудан жаман санашат: койчу окуусун окубаса да, малын айдап бара жатып, жатка билет койлору түгөлбү. А буларды канча үйрөтүшөт, курулай убара.

Өткөн кышта бул лагерде кургатма жайлар жок болчу, бардык бут кийимдер түнкүсүн баракта калчу – ошондо экинчи, үчүнчү, төртүнчү текшерүүгө көчөгө кубалап чыгараар эле. Кийинбей, жуурканга оронушуп чыкчу. Бул жылдан баштап кургатма жай тургузулду, бардыгына эмес, бирок үч күндүн биринде ар бир бригадага чокой кургатуу кезеги келет. Эми болсо экинчи жолкусун бaрактын ичинен санап баштады: бир бөлүгүнөн экинчиге өткөрүп санашат.

Шухов биринчи болбосо да, биринчиден көзүн албай ичке чуркап кирди. Цезардын койкасына чейин чуркап келип отурду. Чокоюн чечип, мештин жанындагы вагонкага чыкты, ошол жерден чокойлорун мешке койду. Бул жерде – эртерээк орун алыш керек. Анан кайра артка, Цезардын койкасына. Буттарын жыйып отурат, бир көзү – Цезардын баштыгын төшөктүн башынан суурубагыдай карап турат, экинчи көзү менен – меш-

ке жабалактагандар анын чокойлорун түртүп, жерге түшүрбөсүн деп байкап турат.

– Эй! – кыйкырганга туура келди, – Сен! Сары! Чокой менен бетке жейсиң! Өзүңкүн кой, башканыкын тийбе!

Чууруп, чууруп кирип атат зэктер баракка. 20-бригадага кыйкырышты:

– Тапшыр чокойлорду!

Азыр аларды чокойлору менен барактан чыгарышат, баракты кулпулайт. Анан суранып чуркашат:

– Гражданин начальник! Баракка киргизиңиз!

Сакчылар болсо штабга чогулушат – тактайлары менен бухгалтерияны келиштирет, качып кеттиби ким же бардыгы ордундабы.

Шуховдун бүгүн алар менен иши жок. Мына Цезарь эки вагонка ортосунан чыга калып, өз жагына кирип кетти.

– Рахмат, Иван Денисыч!

Шухов башын ийкеп, тыйын чычкандай үстүнө тез чыгып кетти. Эми эки жүз граммды жеп бүтүрсө болот, же экинчи тамекини чеге бер, же уктай бер.

Жакшы күн өткөргөндөн Шуховдун көңүлү жайдары, уйкусу деле келбегендей.

Төшөгүн жазганы Шуховго жөнөкөй иш: карайган жуурканды матрастан сыйрып, матраска жатасың (шейшепке Шухов кырк биринчи жылы үйүнөн кеткенден бери жата элек; азыр таң калат, аялдар шейшеп менен эмне мынча алектенишет, ашыкча кир жуушуп), башын – жыгач кырындыдан жаздыкка, буттарын – күрмө тонго, жууркан үстүнөн – бушлат; эми: Кудайга шүгүр, дагы бир күн өттү!

Карцерде уктабаганыма рахмат, бул жерде эптеп жан багарбыз.

Шухов терезени карай жатты, Алешка болсо ошол эле вагонкада тактай кырынын нары жагында, – лампочкадан жарык келиш үчүн башы менен ошол тетири жакты карап жатат. Кайра Инжилине үңүлгөн.

Шухов Кудайга тобо дегенин Алешка угуп калып, бери карады.

– Мынакей, Иван Денисович, сиздин дилиңиз Кудайга сыйынууга талпынып атпайбы. Неге ушул өзүңүзгө салган ооздукту чечпей жүрөсүз, ыя?

Кыйшая карады Шухов Алешканы. Көздөрү эки шамдай жанат тигинин. Үшкүрдү.

– Анткени Алешка, кудайга кайрылганым жанагы берген арыздарга окшоп, же дарегине жетпейт, же «сурамы орундатылбайт».

Штаб барактын алдында ушундай төрт кутуча бар, мөөр басып жабылган, айына бир жолу аларды опер бошотуп алып кетет. Көп адамдар ошол кутучаларга арыздарын ташташат. Күтүшөт, убакыт санашат: мына эки айдан кийин, мына бир айдан кийин жооп келет деп.

Жообу болсо жок. Же «орундатылбайт».

– Иван Денисыч, сиз аз, дилиңизди койбой кайрылган үчүн Кудай Сиздин тилегиңизди орундатпай жүрөт да. Сыйынып кайрылганыңыз тынымсыз болушу керек! Эгерде ишенимиңиз артып, тоого жылгын! – десеңиз, ал жылып кетет.

Күлүмсүрөп койду Шухов, дагы бир тамекисин ороду. Эстондуктан түтөтүп алды.

– Сен, Алешка, токтотчу жөн сүйлөй бергенди. Тоолор жылганын көргөн эмесмин. Бирок ошол тоолордун өзүн да көрө элекмин. Мына силер Кавказда баптисттик клуб болуп сыйынып жүрдүңөр, бир тоо жылдыбы деги?

Бу азап жегирлер: Кудайга сыйынып, кимдин жолун торошту билбейм? Бардыгына бирдей жыйырма беш жыл беришти. Анткени азыркы тапта бардыгына ушундай: жыйырма беш, бир ченем.

– А биз антип сыйынбайбыз, Денисыч, – Алешка түшүндүрүп атат. Өзүнүн инжили менен Шухов тарапка ооп келди, бетме бет. – Бу жалган дүйнөдө Кудай Таала күнүнкү наның жөнүндө гана сурап сыйынууну айткан: «Күнүңкү нанымды мага бере көр!» – деп.

– Пайканыбы? – сурады Шухов.

Алешка болсо сөзүнөн мурда көздөрү менен көбүрөөк көндүргүсү бар, колунан кармалап, акырын сылап айтып атат:

– Иван Денисыч! Жөнөтмө келсин же баланданын ашыкча порциясы тийип калсын деп кайрылбаш керек. Адам жогору койгону, Кудай алдында ыплас! Руханий дүйнө тууралуу сыйыныш керек: Кудай Таала биздин жүрөктөн кайнаган заарыбызды алып турсун деп…

– Андан көрө бери укчу. Бизде поломнялык чиркөөдө поп…

– Ошол поп жөнүндө – кереги жок! – Алешка суранат, көөнү ооругандан чекесин тырыштырып жиберди.

– Жок, сен баары бир угуп көр. – Шухов чыканактап турду.– Поломняда, ошол тегеректе, поптон бай киши жок. Мисалы, айталы, чатыр жапканы чакырса, элден күнүгө отуз беш сомдон алчубуз, поптон болсо – жүз сом. Кабагым-кашым дебей берчү. Ал, поломнялык поп, үч шаарда үч аялына алимент төлөчү, төртүнчү аялы менен жашайт. Облустук архиерей анын колунда, биздин поп архиерейге ченебей берет окшойт. Бардык башка попторго, эгерде аларды биз тарапка жиберсе, жашоо көрсөтпөйт, эч ким менен бөлүшкүсү келбейт…

– Неге сен мага поп жөнүндө айтып атасың? Андай чиркөөлөр инжилден алыстап кетишкен. Аларды камакка алышпайт же беш эле жыл беришет, анткени алардын ишеними бекем эмес.

Шухов камырабай, тамеки тартып, Алешканын толкунданып сүйлөп атканын карап турду.

– Алеша, – анын колун нары алып, бетине тамеки түтөтүп жиберди. – Мен, билесиңби, Кудайга каршы эмесмин. Кудайга мен жан дилим менен

ишенем. Бирок жанагы бейиш менен азап дегениңерге ишенбейм. Силер неге бизди келесоо көрүп, бейиш менен азапты айтасыңар? Ушунуңар жакпайт мага.

Шухов аркасынан жатып алып, тамекинин күлүн вагонка менен терезенин ортосуна, кавторангдын буюмдарын тешип күйгүзүп албагыдай кылып этият түшүрүп коюп жатты. Ойго чөмүлүп, Алешка эмне деп атканын уккан жок.

– Иши кылып, – чечти ал, – канча чокунба, мөөнөт кыскарбайт. Башынан аягына чейин отуруп бүтөсүң.

– Ал жөнүндө сурабаш да керек! – чоочуду Алешка. – Эркиндиктин сага не кереги бар? Ал жакта сенин кымындай ишенимиң ар нерсенин алдында калып, өчөт! Сен түрмөдө болгонуңа сүйүнгүн! Бул жерде өз жаның жөнүндө ойлонууга убакыт болот! Апостол Павел мындай деген: «Неге ыйлайсыңар жүрөгүмдү оорутуп? Мен камакка алынмак түгүл, Иса пайгамбар үчүн жанымды берүүгө даярмын!»

Унчукпай төбөнү карап жатты Шухов. Өзү да түшүнбөй калды, эркиндикти самайбы же жокпу. Башында өтө самап, ар кеч сайын саначу, мөөнөттөн канча күн өттү, канчасы калды. Кийин тажап кетти. Андан кийинчерээк угуп калды, бошогондор үйгө кетпей, куугунга айдалат имиш. Анан жашоосу кай жерде жакшы болот – бул жердеби, тигил жактабы, алдын ала билбейсиң.

Бир гана нерсени – үйгө жетүүнү Кудайдан сурайт эле.

Үйгө болсо коё беришпейт…

Алдаган жок Алешка, үнү менен көздөрү айтып турат, түрмөдө отурганын сүймөнчүлүк менен кабыл алат.

– Көрдүңбү, Алешка, – Шухов түшүндүрүп кирди, – сеники бардыгы орду-орду менен болуп келатат: Христос сага отур деп буйрудубу, Христос үчүн отурдуң. А мен неге үчүн отурдум? Кырк биринчи жылы согушка даярданбай калыптырбыз, ошон үчүнбү? А менде не күнөө?

– Экинчи текшерүүсү жок ко… – деп күңкүлдөдү Кильдигс өзүнүн койкасынан.

– И-и де! – кайтарды Шухов. – Экинчи текшерүү болгон жок деп морго көмүр менен жазып койсокпу. – Оозун ачып эстеп: – Укташ керек окшойт.

Ошол мезгилде тынчып магдырап бараткан баракта тышкы эшиктеги болттун карсылдап буралганы угулду. Коридордон чокой алып кеткен экөө чуркап кирип, жар салышты:

– Экинчи текшерүү!

Алардын аркасынан сакчы да:

– Чыккыла наркы тарапка!

Айрымы уктап да калышкан эле! Кыймылга келип, күңкүлдөшүп, буттарына чокойлорун кийип башташты (кальсон сейрек кимде бар, кебез

шым боюнча уктай беришет – аны чечип койсоң жууркан алдында жата албай селейип каласың).

– Тьфу, каргыш тийгирлер! – сөктү Шухов. Бирок анчалык деле ачуусу келген эмес, анткени уктай элек болчу.

Цезарь колун өөдө карай сунуп эки печений, эки кичине кант жана бир тегерек кесим колбаса берди.

– Ырахмат, Цезарь Маркович, – Шухов ылдыйга башын салды. – Кана, баштыкчаны өөдө менин баш жагыма бергиле, сак болот. (Жогору жактан колду салып тез алып кете албайсың, анан да Шуховдун төшөгүнөн ким издемек эле?)

Цезарь Шуховго өзүнүн байланган ак баштыкчасын бере салды. Шухов аны матрас алдына коюп, дагы күтүп турду көбүрөөк эл чыккыча, коридордун полунда жылаңайлак азыраак туруш үчүн.

Бирок сакчы арсылдады:

– Эй, сен! бурчтагы!

Шухов полго жылаңайлак буту менен жумшак секирди (чокою чулгоолору менен меште сонун орунду ээлеп турган – алгысы келген жок). Канча тапичке башкаларга тигип берди, өзүнө бирин калтырбаптыр. Эчтеке эмес, көнүмүш иш, көпкө чейин турбайбыз.

Тапичкелерди да күндүз таап алса, тартып алышат.

Кайсы бригадалар чокойлорун кургатканы берген болсо – алар да, кимиси тапичкечен, кимиси чулгоо ороп алган же жылаңайлак.

– Бол! Бол! – ырылдайт сакчы.

– Таяк жейсиңер, акмактар! – барак башы да бул жерде.

Бардыгын бaрактын тигил бөлүгүнө кубалап чыгышты, акыркылары – коридордо. Шухов ушул жерге дубалга, бейшептеген жерге жакын турду. Жер нымыраак бут алдында, кире бериштен ылдыйтан муздак тартып турат.

Бардыгын кубалап чыгышты, андан кийин сакчы менен барак башы дагы бир жолу карап чыкканы кетишти – эч ким жашынып калган жокпу, караңгы бир кычыкта уктап жаткан жокпу. Анткени саны жетпей калса – бир балакет, саны ашып кетсе да – бир балакет, кайра бардыгын санап чыгыш керек. Карап, карап чыгышты, эшиктерге келди.

– Биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү…– эми бачым бирден киргизип баштады. Он сегизинчи болуп Шухов сыгылып кирип келди. Өз вагонкасына чуркап барып, бутун тиремеге коюп, шып этип үстүнө чыгып кетти.

Жакшы. Буттарды эми күрмө тондун жеңине салып, үстүбүздөн жууркан, анын үстүнөн бушлат, уктадык! Эми барактын тигил бөлүгүн биз тарапка киргизишет, биз болсо кам санабайбыз.

Цезарь кайтып келди. Шухов ага баштыгын түшүрүп берди.

Алешка кайтып келди. Оокатка бышык эмес ушул, баарына жагынып, өзү болсо иштеп тапканды билбейт.

– Ме, Алешка! – өзүнүн печенийин берди. Күлүмсүрөдү Алешка.

– Ырахмат! Сиздин өзүңүздүкү жок да!

– Же-ей бер!

Бизде жок болгону менен биз иштеп таап алабыз.

Өзү болсо колбасанын кесилгенин – оозуна! Тиштери менен аны эзгилеп! Тиштери менен! Эттин даамы! Ширеси да чыныгы эттики. Тигил жакка, ичке кетти.

Бир аздан кийин, жок колбаса.

Калганын тизилээр алдында аймаш керек, – деп чечти Шухов.

Анан башын көмдүрө илбирек, жуулбаган жуурканды жамынып, тигил жактагы зэктер вагонка ортолоруна шыкалып киришип, качан тигил тарапты санап бүтөрүн күтүп турушканын тыңшап уккан да жок.

Шухов көңүлү ток уктап баратты. Бүгүн көп жерден жолу болду: карцерге отургузган жок, Соцгородокко бригаданы айдашкан жок, түшкү тамакта бир чөйчөк ашыкча ботко жеди, бригадир процентовканы жакшы жапты, дубалды Шухов көңүлү менен койду, темир арaанын сыныгы менен тинтмеде кармалган жок, кечинде Цезардан иштеп тапты жана тамеки сатып алды. Анан дагы ооруп калган жок, чыдады.

Эч бир капасыз, дээрлик бактылуудай күн өттү.

Ушундай күндөр анын мөөнөтүндө башынан аягына чейин үч миң алты жүз элүү үч күн болгон.

Дагы төрт жыл сайын бир күн кошулуп тургандыктан – ашыкча үч күн үстүнө кошулчу…

**(Аягы)**

Орусчадан которгон **Улан ЖУНУШБАЕВ**

## Боордоштор поэзиясы



## Аким ЫСКАК

# Коштошуу

*Мага арнаган жүрөгүңдөн,*
*Мээримиңди көрбөй Сенин.*
*Кетип барам санаамда – ырлар,*
*Махабатым, кош бол менин.*

*Көңүлүмдө өзүң салган,*
*Арылбастан муң-арманым.*
*Карай-карай көзүм талды,*
*Кош бол эми, ардагым.*

*Өрт тутанган жүрөгүмдө,*
*Табы калды сүйүүнүн.*
*Арманым да, тилегим да*
*Кош бол эми, сүйүктүүм.*

*Мага арнаган жүрөгүңдөн,*
*Мээримиңди көрбөй Сенин.*
*Кетип барам, санаамда – ырлар,*
*Махабатым, кош бол менин.*

---

**Аким ЫСКАК** – *казактын белгилүү акындарынын бири. Биз анын «Гүл бетиндеги тамчы» ыр жыйнагынан кыргызчаланган айрым ырлары менен тааныштырууну туура көрдүк. Аким Ыскак Казакстан Республикасынын парламент мажилисинин депутаты болгон.*

# Күн уулумун

*Күн уулумун, колдоочум – Күнүм менин,*
*Күн нурунан боюма сиңиргемин.*
*Туур бердиң сен мага элди ойло – деп,*
*Шол туурдан чыгат үнүм шаңдуу менин.*

*Ук калайык! Тыңдагын жүрөк үнүн,*
*Сен деп соккон шол үндү билеби ким?*
*Мен дагы жер шарынын тургунумун,*
*Сүйүүм – Жер, демөөрүм – Ай, тирегим – Күн.*

*Бийик… бийик… максатым бийик менин,*
*Бийигимден айланбайт башым менин.*
*Кылым карыйт үнүндө домбуранын,*
*Өзүң үчүн өрттөнгөн ырларымды,*
*Арман болбос жеткизсем сүйүүктүү элим!*

* * *

*Рас досум, тыңсынып жүгүрбөдүм,*
*Кыйналсам да жүрөксүзгө жүгүнбөдүм.*
*Ордо бузар чагымда,*
*Тыным бербес,*
*Текке кеткен болсо эгер күнүм менин.*

*Чапкылап ээ-жаа бербей көңүл-дүйнөм,*
*Ызгаарлуу болуп барат өмүр неден?*
*Эч качан коркута албайт өлүм-кемең,*
*Жан элем Жерим деген, Элим деген…*

*Бейпил бербей казактык ар-намысым,*
*Жакшылыкты урпакка жалгоо үчүн.*
*Бийик тутуп келемин ата салтын,*
*Бармак тиштеп дагы да калбоо үчүн!*

*Калса дагы кысылып бүгүн демим,*
*Мансап үчүн тыңсынып жүгүрбөдүм.*
*Ата-баба арбагы колдой жүрсүн,*
*Ырым менен айтылар сырым менин.*

## Акын жаны

*Ар бир таңдан күтүү менен жаңылык,*
*Күндөр, күндөр өтүп жатыр саналып.*
*Акын жалгыз отурат бөлмөсүндө,*
*Өз оюна өзү адашып, камалып.*

*Жазыксызды жагымсыз бир жан алдап,*
*Кетсе да акын арачага жаралмак.*
*Жүрөт дайым жүрөгүнө ой артып,*
*Келечекти даңазалап, кабарлап.*

*Мээримдүүлүк акын экөө жакынбы,*
*Өз энчисин барымталар жан башка.*
*Адашкан бир жолоочунун алдынан,*
*Акын ыры түнкү оттой жанбаспы.*

*Көбүк сымал көңүл толуп жүргөндө,*
*Сырт көздөргө компоёт го кур көөдөн.*
*Шол бир жандар күнөөлүүдөй шол үчүн,*
*Азаптанар акын барын билгенби?*

*Күн тизмеде, күндөр өтөр, ай да өзгө,*
*Ачык күнгө булут конор бир кезде.*
*Табигаттын сырынан да тереңде,*
*Акын жаны сезилбейт го жан көзгө,*
*Акын жаны сезилбестир жай көзгө!*

# Кызганбачы

*Муңайдың да бурулуп кеттиң неге,*
*Ишеничтен мен эмне кеттим беле?!*
*Каректериң жуулуп тамчы жашка,*
*Айтчы жаным таарындың сен эмнеге?*

*Кара түрмөк сел экен бузган баарын,*
*Эриксизден кыйналып сыздар жаның.*
*Көңүлүңдө кайгы-муң сезилип тур,*
*Белгисиби бул изи кызганычтын.*

*Өтсө күндөр сени эстеп сагынармын,*
*Жүрөгүмдө бир өзүң эсиңе алгын.*
*Пендемин го каталык кеткен чыгар,*
*Жүрөгүмдү мен, бирок алдабадым.*

*Кубанычым, көктөмүм, кызгалдагым,*
*Күн нурундай нур жүзүң жаркырасын.*
*Үмүт жиби абайла назик болот,*
*Үзүп алба, өзгөдөн кызганбагын.*
*Жадырачы жан эркем мурдагыдай,*
*Мага ишенсең, өтүнөм, кызганбагын.*

Казакчадан которгон **Мураталы ТУРДУБАЕВ**

---

**Мураталы ТУРДУБАЕВ** *1956-жылы Ош областындагы Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылында туулган. С. Чуйков атындагы сүрөт-көркөм окуу жайын, КМУнун журналистика факультетин аяктаган. Проза, ыр жазат. Кийинки мезгилде котормо жанрында күчүн сынап жүрөт. Учурда Казакстандын Астана шаарында эмгектенүүдө.*

*Рецензия*

**Догдурбек ЮСУПОВ**



# КАЗАК АҢГЕМЕЛЕРИНДЕГИ ӨМҮР ДАҢАЗАСЫ

Мурдатан бери эле боордош өлкөлөрдүн адабиятындай эле казак адабиятында да аңгеме жанрындагы жетишкендиктер адабият майданында өзгөчө салмактуу болуп келген. Белгилүү жазуучулардын көпчүлүгү бул татаал жана маанилүү жанрга кайрылышып, учурунда адамды толкундандырган актуалдуу проблемаларды таасын чечип берүүгө жатык тил менен аракет кылышкан. «Аңгеме өзүнүн кыскалыгы менен жыйнактуу кылат, импрессионисттик ыкмага – көз ирмемде жана так көрүүгө үйрөтөт», – (Юрий Казаков, «Эки түн», Москва, «Современник», 1986, 21-бет) деп орустун таланттуу аңгемечиси Юрий Казаков бул жанрга чоң маани берип, бекер жеринен казактын белгилүү жазуучусу, СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты **Абдижамил Нурпеисовдун** «Кан менен тер» романынан баштап, бир нече аңгемелерин которгон эместир. Ошондой эле бекер жеринен аңгемени адабий салгылаштын чечүүчү учурунда аткан залптары чечүүчү салым кошо турган кубаттуу алыска атуучу оор замбирекке салыштырган эместир. Мына ушундан эле аңгеме жанрына коюлган талаптын салмактуу экендиги таасын байкалып турат.

Аңгеме жанрында ар түрдүү индивидуалдуу көркөм изденүүлөр жана чечимдер менен учурдун маанилүү маселелери жөнүндө ачык баян айтылат. Адабияттын башка кубаттуу жана жеңил жанрларындай эле мында да СӨЗ башкы ролду ойноору ачык. Тактап айтканда, «Так айтылган жалгыз сөздү табуу үчүн миңдеген тонна сөз

---

**Догдурбек ЮСУПОВ** *1952-жылы Жайыл районунун Кайырма айылында туулган. Пржевальск (азыркы Каракол) педагогикалык институтунун орус тили жана адабияты факультетин аяктаган. Алгач, мектепте мугалим, кийин Панфилов райондук гезитинде котормочу, жооптуу катчы, редактордун орун басары, Чүй облустук «Чүй баяны», республикалык «Аалам» эркин гезитинде башкы редактордун орун басары болуп эмгектенген. Учурда республикалык улуттук «Кыргыз Туусу» гезитинде башкы редактордун биринчи орун басары.*

*«Кечүү», «Биздин балалыктын асманы» аттуу аңгемелер, «Көл кечи», «Шүүдүрүмдөгү издер» ырлар жана поэмалар жыйнактары жарык көргөн. «Жарык дүйнө» аттуу повесть, аңгеме, сатиралык аңгемелер жыйнагы жарык көрүүнүн алдында турат.*

кенин казып чыгарасың» (В.Маяковский). Мына ушундан эле бул жанрдын татаалдыгынан кабар алууга болот. Казак адабиятында да мурда башталган алгылыктуу баян азыркы аңгемелерде да улантылып жатат.

Биринчи кезекте белгилеп кетээрибиз аңгемелердин максаты жана милдети мурдатан эле жашообуздун (бытие) жалпы философиялык маселелери жана конкреттүү жекече адамдын тагдыры болуп келгендиги талашсыз. Бул тууралуу казактын таанымал жазуучусу Абдижамил Нурпеисов Мухтар Ауэзовдун чыгармачылыгына берген баасында так белгилеген. «Жалпы турмуштун философиялык маселелери, адам баласынын конкреттүү тагдыры, жогорку ой жүгүртүү жана жүрөк менен аябагандай толкундануу М.Ауэзовдун повесттери менен аңгемелеринин организмине бекем бириккен»... (А.Нурпеисов, «Мугалим жөнүндө сөз») – деп жыйынтык чыгарат.

Ал эми А.Нурпеисовдун өзү тууралуу Мухтар Ауэзовдун «Абайынан» кийин тарыхый романды жазууга белсенип киришүү үчүн казак жазуучусуна жеке гана талант эмес, ошондой эле эр жүрөктүүлүк да зарыл. Себеби казак адабияты үчүн «Абай» башка жазуучулардын эпикалык чыгармаларын дайыма ченей турган эталон болуп калбадыбы. Мына ошондуктан мүмкүн А.Нурпеисов өзүнүн үчилтигин жазууга киришпейт беле, бирок анын өз элине, кедей айылдардагы балыкчылардын турмушуна болгон сүйүүсү, анын өзүнүн мекенинин талааларына болгон өзгөчө ышкысы күчтүү болгондуктан, ал эми казактардын байыркысындай эле, жаңы тарыхы да адабиятта күңүрт чагылдырылгандыктан, Нурпеисов кандайдыр бир мезгилге тарыхый жазуучу болууну чечти», – (Юрий Казаков, «Эки түн», Москва, «Современник», 1986, 263-бет) деп казак жазуучусуна жогору баа бергендиги бекеринен эмес. Менимче, бул баа жалпы эле алдыңкы катардагы маанилүү маселелерди көтөргөн аңгемелерге таандык.

Казак адабиятында да аңгеме жанры ар тараптан өнүгүп, көпчүлүк линиялар: баяндоо-сюжеттик, лирико-монологдук, драматикалык-панорамдык линиялар боюнча өзгөрүүлөрдү баштан кечирип келди. Аңгеме жанры татаал. Мына ошондуктан бардык эле аңгемелердин өз максатына жетип, ийгиликтүү чыга бербеши белгилүү. Кээ бир жазуучулардын аңгемелеринде айрыкча гиперболизациялоо менен символикалуулукка кызыгып кетишип, конкреттүү аракетке, социалдык жана нравалык активдүүлүккө, адам мүнөзүнүн байлыгына көңүл бурбай келишкендери да болгондугу ырас. Бирок ошондой болсо да мезгилдин духовный проблемаларын чечүүгө, замандаштын мүнөзүн изилдөөгө жогорку идеялык-көркөм деңгээлде аракет кылган аңгемелер жаралбай койгон жок.

Адабиятта адамды даңктоодон ашкан сыймыктуу милдет болбосо керек. Байыркы мезгилден баштап, азыркы күндөргө чейин коомдун бүтүндөй тарыхы аркылуу турмушта жаркын жана гумандуу башталышты бекемдөөгө аракеттенүү кызыл сызык менен кеткендиги маалым. Дайыма алардын салтанаты адамдын аң-сезиминин өркүндөшү менен тыгыз байланыштырылган. В.Лениндин сөзү менен айтканда, адабиятчылардын иши «учурдун тарыхын жазуу» (В.Ленин. ТЧЖ., 9-том, 208-бет) болуп келген. Түздөн-түз алганда бул аңгеме жанрына да тиешелүү. Менин оюмча, заман өнүккөн сайын мурдагыдай сюжет кууп кетүү артта кала баштап, социалдык-психологиялык ой айтууга талап күчөгөндүгү бул жанрдын жаралышын да татаалдаштырып жатса керек. Тактап айтканда, «...Азыр публицистикалык маанайдагы чыгармалар алдыңкы планга чыкты» (И.Васильев, «Российская газета», № 80).

Казак адабиятын Мухтар Ауэзовсуз, анын «Абай жолу» эпопеясысыз элестетүүгө болбойт. Дегинкиси кайсы гана жазуучу болбосун жалпы улуттук адабият менен бирге калыптанат эмеспи. Ошондуктан жазуучунун чыгармачыл бейнесинде улуттук

адабияттын бардык жетишкендиктери менен жетишпегендиктери чагылдырылаары айгине. Ал эми М.Ауэзовдун чыгармачылык жолу өзгөчөлүү болду. Ошондо улуттук адабияттын телчигүү шарттарында жаш Ауэзов башкалардай калыптануу жолунан өтпөстөн эле алгачкы чыгармасы – «Енлик - Кебек» драмасы менен ийгилик дабанын багындырып, новатордук ачылыш жасады. Мына ушул драма менен казактардын улуттук профессионалдык театралдык маданиятынын башталгандыгы да бекеринен эмес. Бирок жазуучу өзүнүн эч жерде кайталангыс үнүн аңгеме, роман жанрларынан тапты десек жаңылбайбыз.

Мухтар Ауэзов прозадагы эң сүйүктүү жана бир кыйла татаал жанр болуп саналган аңгеме жазуунун чебери экендигин даана тастыктай алды. Алгачкы «Жетимдин үлүшү» аңгемесинде шаар менен айылдын ортосундагы ээн талаадагы адамдын изи түшпөгөн жолдо бир үй-бүлөнү багып-каккан адамдын өлүмүнө байланыштуу бир түндөгү окуя таасын сүрөттөлгөн. Коргоочусу жок байкуш кызды зордоп койгон абийирсиз Ахан болуштун образы менен автор мерестик менен ыплассыздыкты, жагымсыз патриархалдык дүйнөнүн ар тараптан кулашын көрсөткөн. Бул аңгемесинде М.Ауэзов өткөндүн көмүскө жактарын гана ачып бербестен, ошондой эле адамзаттын бактысынын назиктигин, аялуулугун терең түшүнгөн терең гуманист катары да өзүн айгинелей алган.

Каардуу реализм Ауэзовдун сүрөткер катары калыптанышына өзүнүн жагымдуу кызматын көрсөтө алды. Патриархалдык-общиналык коомдон социалисттик формацияга гиганттык секирик жасаган элдин турмушунда социалдык, коомдук, этикалык жана моралдык татаал проблемалар жетиштүү болчу. Бул жайнаган проблемаларды көрсөтүү, чагылдыруу советтик казак адабиятчыларынын алгачкы муунунун үлүшүнө тийди. Албетте, алардын арасында Ауэзовдун карааны бараандуу экендиги талашсыз.

Жазуучу алгачкы чыгармаларында эле эң ыймандуу адамдык сапаттардын бири – эркиндикке умтулууну сөз тизмеги менен айтып берүүгө аракеттенет. «Көк серек» аттуу аллегорикалык аңгемесинде намыскөй эркиндикти сүйүүчүлүк сапаты чагылдырылган. Бул аңгемесинде жазуучу эрксизден адамдын колуна түшүп калган бөлтүрүк жөнүндө, анын эркиндикке умтулуп, курсагы ток болуп колго түшкөндөн көрөкчө, эркиндикте ачка, бирок намыстуу өлүмдү туура көрөт. Бул аңгеме венгер акыны Шандор Петефинин карышкыр жана ит жөнүндөгү ырлары менен үндөш. Көркөмдүк күчү жана колорити боюнча «Көк серекти» Джек Лондондун «Ак азуу» аңгемеси менен салыштырууга болот. Чебер зергердин шыктанган колу менен жазылган бул аңгеме казак новеллистикасында азырынча эч ким жете элек бактылуу чоку болуп саналат.

Мухтар Ауэзов өзүнүн аңгемелеринде жеке гана казактардын эркиндикке умтулган эрктүү духун жана түбөлүктүү аракетин көрсөткөн эмес. Ал улуттук көз карандысыздык үчүн элдин күрөшүнүн көп кылымдуу тарыхына терең сүңгүп кирген биринчи реалист жазуучу болгондугу менен даңазалуу. Ауэзовдун ар бир аңгемесинде жарандык пафоско жык толгон жана ири социалдык проблемаларды козгогон панорамдуу картина тартылган. Алар кийинчерээк элдин турмушунун энциклопедиясына айланган келечектеги кеңири полотнонун прелюдиясынан болуп калышты. Жазуучунун ар бир аңгемеси өз алдынча алганда көп кырдуу казак акыйкаттыгынын тигил же бул конкреттүү тарабын чагылдырып, коомдук-социалдык чындыкка, мүнөздөрдүн чындыгына ылайык келген жаркын образдарды ачып, адамдык бакыт менен кайгыны, кубаныч менен кейишти, сүйүү менен жек көрүүнү, ийгиликтер менен кемчиликтерди дааналап көрсөттү. Булардын бардыгы биригип келип, Ауэзовго чейин эч ким ачпаган

жаңы дүйнөнү ачты. Белгилүү казак жазуучусу, СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Абдижамил Нурпеисовдун сөзү менен айтканда, «Ауэзовдун чыгармачылыгы жарандык эрдик болуп калды. Эгерде, мындан элүү жыл мурун өзүнүн жазма адабияты болбогон казак эли азыр өнүккөн жана көп жанрлуу адабияты менен сыймыктана алат. Бул ийгиликте ал көп тарабынан Мухтар Ауэзовдун талантына милдеткер...»

Биз макалабыздын башында орус адабиятчыларынын айткандарына бекер жеринен токтолуп жаткан жерибиз жок. Бардык союздук адабияттардай эле казак адабияты да орус адабиятынын үлгүсүндө өнүгүп-өскөндүгүн эч ким тана албас. Демек, казак жазуучулары да аңгеме жазууда орус жазуучуларынын аңгемелерин окуп үйрөнүп, алардын сабагында гана өз алдынча сөзгө алуунун объектисинен болгон аңгемелерди жаратышкандыгы талашсыз. Ал турмак орус жазуучуларынан түздөнтүз сабак алуунун айкын мисалдары да бар. Мисалга алсак, белгилүү жазуучу **Мухтар Магауиндин** «Тулымхандын бактысы» аңгемеси А.Чеховдун так ирониялуу ремини-сценциясы, ал эми «Архив тарыхында» Ю.Домбровскийдин таасири сезилет. Анын ит, жылкы тууралуу аңгемелери орустун белгилүү жазуучусу Г.Треопольскийдин айтылуу Бим тууралуу повестин эске салат. Бирок, мындай байланыштардын бардыгы М.Магауинге өзүнүн турмуштук материалы, өзүнүн темасы, дүйнөнү таанып билүүдөгү өзүнүн көз карашы бар оригиналдуу казак прозаигинен болуусуна жолтоо болбойт. Ал казак адабиятында Абиш Кекилбаевдин, Дулат Исабековдун, Дүкөнбай Досжановдун жана Оролхан Бокеевдин ысымдары менен байланышкан «орто муундагы» жазуучулардын катарына кирет.

Жазуучунун бала чагы айылда өткөн. Ошондуктан ал элет турмушун жакшы билет жана аны чын ыкласы менен сүрөттөөгө кызыгат. Бирок өзүнүн адабий теңтуштарынын көбүнөн айырмаланып, М.Магауин шаарга да аз көңүл бурбайт. Анын үстүнө анын аңгемелериндеги «шаар окуялары» шаардын чет жакаларында жана жаңы кичирайондордо, студенттик жатаканаларда жана жеке менчик ижараларда өтөт.

М.Магауин айыл менен шаарды алардын өз ара байланышуу, өз ара жуурулушуу учурун да чебер сүрөттөйт. «Нөшөр» аңгемесин буга мисал кылып көрсөтсөк болот. Аңгеменин негизги каармандары: борбордо жүрүп эч нерсеге жетишпеген жана ушул эле учурда айыл турмушунан четтеп кеткен, иши жүрбөгөн шаардык менен анын курдаштары – албеттүү, ачык-айрым элеттик жигиттер. Жазуучуну айыл менен шаардын өз ара мамилеси жөн гана кызыктырбастан, анын көңүлүн адамдын нравалык милдеттеринин жаркын проблемалары катары көңүлүн бурат. Анын каармандарынан болушкан студенттер да, капкачан эле студенттик куражтан өткөндөр да чыныгы адам деп аталуу укугуна үзгүлтүксүз, чексиз сынактан өтүшүп, мезгилдин алдында, коомдун алдында, өзүнүн алдында абийирлери таза.

«Нөшөрдүн» башкы каарманы Уакастын драмасы эмнеде? Ооба, «ал кырдаалды, ал турмак күтүүсүз кырдаалды тезинен өздөштүрүү шыгына ээ» экендигинде. Өмүр бою Уакас кырдаалга ыктап, аны менен күрөшүүгө аракет кылбай, агым менен агып кете берди, бирок жосунсуз жоруктарга барган жок. Ал эми «Тал чыбыктай буралган» аңгемесинин каарманы – жаш окумуштуу Бексеит кырдаалга багынып, ага тагдыр тартуулаган эң кымбат нерсени тепсеп салды. Окумуштуулук карьерага кызыгып сүйүүдөн, үй-бүлөдөн кечип, илимге баш-оту менен киришкен бойдон калды. Натыйжада ал карыганда өзүнүн шумдуктуудай көркөм профессордук кабинетинде соксоюп жалгыз калып, жазган эмгектеринин кол жазмаларын аңтарып, бой көтөргөн, урушчаак жана митайым аялы Күлжакан менен ыркырашып айтышып, биринчи аялы Айгүлдүн айылдан оорулуу баласы Сейтжан тууралуу жазган катын үн чыгарбай окуп отурат. Диссертациясын жактоо үчүн жүгүрүп жүргөн аспиранттын ошол кезде оору-

луу баласын кароого да «колу тийген» эмес. Эми эң башкысы, Бексеит Күлжакандан эч жакка кете албастыгын, азыр экөө кош өтүктөй экендигин жакшы түшүнөт.

Жазуучу эч кандай деле ар тараптуу моралдык рецепттерди сунуш кылбайт. Бардыгы көз каранды болбой турган, бирок эске алууга тийиш болгон ошол кырдаалдарга жараша болот. Кээ бир учурда өрнөктүү адам болуш үчүн тактык жана карапайымдык талап кылынат («Биздин тууганыбыз, менин балдарымдын таякеси», «Энелер»), ушул эле саптар кээде күтүүсүз жагымсыз окуяга да алып келиши мүмкүн («Кежир»). Ал эми намыскөй сулуу Батиш өзүнө асылган бардык айылдык жигиттерге карабай, акыл-эстүү, оор басырыктуу фельдшер жигит Бейсенди сүйүп калат. Бейсен боксёр болгондуктан, ал кызга тийишкен жакында эле түрмөдөн келген Жартыбайдын мурдун жара коёт. Натыйжада бардыгын таң калтырып, Батиш дал ошол Жартыбайга турмушка чыгат. Мындай күтүүсүз чечилиштер жазуучунун аңгемелеринин окумдуулугун ого бетер арттыраары шексиз.

М.Магауин өзүнүн аңгемелеринде дайыма моралдык нормалардын социалдык, коомдук маңызын баса белгилегенге эптүү. Буга мисал катары «Архив тарыхын» алып көрөлү. Аңгеме «архивде кырк эки жыл үзгүлтүксүз отуруп, улуу илимий ачылыштарды жасаган, бирок алар жөнүндө бир сап жазууга да убакыт таппай, өлөөр алдында өзүнүн бардык баа жеткис материалдарын шамалга учурган чыканактай үнсүз Самет чал… жана анын мурасчысы, анын ишин жөн гана улантпастан, жаңы агымга багыттоочу, бирок жаратылыш берген талантын пайдалана албай калып, убакытты бекерге өткөргөн Сембек тууралуу». Сембек да Саметтин жолуна түшүп, өзүнүн ачылыштарын максатсыз эле сыр кылып сактаган рыцарга айланат. Сембек – кажыбас эмгекчи, зор талант, ал акыл-эси менен эле бардык тиричилик жыргалчылыктарынан баш тарта, ошого карабастан анын жүрүш-турушунда моралга жат көрүнүштөр байкалбайт. Аңгемечинин: «Мунун бардыгы ким үчүн, сен эмне менен алектенүүдөсүң? Кайсы максат үчүн? Билсең бул – сенин элиңдин казынасы… Демек, сен бул казынанын дарбазасын атайлап бекитип салган кылмышкерсиң», – деп өзүнүн эски таанышынын көзүнө каардуу сөздөрдү айткандыгы туура.

Ушул жерден Мухтар Магауиндин анималисттик аңгемелери («Дөбөттүн өлүмү», «Күлүктүн тагдыры») жөнүндө айтууга туура келип турат. Бул аңгемелер казак адабиятында М.Ауэзовдун «Көк серегинде» башталган салттын уландысы. Андагы ит менен жылкынын «психологиясы» көркөм жана ишенимдүү сүрөттөлгөн. Ошол эле мезгилде бул аңгемелер, албетте, адамдар тууралуу да. Аңгемелерди кылдат ой жүгүртүп окуп отурсаң, жаныбарлардын тагдыры бизди адамзаттын моралы тууралуу ойлонууга мажбурлайт.

Кыргыз Эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун 1969-жылы ошол кездеги жаш жазуучу жөнүндө: «Мухтар Магауин өз элинин тарыхын мыкты билет», – деп айтканы эсибизде. Демек, ойдон чыгарылбаган турмуш чыныгы жана катаал жазуучу Мухтар Магауиндин чыгармаларынын барактарынан жандуу туруп келип, анын каармандары түптүү нравалык баалуулуктарды туруктуу коргошкондугу менен өзгөчөлүү жана баалуу.

Казак адабиятында аңгеме жанрынын өз орду бар. Кээ бир адабиятчылар сөз кылгандай, казак адабияты аңгемеге жарды деле эмес. Бирок кеп анын салмагы, мындайча айтканда, козгогон проблемасы, жанрдын жазылыш тактыгында. Орто муундагылардыкын эле санасак, аңгемелердин узун тизмегин келтирүүгө болот. М.Магауиндин, С.Муратбековдун, Д.Досжановдун, О.Бокеевдин, С.Санбаевдин, Т.Нурмагамбетовдун аңгемелеринде согуштан кийинки муундардын татаал тагдыры ишенимдүү сүрөттөлүп, өз чама-чарктарына жараша алдыга проблемаларды коюшуп,

өз алдынча чечип берүүгө аракет жасашкан. Менин оюмча, заман өнүккөн сайын мурдагыдай сюжет кууп кетүү артта кала баштап, социалдык-психологиялык ой айтууга талап күчөгөндүгү бул жанрдын жаралышын да татаалдаштырып жаткан сыяктуу. Азыр коюлуучу талап да күчтүү. Тактап айтканда, «… азыр публицистикалык аңгеме алдыңкы планга чыкты» (А.Рубашкин. «Прямая речь», «Сов. писатель», 1998).

Казак адамынын духовный мейкиндиктери, учурдагы анын гумандуу түзүүчүлүк ролу С.Санбаевдин, Б.Нуржекеевдин, О.Бокеевдин, М.Кабанбаевдин, А.Нурпеисовдун, А.Кекилбаевдин аңгемелеринде таасын чагылдырылып, так философиялык-публицистикалык мүнөзгө ээ. Чоң публицистика болсо залкар ойлорго жана чоң проблемаларга таянат эмеспи. В.Белинскийдин сөзү менен айтканда: «Ар бир улуу жазуучу анын азап чегүүсүнүн жана ырахатынын тамыры коомчулук менен тарыхтын кыртышына терең киргендиги үчүн улуу…» (В.Белинский. ТЧЖ, М., 1955, 6-том, 586-бет) болуп саналат. Мунун биринчи кезекте публицист-жазуучу үчүн зарыл экендигин комментарийлөөнүн зарылдыгы деле жок. Анын эмгегинин масштабдуулугунун чеги да мына ушундан.

Маселен, **Оролхан Бокеевдин** повесть-аңгемелеринин утушу – окурманга интенсивдүү таасир көрсөткөндүгү, автордук ойдун тактыгы, дүйнөгө демократиялуу жана философиялуу ой жүгүрткөндүгү менен айырмаланат. Жазуучунун «Кар кыз» аттуу повести көлөмү жагынан чакан. Аңгемеге тете. Мында сюжеттик линия да, адамдардын мүнөзүнүн галереясы да жок. Жазуучу аңгемесинде зор эпикалык полотнону түзүүгө аракеттенбегендиги менен бир кыйла эпикалык ой айтууга аракеттенген. Белгилүү болгондой, мындай чыгармаларда негизги жүктү символикалуу образдуулукка синтезделген баалуу автордук ой жүгүртүү көтөрөт. Чыгарма окурманга интенсивдүү таасир көрсөтүү менен утуш алат. Дегинкиси О.Бокеевдин аңгемелериндеги дагы бир өзгөчөлүк элдик легендалар, фольклордун элементтери ишенимдүү түрдө көркөм текстке айкалышып, өзүнүн чыгармачыл ой түйүнүнө ылайык автордук фантазияга жуурулушат. Сатимжан Санбаевдин «Түбөлүктүү кармаш» аңгемеси тууралуу да ушул эле ойду айтууга болот.

Казак сынчылары орто муундагы жазуучу **Тынымбай Нурмагамбетовдун** чыгармачылыгы казак элинин сүйүктүү жазуучуларынын бири Баимбет Майлиндин чыгармачылыгы менен үндөш деп жүрүшөт. Анын каармандары Майлиндин каармандары сыяктуу эле жөнөкөй, карапайым адамдар, казак айылынын адамдары.

Тынымбай Нурмагамбетовдун чыгармачылыгынын ийгилиги эмнеде? Себеби анын чыгармаларында автордун бир тууган жаратылышка жана ааламдагы бардык жандууларга болгон сүйүүсү айкын чагылдырылган, жүрөк жылуулугу арналган, анын чыгармаларынын башкы каарманы – бул аң-сезими таза, келечекке зор ишеним менен караган адам. Ал өзүнүн аруу ишенимин өтө оор турмуштук кырдаалдарда да жоготпогондугу менен элестүү. «Кош бол, ата» повестиндеги Көктөмбай бала мына ушундай. Анын көкүрөгү таза, дал ушул булутсуз ачык кичинелер дүйнөсү балага түшүнүксүз болгон чоңдордун дүйнөсү менен карама-каршылыкка чыгат. «Мени укчу, ата… Бул мен, Көктөмбаймын. Сага азыр ким келгендигин билесиңби? Таласбай, Шодур жана атам… Алардын дубасын кабыл алба, ата, кабыл алба! Сен аларды укпа, бүгүн мени кантип урушкандыктарын эгер билсең. Ата, мен аларды жек көрөм. Шодур коделекти бербей жатат. Ата, Таласбай түндүгү бар мазар кургусу келип жатат. Кереги жок, андан көрө жер өзү таза, ал ушунчалык жумшак…» Чоң атасынын мүрзөсүнүн жанында отурган бала чоңдордун эки жүздүүлүгү менен көркоолугуна жини келет. Ал өзүнүн атасын да аябайт. Бабалардын жеринин тазалыгына, ыйыктыгына ишенет.

Бул ой жазуучунун бардык чыгармаларында кызыл сызык аркылуу өтүп, башкы идеялык концепцияга айланат. Тууган жерге болгон сүйүүдөн өткөн жыргалчылык жок, ал эми тууган жердин жаратылышына жана адамдарына болгон сүйүү дарылык касиетке эгедер… Жазуучунун башка чыгармаларынын каармандары да («Чабалекейдин уясынан» – Шорман, «Таза суудан» – Елжан, «Кайыкчыдан» – Ерсайн, «Балалыктын талаасынан» – Кыяс ж.б.) өздөрүнүн нравалык тунуктугу менен Көктөмбай баланы эске салышат.

Тынымбай Нурмагамбетовдун чыгармачылыгы бекер жеринен элет дүйнөсү менен байланышкан эмес. Жазуучу элет жашоочуларынын психологиясын, алардын тирлигин, тилин мыкты билет. Анын чыгармаларын окуганыңда мурда өзүң жакшы билген конкреттүү айылда жүргөнүңдөй сезесиң, анын каармандары тааныш, өзүң менен бирге өмүр өткөрүп жаткандай сезилет. Калдактаган Шашубайдын жосунсуз жоруктарына чын жүрөктөн каткырып, карыя Нуржанга бооруң ооруп, жүрөгүң кысылат, Шормандын чабалекейлеринин учканына дем чыгарбай тигилип, нагашыбайдын очогундагы тезектин түтүнүнө назик термелесиң…

Карапайым адамдар – Тынымбайдын түгөнгүс темасы мына ушу. Карапайым адамдардын арасынан автор тууган жер менен биримдиктин зарылдыгын курч сезген чыныгы, астейдил адамдарды издейт. Нравалык тазалык, ички күч-кубат, ишеним сезими, тууган жерге арзуу – жазуучунун чыгармаларынын каармандарынын – карапайым, бирок ички дүйнөсү бай адамдардын мүнөздүү белгилери мына ушундай. «…Элет жана анын карапайым жашоочулары жөнүндө жазганды жакшы көрөм жана жазып жатам. Минткендигим, элетте төрөлүп, анда өсүп-чоңоюп, азыркыга чейин айыл менен бекем түйүн аркылуу чырмалышкан окшойт», – деп жазуучу өзү бекер жеринен айтып жатпаса керектир…

Казактын көрүнүктүү жана таланттуу жазуучусу Тахави Ахтановдун Тынымбай Нурмагамбетовдун аңгемелери тууралуу айтканына токтолуп кетүүнүн өңүтү келип турат өңдүү. «Биздин Сырдарыянын этегиндеги айдың талааларда дүзгөн аттуу чычырканак өсөт. Ботаниканы жакшы билбесем да мен аны өзүмчө сөксөөлдүн кичүү иниси деп атап коём. Анын ийри-муйру жана тикенектүү бутактарына кышкы ызгаар менен бороон-чапкын, жайкы аптап менен кургакчылык анчалык деле коркунуч туудурбайт, ал чыдамдуулуктун белгисиндей сезилет. Мен Тынымбай Нурмагамбетовдун аңгемелерин окуганымда, ошол мыкты өсүмдүк менен аралашып жуурулушкандай сезем», – дейт белгилүү жазуучу агынан жарылып.

Ооба, Нурмагамбетовдун каармандары бир өңчөй эмес, эң карапайым адамдар жазуучунун калеми аркылуу өзүн ар тараптуу кылышып, кээде күтүүсүз кырдаалдан жарк этип көрүнө калышат. Куруучу Жакыптын, карыя чабан Мукенин, кайыкчы Ерсайндын мүнөздөрү ишенимдүү жана колориттүү чагылдырылган... Мына «Сугатчы» аңгемесинин башкы каарманы Жаманкул мураб. Бул катардагы айылдык эмгекчи окурмандарды бир тараптуу эмес маңыздуу ой жүгүртүүгө түрткү берет. Анын көкүрөгүндө түбөлүктүү адамзаттык уңгу-усул кайнап турат. Эгерде талааны суу менен кандыруучунун жигердүү эмгеги аны көкөлөтүп турса, ал эми суу бөлүштүрүүчүнүн чакан бийлиги анын личностун бузат. Кекирейүүчүлүк анын жаратылыштан берилген эмгекчилдигин жеңип чыгып, биздин көз алдыбызда кичинекей тиран пайда болот.

Жазуучунун аңгемелеринин каармандары жерди аздектеген адамдар. Жер дагы толук укуктуу персонаж катары катышат. Кургак, катаал Сырдарыя талаасы турмуштун чындыгы сыңар өкүлдүү, катаал. Жазуучу турмушка баш-оту менен ишенет, аны шөкөттөбөйт жана көркөмдөбөйт, адамдардын аң-сезимдеринде жана тиричили-

гинде болуп жаткан өзгөрүүлөрдү изилдеп-иликтейт. Т.Нурмагамбетовдун каармандары – жөнөкөй айылдыктар, колхозчулар же совхоздун жумушчулары, механизаторлор, жаштар жана улуу муундагы адамдар автор тарабынан чыныгы сүйүү жана кылдат түшүнүү менен чагылдырылган. Алардын тагдыры жана мүнөзү аркылуу жазуучу өзүнүн тууган жерине берилгендиги, адамгерчилик жана улуттук каада-салттар жөнүндө омоктуу ойлорду айтат. Т.Нурмагамбетовдун аңгемелеринен казак элинин улуттук өзгөчөлүгүн так сезесиң. Улуттук сезим, улуттук мүнөз, улуттук үрп-адаттар аларда жарык чагылдырылган, бул адамды кубандырбай койбойт. Казак прозасына жер менен, элдик тажрыйба менен бекем чырмалышкан Тынымбай Нурмагамбетов өңдүү жазуучунун келиши казак адабияты түгүл боордош элдердин адабияты үчүн да кубанычтуу. Тынымбай Нурмагамбетовдун прозасында дагы бир сапат өзүнө көңүлдү буруп турат. Анын аңгемелери ушундай жөнөкөй жана митайымсыз жазылгандыктан, аларды жөн гана окубастан, анын каармандары менен бирге аралашып жүргөндөй сезесиң. Жазуучунун аңгемелеринин адамды тартуу күчү мына ушунда.

Казактын белгилүү жазуучусу **Дүкөнбай Досжановдун** аңгемелеринин каармандары да элет жеринен чыккандар, же бүгүнкү айыл жашоочулары. Алардын бардыгы тең түп тамыры менен элдик турмуштун тереңине сүңгүп кетишет. Ал турмак белгилүү окумуштуу Устабай («Арстан жалдын шамалы»), жана лингвист Упильмалик («Кароолчу») туулган айылына барууну, туугандарынын арасында жашап, алардын кайгы-кубанычтарын бирге бөлүшүүнү өздөрүнүн милдети катары эсептешет. Бул айылдар гана эмес, ошондой эле бул аңгемелердин ар бир каарманы биздин күндөрдүн турмуш-тиричилигине сүңгүп кирип жаткан элдин көп жылдык нравалык-тажрыйбасы менен жаңы көрүнүштөрдүн – «кылымдык» жана «жаңынын» көрүнүштөрүнүн таңсык чагылышын башынан өткөрөт. Мисалга алсак, досу Устабайдын келе тургандыгы тууралуу телеграмма алган жергиликтүү край таануу музейинин кызматкери Өмүрсерик.

Күтүлгөн мейманды тосуп алуу аракеттерине толгон болгону бир күн музей үчүн жаңы экспонатты алууга акыркы тыйынын сарп кылган карапайым эмгекчи, энтузиаст бул адамдын бүтүндөй ички дүйнөсүн, анын духовный көркүн жана нравалык туруктуулугун таасын ачып берет. Айылдыктарга тиешелүү көптөгөн мыкты сапаттар анда жетиштүү. Аларга меймандостуктун салттарына фанаттык ишенүү, достукка жана жолдоштукка бек болуу өңдүү сапаттары кирет.

Учурдагы казак айылы жөнүндө, анын адамдары жөнүндө, кээде жаңычылдыкка кеткен жолдун бир кыйла оор болуп, ар кандай мүшкүлдөр менен коштолоору жөнүндө жазуучунун «Акылдуу кеп-кеңеш кимге керек?» аңгемесинде талаа речитативи менен ишенимдүү айтылат. Ал эми жагымдуу улуттук каада-салттар жөнүндө эстутум, табигый баалуулуктар жана адамзатынын чыныгы жакшы сапаттары жөнүндө омоктуу ой «Кымыз» аттуу аңгемесинин башкы темасынан болуп калды. «Бир туугандар» аңгемесинде эки бир туугандын карама-каршы, эки уюлдуу жана менменсинген мүнөздөрү терең ачып көрсөтүлгөн.

Эненин көкүрөгүндөй жылуу-жумшак жердин ыйык мээримин кантип сактап калуу, жаш муундун назик жашыл бүчүрүн акылмандык жетилүүгө чейин көтөрүү – «Өрүк» аңгемесинде жазуучу мына ушундай маселелердин үстүндө ой жүгүртөт. Адамдар келишет, кетишет, ал эми жер кала берет, автордун трактовкасында бул түбөлүктүү чындык дагы бир жарык боёкко бөлөнөт – тууган жер акылман жана берешен, эгерде аны көз карегиндей коргоп, сени төрөгөн жана өмүр берген энедей сүйө турган болсоң, ал сага жылуулугун жана мээримин тартуулайт эмеспи.

Дүкөнбай Досжановдун чыгармалары жеке гана казак адабиятчыларын эмес, чет өлкөлүк адабиятчыларды да көптөн бери кызыктырып келет. Белгилүү котормочу

Герольд Бельгер: «Дүкөнбай Досжанов колдонуп келген этнографиялык тетиктерге жуурулушкан лексикалык аныктамалардын арасында турмушта мен буга чейин жолуктурбагандарды жолуктурууга туура келди», – десе, немис адабиятчысы жана сынчысы Леонард Кошут минтип жазган: «Мен жазуучунун аңгемелеринен азыркыны өткөн менен байланыштыруу жана аны биздин руханий дүйнөбүздүн ажырагыс бөлүгүнөн кылуу аракеттерин сездим…» Менимче, кесиптештери муну туура байкашкан.

Ал эми казактын даңазалуу акыны Олжас Сулейменовдун төмөнкү айтканы жогорудагы ойлорду ого бетер бекемдеп тургансыйт: «Ар бир чебердин өзүнүн сүйүктүү ыргагы, өзүнүн обону бар. Ал эми Досжановдо болсо бул личносттун калыптанышынын чебер ыргакта ойнолгон терең моралдык-этикалык проблемалары чукул турмуштук өзгөрүүлөрдүн бороондуу шарттарында даана көрүнөт. Дүкөнбай Досжанов эмнелер жөнүндө гана жазбасын, анын баары акындын колундагы домбуранын күүлөнгөн кылдары менен, шыктануу менен ырдалган сыңары. Д.Досжановдун аңгемелеринин казак турмушунун социалдык анализинин тактыгы, мүнөздөрүнүн психологиялык иштелип чыгышы, татаал коңур үндүү, көп түстүү мууну, жогорку стилистикалык артыкчылыгы аларды учурдагы казак прозасынын жаркын көрүнүшүнө айландырууда. Азыр казак адабиятында дал ошол прозачылар «аба ырайын жасашып», негизги кыймылдаткыч күчтөн болууда. Ал Дүкөнбай Досжановдун добушусуз бир кыйла күңүрт болуп калмак…»

Кээ бир учурларда Д.Досжановдун персонаждарынын өз ара мамилелеринде татаалдашуулар анчалык деле байкалбайт. Маселен, мектептин директору Тойлубайдын биринчи класстын окуучусу Дүйсенбүнүн ата-энесине келиши («Куланчынын көгүлтүр закымдары») эч кандай деле тынчсыздандырууну туудурбайт. Бир караган адамга алар жөн гана сүйлөшкөндөй сезилет. Бирок бул аңгемени бир кыйла көңүл буруп жана терең окуган адамга ишенчээк жана көңүлчөөк, ошол эле учурда өз оюн бирөөгө бербеген жылкычы менен чабандардын балдары үчүн көп жакшылыктарды жасаган, эч кимге жамандык кылбаган, ошол эле учурда өзүнүн кызыкчылыгын, пайдасын унутпаган Тойлубайдын ортосундагы кармашы сезилип эле турат. Өз ара келишкис мамилени жарым тон менен сыпаа бериши автордун чеберчилигинин бир үзүмү.

Жазуучуну баштатан бери эле каармандардын өз ара мамилелери кызыктырып келет. Күнүмпатша менен анын небересин сүйгөн Еркетай кыздын («Адамдын жарыгы») өз ара мамилеси ишенимдүү жана кызыктуу чыккан. Ал эми көңүлкоштук менен социалдык пассивдүүлүктүн майда көрүнүштөрүнө да чыдабаган, азыркыга чейин өткөн жылдардын таптык кармаштарынын жеңилгис духун жоготпогон мурдагы актив Кожаховдун жүрөгүндө дагы да болсо ыймандуулук менен духовный коoздук арбын.

Дегинкиси, Д.Досжанов азыркы айылдын тиричилигиндеги жаңы менен эскиге баа берүүдө бир тараптуулукка жол бербейт. Ал учурда өтүп жаткан бардык нерселерге бир кыйла аз тараптуу жакшылап көңүл бурууну колдойт. Турмуш болсо үстүртөн мамиле жасаганды жактырбайт эмеспи. Адамдын бакытынан өткөн назиктиктин жоктугу аңгемеде таасын чагылдырылган. Адам баласы башка адамдын бактысына көмөктөш болгондо гана өзү бактылуу боло алат. Бул тууралуу «Кичинекей Ягимус», «Жаш аялдын ашуусу», «Өрүк» аттуу аңгемелеринде зор берилүү менен жандуу сүрөттөлөт.

Белгилүү казак жазуучусу, Казакстандын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, эл жазуучусу Абиш Кекилбаевдин сөзү менен айтканда, өзүнө чейинки жана сенин

учуруңдагы адамга, жаратылышка, бардык жагымдуу көрүнүштөргө кылдат мамиле жасоо – Д.Досжановдун аңгемелеринин негизги пафосу мына ушундай.

Өзүм сүйүп окуган жазуучу **Сатимжан Санбаевдин** «Бир өркөчтүү ак тайлак» аңгемеси башынан бери жүрөгүмө жакын. Жазуучу дүйнөнү кабылдоодо, ой жүгүртүүдө жана кайра чагылдырууда публицистикалык концепцияга таянат. Автордун аң-сезимине таасир көрсөткөн объективдүү дүйнөнүн мазмуну, жандуу элеси анын жандүйнөсүндө толук бышып жетилип, публицистикалык ыргактык формага ээ болуп, жандуу маанайды тартуулайт. Буга чейин казак адабиятында иттин, күлүктүн (мисалы, М.Магауиндин аңгемелери) турмушу чебер сүрөттөлүп келсе, С.Санбаев биринчилерден болуп төөнүн адам баласы сыяктуу эле өз тууган жерине болгон тартылуусун чеберчилик менен сүрөттөгөн. Бул аңгемеде элпек интонация, музыкалуулук, бир калыптагы добуш ыргагы баштан-аяк сакталып турат. Адам менен жаныбардын ортосундагы карым-катнаш реалдуу берилип, мунун фонунда болуп жаткан окуя элестүү туюнтулат. Ата Мекенинин кадырына жете албаган кээ бир манкурттардан айбан да болсо төөнүн аң-сезиминин өйдөлүгүн көрсөтүп, реалдуу фактынын негизинде так далилдейт. Мырзагалинин образынан өмүрдөгү тиричилик менен интеллектуалдык турмуштун белгилерин көрөт. Адамдык ыйман – адам баласын жаныбарлардан айырмалап турган өмүрдүн өзөктүү символу. Аңгемедеги башкы лирикалык каарман мына ушундай артыкчылыгы менен күчтүү. Ой-чабытынын масштабдуулугунун натыйжасында жазуучу жандуу образ жарата алган.

Белгилүү орус сынчысы Игорь Дедковдун сөзү менен айтканда: «Жазуучудан эки нерсе талап кылынат: анын лирикалык аңгемелеринде жаратылыш таасын көрсөтүлүүсү керек, ал эми эпикалык же драмалык чыгармаларда жандуу образ болууга тийиш». Буга жазуучу С.Санбаевдин жаратылышты да таасын сүрөттөгөн, жандуу образ да жараткан «Бир өркөчтүү ак тайлак» аңгемеси жооп берип турат.

Менимче, жазуучу **Оролхан Бокеевдин** аңгемелери да публицистикалык ойлорго жык. Элеттеги карапайым адамдардын, өзгөчө «Кар кызда» жаш уландардын жашоосу, турмушка болгон көз караштары чеберчилик менен сүрөттөлөт. Жазуучунун башкалардан айырмачылыгы – чыгармаларынын сюжетине мифтерди, уламыштарды айкалыштыра билгендигинде. Аңгемелеринин негизги баалуулугу – кыска мазмун менен омоктуу ой айта алгандыгында. Бокеевдин публицистикалык ой жүгүртүүсү чыныгы адамгерчиликти, жогорку нравалуулукту бекемдөө пафосуна жык толгон. Өткөөл учурдагы адамзаттын алдында ааламдашуу, дүйнөлүк өлүм алып келүүчү коркунуч турган кезде адамдын жогорку моралдык сапаттары, личносттун нравалык мазмуну мурда болуп көрбөгөндөй актуалдуу.

Жазуучунун аңгемелериндеги башкы өзгөчөлүк – элдик легендалар, жомоктор, фольклордун элементтери ишенимдүү түрдө текстке айкалышып, өзүнүн чыгармачыл ой түйүнүнө ылайык автордук фантазияга жуурулушат. О.Бокеев мурдатан бери эле келаткан өмүр, сүйүүнүн аруулугу, тиричилик, адамгерчилик темасында жазып, бул түшүнүктөргө өз алдынча ой жүгүртүп, индивидуалдуу туюнтууга аракет жасагандыгы, публицистикалык ой айткандыгы менен башка жазуучулардан айырмаланып турат. Менин оюмча, О.Бокеевдин аңгемелери жана повесттери жеке гана автордун чыгармачыл ийгилиги эмес, ошондой эле казак адабиятынын чыныгы жетишкендиги.

Албетте, казак адабиятында деле учурдун адеп-ахлактык проблемаларын чечүүгө, замандаштын мүнөзүн изилдөөгө жогорку идеялык-көркөмдүк деңгээлде жазылган активдүү-ишкер аңгемелер менен бирге философиялык-медитативдик ой айткан чыгармалардын да жаралгандыгы шексиз. «Кой аксагы менен миң» дегендей, бардык

жазылган аңгемелердин телегейи тегиз болду деген ойдон, албетте, алыспыз. Дегинкиси ой жүгүртүү жана аракет – чыгарманын эки канаты, анын эркин жана бийик учушун камсыз кылган бирдей даражадагы күч жана өз ара биримдик. Мына ошондуктан, «… аңгемеге чыныгы публицистикалык канат байлоо жолтоо болбойт, тактап айтканда, өтө жардам берет» (М.Числов. Адабият жана азыркы учур. «Худ.-лит.», 1984, 292-бет).

Жазуучу жана драматург **Роллан Сейсенбаев** да жогоруда биз сөз кылган казак жазуучуларынын муунунун өкүлү. Өзүнүн жазуучу курбуларынан анын бир өзгөчөлүгү – орус тилинде да эркин жазгандыгында. Менин баамымда Р.Сейсенбаев адабияттагы алгачкы кадамынан эле көп сөздүүлүктөн алыс. Анын көркөм-интонациялык каражаттары бир кыйла модернизацияланган. Жазуучунун өзгөчө аңгемелеринин ар бир сүйлөмү мазмуну менен айкалышып так, кыт куйгандай чак.

Таланттуу жазуучунун чыгармаларында темалардын алкагы кең, социалдык типтер, ар түрдүү мүнөздөр арбын. Анын каармандары: чабандар, жылкычылар, тракторчулар Казакстандын бардык аймагында шаарчаларда жана айылдарда жашашат жана эмгектенишет. Алардын күндөлүк турмушунда башталышы өткөндө болгон окуялар кездешет. Бул өткөн мезгилде болгон жолугушуулар жазуучу тарабынан ностальгиянын түсү менен боёлбойт. Алар ага эстутумду жандандырууга ыңгайлуу шарттарда, учурду түшүнүүдө фрагментардуулуктан арылууга жардам берүү үчүн зарыл.

Р.Сейсенбаевдин аңгемелеринде типологиялык белгилери боюнча бириксе боло турган образдар көп кездешет. Анда, мисалы, актёр Калмырзаев өңдүү типтеги чалдар («Декабрь күндөрү», «Ричард Отуз үчүнчү») бар. Аларда жаштар билүүгө тийиш болгон тажрыйба менен тааным арбын. Бирок күнүмдүк күргүштөгөн турмушта майда-барат нерселер менен алек болуп жатып, алардын бай тажрыйбасына көңүл бурулбайт. Анын үстүнө акыл-эстүү эле, бирок күнүмдүк көйгөйдөн башканы ойлобогон жаштардын ага көңүл бурууга мүмкүнчүлүктөрү да жок. Ал эми «Бардыгы жакшы болот» аңгемесиндеги Ибрай Исмаилович жаш казактын таптакыр башкача тиби. Ал өмүр максатын жакшы түшүнүп, зарыл учурда бардыгын даана түшүнүп, ийгиликтүү жүрүш жасай алат. Мына ушулардын мисалында Р.Сейсенбаев улуу Абайдан бери улантылып келе жаткан өзүнө этникалык сын көз караш менен кароо салтын калктын мыкты духовный салттарына карата нигилисттик мамиле жасоону чукул сындоо менен айкалыштырып келет.

Жазуучунун дүйнө таанымына гумандуулук, чыныгы интернационалдуулук таандык. Анын чыгармаларында ар түрдүү улуттун адамдары толук кандуу, өздөрүнүн этномаданий өзгөчөлүктөрүнүн зор артыкчылыктары менен ишенимдүү сүрөттөлгөн. Буга «Абийир» аңгемеси мүнөздүү.

Тарыхта белгилүү болгондой XVIII кылымдын башында тили жана ишеними айырмалуу, бирок окшош көчмөн турмуш менен өмүр кечиришкен казактар менен жунгарлардын ортосунда согуш башталып, алардын бири толук кырылып жок болмоюн токтомок эмес. Ошентип жунгарлар тарыхый аренадан кетишкени менен алардын образы казактардын аң-сезиминде душмандын символу катары калды. Арадан көптөгөн мезгил өтсө да унутулган жок. Ал тарыхый жанрдагы жаңы казак адабиятында да туруктуу орун алып келет. Р.Сейсенбаевдин аңгемесинде колго түшкөн жунгарлардын – мас болуп алышып, аларга каны кайнаган казак жоокерлеринин арасында эрдик менен ар-намысты сактап калышкан ийкем бийчи менен таланттуу музыканттын образдары өтө чеберчиликте сүрөттөлгөн. Жыйынтыктап айтканда, гумандуулуктун, элдүүлүктүн, реализмдин, прогрессивдүү философиялык көз ка-

раштын ориентациясынын өтө терең түп тамырлуу байланышы Роллан Сейсенбаевдин чыгармачылыгында бекем орун алып, аңгемелери учурда казак адабиятынын өнүгүшүндө эң жетилген тенденциялардын бирин тастыктап турганы менен өзгөчөлүү жана окумдуу.

Көркөм чыгарма көп иштерди аткара алат. Бирок жазуучунун идеялар, билим, чеберчилик менен кандай куралдангандыгына жараша болоору белгилүү. Антпесе эң мыкты ойлор да иш жүзүнө ашпай калышы мүмкүн. Дайыма эмне жөнүндө жазуу эмес, кантип жазылаары жана ким жазаары да маанилүү. Жогоруда биз сөз кылган казак жазуучуларынын тажрыйбасы элдин турмушун, күрөшүн, кыйынчылыктарын жана ийгиликтерин таасын чагылдыруу үчүн көркөм өнөрдүн башка түрлөрү менен бирдикте дагы көп иштердин аткарыла тургандыгына ишеним көрсөтүп турат.

Тарыхтын санжырасын түзүү менен казак жазуучусу биздеги ишеним боюнча бүгүнкү күн жөнүндө гана ойлонбойт. Ал жаңы баатырлардын жаралышы үчүн эрдикти даңазалайт, элдин эртеңки жеңил жана мыкты жашоосу үчүн жетектөөнүн ыңгайсыз ыкмаларын сынга алат, коомдо эч качан акыйкатсыздыктын болбошу үчүн ал демократиянын бузулушунун ар кандай мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюуга аракеттенет.

Жазуучунун өзү жаратылышынан жоокер, бардык болуп жаткан окуялардын активдүү катышуучусу. Ал жалпы дарт менен ооруйт, ал бардыгы менен бирдикте жалпы кубанычка жуурулушат. Анын аңгемелери түзүүчүлүктүн пафосуна жык толгондо, ал ачуу саптарды жазып жатканда аны өзү жакшы түшүнүп, «биздин паруска үйлөгөн» «кылымдын желаргысын» башкалардын сезишине да мүмкүнчүлүк берет.

Бир катар казак жазуучуларынын аңгемелерине талдоо жүргүзгөндөн кийин алардын жарандуулуктун пафосуна сугарылгандыгын, «аңгеме өзүнүн кыскалыгы менен жыйнактуу кылаарын...» (Юрий Казаков) таасын баамдадык. Активдүү, ышкылуу жарандык позиция, элдин турмушу, өмүр өзөгүнүн практикасы менен терең ажырагыс байланыш кара сөз зергерлерин өзгөчө айыл адамынын турмуштук айкын максатын бекемдеген социалдык маанилүү чыгармаларды түзүүгө шыктандырып келген жана шыктандыра бермекчи. Казак адабияты, өзгөчө аңгеме жанры өзүнүн өнүгүүсүнүн өзөктүү жана кызыктуу тилкесине чыкты. Аңгеменин духовный горизонту жанр катары кеңейип, публицистикалык дем менен байып жатышы кубанычтуу көрүнүш.

*Эскирбеген элестер*



**Касымбек ТАЗАБЕКОВ**

# ТҮГӨЛБАЙ МЕНЕН КЕЗДЕШҮҮ

Залкар жазуучу Түгөлбай ага менен кездешем деген ой үч уктасам түштө жок эле. Дем алыш күнү эртең менен эле таң атпай телефон шыңгырайт. Ала койсом аялдын тааныш үнү.

– Алло, мен профессор Нелла Исаевна Ахунбаевамын. Түгөлбай Сыдыкбековдун уулу Аскар түндө кырсыкка учураптыр. Сиз иштеген ооруканада экен, акыбалы оор дейт. Барып жардам берип коё алаар бекенсиз? – деди.

– Нелла Исаевна, макул, болот. Түгөлбай аксакалдын баласына жардам бербегенде... – дедим.

– Анда эмесе жакшы, сизге машине барат, – деди Нелла Исаевна адрести сурап. Ал мезгилде мен Нелла Исаевна Ахунбаева менен анчалык чукул тааныш эмес элем. Кийин, тагдыр экен, көп жыл бир кафедрада чогуу иштешип калдык.

Кийинип алып, эшикке чыктым. Иса Коноевич Ахунбаевдин үй-бүлөсү менен кийинки жылдары өтө жакындашып кеткен элем. Анткени ортончу

---

*1935-жылы Нарын районунун «Ак-Булуң» айылында төрөлгөн. Травматология жана ортопедия илими боюнча кыргыздан чыккан туңгуч кандидат, доцент. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгери, Саламаттыкты сактоонун отличниги. 70тен ашуун илимий эмгектери жарыяланган.*

*Адабиятка ыр жазуу менен келген. 1998-жылы «Кыдырназар бай» аттуу прозалык китеби жарык көргөн. 2004-жылы чыккан «Канда айланган Махабат» аттуу документалдуу повестинде кыргыз балетинин таң чолпону, айтылуу балерина Бүбүсара Бейшеналиева менен Муртаза Асановдун махабаты баяндалган.*

*2008-жылы «Сагыныч» аттуу ыр китеби, 2009-жылы «Унутулган сүйүү каттары» документалдуу автобиографиялык повести жарыяланган.*

*Азыр Бишкектеги борбордук илим-изилдөө институтунун доценти.*

кызы раматылык Чынара жана (Москвада үч жыл чогуу аспирантурада) анын күйөөсү раматылык Эсенкан Тентимишев менен бирге окуп калгам. 1962-жылы 25-августта Фрунзенин эски аэропортунда биринчи жолу Москвага жөнөп аткам. Аңгыча жаныбызга бизди окуткан Иса Коноевичтин жубайы Бүбүхан Измайловна кыздары Чынара менен Нелланы ээрчитип келип калса болобу. Бүбүкан Измайловна кыздарын тааныштырды.

Чынара толугураак, кызыл жүздүү, чапжаак келген, жаркылдаган маңдайы жарык, күлүп сүйлөгөн, коңгуроодой үнү бар, жылмайганда маңдайкы бир алтын тиши жарк-жарк эте, көк шайы көйнөгү менен бутундагы кызыл туфлийи өзүнө жараша орто бойлуу, мурду кырдач, ойноктогон жаш келин экен.

Ары жактан Чынаранын күйөөсү Эсенкан да жылмайып күлүп, гүл көтөрүп жетип келди. Эсенкан кызыл жүздүү, жайнаган жигиттин гүлү эле.

– Оо, кайдан, сен да кетип атасыңбы, – деди Эсен. – Силер бара тургула, кийинчерээк артыңардан мен да барам, азырынча аспирантурага документим туура болбой атат, – деди. Аңгыча тuурадан көлкөйө басып, боргулдана тердеп, бирдеме ичип да алганбы Үрпөк Галиев да келип калды. Көрсө, ал да аспирантурага өткөн экен, чогуу жөнөмөй болдук. Үрпөк институтту менден бир жыл мурда бүткөн, окуп жүргөндө бирге спорт оюндарына да катышып жүрчү элек. Мага тааныш эле.

– Айланайындар, – деди Бүбүкан Измайловна, – чогуу кетип бара жатасыңар. Чынара кызым эки жакка чыга элек эле, көз сала жүргүлө. Жакында артынан мобул мултуңдаган күйөө балам Эсенкан да барып калаар. Силерге кудай жол берсин. «Үйдөн бир карыш жылса мусаапыр» – дейт. Анткен менен борбор калаа эмеспи, бириңерге бириңер жардамдашып, чогуу жүргүлө, – деп бир топ санат сөздөрдү айтып жөнөттү. Мына ошондон тарта Иса Коноевичтердин үй-бүлөсү, айрыкча Чынара, Эсенкан, алар аркылуу Нелла Исаевна менен нечен жолу жолугушуп жүргөн элем…

Аңгыча эшиктин алдына бир жаңы «Жигули» маркасындагы машине келип токтоп калды. Астында Түгөлбай Сыдыкбеков отурган экен.

Өзү олбурлуу, зор адам, кичирээк «Жигули» машинесине кантип батып келгенин билбейм. Тезирээк колго тийген машинелердин бирөө болсо керек, кантсе да ылдамыраак мага жетип, кыйналып жаткан уулуна тезинен шыпаа болор бекен деп жөнөсө керек. Алда бала деген ай, атаэнеге боор эт менен тең белең! Баланын таманына тикенек киргиче, атанын маңдайына кирсечи дейсиң го. Ооруканага барып, уулунун оор ахвалда жатканын көрүп келдиби, же башка жакын бирөөлөрдөн укканбы «өмүр менен өлүмдүн» ортосунда экенин сезип турабы, өңү кумсарыңкы. Мурунку оор басырыктуу, токтоо мүнөзү, анын сабырдуулугу, кайраттуулугу, канча жаманчылык менен жакшылыкты башынан өткөргөндүгү,

өзү жазган каармандардай баатырдык мүнөзү токтоолукту билгизип турду. Анчалык карыбаса да анын аппак, тикесинен турган коюу чачтары эмнегедир тикчийгенсип турду.

Мен арткы орунга отурдум. Тукемдин далдайган кенен эки далысы, жоон моюну буржуюп, башы машинанын төбөсүнө тиер тиймексен болуп, мага астыңкы айнектен эч нерсе көрүнбөй чүмбөттөлгөнсүп калды. Ал киши бир топко чейин унчуккан жок, мен дагы үндөбөй, ойго кеттим.

Тээ элүүнчү жылдардын башында «Оттук» орто мектебин бүтүрүп жатып кыргыз тил, адабиятынан сочинениеде эркин тема келип, анда Түгөлбай аганын «Биздин замандын кишилери» романынан ыр менен сочинение жазып беш алганым эсиме түштү. Шамбет, Чаргындардын образдары көз алдыма элес-булас булактап тартыла түшөт. Түкөмдүн бардык чыгармаларын такай окубасам да, анын алгачкы «Кең-Суу», «Темир» романдарын окуган элем. «Кең-Суу» демекчи, бул киши айтылуу Ысык-Көлдүн Түп районундагы Кең-Суу айлынан эмеспи. Кеңсууну басып өтүп канча жолу аркы Сарытологой айылына барбадым. Тагдыр экен, жубайым Зайра ошол «Сарытологой» айылынан, Муратаалы бийдин тукумдарынан эмеспи. Экөөбүз уруктарыбызды сүрүштүрө келгенде:

– Мен, Муратаалы бийдин кыздарынан болом, – деп, жети атасын айта келип, Муратаалы чоң атасына келгенде өтө сыймыктануу менен андан тараган тукумдарды, Муратаалы менен кан Жантай куда болуп, Жантайдын кызына Муратаалынын уулу Калмурза күйөөлөп барганда эр сайышта казактардын баатырын кантип сайып түшкөнүн кызыгуу менен айтып калаар эле. Сарытологой демекчи, Ысык-Көлдүн күңгөй Ала-Toосунун бүткөн эң четки айылы. Узун кыштак. Күркүрөгөн Түп дарыясынын жээгинен орун алган, суунун аркы бети сулуулугу суктандырган Чоңбет. Сарытологой бүткөндөн кийин, Түптүн суусунан арылап атактуу Каркырага өтөт. Мындай ажайып кооз өрөөн Түптөн нары Көкөтөйгө Манас аш берген Каркыранын кооздугун айтууга сөз жетпес.

Түкөм төрөлгөн Кең-Суу демекчи, эмнеге «кең» деп айтылып калганын билбейм, анчалык кең деле эмес, бир кулактык шылдырап аккан тоонун тунук суусу, бир айылга жетерлик эле суу.

Бир оокумда Түкөм саал кыйшайып мени карап алды да:

– Иним Касымбек, сенин ооруканаңа жеткиче мен бир аз кеп салып берейин, – деди. Мен үн деген жокмун.

– Менин заманым өтүп кетиптир, – деди. – Мен теңдүүлөрдүн арабыздан көбү өтүп кеткен экен. Жада калса эртели-кеч эшикке чыгып, «Эркиндик» багына сейилдеп ары-бери басып кеп салышкан теңтуштарым да жок калды. Тээ, илгери, жаш кезимде кургак учук менен мен да оорудум. Раматылык Алыкул акын да ошол оору менен ооруган. Ал экөөбүз бирге жөтөлүп дегендей, бир басып Койсарыда нечен жолу болдук, бээнин сүтүн, кымызын ичип кургак дарыларды уучтап сугунуп жүрдүк.

Тагдыр экен. Алыкул бул дүйнөдөн эрте кетип калды. Догдурлардын арасынан Касым Нигматуллин менен үйүбүз жакын, бир чети кошуна, бир чети теңтуш, замандаш элек. Татар баласы болсо да кыргызчаны суудай билген, кыргыз турмушун, үрп-адатын толук түшүнгөн, биринчилерден болуп Ташкен мединститутун бүтүп, тээтигил отузунчу жылдары эле Таласта, андан кийин Нарында көп жыл иштеп, анан согушка барып келип бул шаарда чоң хирург, анан башкы врач болуп иштеп турду. Бир нерсе болсо эле телефон чалып, же үйүнө барып: – Касым абзий, бул минтип калыптыр, тиги тигинтип калыптыр, айылдан туугандарым ооруп келиптир, – деп эле ишимди бүтүрүп алчу элем. Өтө жакын тууган-досторумдун оору-сыркоолорун Иса менен Зыфарга айтып табыштап, алар эч качан эки дебестен аткарышаар эле. Эми алардын бири жок. Минтип башка күч келгенде улук башымды кичик кылып сага чуркап келбедимби, иним, – деди бир аз улутунгансып.

«Түкө, келбей койсоңуз деле болмок, сиздин атыңызды укканда мен чуркап чыгууга даяр элем, кудай сактасын, уулуңузду бара көрөбүз. Колдон келгендин баары жумшалат» – деп айтайын дедим да, негедир санаасын бөлүп бир аз алаксытайын деген ой менен: – Түкө, Касым Нигматуллиндин сол колундагы жараат согуштан болгон го, сыягы, – деп сурадым.

– Жок. Согушка чейин эле, Нарында хирург, башкы врач болуп иштеп жатканда, тоого мергенчиликке барбайбы. Ошондо мылтыгын «шомпол» менен тазалап жатканда, ок атылып кетет да, сол колунун эки манжасын жана алаканынын отун жулуп кетет. Тоодо эптеп аккан канын токтотот да ооруканага келип, өзүнөн башка адис хирург жок, өзүнө өзү бир колу менен операция жасап, үч манжалуу болуп калган. Бул эрдик эмей эмне? Эгер бир колу такыр иштебесе, хирург болуу гана эмес, дегеле дарыгерликке жарабай калбайт беле. Ошол үч манжасы менен өтө чоң хирург болуп жүрбөдүбү. Уккан чыгаарсың, иним, элүүнчү жылдары Кыргызстанга биринчи жолу америкалык 15–20дан ашуун илимпоз профессор, чиновниктер таанышабыз деп келип, анан бирөөсү ичи түйүлүп ооруп калып, операция жасаганга туура келет. Ал убакта Иса Ахунбаев командировкада болуп калат. Ошондо атактуу хирург профессорлор Анатолий Николаевич Круглов, Максим Ефимович Фридман, профессор Знаменскийлер баш болуп эч кимиси даап операцияны мен жасайм деп кол көтөрбөй башын шылкыйтышат. Ал кезде саясий авал ошондой эмес беле. Эгер бир нерсе болуп, операция ийгиликсиз аяктаса, хирургдун башы жулунары шексиз эле. Мына ошол учурда уруксат этсеңер мен жасайм, – деп Касым Нигматуллин кол көтөрөт. Операция ийгиликтүү бүтөт. Кийин, бир жыл өткөндөн кийин Нигматуллин Америка Кошмо Штатына чакырылып, «Ардактуу доктор» деген наам алып, бир ай бою аялы менен эс алып келет. Ал убакта чет мамлекетке чыгат деген кайда, анан да Америкага.

Түкөм аңгемесин аяктагыча ооруканага да келип калдык. Мен экинчи кабаттагы кабинетимди ачтым да, Түгөлбай аксакалды отургучка отургузуп:

– Мен уулуңуз Аскарды көрүп келейин. Касым Нигматуллин жөнүндө аңгемебизди анан улантабыз. Мени медик кылып хирургдук адистикке үйрөткөн ошол Нигматуллин эле, – деп жазуучунун уулун көргөнү жөнөдүм.

Аскардын ахвалы оор экен. Кан басымы төмөндөп, дем алуусу начар. Өңү кумсарыңкы, тамыры билинер-билинбес жымылдап өтө тездик менен согуп атат. Анализдери начар чыгыптыр. Мен күзөттөгү доктурларга ачуум келип, тезинен реанимацияга түшүрүүгө буйрук бердим. Аскардын бир жак жоон санындагы кашка жилиги, ошол жагында эле жото жиликтери быркырап талкаланган экен. Рентген сүрөтү тартылып, сынган сөөктөр билингенден кийин сөөктөрдү тешип зым менен азырынча тарттырып, белгилүү салмактагы гираларды (таштарды) илип коюшуптур. Мен күзөттөгү жооптуу дарыгерден кантип, кайсы жерден, качан алынып келингенин сурадым. Көрсө, түндөгү «Байтик» айылынан төмөнкү бурулушта жол кырсыгына учураган мотоциклчендердин ана башы Аскар болуп чыкса болобу. Аскар менен кошо анын жолдоштору, Аскардын кызы да кошо ооруканага түшүптүр. Биринен экинчисинин ахвалы оор. Көбү реанимация бөлмөсүндө жатат. Баарысын көрдүм. Тийиштүү насаатымды айтып, айтмак кана турсун, оорулуунун тарых баракчасына көргөн-билгенимди жазып да чыктым. Аңгыча, кудай жалгап Аскардын авалы оңоло баштады, өңүнө кызыл жүгүрүп, дем алышы дурустап, кан басымы жогорулай, тамырдын соккону да түзүк боло баштады. Аскар оңоло баштаганда, кабинетте калган атасына, Түкөмө келип оорулунун ахвалын түшүндүрө баштадым.

– Оозуңа май айланайын, деги киши болчудайбы? – деди. – Мага айткандар «өтө катуу, өлүм менен өмүрдүн ортосунда жатат» деди эле, чын айтасыңбы иним, деги ушул уулум Аскар менен жалгыз кызым мени жүдөттү, канымды кызытты.

– Түкө, буюрса жакшы, жакшы болуунун үстүндө... Мен сизди кабатырланбасын, жакшы кабар айтайын деп келдим. Шек санабаңыз. Албетте, ахвалы оор экен. Буту сынган, анысынан да «шок» абалында. Ошондон чыгаруунун амалын көздөп жатабыз. Мен уулуңуздун жанына барайын. Кабатырланбай отуруп туруңуз. Туке, эгер сиз зериксеңиз мобул төрт томдуу кишинин анатомиясынын атласын карап отуруңуз, – деп, кадимки Лениндин сөөгүн катырганга үлүшүн кошкон Воробьевдун түстүү төрт томдук атлас китебин Түкөмдүн колуна сундум. – Аа, жарайт, жарайт, адамдын скелети малдыкындай эле болсо керек, – деди да китептерди колуна алды.

Реанимацияга Аскарга келсем, ал бир кыйла оңоло түшкөн экен. Менин суроомо так жооп берип жатты. Дем алышка карата тоого, жолдош

балдар-кыздары менен тамаша куруп барганын төкпөй-чачпай айтып берди. Анан: – Байке, – деди, – мени менен сүйлөшүп жүргөн Алима деген кызым бар эле, анын ахвалы кандай болду экен, билсеңиз, ошол кызга да көз салып койсоңуз.

– Алима кызың да аман-эсен, ал дагы жаракат алган, тигил, башка бөлмөдө жатат, анын ахвалы да оор эле, эми бир аз жакшы болуп калды. Ал кыздан кам санаба. Эркек адамга караганда аялдар дартка, ооруга, көтөрүмдүү келет. Алимаң кайра сени сурап жатат, – десем, Аскар бир аз жылмайгансып койду.

– Аскар, сенин аялың, балаң бар туруп, эмне кыздар менен тоого шаракташып жүрөсүң, – дедим, тамашага чалып.

– Байке, – деди Аскар, – аялым татар кызы эле, шайтан сайып үйлөнө коюп, балалуу болуп калдым. Татар бар жерде «катаал» деп акыры ажырашып тындык, бирок атамдын үйүндө бир бөлмөсүн ээлеп, квартира алып бербесең кетпейм деп догурунуп үйдөн чыкпай жүрөт, – деп, жылмайып койду Аскар.

Аңгыча Аскарга кан жана башка дары-дармектер да куюла баштады. Эми мынча болду шашпайын, дарылары аягына чейин куюлуп, Аскар толук өзүнө келмейин коё турайын. Түгөлбай өзү айткандай «улук боюн кичик» кылып келгенден кийин, уулу өзүнө келсин, анан атасын ал бөлмөгө киргизип, бир жолу санаасын тындырайын дедим да кабинетке кайра келдим. Келсем, жарыктык Түкөм дагы эле үрпөйгөнү жазыла элек экен. Мен кечиккенде эмнегедир чочулагансып турган өңдөнөт.

– Ии, Аскар кантип калды, иним? – деди, мен жылмаюу менен, – жакшы Түкө, эми толук өзүнө келип калды, дагы бир аз дарыларды алып бүткөнчө шашпайлы, андан көрө сиздин убактыңыз барбы, Түкө?

– Менин убактым бар эмей, мен убакытты өзүм гана башкарам. Өмүр бою бир жерде иштеп, саат менен келип, саат менен кеткен жан эмесмин. Ишемби, жекшемби, отпуска дегенди билбейм. Мен дайыма эле отпускада жүрөм, – деп мыйыгынан жылмайып койду. – Андан көрө мен сенин дем алыш күнүңдү бузуп койдум окшойт?

– Жок, жок. Түкө, биздин кесип ушундай, кээде түнүчүндө да чакырып кетет. Азыр медицинада эмне көп, травма, кокустук, кырсык көп. Машинелер көбөйдү, ал эми жол болсо көбөйбөй эле, мурункудай калды. Айдоочулар жаш балдар-кыздар. Ата-энеси сатып берген машиналардын баркын билбей эрежени бузуп, өтө ылдамдык менен айдашат, ичкиликтен да куру эмес. Анан кырсык көз ачып-жумганча тура. Кээде боо-боо болуп ооруканага түшүшөт. Дарыгерлердин да жаны бар дегендей, аларга жардам бербесе болбойт. Адамдын колу-бутунан да кээде жанын сактап калуу кыйынчылыкка турат. Мына ушинтип биз келе беребиз. Иш ушундай, Түкө.

– Андай болсо ишиңер оор экен, иним. Аскардын таржымалын болсо билген чыгаарсың, эркек бала эмеспи, андайлар боло берет дечи. Колук-

тусун коё берип, эми кыз жандап жүргөн чагы. Бул деле ата-энеге оңойлукка турбайт экен. Өкүнтөт, кайгыртат. Менин заманымда, айрыкча кыргызда катын кетирет деген илгери жок эле. Ырас, үстүнө эки аял алуу бар эле. Анда да улуу аялы төрөбөй койсо, же жөнүрөөк чыгып калса токол аял алгандар болгон дечи. Эмки жаштардын сүйүүсү да бат, анан ажырашуусу да бат. Ортодо көргөн перзенттерге убал. Мен Аскарга көп кайгырбайм. Андан көрө эки уулдун кенжеси, жалгыз кызыма көп кейийм. Кызым ушул жашка келгени канымды кызытып койду, – деди. Кан кызыганын мен кандын басымы жогорулаганы деп түшүндүм да суроо бербедим. – Алтындай болгон жалгыз кызым айныды. Сен деле уксаң керек, иним, өзүнөн 20 жаш улуу адамга, болгондо да еврейге, анын эки баласын, кызын кетиртип туруп тийип алды. Мындай аялзатты ким көргөн, – деп үнүн басаңдатып, кейигенин билгизип турду.

Мен муну уккан жок элем. Мындай улуу адамдардын, бүт Кыргызстан эмес, союзду дүңгүрөткөн залкар жазуучунун чыгармачылыгын баалаган пенде катары болсом дагы, анын үй-бүлөсүнүн мындай, ичинде кайнап жаткан тагдырын билбейт экемин. Элде айтат эмеспи: «Баланы тууйт экен, бирок анын кыял-жоругун, акыл-эсин кошо туубайт экен», – деп. Мен да муну укканда, болгондо да өз атасынын оозунан укканда шок боло түштүм. «Байлар да ыйлашат» дегендей, мындай зор адамдар, ааламга атагы кеткен залкарларда да арман болот турбайбы. Телегейи тегиз адамдар болот болду бекен, арман ай десең. Байлык, мансап, атак-даңк, катарлап салынган үйлөр, ичи толгон дүнүйө, кандай кылам десе да төрт тарабы кыбыла адамдарда ичинен, сүлүк курттай ата-эненин канын гана сорбостон, акыл-сезимин, нечен жылдар бою канча кыйынчылыктар менен жеткен атак-даңкын кошо соргон, анан калса ден соолугун алып мүңкүрөтүп үшкүрткөн, кудайдан жалынып тилеп көргөн балдар, кыздары мына ушинтип жашы улгайып калганда азапка салып чөктүрсө эмне деген кана жорук!

Ырас, медицина илими боюнча кан аралашкан жакшы тукум болот делинет. Ошондой болсо да өз улутуна жакын кан аралашса деген сөз да. Мындан жарым кылым илгери кан аралашуу өтө чанда боло турган. Болгондо да кыргыз кыздардыкы. Ал эми Түкөмдүн ал settlements кездеги арманын түшүнсө болот. Күйөө баласын ким билбейт. Ал атактуу медик жана философ Арон Брудный эмеспи.

Тукем отурган жеринен козголгон да жок. Тамеки да чекпейт көрүнөт. Менин билбестигим чай же кофе да сунуштабаптырмын. Чебелектеп ары чуркап, бери чуркап, көбүнчө Аскардын жанында кан куюлуп бүткүчө болуп, анан берки дарыларды алып жатканда улам-улам тамырын кармап, кан басымын кайра өлчөп, лабораториядан тез-тезинен анализдерин алдырып дагы кандай айла-амалды жасоо керек экендигин күзөт өткөрүп жаткан дарыгерлер менен кеңешип, убактымдын көбү ошол жактамын.

Анын үстүнө дем алыш күн. Жөн күндөрү болсо жардамчыларым, же лаборант кызым Тукеме чай же кофе берип алаксытып турмак.

Тукемди кабинетке калтырган бойдон Аскарга келдим. Келсем, оо, Аскар өзүн мурдагыдан да жакшы сезип калыптыр. Мени жылмаюу менен кабыл алды. Көрсөткүчтөрү да жаман эмес, өз калыбына келген.

Ойлондум, эми уулу өзүнө келип, жакшы сезип калгандан кийин атасынын бир жолу санаасын тындырайын деген ой менен Аскар жаткан реанимация бөлмөсүнө Тукемди алып келүүнү чечтим.

Кайра чуркап кабинетке Тукеме келсем, а киши ордунан козголуп, мени карап, эмне деп жиберер экен дегенсип тиктеп калды.

– Туке, – дедим мен. – Аскар жакшы, эми толук өзүнө келип калды, албетте, дарылоо улана берет деңизчи. Сиз бир көрүп коюп кетесизби же мага ишенесизби?

– Сага ишенем, иним, ишенбегендечи, эгер мүмкүн болсо бир көргөнгө эмне жетсин.

– Анда эмесе жүрүңүз, адегенде сиз костюмуңузду чечиңиз, бул жерге илип коёлу, бул халатты жамыныңыз да башыңызга «чепчик» деп коёт топу ордуна муну кийиңиз, – деп, аппак халатты үстүнө жапсам, дардайган зор адамдын эки эле ийнине жарап калды, боору ачык, башына кийгизчү чепчигим таптакыр эле чендебейт. Чепчик кийилбей калды. Тукемди Аскар жаткан бөлмөгө ээрчитип жөнөдүм. Басканы да бир кызык киши экен, төөдөй болуп лөк-лөк шашпай басып, канча жерди бир аттап, эгер шашып калса узун келген бөлмөнү эки эле аттап коё турган.

Адатта оорукананын реанимация бөлмөсүнө бөтөн кишини киргизүү тартипте жок, бирок Тукемди ал жерде иштеп жаткан адистердин баары билишет, ызааттташат, сыйлашат. Түгөлбай деген эле аттын өзү министрден жогору турат, анын үстүнө академик. Бөлмөнүн эшигин ачканда эле ал жерде иштеп аткан адис-дарыгерлер тура калышты.

– Жакшысыңарбы айланайындар, – деп, учурашты алар менен Түкөм аталык мээримде, тигилер баш ийкешкендей болушту. Тукем уулунун жанына келди да, оң колунун учтарын Аскардын маңдайына тийгизип, кайра өөп койду.

– Ахвалың кандай, уулум? – деди.

– Азыр жакшы болуп калдым.

– Эми бир аз тарткылыгың бар экен, жаш эмессиңби, бат эле оңолуп кетесиң, – деп уулун тегерете бир карап алды. Анын буттары байлануу, сөөктөрү тешилип, зым өткөрүлүп, канча салмактагы чоюн гирлер илинип калганын, атайын ага ылайыкталып жасалган кроваттарды биринчи ирет көрүп атса керек, таң калгандай. Ал бөлмөдө жаткан башка ооруларды да байкады көрүнөт.

– Болуптур эми жакшы болуп, өзүңө келген көрүнөсүң, келип турабыз. Калган кабарларды бул байкеңден билип турабыз. Апаң да капа

болуп жатат. Мен барып аларды тынчтандырайын, антпесе тууган-досторуң баары чогулуп, үрпөңдөшүп, үрөйү учуп турган кез. Дарыгердин айтканын ук. Биз келип турабыз.

– Жүрүңүз, мен кетейин, – деп Тукем мени колдон алды. Менин да ал жерде калышымдын кажети жок эле. Дарыгерлер менен макулдашып алып, Тукем экөөбүз келген «Жигули» машинеге кайра отурдук.

Машиненин алдына араң дегенде сыгылып отурду да, мени бир кылчайып карап алды. Анын жүзүндө жылмаюу бар өңдөнүп сезилип турду. Элди тамашага сала аз гана мыйыгынан жылмайып койбосо, түнтүрөөк, ичимден тап деген киши сыяктуу. Деги ал киши менен ким тамашалашып көрдү дейсиң. Илгери, илгери биз студент кезде жазуучулардын ийриминде, же бир китепке талкуу болуп калганда, Тукемдин сүйлөгөнүн нечен жолу укканбыз. Сүйлөсө ушу киши сүйлөсүн, сөз өзүнөн өзү куюлушуп, ирээти менен ташка тамга баскандай элди ынандырып, өзүнө тартып, дагы сүйлөй түшсө экен деп, көпчүлүк суранып кол чаап турчу. Түгөлбай азыр машинеде түнт, унчукпайт, жоош, момурайт эле момурайт. Сүйлөөгө сөзү жогунан болбосо керек.

Оорукананын короосунан бир аз жөнөгөндө артка, мага кылчайды да:

– Ии, иним, эми бир аз Аскардан көңүлүм тынчыгансып калды. Сен медик жана хирург болуп калганыңа Касым Нигматуллин көмөк кылды деп айттың эле. Сен аны менен кантип таанышып калып жүрөсүң?

– Мен, Туке, нарындык болом. Атабыз убагында колунда бар киши болуп турган экен. Отузунчу жылдардын аягында менден улуу Кекен деген эжебизге самоордун кайнак суусу төгүлүп, күйүк чалып Нарын шаарынын ооруканасына жеткирилет. Ал мезгилде жалгыз хирург да, жалгыз дарыгер да Нигматуллин эле. Ал киши эжебизди бир нече жолу операция жасап, аман-эсен айыктырган экен. Ошентип тааныш болуп калгандан кийин, атабыз Касымга тон кийгизип, ат мингизип дегендей дос болушат. Атама белек катары чөнтөк чынжыры менен күмүш саат белек кылат. Ал саатты атабыз колунан түшүрчү эмес. Кийин, мен онунчу классты бүтүрүп, медик болоорду чечкенде, атам айтып калды: «Менин абзийногой (татар дебей эле ногой деп койчу) досум бар эле. Аты Касым Нигматуллин деген. Кийин Нарындан кеткенден кийин Касым согушка кетти деди эле. Аман-эсен болсо келген чыгаар. Фрунзеде иштейт деген каңшаар бар. Сен ага жолук. Жардамын аябас. Куру барбай бир козу ала бар менден» – деп атабыз мени кара жолго чейин жеткирип, ак батасын берип кала берди. Бул, 1952-жылдын август айы эле. Ал кезде автобус деген жүрчү эмес. Фрунзеге кетчү чоң кара жолдо жол тосуп турам, күрпөң кара козу менен энебиз берген кызыл фанерден жасалган сандыкты кармап, анын ичинде бир баштык арпа талкан менен бир карын сары май, арасында гезитке оролгон бир жибек көйнөгүм бар. Алыскы жолго – Фрунзеге чейин жүк ташуучу чоң машинелер гана каттоочу, жалгай бер-

ди болуп бир жүк ташуучу машине келип токтоп калды. Көрсө, ал дагы Фрунзеге бара жаткан машине экен, үстүндө эки семиз чоң кой салып алган. Менин козумду мааратпай үчөө болуп эрмектешип кетип баратты. Мен койлордун арасында тикемден туруп алып аба жутуп, айлананы карап, жер көрүп кетип бараттым. Жол начар, машине секиргенден секирет. Менин кызыл сандыгым улам-улам машиненин эки капталына тийип түрсүлдөйт. Нарындан эртең менен эрте чыккан машине, тээ түндүн бир оокумунда Фрунзеге жетти. Менин бараар жерим жок болгонун билген тигилер: «Сен бүгүн түнү биз менен эле бол, эртең бараар жериңе бул машине менен жеткирип коёбуз» – дешти. Сүйүнүп кеттим.

Эртеси, козуну Нигматуллинге бериш керек экендигин билгизсем, үй ээсинин аялы билет экен. «Нигматуллин деген шаардын башкы врачы болуп иштейт, ошол жеринен эле табасың», – деди. Эптеп издеп жүрүп сураштырсам, ырас эле ал киши ошол жерде иштейт экен. Бирок өзү жок. Мени алып келген машинанын айдоочусу кызыл козум менен кызыл сандыгымды башкы врачтын кеңсесинин эшигинин алдына түшүрүп, өзү шашып кетип калды. Козуну бактын түбүнө байлап, Нигматуллинди күтө бердим. Ал киши жок. Кеңсеге биринен сала бири ак халат кийгени, кийбегени да кирип-чыгып жатты. Нигматуллин дагы эле жок. Түш ооп кетти. Бир мезгилде курсактуу жоон топ кишилер ээрчишип келип, кеңсеге кирип кетишти. Мен кантсе да күткөн кишим ошолордун ичинде деп ойлоп, артынан кирейин дедим эле, секретарь аял: – Сен кимсиң, кайдан келдиң, башкы врач азыр сени кабыл албайт, азыр жыйналышы болот, эгер убактысы болсо кечке жуук балким кабыл алаар. Күтсөң күтө бер, – деди. Күтпөгөнгө айла канча. Кызыл козум менен кызыл сандыгымды кайтарып, кеңсенин эшигинин алдында тура бердим.

Күн кеч бешим болуп калган маалда элдин аягы да суюлуп бүттү окшойт, жыйналышы аяктагандай көрүнөт. Бир маалда секретарь аял мени тиги кишиге киргин дегендей ишаарат кылды. Эшигин ачып кирдим. Кирсем тээ, төрдө балжайган семиз сары киши, оозунун баары эле алтын тиш:

– Ии, балам, кайдансың, эмне жумушуң бар эле менде, – деди тапатак кыргызча сүйлөп.

– Мен аксакал, Нарындан келдим, атам Тазабек деген киши сиз менен илгери-илгери дос болгон экен. Сиз Нарында иштеген турбайсызбы, мени сизге жиберди, мен сиз өңдүү доктур болууну эңсеп келдим эле, – дедим.

– Ии, ии коё тур, кайсы Тазабектин, – бир азга ойлоно кетти. – Тынымсейит Тазабекпи, Нарындын күңгөй тарабынан, айылы эстен чыгып кетиптир бир «булуңу» бар жер эле.

– Ошондой аксакал, Ак-Булуң деген жерден.

– Ооба, Ак-Булуң, ошол Тазабектин баласысыңбы? Келчи, анда бир учурашып алалы, – деп, туруп келип менин эки бетимден эки өптү.

– Атам сизге арнап бир козу берип жиберди эле, эшикте байлануу турат, – дедим. Тигил барсылдап күлдү да:

– Олда айланайын Тазакем ай, ушул ысыкта алыскы жерден. Тим эле койсо болмок экен. Эми иш күн бүттү, анда эмесе кеттик үйгө, – деп мени ээрчитип эшикке чыкты. Эшикте күрөң түстөгү «Победа» жеңил машинеси бар экен, ага кызыл козу менен кызыл сандыгымды салып, үйүнө келдик. Үйү «Ала-Тоо» кинотеатрынын артында экен. Мына ошентип Касым Нигматуллинге бала болгомун да, мединститутка өткөмүн.

– Касымдын үйү борбордо, короо-жайы, бак-дарагы бар жакшы үй эле. Ал үйгө биз да көп барчу элек. Аялы Хаят Еникеева көз догдур болчу. Бала-чакалуу, дасторкону кенен адамдар эле, – деп сөзгө кошулду Түгөлбай ага. – Аны туурап мен дагы там кура баштагамын, – деп Тукем жылмайып койду.

Аңгыча биз үйгө келип калыптырбыз. Мен машинеден түшүп жатып: – Туке үйдөн даам ооз тийиңиз – десем, – ырахмат, иним, аманчылык болсо жайынча келербиз. Көрүп турбайсыңбы, мени үйдөгүлөр, айрыкча Аскардын апасы Асылкүл күтүп жатат. Мен аларга жакшы кабарды эртерээк жеткирейин. Эми, иним, Аскарга жакшылап көз салып тур.

– Аксакал, ал жагынан кам санабаңыз, бир аз жакшы болгондон кийин, бардык анализдери туура болгондо операция жасалат. Ага сиз макул болорсуз?

– Иним, ал силердин ишиңер, ага мен кирише албайм. Силер кандай десеңер биз макул болбогондо кайда бармакпыз. Эгер сен бир поэма, же бир роман, повесть жазсаң, андай эмес, мындай болот деп кеңешимди берер элем. Аскарды сага тапшырдым. Сени кудайга тапшырдым. Мен эми барайын, – деп кол алышып жолго түштү.

Күндөр өтө берди. Он күндөн кийин Аскарга жоон сандагы кашка жилик менен ошол эле ыптасындагы жото жиликтерине жасалган операция ийгиликтүү аяктады. Тукемдин үйүнө: – Туке, операция ийгиликтүү аяктады, буюрса жакшы болот, көп капа болбоңуз, – деп, телефон чалдым. Ал киши ыраазычылыгын билгизди. Бирок операция күнү, андан кийин деле Тукем ооруканага келген жок. А балким, баласына кечкурун келип-кетип жаткандыр. Ал эми апасы Асылкүл, агалары, тууган-туушкандары үстүнө үйрүлө түшүп келип атышты дечи. Мен еврей Аронго чыккан Аскардын карындашын да көрө албадым. Күйөө бала Арон да көрүнбөдү.

Аскар эстүү жигит экен. Операциядан кийин дарыгерлердин айткандарынын баарын аткарып, тартипти бузган жок. Тез эле оңоло баштады. Бир айдан кийин ордунан тургузуп, бастырып, телчиткенден кийин, башка бөлмөдөгү кошо жабыркаган кызына да күйөөлөп барып-келип, каттащып турушту.

Мен Аскарды дарылап жүргөндө акын Жусуп Турусбековдун баласы биздин ооруканага түшүп калды. Ага эч ким деле келип ортого түшүп,

ахвалын сураган кишини байкаган жокмун. Көп оорулардын бириндей жата берди. Мага Жусуп Турусбековдун уулу деп врачтар да айткан эмес. Анын да Аскардыкындай буту сынып келген экен. Сынган бутун операцияга чейин зым менен сөөгүн тешип тарттырып койгон.

Бир күнү эртең менен бир палатада ызы-чуу боло калды. Бир маалда бөлүмдүн жетекчиси Алмазбек Шамбеталиев деген жигит мага чуркап келип:

– Сиз киришпесеңиз болбой жатат, – деп калды.

– Эмне болду? – десем, – жазуучу Турусбековдун уулу жатты эле, тентек жигит экен. Эскертүү жасасам, мени менен урушуп жатат, – деди.

– Эмне эскертүү? – десем тултуюп унчукпайт. Доктурдун өзүн палатага ээрчитип кирсем, чын эле ал жигит буркан-шаркан түшүп ачууланып, колуна таш алып алган экен. Мени көрүп бир аз токтоло калды да:

– Агай, – деди көзүнөн чаары чыгып, – тиги сиздин бөлүм башчыңыз, доктуруңузду таш менен башын жара чабам, – деди.

– Ай, жигит, токточу, эмне болду, – десем, көзүнөн жашы кылгырып, ыйламсырап маңдайын көрсөттү. Көрсө, ал жигит тамеки тартат экен. Ооруканада тартип катуу, тамеки тартканга уруксат жок, ага канча жолу айтса да болбой эле күнүгө тамекисин чеге берет. Дарыгердин жини келет да, тартып жаткан тамекисин оозунан жулуп алып чекесине баса коёт. Чекеси күйүп калат. Анан жини келбегенде кантет! Буту зымда байлануу жаткан неме илинип турган таштан бирди ала коюп, дарыгерди согуп алайын дегенде, ал мага чуркап барган турбайбы.

– Кой, жигит, – дедим, – сабыр кыл. Сен бөлүм башчынын сөзүн угушуң керек эле. Ооруканада тамеки тартпаш керек экенин билесиң.

– Жок, байке, мен кетемин. Башка ооруканага барып дарыланамын. Алыңыз, бул тешкен темир-тезегиңизди. Гипс салып бериңиз, кетем үйгө. Кетпесем да бул доктуруңузга ишенич жок, анда өзүңүз дарылаңыз, – деп, мурункудан бир аз жоошугансып калды.

– Менин атам жок, атам болсо минтпейт эле, – деп отуз-кырк жаштарга барып калган чоң киши ыйлап калса болобу. Ыйлаганында да мандем бар көрүнөт. Бир аз ичип да жүргөнбү, ким билет?

– Атаң ким?

– Атам атактуу акын Жусуп Турусбеков.

– Сен жакшы кишинин уулу турбайсыңбы. Мен ал кишинин көп ырын жатка билем:

«Ха-ха, чүкө салган тулубум,
Ташта энеке кереги жок мунуңдун.
Беш жыл бою тентип кеткен дайынсыз,
Чүкө ойнобойт, жигит болгон кулунуң».

– ...

– Билет бекемин, же болбосо:

Эрик таңы супа салып жарк этип,
Европада, Кытайда да атса экен, –

деген ырларды жазган да атаң.

– Оо болду, байке, сиз атамдын көп ырын билет турбайсызбы.

– Эми жигит капа болбо. Кааласаң сени мен өзүм дарылайын.

– Ошентиңиз байке, мен сизге ишенем, – деди.

Палатадан чыгып баратып, Жусуп Турусбековдун көп патриоттук жана башка ырлары эсиме түштү. Карасаң, тээ, отузунчу жылдары эле, алдын ала эркиндиктин таңы Европада, Кытайда да атса экен деп эңсегенин. Ырасында, чыныгы эркиндик кыргыз элине жакында эле тийди да. Бул эркиндикти Жусуп агабыз көргөн болсо, жаңы доорду даңазалаган ырларды жазмак. Аны менен замандаш Түгөлбай ага жаңы доордун чекесин көрүп, ажого ак калпак кийгизип, Ак шумкар орденин, Кыргыз Эл Баатыры наамын алды. Кайран Тукем, бирок ак калпак кийгизген ажонун тагдырын, анын кыргыз элин таштай качып, эли-журтун сызга отургузуп кеткенин көрбөй калды.

... Жусуптун баласын көргөндө зээним кейип кетти. Тобо десең, атасынын эле куюп койгон өзү, ушунча да атасына окшош болобу, союп каптап койгондой. Мен Жусупту көрбөй калдым дечи. Бирок Жусуптун сүрөтү менен салыштырганда, кудум эле атасынын өзү.

Ошентип эки жазуучу-акындын, болгондо да залкарлардын балдарын дарылоого өттүм. Экөөнө тең операция жасадым. Экөө тең ийгиликтүү аяктады. Айыкканча экөөнө тең улам-улам, бат-бат кирип турдум.

Жусуп Турусбековдун уулуна эжеси, белгилүү режиссер Лилия Турусбекова эже бат-бат келип турчу болду. Ал дагы атасына окшош. Ушунчалык кичипейил, сылык-сыпаа, маданияттуу эже. Бир жолу да мен баланчанын кызымын, мен мындаймын, чоң режиссермун деген жок. Ал турмак өзүн медицина институтунун ректору Санжарбек Бакирович Даниядровдун аялымын деп да айткан жок. Менин билишимче Санжарбек Данияров бир жолу бастырып келип, кайнисинин ахвалын сурабады. Балким, министр аркылуу кабарын алып жаткан чыгаар.

Күндөр айга, айлар жылга тоголонот. Аскар да аман-эсен айыгып үйүнө кеткен. Анын сүйлөшкөн, кошо жабыркаган кызы да жакшы болуп, ооруканадан чыккан.

Кийинки жылдын күз айлары келди. Сары Өзөн Чүйдүн боорунда ак төөнүн карды жарылып турган убак. Шаардагы кичирайондун биринен, канча жылдан бери эңсеп жүргөн үйгө жеттим. Эң четки үйлөр болгондуктан, тегерегибиз бак-дарактуу, шаркырап аккан суунун жээгиндебиз. Кошуналар менен бат эле таанышып, түндүк-түштүк, сарбагыш-бугу болушуп барпаңдашып, кичине эле эт боло калганда, эски шырдак-көлдөлөңдөрүбүздү көтөрүп, бактын түбүнө жая салып, банкелеп пиво ташылып, ишемби күнү кечинде, же жекшемби күндөрү дүнүйөнүн жыр-

галы ушу экен деп «үйүндө бир кашык айраны жок, кызынын аты Жууратгүл» болуп гүлдөп жүргөн убак. Кайран кана мезгил десең.

Ошондой күндөрдүн биринде, ишемби күнү саат 14 ченде үйүбүздүн эшигин бирөө такылдатат. Ачсак, мага тааныш бир институтта чогуу иштешип жүргөн, менден бир жыл мурун бүткөн, өзү токтоо, коңур мүнөз, Болоткан Шейшекеев экен. Эшик ачып үйгө киргизип, кел-келиң болуп учурашып, чай сунуштадык. Илгери-кийин үйгө келип-кетпеген адам болгондон кийин, аз да болсо сый көрсөткөнгө камынып калдык.

– Жок, убара болбоңуздар, мен шашып жүрөмүн, нан эле ооз тиейин. Сиздерди кечинде Түгөлбай Сыдыкбеков мейманга чакырып жатат. Мени жиберди, телефон менен айтканга уят деп. Ал киши мага кайнага болот эле, – деди. – Сен а кишинин уулу Аскарды дарылаган экенсиң. Чоң, сыйлуу конок сен болчудайсың. Келбей койбосун деди. Ал кишинин аманаты ушул. Дареги момундай – деп, бир кичинекей ак кагазга үйүнүн дарегин жазып калтырды.

– Оо, Боке, – дедим мен, – жок, барбаймын. Андай сакалдуу кишинин үйүнө мен баланды дарыладым эле деп чай ичүү кекиртегимден өтпөйт. Ал менин кызматым, дарыгердик эле мойнумдагы парзым да. Сен деле, Боке, далай кишилерди операция жасадың. Ошонун баарына эле бара бербейсиң да, туурабы? Анын үстүнө бизге теңтуш, курбалдаш, илгери-кийин тааныш адам болсо башка эле. Жок, жок, Боке, айта барыңыз. Биз ыраазыбыз. Бизге уят, андай кишиникине барыш. Рахмат, рахмат, Боке.

– Анда эмесе барсаңар-барбасаңар өзүңөрдүн ишиңер. Мен өз милдетимден кутулдум. Эшикте машине күтүп турду эле. Мага уруксат бергиле. Мен кетейин, – деп эшикке чыкты.

Мен, барсак эмне болот, эгер барбасак деп ойлогуча, жубайым Зайра чебелектеп жиберди:

– Жок, барбайбыз. Андай залкар адамдыкына, илгери-кийин тааныштыгыбыз жок болсо, уят. Туура чечтиң, барбайбыз, – деп кесе айтты.

– Эгер барсакчы, ал киши сенин жакын агаларың, Кең-Суудан, сен аркы Сарытологойдон, мага жакын кайнага болот да. А балким, доктурларга-хирургдарга арнап дагы бир очерк, же аңгеме, ашып кетсе повесть жазып жибербесин дедим.

– Ары жок, – деди колуктум. – Сен жөнүндө поэма жазат, күтө бер.

– А балким, мен ал киши жөнүндө чыгарма жазып калбайын?

– Анда ал киши окуп берип, редактор болуп, сага чоң гонорар коёт, – деп, мени шылдыңдады аялым.

Биз, аялым экөөбүз ошентип «барабыз-барбайбыз», – деп бажаңдашып жатканда, телефон шыңгырап калса болобу. Жүрөгүм шуу дей түштү. Алсам, Түгөлбай аганын үнү:

– И иним, Касымбек, – деди, – менин ишим түшүп, уулум Аскар жаракат алып, ажал менен өмүрдүн ортосунда арбашып жатканда, улук бо-

юмду кичик кылып, сенин алдыңа өзүм бардым эле. Эми сен мени өзү келип чыкырсын деп жатасыңбы? – деди.

Эрдимди тиштедим.

– Жок, жок, Туке, андай деп ойлобоңуз. Азыр, азыр барабыз, – деп, телефонду койгончо шаштым.

«Аксакал кишилердикине айттырбай эле өзү жүгүрүп келбейби. Атайын киши жиберсе. Болгондо да өзү теңдүү, өзү менен чогуу иштешип жүргөн азаматты жиберсем. Карасаң муну. Бир кежир неме көрүнөт» – деп ойлоду го. Ал менин корунуп, уялып жаткандыгымды кайдан билсин. Аларга кылган кызматымды ошондой эле ар бир кишиге жасайт элем да, жасап деле жүрбөймүнбү. Жусуп Турусбековдун уулуна деле операция жасадым. Ал деле айыгып кетти. Эч ким, эч нерсе деген жок. Жада калса «рахмат» деп же баланын өзү, жерге-жээги айтканга жарашкан жок. Айтмак турсун кээ бир адамдар канча аракет кылсаң дагы, кайра нааразы болуп, минтпей койду, тигинтпей койду, олдоксон экен деп министрге, ал эми кээде прокурорго чейин арыз жазып кетишет. Ал эми кээ бир бечаралар ачыгын айтып, жашырганда эмне, бир бөтөлкө арак, аялдар болсо коробка конфет, же гүл берип коюшчу эле.

Ал эми азырчы? Азыр операция жасоо керек десең, ошол операцияң канчага турат деп сурашат. Жок, кокуй, операция өзү бекер. Ал эми операцияга колдончу атайын аспаптар, темир-тезек жабдыктар жок. Алар өкмөт баасы менен дарыканаларда сатылат. Биздин өлкөдө андай жабдыктарды жасачу заводдор азырынча жок. Алар чет мамлекеттерден келет. Ошон үчүн алардын баасы жогору. Ал эми хирургдардын эмгеги таптакыр бекер деп жооп беребиз. Ооруканада өкмөткө акча төлөп жатмай, Союз убагында бекер жатып, бекер дарыланган карапайым, жарды элге кыйынчылык болорун түшүнүп эле турабыз. Заман ошондой, – деп кутулабыз.

– Кийин, – дедим колуктумду, – болгонуңча жасан, «бир көргөнгө жан бермек», бизден башка да коноктор болуп калууга мүмкүн. Анын үстүнө сенин бир чети жердештиң, экинчиси «агаң» болот эмеспи.

– Жок, – деди жолдошум, – биздин көлдө улуу кишини «ава» дейт. Мен барбаймын авамдыкына, уят, сен барсаң өзүң бара бер, – деп, мойнун толгоду.

– Ай койсоңчу, мен бойдок болбосом, аялы жок конокко барыш «печаты жок справкадай» болуп калат, бол кийин, кечиктик, – деп, колуктумду эптеп көндүрдүм.

Жолдон жакшынакай гүл алып, таксиге түшүп, тез эле жетип бардык. Үйү бышкан кирпич менен салынып, чатырланып аземделиптир. Короожайы кенен, гүлгө толгон, жыты аңкыйт. Короосунда узун кооз канат-куйруктарын сүйрөп индиянын тоту куштары жана мен билбеген кооз тоокко окшош жаныбарлар өзүнчө эле бир короо. Кыскасы бейиштин жери. Ал

кезде белгилүү акын-жазуучулар эле эмес, чоң-чоң министрлердин деле өзүмдүк үйлөрү жок болсо керек. Бул кишиге эмне, көп болсо бир китептин гонорары да деп ойлодум ичимден. Түкө сөздүн дыйканы, эки-үчтөн романдарды ышкыртып жатпайбы бир-эки эле жылда. Эч кимдин ич тардыгы жок, өзүнүн ак эмгеги менен табылган акча да.

Үйгө кирдик. Конок күтмөй залы биринчи кабатта экен. Тегерете узун чоң столдун тегерегинде бир топ эл. Дөө-шаалар чогулган экен.

Эң төрүндө аппак жүздүү, тогологураак келген чап жаак Кусеин Карасаев, сол жак ыптасында байбичеси Айша апа. Ал кишинин жанында Абды Сүйөркулов аялы менен. Бери жагында Зияш Бектенов жубайы менен, төмөн жагында Неля Исаевна Ахунбаева күйөөсү Эмил Абдиевич Сүйөркулов бар экен. Кудай жалгап, биз тааныгандан Неля Исаевна менен Эмил Абдиевич барына ичибиз жылыды.

– Бул жигит жанагы биз күткөн, Аскарды айыктырган дарыгер-хирург, – деп мени тааныштырды, – жумуштары чыгып, бир аз кечигип калган экен, – деп, Тукем биздин күнөөбүздү жеңилдетип койгонсуду.

– Ии, иним, кайсы элден болосуң, – деп мени кепке тартты Кусеин аксакал.

– Ой, коё турчу, чайга карасаң, анан деле убакыт бар, сен өзүң кеп-сөз дегенде дегеле жантыгыңдан түшмөй адатың бар, чайга карагыла айланайындар, – деп, байбичеси Айша апа бизди коргоого алды. Аңгыча чай да сунулду. Столдун үстү титирейт. Эмнелер гана жок столдун үстүндө. Тукем биздин табактарга өзү сала баштады ар кайсы тамактардын түрүнөн. Мен сыпайыланып, араң эле оозду бүлкүлдөтүп, кичине күмүш саптуу айры-кашыктар менен искегилеп жаттым. Аңгыча баягы бизди чакырып келген Болоткан конок узатып жүрөт, бөтөлкө ачып.

– Кайсынысынан куяйын, – деп, менин жаныма келди.

– Мен ичкилик ичпейт элем, Боке, кымыздан эле болсо, – деп кыйылдым. Эч ким деле ич эле ич деп кыйнаган жок. Отурган элдин көңүлдөрү жай.

Сөздөр-сөздөр. Узун сөздөр биринин артынан бири куюлушат, уккуң эле келет. Атаңдын көрү ай десең, ошол сөздөр жазылып калса эмне. Ошончо кишинин ичинен көбүнчө Кусеин Карасаев аксакал көбүрөөк сүйлөп жатты. Анын сөзү ордунда, добушу уккулуктуу. Куюлуштуруп сүйлөгөндө, оозуңду ачып эле карап отургуң келет. Ал киши тээ илгеркилерден, санжыралардан кирип, анан араб тилинен аралаштыра, котормосу менен дин жөнүндө, өзүбек, жада калса татар тилинде да ушунчалык бир устатчылык менен сүйлөгөн киши экен. Элди күлдүрүп да, бир маалда элди томсортуп, ушундай да болот экен ээ дегендей таң калдырып жатты. Кара сөздүн устаты Зияш Бектенов, улуу сөзмөр Түгөлбай ага да кандай укмуш сүйлөөр эле. Булардын кеп салганын мурда аз да болсо угуп жүргөн элем. Ал эми Кусеин Карасаевдин сүйлөгөнүн угуп

да, көрө да элек экемин. Атаганат, Кукемдин ошондогу сүйлөп жаткан сөздөрүн жаздырып, же тасмага түшүрүп алса кыргыз элине кандай кана кенч болор эле.

Ушундан улам бир ой эске түшөт. Илгери, биз бала кезде, согуштун тушунда, андан кийинчерээк деле айылдын бирин-экин аксакалдары болор эле сөзмөр. Нарындын күңгөй өрөөнүндө Жайлоо деген аксакал киши боло турган. Ал киши улуу «Манасты» кара сөз менен айтаар эле. Саякбай аксакал айылга барып, колуна чоң жүзаарчы алып, буркулдата «Манас» айтканда, оозунан ак көбүктөр атылып чыгып, аны колундагы жүзаарчы менен аарчып коюп, улам демигип отуруп кандайча жылып кеткенин да билбей, анан тамагы кургап баратканда, жанындагы чоң кеседеги сары майдан ууртап коюп уланта берчү. Жайлоо аксакал кара сөз менен «Манасты» айтканда, алакан менен эки колун койгулап шакылдатып, жоон сандарын чапкылап, чымчылап, кокуй алатты коштоп, кыйкырып, сонун айтуучу. Көп жолу угуп да, көрүп да калдык.

Согуш мезгилинде артисттер айылга анда-санда эле келбесе, кино деген жок, телени айтпай эле коёлу. Баш көтөргөн эркектердин баарысы согушта, жалаң аялдар, балдар. Эл ичи тунжурап отуруп калган эмес. Ошол эле сөзмөр чалдар эртели-кеч элди дөбөгө чогултуп алып, узун сөздөн, уламадан баштап, элди алагды кылаар эле.

60-жылдары Москвада окууда жүрүп, жаңы жылдын астында жолдош балдар менен чогулуп «Чоң театрга» бардык концерт көргөнү. Белгилүү ырчылар, бийчилер музыканын коштоосунда өз өнөрлөрүн көрсөтүп жатышты. Бир маалда орто бойлуу, толугураак келген, үнү каргылдай сүйлөгөн бир кишини отургучка отургузушту. Биз күтүп отурабыз, качан ырдайт деп. Жок, ал киши ырдабастан эле бир нерсени кара сөз менен сүйлөп кирди. Биз иренжий түштүк. Жок, чыдап отурдук. Укмуштуудай сүйлөйт экен. Улуу Пушкиндин, Лермонтовдун кылык-жоруктарын айтып кирди дейсиң, дүркүрөгөн кол чабуулар! Көрсө, ал адам атактуу Ираклий Андронников деген артист экен. Кийин, ошол кара сөздүн устаты Андронников Лениндик сыйлыкты албадыбы. Биздин Кусейин Карасаев деле Андронниковдон кем калбайт эле. Анын башка эмгегин эске алуу менен, айрыкча тил жөнүндө, сөздүк, улуу кара сөздүн устаты катары көзү өтүп кетсе дагы «Кыргыз Эл Баатыры» деген ардактуу наамга татыктуу адам экенин бир айтабызбы, эки айтабызбы.

Эл Баатыры наамына татыктуу деген дагы бир инсаныбыз кыргыз медицинасынын атасы, атактуу хирург Иса Коноевич Ахунбаев эле. Кыргыздын биринчи академиги, Академиянын биринчи Президенти, Орто Азия боюнча биринчи болуп жүрөккө ийгиликтүү операция жасаган хирург.

Азыркы медицина академиктери өз көмөчүнө күл тартып эле жүгүрүп жүрүшөт. Иса Ахунбаевди унутуп коюшкан. Болбосо Ахунбаевдин ар-

багы – сөөгү, азыркы тирүү академиктерден алда канча улуу экенин калайык-калк билет. Убагында медицина тармагынан эки адамга Союздук баатырдык наам ыйгарылды. Биринчи, менин курсташым акушер-гинеколог Үмүткер Ырыскелдиева, анан айылдык хирург Шамшы Сүйөркулов. Алардын эмгеги жок дегенден алысмын. Бирок аларга салыштырмалуу Ахунбаев деген ким эле?

Түгөлбай ага ырас, биринчилерден болуп Эл Баатыры болду. Түгөлбай менен кошо Кусеин Карасаев да Эл Баатырына татыктуу эле...

Чай ичилип жатты. Кусеин аванын кеби түгөнөр эмес. «Ии, ава, дагыдагы», – деп Зияш Бектенов менен Абды Сүйөркулов эки жактан сүрөп, колдоп жатышты. Үй ээсилик кылып, Түгөлбай ага сөзгө көп аралашкан жок.

Чайын ууртап жатып Кусеин ава:

– Сен деле сөзгө аралашпайсың Абды, кана, бир аз кеп салчы. Совет министрди башкарып көп жылы иштедиң, анан соода жагына өттүң, май талкан кармап турдуң, көп эле жолу Жогорку Советке депутат болдуң, көп эл менен жолугуштуң, ошолордун биринен эсте калган жерлери бардыр, кана, сөзгө аралашчы, – деди.

– Кусеин, – деди Абды Сүйөркулов, – мен сиздей кылып кооздоп айтып бере албайм го, эми сиз сурап калдыңыз айтса айтып берейин.

– Ии, айт, айта бер, бул дасторкон сага сессияда сүйлөчү, сүрдөөчү трибуна эмес да, – деп, Кусеин торой чалды.

– Эми Кусеке, бир жолу Нарын обулусуна депутат болуп көрсөтүлүп калдым. Эл менен жолугууга машине менен Долондун белин ашып, Казан-Куйганга түшсөк, көп эл мени Нарынга жеткирбей эле, ошол жерден ат менен 200–300 киши желек алып, шаңдуу музыка менен тосуп алышты.

Машинени ал жерге калтырып, андан ары ат менен жөнөдүк Нарынга. Жолду катар ар кай жерде котураган эл, эркек-аялы, окуучу балдар болуп, карышкыр ичик кийген аксакалдар, колуна бүркүт кондурган мүнүшкөрлөр жылуу кабыл алышты.

– Ал кезде шайлоо өтө жогору деңгээлде өтчү эмес беле, – деп, сөзгө аралашты Зияш Бектенов. – Эл таң атпай туруп, шайлоо майрамга айланчу эмес беле.

– Ооба, Зияш, шайлоо ошондой өтчү эле, чыр-чатак жок, бир кишидей ынтымак менен. Уруу-урууга бөлүнбөй, түндүк-түштүк жок алда-немедей өтчү. Добуш берүү эрте эле бүтүп жүз пайыз болбосо да, ошого жакындап барчу, – деп токтоду Абды Сүйөркулов.

– Эми Суке, анда партия өзү башкарып баланчасы аял, баланчасы эркек, койчулардын, малчылардын, жумушчу шахтерлор, интеллигенттер мынча пайыз болсун деп бөлүштүрүп койчу. Анан биз өңдөнгөн тилчилер, студенттерге дарс окуган доцент-профессорлор, мугалимдер кайдан

илинсин. Өзүңөр өңдөнгөн чоңдор эле орундарды бөлүштүрүп алчу элеңер го, – деп Зияш ава тийиштик кылды.

– Ал убакта заман ошондой эмес беле, – деген Кусеин Карасаев мага көз чаптырды, – кайсы уруктан, кайсы жерден болосуң? Колуктуң кайсы элден, ылдый эле карайсың, деги жети атаңды билесиңби?

«Балээ басты», – дедим ичимден, жети атамды го билем дечи, бирок адаштырып айтып алып уят болбоюн.

– Мен нарындыкмын, тынымсейит уругунан болом, Кусеке, келинчегим сизге карындаш, өйдөкү Муратаалы бийдин кыздарынан болот.

– Муратаалынын кайсынысынан?

– Эми аксакал ал уруктун кандай таралышын көп билбейт экемин. Өйдөкү Сарытологой айылында Мукамбет молдо деген аксакалдан Абдракман, Кайранбай, Атаке деген кайнагалар бар. Менин келинчегим Зайра Абдракмандын кызы болот.

– Анда болду, уулум, мен аларды жакшы билем, айрыкча Атаке мугалимди. Ал киши Түптө, райондун жетекчиси да болуп иштеген. Андан соң тигил Тажикстандагы Жерге-Тал, Мургабдарда билим берип келген. Жакшы жерден үйлөнгөн турбайсыңбы. Бизге жакын күйөө бала болуп чыкпадыңбы. Кыргыз ушинтип сураша келгенде, карын-бөлө болуп чыга келет.

«Жакшы жердин кызы болот турбайбы» деген Кусекеңдин сөзүнө жолдошум: Ии, билип ал, мен төгүн жердин тукумунан эмес экенимди дегендей өңүнө кызыл жүгүрүп, ичинен сыймыктангансып, мени бир карап, дагы айта түшсө экен дегендей Кусеин Карасаевди бир карап ыраазы болгонсуп отурду.

Аңгычакты тыныгуу жарыяланып калды. Аксакалдар баш болуп эшикке чыктык. Короосу кенен, тегерете бийик, бышкан кирпич менен тосулган дубал. Орто ченинде кичинекей фонтан атылып турат. Кайдан чыгып келгенин байкабай калыптырмын, бир маалда толгон-токой татынакай кооз куштар, куйругу узун жер чийген, ар бир тал жүнү, канат-куйругу укмуштуудай бир керемет павлиндер жүрөт кукулдап, андан тышкары не бир кооз, карасаң көзүң тойбогон, сулуулугу көз тайдырган куштар, кептерлер, теги койчу, мен атын билбеген зоопаркта жок жандыктар. Павлин баштаган кооз куштарды Түгөлбай аксакал Индияга барганда ала келгенин, башкаларын Кытайдан, Тибеттен жана башка жерлерге барганда ала келгенин жобурап айтып жатты. Кусеин Карасаев, Зияш Бектенов, Абды Сүйөркулов баштаган аксакалдар: – Бали, Туке, ушундайлар сага керек эле, сенин жазганыңа булар дем берип турат, короо-жайың да жакшы экен деп мактап атышты. Тукем ал үйгө кыйынчылык менен жеткенин жашырган жок. Илгери ушул эле борбор Бишкекте Калык Акыев, Молдобасан Мусулманкулов баштаган атактуу кишилер боз үйгө жашашканын айтып отурду. Аңгыча кымыз да келди. Тукем өзү кымыздан

башка ачуу даам ичпейт экен. Тээ, илгертен бери кымыз менен достошуп, туберкулез менен ооруп, Алыкул Осмонов менен бирге кымыз менен дарыланып, Ысык-Көлдөгү «Кой-Сары» курортуна канча барып дем алганын, кымыздын дары катары канчалык пайдасы бар экенин кобурап, кеп салып отурду.

Кымыз ичкенден кийин коноктор ары-бери басканга киришти. Андан соң Тукем мага жакын келди да, мен жубайым Зайра менен тигил аксакалдардан обочороок турдук элек, жүргүлө силер мени менен, тигилер ары-бери басып турушсун, биз үйгө кирели, – деди. Ал киши акырын жол баштап, үйдүн экинчи кабатына көтөрүлдүк. Экинчи кабатында өзүнүн кабинети – китепканасы орношкон экен. Анысы чоң зал, залдын так ортосунда өзүнүн килейген жазуу столу, столдун үстүндө түнкүсүн жарык кылчу лампасы, анан чоң, өзү батчу креслосу (жарыктык өзү зор алибеттүү адам эмес беле) креслого отурчу жеринде кара сак-сак көрпө менен жасалган төшөкчө. Төшөкчөнү көрсөтүп жатып: – Муну жеңеңер Асылкүл жасап берген, мен жазганда көп отуруп калат эмесминби, – деп жылмайып койду. Столдун үстүндө эскирээк тарткан «Москва» деген машинкасы турат. Көрсө, бул киши колу менен калемсап кармабай, адегенде эле эки-үч катар кагазга машинка менен басат экен. Машинкага басканда да ушунчалык тез басат көрүнөт, атайын машинисткалар аттта калгандай тыкылдатып. Атаганат десең, кийинирээк болгондо Тукем невак эле компьютерди үйрөнүп, колдонуп калганда, кандай «бап» келип калмак экен деп ойлоносуң.

Чоң зал китептерге жык толгон. Жеринен баштап тамдын төбөсүнө чейин коюлган китеп текчелери, китептерди көтөрө албай ийилет. Басканга чоло жер жок. Жада калса жерде да текче-текче болуп үйүлгөн журналдар, гезиттерден баш айланат. Ар кайсы жерлери бир топтон бери жыйнала элек, тазалана элек көрүнөт, чаң да басып калыптыр.

Тукем кабинет-китепканасында ары-бери басып жүрүп, бир китепти алды. Ал өзүнүн жакында чыккан «Абысындар» деген китеби экен. Аны алып креслосуна отурду да, китептин ички бетине бирдемелерди чиймелеп жатты. Көрсө, ал китепти мага арнап, автор катары белек кылып тапшырганы жатыптыр. Кол жазмасы «иттин арткы шыйрагындай» деп коёт ко, так ошондой, деги араң эжелеп киши окуй турган.

Ишиме ийгилик каалап, ал китепти мага тапшырды. Мен жылуу кабыл алдым. Андан соң Тукем мага кайрылды:

– Касымбек, жаныма жакын отурчу, мобул китеп жакында Алматыдан чыккан Казакстандын энциклопедиясы «А» тамгасындагы. Карап отурсам, «Алпамыш» деген Казакстандын баатырын таап алдым. Казактарга рахмат айтыш керек. Алпамыш казактардын баатыры болгон менен улуту кыргыз турбайбы. Мында улуту кыргыз деп бакырайып даана жазылып турат. Көрсө, Алпамыш баатыр бул эле Чүйдөн, болгондо да

Канттын тегерегиндеги бир айылдан экен. Мен изилдеп жатам. Жаш кезинде айылдан бир кылмыш кылып, анан казактарга кире качкан көрүнөт. Мен муну эң жок дегенде бир татынакай документалдуу повесть кылып жазсам деген оюм бар, – деди. Алпамыш баатыр жөнүндө уккан жайым бар. Казак-кыргыз арасында кеңири болбосо да, көп элге дайын болсо керек. Андай дегеним биздин атабыз да менден кичүү инимди Алпамыш деп ат коюшу да бекеринен болбосо керек. Тилекке каршы, Алпамыш иним кырк беш жашында кайтыш болуп кетпедиби. Мындан ойлойм, жаш балдарга мындай ат көтөрө алгыс, чоң аттарды койбош керек окшойт. Жөн эле Текебай, Букабай, Кочкорбай, Буурабай дегендер оң болчудай.

Тукемдин китепканасынан ушунчалык көп китептерди көрүп, башым айланды. Түгөнгүр киши мунун баарын качан окуп бүттү экен десең. Ар бир китептен эң кеминде бир сүйлөмдөн эсине калып калса дагы кезеги келгенде пайдаланса боло тургандай. Ошон үчүн жазуучу болсоң, болгондо да чоң жазуучу болуш үчүн көп окуш керек окшойт, таланттан, шыктан, эмгектен тышкары.

Ошентип жолдошум экөөбүз Тукемди ээрчип, китептүү болуп, болгондо да автордук колу менен жакшынакай ийгилик каалаган зор жазуучунун өз колунан алганым үчүн ичим жымылдап, маңдайым жарыла сүйүнүп канча окусам дагы алигиче кычуум канбай текчемде кармап турам.

Биз экинчи кабаттан Тукемди ээрчип төмөн түшкүчөктү коноктор небак залда орундуктарына отуруша, титиреген дасторкондон даам татып калышкан экен, көңүлдөрү жайдары. «Алыбай алына жараша» дегендей, кээси ала буурул болуп калышкан. Кызуу кеп салуу башталып калыптыр. Мындай отурушта кээде ыр, чоор, комуз күүлөрү чертилип, андан калса белгилүү артисттер чакырылып тамаша курула турган. Азыр андай болбоду. Башка залкарларды албаганда: Зияш Бектенов, Абды Сүйөркулов эмне деген кыргызга аттын кашкасындай таанымал адамдар. Алардын кеп кылып сүйлөп бергени эмне деген рахат. Үй ээси катары Түгөлбай аксакал кепке аралашпай тек кана угуучу катары тигилер сүйлөсө башын ийкемиш болот. Болбосо жазма адабияттын улуу чебери, сүйлөй билген кара сөздүн устаты катары белгилүү эмеспи. Адабиятты сүйүүчү катары канча жолу ал кишинин адабий кечелерде чыгып сүйлөгөн сөзүнө маашыр болуп, дагы сүйлөп берсе экен деп таң калып уктук. Анын чечендигине, чукугандай сөз тапканына, куюлуштуруп кара сөз эмес ыр менен айтып жаткансып элди өзүнө тарта, анан үнүнүн коңур добушу, коосдугу, бир аз жылмайыңкы келбеттүү жүзү, тикирейе тик турган анын аппак коюу чачтары көркүнө-көрк кошуп адамды өзүнө тартат. Бирок көп сүйлөбөдү. Сөздүн көркүн ачкан баягы эле Кусейин Карасаев. Анын сүйлөп отурганы эч бир артисттикке бергисиз, комуз күүлөрү эмес Бетховендин симфониясы, сонаталарынан ашып түшүп, уккуң келет. Биз, кыр-

гыздар «Манас» айтуу, манасчылар менен сыймыктанабыз. Бул туура дечи. Ал эми Кусейин Карасаевдей кара сөздүн устаттары менен неге сыймыктанбайбыз, неге барктабайбыз. Башка элде мындай жок ко. Бизде эмне көп – ырчылар көп, эки ырды ырдап койсо эле «жылдыз» болуп чыга келет. Качан биз Мыскал эжени жылдыз дечү элек, качан биз Сайра Кийизбаеваны, Салима Бекмуратованы, Анвар Куттубаеваны, теги койчу, Бүбүсараны, Таттыбүбүнү, Самараны жылдыз дебедик.

Кусекемдин сөзү ал күнү түгөнгөн жок. Анда-санда гана Зияш Бектенов менен Абды Сүйөркулов: «Охо-ой, Куке, уланта көр», – деп кубаттап жатышты.

Ошентип, ал күнү Тукемдин үйүндөгү конокчулук да аяктады. Эл жылуу-жумшак тарады. Мен жолдошум Зайра экөөбүз колтукташып, Тукем арнап берген китебин колтугума кыса, Дзержин көчөсү менен түндүн бир оокумуна чейин кобурашып, бүгүнкү кечти кеп салып отуруп, үйгө кандай келгенибизди да билбей калдык.

*Аңызга айланган ысымдар*

# ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН

Жаныбек хан мал издеп жүргөн балага жолугуп калат.

– Чырагым, ээн талаада, жалгыз эмне жүрөсүң? – деп сурайт.

– Жалгыз төөмдү жоготуп, ошону издеп жүрөм, – деп жооп берет бала.

– Төөңдү тушап койсоң болбойт беле?

– Төөмдүн тушамышы өлүп калган, – деди бала. Ал – атам өлүп калган деген сөз экен.

– Балам, биз кайсы үйгө консок?

– Бир кой жеймин десеңиздер, кайсы үйгө болсо да коно бергиле. Эки кой жеймин десеңиздер, биздин үйгө конуңуздар, – дейт бала.

Хандын жан-жөкөрлөрү:

– Жакшы жигит көрүнөт, ушул баланыкына эле конолучу, – дейт.

Коноктор үйгө кирип, жай алып отурган соң, бала бир бооз койду жетелеп келип: «Оомийин!» – деп бата тилегенде:

– Чырагым, бооз эмес кой жок беле? – дейт хан.

– Мен бооз эмес койдун жогун талаадан эле айтпадым беле?! – деген экен бала.

* * *

Күндөрдүн биринде Жаныбек хан кырк увазирин чакырып алып:

– Калп менен чындын ортосу эмне менен айрылат? Ошону мага таап берип, каалаганыңарды алгыла. Таба албасаңар, башыңарды аламын! Ойлонууга кырк күн убакыт бердим! – дейт.

Хандын увазирлери кырк күн ойлоп, таба алышпайт. Кыркынчы күн болгондо, хан увазирлерине:

– Калп менен чындын ортосу эмне менен айрылат экен, таптыңарбы? – деп сурады.

– Жок, таксыр, таппадык, – дешет. Хан:

– Андай болсо, башыңарды аламын! – деп каарына келгенде, аңгемени тыңшап кокусунан келип калган Жээренче чечен увазирлерге:

– Өткөндө хан кандыгы менен ар бириңердин башыңа бир күндөн милдет такты эле. Эми өзүңөр суранып, дагы бир күндөн алсаңарчы! – дейт. Хан:

– Жарайт! Бул баланын сөзү дурус окшоп калды. Менин максатым – силерди өлтүрүү эмес, сыноо! Акылдуу болсоңор, силердин ар бириңерден бирден акыл алганымда, менде азыр кырк кишинин акылы болмок. Кырк кишиде жок акыл – бир кишиде кайдан болсун?! Ойлонууга дагы кырк күндү бердим, – дейт.

Хандан чыккан соң, он эки жаштагы Жээренче: «Бул сөздү бирөө болбосо, бирөө билээр. Ошону издеп табайын», – деп эл кыдырат. Коргону бийик капкага туш болот.

Капканын оозунда сүлүктөй кара ат минген, үстүнө зоот кийип, саадак асынып, найзанын учун жерге матап, бирөө турат. Ага ошол капкадан кирип-чыккан жандын баары ийилип салам берип өтүп жатышат. Жээренче ага салам бербей, жүзүн бурбай жүрүп кетет.

Ошондо найзасын жерге матап, ат үстүндө чиренип турган алиги жигит:

– Эй, бала, сенден башка ушул капкадан кирген-чыккан жандын баары мага түгөл салам айтпай өтчү эмес эле. Сен эмне үчүн мойнуңду толгойсуң? – деди.

– Бирибиз аттуу, бирибиз жөө, саламыбыз келишпесечи? – дейт бала.

– Бул калааны мурда көрдүң беле? Көргөн түрүң жок! Кел, артыма учкаш да, биздин үйгө конок бол! – дейт жигит.

– Алла Таалам ээр токумдуу аттын алдын бизге, артын силерге мурдатан буйрук кылган. Анан: «Ат ээси алдына минет», – деген да сөз бар. Үйүңдү көрсөтсөң көрсөт. Мен жөө эле басайын, – деди бала.

Ал аттуу, тигил жөө, үйүнө ээрчитип келип, мейманканасына киргизди.

Бала тамагын жеп болгон соң, жигит келип:

– Эй, коногум, аңгеме башта! – деди. Ошондо бала:

– Бирибиз жарты, бирибиз бүтүн, аңгемебиз окшошоор бекен? – дейт. Бул сөзгө чыдап тура албай, үй ээси уялып, чыгып кетет.

Көрсө, алиги жигит – кыз экен:

Кыз эркек кийимин кийип, дарбазанын алдында туруп, келген-кеткендерди сынап, сынынан өткөн жан менен турмуш куруусга атасынан уруксат алыптыр. Ары өткөн, бери өткөн жолоочунун баары мунун кыз экенин билбей, салам берип өтүп жатканы ошондон экен.

Жээренче гана көрөрү менен атка отурганынан анын кыз экенин биле коюп: «Бирибиз аттуу, бирибиз жөө» – дегени: «Бирибиз эркек, бирибиз кыз, кантип салам беришебиз?» – дегени экен.

Өзүнүн кыз экени эми чындап билинип: «Бирибиз бүтүн, бирибиз жарты» деген сөздү укканда кыздын уялганынан бети кызарып, тура жөнөгөнү да ошондон экен.

«Өзүмдөн билими ашкан бир адам кез келди, мени ошого берсин», – деп кыз атасына сөз айттырат. Аны атасы макул таап, кызынын сөзүн кабыл алат.

Жорго бээ союп, жогорку элди чакырып, төбөл бээ союп төмөнкү элди чакырып, чоң тамаша куруп, кызын Жээренчеге кошот.

Көрсө, кыз ошол капкалуу шаардын ханынын жакшы көргөн жалгыз кызы экен.

Экөө кошулган соң, бир күнү Жээренче:

– Мен эми элиме кайтамын! – дейт.

Колуктусу:

– Сиз кайда кайтасыз? Атамдын менден бөлөк уулу да, кызы да жок. Атам өлгөндөн кийин бул байлык, дөөлөт кимдики болот? «Эшиктен табылса, төргө өтпө» деген сөз бар эмеспи? – дейт.

Ага Жээренче чечен минтип жооп берет:

– Жаныбек деген ханыбыз кырк увазирине: «Калп менен чындын арасын айтып бергиле», – деп кысым көрсөттү эле. Ошону таба албай, мен ошонун жандырмагын табуу үчүн эл кыдырып, жер кезип чыктым эле, – дейт.

– Жалган менен чындыктын арасы төрт эли жер. Анын мааниси: көз менен көргөн чын, кулак менен уккан – калп. Кулак менен көздүн аралыгы – төрт эли жер эмеспи?  – деген экен кыз.

– Баракелде, издегеним – табылды! Эми муну барып Жаныбек ханга угузбасам, кырк увазирин болбогон жерден кырып таштады мүмкүн, – деп кетүүгө камынат.

Аны билген соң, кыз атасына айттырат.

– Кыз деген бөтөн журтка жаралган соң, тийген күйөөм элине кеткен жатат. Бизди узатсын! – деп.

Атасы кызынын сөзүн туура көрөт.

Ошентип, эки киши кирип пааналоочу үйү жок Жээренче чечен бир ооз сөздүн түп маанисин билемин деп изденип жүрүп, хандын кызын калыңсыз алат. Жээренче чечен хан кызынын акылы менен, Жаныбек хандын баш увазири болгон экен.

* * *

Жаныбек хандын кырк увазири:

– Жээренче чечендин катыны – ургаачынын сулуусу, сизге ылайыктуу экен, – дешет.

Күндөрдүн биринде аңга чыкканда, хандын колундагы кушу качып кетип, Жээренче чечендин үйүнүн үстүнө келип конот. Жээренче чечендин аялы кушту кармап алып, сылап-сыйпап мурдагыдан да табына кел-

тирип коёт. Аны угуп, кушун алууга хан өзү барат. Жээренче үйүндө жок экен. Катыны жүзүн жоолук менен калкалап, ханга кушту алып чыгып берет.

Хан кушту караса, томого тигип кийгизип, колгап тигип кулпуртуп, балак боо эшип жараштырып койгон болот. Мындай томого менен колгапты бул журтта мурда-кийин көргөн-билген жан жок экен. Ошондуктан хан не кушуна, не катынга карарын билбей, атынан ооп түшүп кала жаздады.

– Биз бүгүн ушул үйдө конобуз! – деди хан.

– Үйдө эркек жогун көрүп турасыз. Анчалык эле аябай мени каалап, эркек жокто конок болом десеңиз, башка бир күнү бир айланып келиңиз. Кирибиз болсо жуунуп, конок каадасын колдон келишинче көрөлү. Жана да жаныңызда өзүңүздөн бөлөк жигит болбосун. Көп конокту күтүүгө чама-чаркыбыз жок. Өз башыңыз гана болсун! – дейт Жээренче чечендин жубайы.

Хан: «Жарайт» – деп, «өзүңүз гана келиңиз» дегенине көңүлү өсүп, ичинен кымылдайт. Ошентип, арадан бир нече күн өткөрүп, хан жалгыз өзү келет.

Хан келген соң, аял алдынан чыгып, колтугунан сүйөп аттан түшүрүп, колтуктап үйгө киргизет. Бар дүнүйөсүн жайнатып, хандын делебесин козгоп таштаган экен. Көрпө жайылуу, төшөк салынуу дегендей.

Үй ичи күңүрт жарык, ал өзүнчө тарых.

Ханды отургузуп коюп, аял тамак-аш менен алектенет. Хан жалгыз өзү олтуруп аяк-быягына көз салса, бетин сүрткөн сүлгүдө да, жазданган жаздыгында да, олтурган төшөгүндө да, кармаган чынысында да, аркы-берки ачкан каалгада да бир жазуу жазылган. Ал мындай деген сөз эле:

«Бирөөнүн эшигин колуң менен каксаң, сенин эшигинди бирөө буту менен тебет!»

Хан бул сөзгө түшүнгөн жок.

Эси-дарты – аялдын этегинде, напсинин жетегинде отура берет.

Жээренче чечендин аялы бир убакта палоо басып ар түрдүү идиштерге салып келип хандын алдына коёт. Хан мурда палоо жеп көрбөгөн окшойт. Палоо ар түрдүү идиштерге салынып келген соң, алардын даамы да ар түрдүү болууга тийиш деп, ар кайсы идиштердеги палоонун даамын татып көрөт. Ар түрдүү идиштердеги палоонун даамы бирдей болгон соң, бул кандайча – деп, ойго чөмүлөт.

– Таксыр, бул идиштердин башкалыгы болбосо, баары бир эле тамак, – дейт аял. Хан менен бирге олтуруп, азил жарашкан соң:

– Таксыр, тамак айныса эмне оңойт? – деп сурайт.

– Май оңойт, – дейт хан.

– Май айныса эмне оңойт? – дейт аял.

– Туз оңойт, – дейт хан.

– Туз айныса эмне оңойт? – дейт аял.

Хан жооп таба албай, такала түшөт.

Катын жана суроо узатат:

– Эл бузулса эмне оңойт? – дейт.

– Эл бузулса – хан оңойт, – деп жооп берет хан.

– Хан бузулса ким оңойт? – деп аял дагы суроо узатат.

Ошондо хан эч ылайыктуу жооп таба албай, маңдайынан аккан терди сүлгү менен сүртө берет.

Акырында хан кепке сынганын, аялдын жеңгенин мойнуна алып, Жээренче чечендин аялынын акылынын тунуктугуна суктанып, келген жолуна түшкөн экен.

* * *

Аялы Каракөз ханым өлүп, Жээренче катын албай көп жүрөт, сынына толгон кыз кездешпейт. Кез келген кызды ынатпайт.

Ошентип жүргөндө бир жигит жолугуп, ага жолдош болуп калат. Өзү көп сүйлөбөгөн адам экен. Бир убакта Жээренче чечен жигитке бурулуп:

– Жол кыскарталы, – дейт. Жигит жооп бербейт.

Дагы бир аздан кийин, көчүп кеткен элдин журтун көргөндө:

– Мына бу кунсуз үйдүн журту экен, – дейт. Жигит жооп бербейт.

Ошентип экөө бир айылга жакындаганда, жамгыр төгүп кирет. Айыл сыртында тезек терип жүргөн бир топ кыз каптарын жондоруна калкалап, үйдү карай чуркашат. Ошолордун арасында бир кыз сырт кийимин чечип капка жаап, олтуруп калат.

«Бу кызда бир сыр бар», – деп ойлоп, Жээренче чечен отурган кызга келет. Кыз ченде жок сулуу экен. Жээренче чеченге кыздын сулуу бой келбети жагат.

Эми мунун акылы кандай болду экен деп, сыноо үчүн:

– Сен башка кыздардан эмне үчүн бөлүнүп, мында жалгыз отуруп калдың? – дейт Жээренче чечен.

– Мен башка кыздарга теңелип, акмак болоюнбу?

– Алар кандайча акмак болду? – дейт Жээренче чечен.

– Алардын акмактыгы мында: алды бар, арты жок жаанды өткүн деп коёт элде. Бир аз жаап, күн кайра ачылат. Кыздар үйлөрүнө баргыча кийимдери да, отундары да суу болду. Суу болгон отун күйбөйт. Кийимдери да кургабайт. Мен отунума чапанымды жаптым. Отунумдун далдасына өзүм отурдум. Отунум да, калган кийимдерим да кургак. Үйгө барганымда отунумду жагып, чапанымды кургатып алам, – дейт.

Кыздын сулуулугу акылы менен төп келип, Жээренче чечендин көзүнө Каракөзү элестейт. Бул кызга дагы бир сөз айтып көрөйүн деп Жээренче чечендин кызга кайрылып турган жери. Айылдын ортосунда чоң суу бар экен.

– Бул суунун өткөөлү кайсы жерде? – деп сурайт Жээренче чечен.

– Тээтигил жерде бир өткөөл бар – алыс, алыс да болсо жакын. Мына бул жерде бир өткөөл бар. Жакын, жакын да болсо алыс, – дейт кыз.

– Сенин үйүң кайсы? – деп сурайт кыздан.

– Менин үйүм тээтигил чоң өргөөнүн жанындагы жапыс кара үй, – дейт кыз.

Жээренче чечен алыс өткөөлгө кеткенде, жолдошу жакын өткөөлгө бурулат. Кыздын: «Алыс, алыс да болсо жакын» деген өткөөлү суусу жай аккан, таманында тайгалак таштары жок, кум экен. Жээренче чечендин аты суудан желип өтөт.

Ал эми: «Жакын, жакын да болсо алыс» деген өткөөлдүн суусу терең, асты балчык экен. Жолдошунун аты баткакка тыгылып, суудан зорго өтөт.

Жанагы жигитке:

– Сен кайда коносуң? – дегенде:

– Мен мына бу ак өргөөгө кономун, – дейт жигит.

– Анда мен кара үйгө кономун, – дейт Жээренче.

Ошентип, экөө эки бөлүнүп, бири байдын, бири кедейдин үйүнө түшөт. Бир убакта отунун көтөрүп кыз да келет. Жээренче төргө жайгашкан соң, үйдөгү кемпир аман-эсендикти сурашкандан кийин:

– Мына бу байдын үйү турса, биздин жаман кепеге кандайча түштүң? – деп суроо узатат.

– Менин үйүм да ушундай эле. Өз үйүмө окшош болгон соң, жакынсынып түштүм, – дейт.

Жээренче чечен түшкөн үй иңир киргенде от жакты. Келин уюн саап, кемпир от башында, кыз үйдүн ирегесинде олтурду.

Жээренче төрдө олтуруп кызга карап, башын сыйпайт. Бул: «Сенин калыңдыгың чачыңдан көп го» – дегени эле.

Кыз ага түшүнүп, астындагы тыкыр бостекти сылайт. Ал: «Теңимди тапса, ата-энем жылаңач кедей болсо да берет» – дегени эле.

Жээренче чечен менен кыз бирин бири жактырганын ушундайча билдирет.

Таң атып, эл туруп жайланган кезде, бай Жээренче чеченди чакыртып алат. Жээренче келсе, кечээги шериги жыргап-куунап ошол үйдө отурган экен.

Амандашкандан кийин бай:

– Кечээги чогуу келген киши ушулбу? – дейт. Жигит:

– Ооба, – деди.

– Экөөң бирге келип, эки бөлөк түшкөнүңөр кандай? – деп сурайт бай. Жээренче чечен:

– Мурункунун сөзү бар, ошол эсиме түшүп, бөлөк түштүм эле, – деди.

– Ал эмне деген сөз экен? – деп сурады бай. Жээренче чечен:

– Өзүң билбес ишиңди,
Билгендерден сурап бил.
Өлүп жатсаң, наадандан
Кабырыңды ыраак кыл! – деген сөз деп айтат.

– Экөөң жолдо келатканда эмнени сүйлөштүңөр, эмнени кеп кылдыңар? – деп сурады бай.

Жигит жолдо айтылган сөздөрдү кайталайт.

Анда Жээренче чечен:

– Экөөбүз эрбеңдеп ээн талаада келе жаттык. Ар түркүн сөз айттым. Бирине да жолдошум жооп кайтарбады. Анан мен да үндөбөдүм. Уйку келди. Үргүлөп жүрө албадык. «Жолду кыскарталы» – дедим. Аным: «Аңгеме айт» дегеним эле. Экинчи: «Жыгач казан кайнаталык» – дедим, аным, «Насыбай атып алалы» дегеним эле. Үчүнчү: «Тынчы жок үйдүн журту экен» – дегеним, бир журтта эки башы бирдей күйүк көсөө жатыптыр. Айткан сөзүмдүн бирине да жооп кайтарбаган соң: «Бул жигит наадан экен» деп бөлөк конгон элем, – дейт.

Бай Жээренче чечендин мурда атын угуп, бир көрүүгө кумар болуп жүргөн экен. Чечендин өзүн көрүп, сөзүн уккан соң, мал союп, кымыз куят. Байбиче:

– Чырагым, бүгүн биздин үйдө бол! – деп коноктойт. Бай Жээренченин акылына ыраазы болуп, кызын бермек болот. Кызы:

– Мени кайдагы бир жалгыз аттуу жылаңач, азгын кедейге тийгин дегени эмнеси атамдын?! – деп буркан-шаркан түшөт.

Кызынан бул сөздү угуп, уят болдум го деп, бай ойлонуп отурганда, Жээренче чечен:

– Бай, сиздин кыйналганыңыз менин да жаныма батты. Көнбөгөн балаңызды жайына коёлу. Мына бул кошунаңыздын кызын алып берсеңиз, мен сизге ыраазы болот элем, – дейт.

Бай коңшусун чакырып алып, сураган малын берип, Карачачты Жээренчеге кошкон экен.

* * *

Карачач сулуу Жээренче чечен үйдө жокто ооруп, каза болгон экен. Жаныбек хан:

– Жээренчеге бул суук кабарды биз айта албайбыз. Өзүнө өзү кабарласын. Эч кимиң эч нерсе сездирбегиле, – деп увазирлери менен сөз байлайт.

Күндөрдүн бириnde Жээренче чечен элге кайтып, хандын үйүнө түшүп, саламдашып отурат.

Жаныбек хан Жээренче чеченге:

– И, чеченим, атасы өлгөн кандай болот? – деп сураган экен.

Жээренче чечен отуруп:

– Атасы өлсө – аскар тоосу кулаганы эмеспи, – дейт.
– Апасы өлгөн кандай болот?
– Апасы өлсө – агып турган булагы соолгону эмеспи.
– Агасы өлгөн кандай болот?
– Оң канаты кайрылганы эмеспи.
– Иниси өлгөн кандай болот?
– Сол канаты кайрылганы эмеспи?
– Эже-карындашы өлгөн кандай болот?
– Кенен өрүшү тарыганы эмеспи.
– Катыны өлгөн кандай болот?
– Аттиң! Менин Карачачым өлгөн турбайбы! – деген экен Жээренче чечен.

Жээренче чечен кайгысына чыдабай камчысына таяна бергенде, камчынын сабы ортосунан чарт сынып кетет.

«Катын өлдү – камчынын сабы сынды» деген сөз ошондон калган экен.

* * *

Карачач Жээренче чечен эр ортосу болгондо каза болот. Жээренченин мурдагы жаш курагы өтүп, кыз караштырууга ыңгайы келбей, бирер жыл бой жүрүп калат.

Бир күнү Жаныбек хан Жээренчеге:

– Чеченим, сенин үйлөнбөй жүргөнүң жарабайт. Баланчанын катыны эринин тушунда жакшы аялдын бири эле. Ошону менен никеге тур! – дейт.

– Сиз айтсаңыз, мен макулмун, – деп, Жээренче ошол катын менен үйлөнөт.

Арадан бир аз убакыт өткөн соң, хан:

– Чеченим, бул катының мурдагылардайбы, кандай? – деп сурайт. Ошондо Жээренче чечен:

– Күндүзү экөөбүз, түнүндө – төртөөбүз, – дейт.

– Түнүндө төртөөбүз дегениң кандай? – деп хан суроо салганда, Жээренче чечен мындайча чечмелеген экен:

Эри эсине түшөт,
Ары карап кетет, –
Аны менен – ал экөө.
Карачачты ойлоймун,
Кыялымда ойноймун, –
Аны менен – мен экөө.

Ой багып таап жолдошту
Болобуз түндө биз төртөө.
Таң атканда ойгонуп,
Тура калсак – дагы экөө.

Кыз алгандай катын болбос,
Эшик көргөн макул болбос.
Канча жакшы көрсөң да
Мурункудан жакын болбос.
Эри өлгөн катынды алуу –
Ойлогонго акыл болбос.

Хан менен жыйылган эл чечендин сөзүн тыңшап:
– Калетсиз чын сөз! – дешкен экен.

* * *

Жаныбек хандын алтымыш бийи болгон экен.
Бир күнү хан бийлерине:
– Дүйнөдө эмне өлбөйт? – деп суроо салганда, алтымыш бийи бир ооздон минткен экен:

Агын суу өлбөйт,
Аскар тоо өлбөйт.
Асманда Ай менен Күн өлбөйт,
Ааламда Кара Жер өлбөйт.

Ошондо Жээренче чечен алардын баарына каршы чыгып:

Агын суунун өлгөнү –
Алты ай кышта катканы.
Аскар тоонун өлгөнү –
Башын булут жапканы.
Ай менен Күн өлгөнү –
Эңкейип барып батканы.
Кара Жердин өлгөнү –
Кар астында жатканы.
Ажал деген аткан ок –
Бир Алланын капканы.
Дүйнөдө эмне өлбөйт? –
Жакшынын аты өлбөйт.
Аалымдын каты өлбөйт, – деген экен.

* * *

Карачач өлүп, Жээренче чечен картайып, акылсыз аял, парасатсыз бала сыйлабай, Жээренчеге музоо бактырып, тезек тердирип коёт.
Учурашканы келген Жаныбек хан, Жээренчеге талаада жолугуп:
– И, чеченим, тезек терип жүргөнүң эмнең? – дейт.
Ошондо Жээренче чечен:

Катын чалпоо, уул тентек,
Экөөлөдү, эй ханым!
Карылык келип, мал кетти,
Төртөөлөдү, эй ханым.
Башымдан бакыт тайганын
Билбейсиңби, эй ханым!
Аркамдагы куу тезек, –
Ар кимге келээр бир кезек! – деген экен.

* * *

Күндөрдүн биринде кыргыздын Кызылым деген карыясы Жээренче чечен менен жолугуп калып:

– Чеченим, сизден сурайын деген бир жогум бар эле. Он беш улак, жыйырма беш серке, отуз беш орок, кырк беш кылыч, элүү беш өгөө, алтымыш беш аркан, жетимиш беш чидер жоготтум. Ушуга кулакдар болуңузчу, – дейт.

– Жарайт! Жогуңуздун жөнүн айтып берейин. Өзүңүз таап алыңыз, – дейт Жээренче чечен.

– Он беш жаш – куюн кууган жел менен тең. Жыйырма беш – добул урган өр менен тең. Отуз беш – агып жаткан сел менен тең. Кырк беш – ашуу ашкан бел менен тең. Жетимиш беште – көңүлүң жер менен тең. Сексенде селкилдеген чал болоорсуң. Токсондо толук мээң кайдан болсун? Жүз – жашоодон күдөрүңдү үз! Өлбөсөң да өлүктөн кем болоорсуң! – деген экен.

– Аттигиниң ай, өзүм жыйырма бештеги жигит элем. Көңүлүмдүн жердей болгонун карачы! Бекер сураган экем! – деп ошондо Кызылым карыя төшөгүнө жантая кеткен экен.

Казакчадан[1] кыргызчалаган **Биримкул АЛЫБАЕВ**

---

[1] **Ред.:** Жээренче чечен казак-кыргызга орток, чечендиги менен ысымы аңызга айланган адам. Түбү бир эл эмеспизби, Жээренче чечен тууралуу аңыздын казакчадан которулганын окурмандар түшүнүү менен кабыл алат деп ойлойбуз.

*Сандан санга*



# МИҢ БИР ТҮН

Оозуман келмемди түшүрбөй, бул кордуктан куткара көргүн деп кудайга жалынып, көзүмөн жаш чубуруп бараттым. Ошентип бара берип, акыры халифтин кароолуна жеттик. Гаремди кайтарган бычмал көп малайлар бар экен. Алиги кыз көп сандыктардын арасынан мен салынган сандыкты алып өтүп баратканда, бир карыган малайы ойгонуп кетип, уйкусуроонун ортосунда: «Бул сандыктарда эмне бар?» – деп сурады. «Ситт Зубейдага арналган буюмдар бар», – деди кыз. «Кана, баарын ачып көрсөт, өз көзүм менен көрөйүн», – деди бычмал. «Эмнеге ачмак элем?» – деди кыз тетирленип. «Ачкын, баарын көрүшүм керек!» – деди малай бакырып. Анан эң биринчи болуп мен жаткан сандыкты ачмай болду. Демимди ичиме тартып, коркконуман сийип жибердим. Бычмал сандыкты ачмай болуп атканда кыз: «Ой, төрөм, баасы он миң динар турган бул буюмду бузуп алып, экөөбүз тең наалатка калмай болдук. Сандыктын ичинде айымдын не бир сонун кымбат көйнөктөрү менен төрт түркүн замзам суусу бар эле. Ана, суусу төгүлүп, көйнөктөрдү суу кылып, боёктору чыгып кетмей болду», – деди. «Сандыгыңы алып ары жогол!» – деди бычмал кароол кыздын айткандарынан чын эле чочулап. Ошол замат кулдар сандыктарды ары, ичкери алып жөнөштү. Жолдо баратып мен: «Эми халифке жеткенде балээ башталат», – дегенди кулагым чалып калды. Демим сыртка чыкпай бөгүп калдым, өлөт деген ушу турбайбы деп ойлодум. Ичимен келме келтирдим: «Алла Тааладан өткөн улук жок, Алла Тааладан кубаттуу күч жок. Мага чала, жанымды эмнеге минтип кыйнадым?» – деп өзүмдү өзүм жемелей баштадым. Анан бир кезде халиф кыздан сурады: «Бул сандыктарда эмне бар?» – деп. Кыз токтолбостон: «Ситт

Зубейдага көп көйнөк апкелатам», – деди. Халиф: «Кана, аччы көрөйүн», – деди. Халифтин бул сөзүн укканда өлөт деген ушу турбайбы дедим ичимен. «Бүгүн жарык дүйнө менен коштошот экенмин да. Тирүү калсам, бул кызга үйлөнөм, болбосо, бүгүн башым ыргыйт экен», – дедим ичимен. Анан: «Кудайым, кулуңду колдой көр», – деп Алла Таалага жалына баштадым. Ошондо кыз: «Бул сандыктарда Ситт Зубейданын кийимдери бар. Эч кимге көргөзбөй алып кел деген», – деди. Бирок халиф кыздын сөзүн угуп да койбоду: «Мен сандыктардын баарын ачып, ичиндегилерин сөзсүз көрүшүм керек», – деди. Анан бычмал малайларга: «Алып кел, алдагы сандыкты!» – деди. Эми ажал мага чындап келген экен. Малайлар сандыктардын биринин артынан бирин ачып, халифке көрсөтө башташты. Кезек мен жаткан сандыкка келгенде кыз айтты: «Эми муну Ситт Зубейданын көзүнчө гана ачабыз, ансыз уруксат жок», – деп. Халиф муну укканда сандыктарды алып кете бергиле – деди. Ошентип, мени сандыктардын арасына кошуп алып кетишти. Тамагым кургап, шилекейим чыкпай калды. Бир кезде кыз сандыкты ачып, мени сыртка чыгарды да: «Эми коркпой эле кой, көкүрөгүңдү кере дем алып, жүрөгүңдү токтотуп отура тур, Ситт Зубейда келгиче», – деди.

Мен ордумда отура бердим. Бир кезде мени көздөй келатышкан Ай десе аркы жетпес, ондон эки катарга тизилген кара далы супсулуу кыздарды көрдүм. Алардын артында дагы эки катарга тизилген көкүрөктөрү көйнөктөрүн тиреген шыңга бойлуу жыйырма күң келатыптыр. Алардын ортосунда шуру, мончок, каухарын араң көтөрүп, Ситт Зубейда келатат. Ал мага жакындаганда күңдөрү Ситт Зубейданы ортого алышып, тегеректеп калышты, мен таазим этип чөгөлөп, бут алдындагы жерди өөп, маңдайымды тийгиздим. Анан ал мени отургун деп белги берди. Мен жерге отурган соң, ал менин тек-жайымды сурады. Берген суроолорунун баарына жооп бердим. Жообумду толук уккан соң ал: «Кыздар, биз текке жашап жүрбөптүрбүз!» – деп сүйүнүп кетти.

«Бул кыз кан сарайдын кызы, Алла Таалам аны сага буйруптур», – деди бир кезде. Мен кайра таазим этип чөгөлөп, бут алдындагы жерди өптүм. Ситт Зубейда кыз экөөбүзгө баш кошууга макулдугун берди. Ошентип, мени буерде он күн каласың деди. Он күн ошерде калдым, баягы көп кыздарды көргөнүм жок, болгону бир гана кызматчы кыз мага тамак-аш ташып турду. Он күн өткөн соң Ситт Зубейда мени халифке айтыптыр, халиф үйлөнүүгө уруксат этип, себине деп он миң динар бериптир. Муну уккан Ситт Зубейда молдо менен калыстарын чакырып, биздин никебизди кыйдырды, китепке каттатып, анан түркүн тамак-аш, таттууларды мол жасатып, той түшүрүп салды. Ошентип, он күн өттү, дагы он күн өтүп, жыйырма күн дегенде кыз мончого түшүп, жуунуп чыккан соң кенен дасторкон жайылып, үстүнө замзам суу куюлган ачык суу кошулуп, кант салынган бадам, кызарта куурулган тооктун төш эти жана

башка даамдуу тамактар коюлду. Мен бул тамактардан аябай жеп тойдум. Колумду жууганды унутуп, колумду оромолго аарчып, каш карайгыча ошерде отура бердим. Кеч киргенде шамдар жагылып, сурнай-кернейчен ырчылар келишти, анан ар ким-ар ким келинчегимдин паранжасын ачып, жүзүн көрүшүп, көрүндүгүнө алтын, каухар берип жатышты. Кыз ак сарайдагылардын баарын кыдырып чыккан соң үстүндөгү салтанат кийимдерин чечип, бөлмөдө экөөбүз гана калдык. Менин делебем учуп-күйүп, бул кыз чын эле колума тийдиби деп, өз көзүмө өзүм ишенбей турдум. Экөөбүз төшөккө келип жатып, кызды имере кучактаганда, жуулбаган колумдан бадамдын жытын искеген кыз ошерден эле кыйкырып-өкүрүп чатак сала баштады эле, туш-тараптан кызматчы күңдөр жетип келишти. Эмне болуп кеткенине акылым жетпей мен дендароо болуп турдум. Кызматчы кыздар: «Эжекебай, эмне болду?» – деп сурады. «Мобул келесоону жолотпой мени алып кеткилечи. Мен муну киши экен деп жүрсөм», – деди. «Менин кандай күнөөм бар?» – дедим таңгалып. «Келесоо турбайсыңбы, – деди ал, – бадамды жегенден кийин эмне үчүн колуңду жууган жоксуң? Бул кылыгың үчүн жооп бересиң! Сага окшогон келесоо менен байланыш түзбөш керек турбайбы!» Анан ал жанында жаткан өрмө курду алып, жыгылып калганымча сабай берди. Эсим ооп баратканда кызматчыларына: «Муну шаардын сотуна алпарып бергиле, бадам жегенден кийин жуубаган колун кесип таштасын!» – деди. Муну укканда мен: «О, Алла Таала, өзүң жалгай көр колуман ажыратпай!» – дедим жалынып. Күңдөрдүн баарысы: «Эжекебай, бул жигиттин бир күнөөсүн кечиргейсиң!» – дешти бир ооздон. Анда кыз: «Кудайым турат го, колунан болбосо да, денесинин бир мүчөсүнөн ажыратам!» – деди кыйкырып. Ошентип, ал кыз он күн жоголуп кетти. Он күндөн кийин келип: «Эми мен сага бадамды кантип жеп, анан колду кантип жуубай койгонду үйрөтөм», – деди да күңдөрүн чакырып, колу-бутумду таңдырып, бир колумдун баш бармагын кесип таштады. Ооруганына чыдабай, эсим ооп, жыгылып түштүм. Бир кезде колума дары септи эле, каны басылып калды. Эсимди жыйып: «Мындан кийин бадам жээрде колумду кырк ирет самындап, кырк ирет сода, кырк ирет шакар менен жуумайын бадам жесем майнеке болоюн», – дедим. Ал менин убадамды алды. Азыр силер мага бадам бергениңерде ошол окуя эсиме түшүп, өңүм өзгөрүп кетпедиби. Анан мени бадам жегин деп кыйнаганыңардан улам, алиги убадамды аткарышым керек дегеним да ошондон.

«Анан тагдырың эмне болду?» – дешти угуп отургандар. Жигит сөзүн улантты: «Мен каргангандан кийин кыз жоошуп калды, анан барып аны менен төшөккө жаттым. Экөөбүз бир аз чогуу жашагандан кийин ал: «Эркек аттуулардан эч бир жан басып келбеген халифтин кан сарайында жашаганыбыз болбос. Ситт Зубейда болбосо, сен да буерге кирмек эмессиң», – деди. Мен бир чоң үй сатып алдым, анан ал болгон буюм-ташын,

байлыктарын, кездемелерин ташып киргизди. Бармагыман ажыраган окуянын тарыхы ушундай.

Биз тамактанып, кетип калдык. Анан бүкүр менен болгон окуяга туш келдим. Менин икаям ушундай».

«Бүкүрдүн окуясындай кызык эмес экен. Мунуңарга караганда бүкүрдүн окуясы кызык болучу, андыктан, бардыгыңарды дарга асып салыш керек», – деди падыша. Ошондо жүүт алдыга суурулуп чыгып, чекесин жерге тийгизе таазим этип, падышага жалына баштады: «О, падышалардын падышасы, сага бүкүрдүн окуясынан да кызык окуя айтып берейин», – деди. «Айтчы, угалы», – деди кытай падышасы. Жүүт аңгемесин баштады.

## ТАБЫП ЖҮҮТТҮН ИКАЯСЫ

«Жаш кезимде башыман өткөн бир кызык окуяны айтып берейин. Мен Сириянын Дамаск шаарында окугам. Бир күнү мага Дамаск шаарынын башкаруучусунун ак сарайынан бир кызматчысы келип: «Мырзам, сени менин мырзам чакырып жатат», – деди. Мен кызматчыны ээрчип, экөөбүз шаар башчысынын үйүнө келдик. Кире бериште алтын жиптер менен кооздолгон арча сөрүдө оорулуу бир жаш жигит жатыптыр. Мен анын баш жагына өтүп барып отурдум да тез сакайып кетишин тилеп, келме келтирдим. Жигит мага көз кыры менен ыраазычылыгын билдирди. «Кудайым кубат берсин, колуңду сунчу, тамырыңды кармайын», – дедим. Жигит сол колун сунду. Мага мунусу жакпай калды. «Ушундай белгилүү үйдүн бүлөсү болуп туруп, бул чырайлуу жигиттин тарбиясы тайкы экен», – деп ойлодум. Тамырын кармап көрүп, тумар чийип бердим. Анан он күн катары менен келип жүрдүм. Жигит бара-бара оңолуп, сыртка чыгып, мончого түшүп, сейилдеп калды. Атасы буга кубанып, мага чоң сый көрсөттү, мени Дамаскадагы ооруканага башчы кылып койду. Мен жигитти мончого ээрчитип барып, мончонун ичиндеги кишилердин бардыгын кууп чыктым. Кулдар жигитти мончого чечиндиришти. Көрсө, жигиттин оң колу жок экен, жарааты бүтпөй ооруп жатканы ошондон тура. Муну көрүп алып мен бир жагынан капаланып, бир жагынан таңгалдым. Денесинин бир чоло жери жок көгала экен. Ошон үчүн май, дары сүйкөп жүрүптүр. Көзүм чанагынан чыгып кетчүдөй болуп таңгалып турганымда, анымды байкаган жигит: «Азыркынын эң мыкты табыбы, мага таңгалбай эле кой, мунун тарыхын мончодон чыккандан кийин айтып беремин», – деди.

Экөөбүз жуунуп бүтүп, үйгө келип, тамак ичкенден кийин жигит: «Сөрүгө чыгып, дем албайлыбы», – деди.Мен макул болдум. Анан ал кызматчыларына сөрүдөн орун камдатып, козунун этин куйкалатып бышыртып, жемиштин түрлөрүнөн апкелдирди. Биз тамак жеп отурдук. «Алиги окуяны айтып берчи», – дедим бир кезде.

«Азыркынын мыкты табыбы,– деди жигит мага кайрылып,– эмесе, кулак төшөп тыңдап тур. Билсең. Менин түбүм Мосулдан болот, атамдын атасы өлгөндө он баласы бар экен. Менин атам балдардын улуусу, өзү табып болуптур. Ошол он бала бардыгы чоңоюп, үй-жай күтүшөт. Ошол ондун ичинен менин атам гана балалуу болуп, мен төрөлүп, калган бир туугандарынын баары туяксыз өтүшөт. Мен алардын ортосунда жалгыз перзент болуп, баарыбыз Мосулдун чоң мечитине барып, жума намазына жыгылдык. Намаз бүтүп, элдин баары кеткенде атам менен инилери сөзгө алаксып, отуруп калышты. Сөз арасында Каир жөнүндө көп айтылып калганда атамдын инилери: «Бул жарык дүйнөдө Нил дайрасы менен Каир шаарынан кооз жай жок дешет го», – деп калышты. Бул сөздү укканымда Каирге баргым келип, дегдеп калдым. «Каирди көрбөгөн кишинин арманы күч,– деди атам. – Анын жери алтын, Нил болсо сүт дайра, аялдары – periште, үйлөрү – ак сарай, абасы жыпар жыттанат. Каирди бүткүл дүйнө карап турганда даңкы көкөлөбөй эмне болуптур. Кечке жуук көлөкөлүү багын араласаң бейиш биякта калсын».

Ошентип, алар Каир менен Нилди макташып, мен алардын сөзүн угуп отуруп ал жерлерге барсам деп ого бетер дегдедим. Бир кезде алар сүйлөшүп бүтүп, өз-өз жайларына кетип калышты. Мен таң аткыча уктабай чыктым. Анан Каир мени сыйкырлап алгандай болуп, жүрөгүмө тамак баспай калды. Ошондон аз күн өтүп, акелерим Мисирге жөнөмөй болушту. Атамды кыйнап атып, мен да аларга кошулуп, товар алып, жөнөп калдым. Жөнөөрдө атам акелериме: «Муну Каирге жеткирбегиле, Дамаскиден соодасын жасап, кайта кайтарып жибергиле», – деди.

Камыбыз бүткөн соң атам менен коштошуп, Мосулдан чыгып, узун жолго түштүк.Тынбай жүрүп отуруп, Халебге жеткенде бир нече күн өргүдүк. Аерден Дамаскиге келдик. Дамаскинин шаар багында куштар сайрап, жемиши төгүлгөн, суусу туптунук бир ажайып жай экен. Анан биз бир кербен сарайга токтоп, аерден акелерим соодасын жасай баштады. Өздөрүнүкүнө кошуп, менин товарларымды да сатып беришти. Бир дирхемден беш дирхем пайда көрүп, буга аябай сүйүндүм. Анан акелерим мени Дамаскиге калтырышып, өздөрү Мисирге жөнөштү. Дамаскиде мен жашаган үйдүн кооздугун айтып беришке сөз жетпейт, бейиш да буга тең келбесе керек. Айына болгону эки динар төлөйм. Тамак-ашка мурдагы өз акчамды жумшап жүрдүм. Бир күнү үйдүн алдында отурсам, кымбат баалуу көйнөк кийген, сымбаты ай десе аркы артык бир келин келди. Мен алдыртадан көз кысып койдум эле, келин дарбазадан өтүп, короого кирди. Мен артыман каалганы жаап соңунан кирдим. Келин паранжасын ачып, жүзүн көрсөттү эле, анын ай чырай сулуулугу жүрөгүмдү жаралап салды. Мен аны үйгө алып кирип, түркүн даамга, жемиштерге толгон дасторконду жайдым. Анан бир аз ойноп, эркелешип отурдук. Бир

кезде шарап апкелип ичтик да, экөөбүз тең кызуу бойдон таң аткыча айкалышып бирге жаттык. Эрте менен келинге он динар сундум. Келиндин кабагы түйүлүп, ачуусу келе түштү. «Мосулдуктар ушундай майдасыңар! Мен эмне, сенден акча үмтөтүп калыпмынбы?!»– деди да койнунан он беш динар алып чыгып: «Муну албасаң анда сага кайрылып кайра келбейм» – деди. Мен акчаны алдым. Келин: «О, сүйүктүүм, мени ушуерден үч күндөн кийин күткүн, шам намазы ченде өзүм келем, бул акчага бүгүнкүдөй дасторкон жасап кой», – деди. Келин коштошуп кеткенде аны менен менин жүрөгүм да кошо кеткендей болду. Көкүрөгүм аңгырап ээн калгансыды. Анан үч күндөн кийин болжошкон мезгилде алиги келин келди. Мурдагысынан да кооз, мыкты, жарашыктуу кийинип алыптыр. Анан биз мурункудай эле ичип-жеп, ойноп-күлүп, таң аткыча эркелешип бирге жаттык. Эрте менен келин дагы он беш динар берип, дагы үч күндөн кийин жолугабыз деп кетти.

Мен тамак-аш, ичимдиктерди мол камдап коюп, күтүп отурсам, келин болжошкон мезгилде кирип келди. Бул жолу ал мурдагыларынан алда канча кооз, мыкты кийинип алыптыр. «Мырзам, менин чырайым сулуу бекен», – деди. «Аябай сулуу», – дедим. «Андай болсо менден да сулуу жаш кызды ээрчитип келип, биз менен отуруп көңүл ачууга уруксат эткейсиң. Ал кыздын көптөн бери көңүлү чөгүп жүрөт, бир түнү биз менен бирге болсом дейт», – деди. Мен макул болдум. Ичип-жеп, таң аткыча бир төшөктө жатып, эрте менен келин мага дагы он беш динар берип: «Кызга да жетишерлик тамак-аш камдап кой», – деп жолго түштү. Мен керектүүлөрдүн бардыгын дайындадым. Үч күндөн кийин келин жанына паранжы жамынып, жерге чубалган узун көйнөк кийген өзү айткан кызды ээрчитип келди. Экөө үйгө кирип келишип, сөрүгө отурушту. Мен шам күйгүздүм. Анан экөө паранжыларын алып салышты эле, жаңы келген кыздын жүзүн көрүп эсим ооп, шилекейим куюлуп, жыгылып кала жаздадым. Бала болуп башыма жүн чыкканы мындай сулууну көргөн эмесмин! Анын сулуулугуна арбалып, кызга тамак сунуп, ширеден куюп бердим. Мурдагым буга ичи тарып, мени кызгана баштады. «Бу кыз менден да сулуу бекен?» – деди мени какшыктап. «Аябай сулуу экен», – дедим чынымды айтып. «Анда бүгүн түнү муну менен жат»,– деди. «Сенин сөзүңдү эч качан эки кылбайм!»– дедим. Анан ал ордунан туруп, жаңы келген экөөбүзгө төшөк салып берди. Ал экөөбүз таң аткыча бирге жаттык. Бир маалда ойгонуп кетсем төшөк суу болуп калыптыр, тердесем керек деп койдум ичимен. Анан жанымдагы кызды ойготоюн деп булкулдатсам, башы шылк деп барып, жаздыктан жерге түшүп калды. Мен коркуп кетип, келме келтирип: «Кудай сактай көр!» – дедим. Карасам башы кесилип калыптыр. Ары-бери жүгүрүп, мурдагы ойношумду таппай калдым. Көрсө, кызганычтан улам мунун башын кесип салып, өзү качып кетиптир.

Кудайга жалынып-жалбарып жардам сурап, бир аз отурдум да үйдүн дал ортосунан көр казып, кызды кийим-кечеси, сөйкө-шурулары менен кошо көмүп салып, кайра мрамор таштын жигин билдирбей кынаптап, үстүнө буюмдарды, эмеректи коюп салдым. Анан таза жуунуп, акчамды алып, үйдү бекитип, үй ээсине бардым да бир жылдык акысын төлөп: «Каирдеги агаларыма кеттим», – деп жолго чыктым.

Каирге жетип, аердеги акелериме жолуктум. Алар менин келгениме аябай сүйүнүштү. Товарларын сатып аяктап калышыптыр. «Биякка эмнеге келдиң?» – дешти алар мени көрөр менен. «Силерди сагындым», – дедим. Чөнтөгүмдө акча бар экенин билдирген жокмун. Ошентип, Каир менен Нилге суктанып, аерде бир жыл туруп калдым. Баскан-турганыма, тамак-ашка баягы акчаларымды сарптай баштадым. Акелеримдин иштери аяктап, үйгө кетүүгө камына башташканда мен акырын качып кетип, жашынып калдым. Алар ары-бери чапкылап издешип, мени Дамаскиге кетип калса керек дешип, өздөрү кетип калышты. Андан кийин акчам калбай калгыча, Каирде үч жыл жашадым. Үч жыл катары алиги Дамаскидеги үйгө акысын төлөп, акыры бир жылга жетерлик гана пулум калганда айлам куруп, Дамаскиге жол тартууга мажбур болдум.

Дамаскиге келсем, үй ээси жаны калбай сүйүндү. Үй өзүм бекитип кеткен боюнча турган экен. Анан баягы башы кесилген кыз менен жаткан төшөгүмдүн алдынан кымбат таштар чегерилген алтын шуруларын таап алдым. Шуруга жуккан кандын тагын жууп, кызды эстеп, көзүмөн жаш тегеренип кетти. Анан үчүнчү күн дегенде мончого барып, кийимдеримди котордум. Жанымда сокур тыйыным да жок болучу. Бир күнү шайтан айдап, базарга бардым да алиги мончок, шуруларды сатыш үчүн далдалчыга тапшырдым. Ал мени жогору жакка, сөрүгө чыгарып, үй ээсинин катарына олтургузуп койду да, базар кызыгыча ары-бери өткөндөргө шуруларды көргөзүп, баасын чыгара баштады. Шурунун кымбат экенин көргөн кардарлар баасын эки миң динарга чыгарышты. Алиги далдалчы мага келип: «Мунуң жасалма неме экен, миң дирхемден ашык болбойт экен», – деди. «Бир аялды шылдың кылыш үчүн муну атайын жасаганбыз. Аялыма мураска беришкен болучу, сатып жибербесек, муну сактоонун эч кажети жок. Миң дирхемден сата бер», – дедим.

Далдалчы менин бул жообумду угуп, бул шурулардын бир сыры болсо керек деп базардын ээсине алпарып берди. Базар ээси бийге барып: «Мобул шуруну уурдатып жибердим эле, соодагерче кийинген ууруну кармадык»,– дептир.

Бир маалда жасоолдор келип, мени сүйрөгөн бойдон бийге алып барышты. Бий сурак кылганда мен далдалчыга айткан баягы сөзүмдү кайталадым. Бий мени карап туруп күлдү да: «Калп айтып, жаныңды жебе!»– деди.

Анан жасоолдору үстүмдөгү кийимдерди сыйрып салышып, камчылап сабап киришти. Этим ачышып, бул кордукка чыдай албай: «Уурдаганым чын болчу!» – дедим чаңырып. Ичимен болсо: «Шурунун ээсинин өлгөнүн билишсе, анда мен да соо калбайм. Андан көрө уурдадым дей берейин», – деп ойлодум.

Мени ууру деп катташып, колумду керте чабышып, мултуйган билегимди кайнап турган майга салышканда эсим ооп калыптыр.Көзүмдү ачаар менен шарап жуткурушуп, эс алган соң кесилип ташталган колумду көтөрүп алып, үйгө жөнөдүм. Менин кебетемди көргөн үй ээси: «Сен уурулукка аралашкан соң мындан ары сени буерге тургуза албайм, бөлөк ылайыктуу жай таап алгының», – деди. «Мырза, ылайыктуу жай тапкыча үч-төрт күнгө чыдай тургун», – дедим. «Макул», – деп ал кетип калды. Үйдө жалгыз отуруп, аркы-беркини ойлоп, көкүрөгүм ачышып, ыйлап жибердим. «Эми бир колум жок, ушул кебетем менен кантип туугандарыма барам? Күнөөм жок экенин алар кайдан билишсин? Балким, Алла Таалам зар какшаган үнүмдү угуп, бир жакшылык кылаар», – дедим өпкөмдү кагып.

Үй ээси кеткенден кийин эки күн ооруп, сыртка чыга албай калдым. Үчүнчү күнү үй ээси жоон топ жасоолдору менен, алардын жанына базардын кожоюну кошо келип, менин шуру уурдаганымды айтты. Мен сыртка чыгып: «Эмнеге келдиңер?» – дедим. Тигилер ай-буйга келтирбей, колу-бутумду таңып, мойнума чынжыр байлашып: «Сенин алиги уурдаган шуруларыңды Дамаскинин вазири менен бийине алпарсак, бул шурулар шаар башчысынын кызыныкы экенин, кызы үч жылдан бери жоголуп кеткенин айтышты», – дешти.

Бул сөздү укканда жаным оозума келе түштү. «Өлөт деген ушу турбайбы. Эмнеси болсо да башыман өткөн окуяларды төкпөй-чачпай айтып берейин, өлтүрсө – ана, соо койсо – мына», – дедим ичимен.

Шаар башчысынын алдына алып келишкенде, ал мени жакыныраак тургун деди да, кебетемди көрүп: «Мунун колун эмне үчүн кестиңер? Бул кембагалдын эч күнөөсү жок, колун кесип салып, туура эмес иш жасагансыңар», – деди тургандарга. Бул сөздү уккандан кийин жүрөгүм кайра ордуна келе түштү, кубанганымдан: «Кудайым турат, мырзам, мен ууру эмесмин, мени кармап алышып, базардын чок ортосунан жылаңачташып, мойнуңа алгын деп сабашты. Уурдабасам да айлам кеткенде мойнума алганмын!» – деп кыйкырып жибердим. Шаар башчы: «Мунун кылдай да күнөөсү жок», – деп туруп базар башчысынын колубутуна кишен салдырып: «Мунун кесилген колунун акысын төлөп бергиниң, болбосо, болгон-бүткөн мүлкүңдүн баарын алдырып, өзүңдү дарга астырып салам!» – деди. Анан шаар башчы жасоолдоруна: Базарчыны алып кеткиле, – деп буйрук берди эле базарчыны алдыларына салып айдап жөнөштү. Мен шаар башчысынын жанында калдым. Мойнумда-

гы чынжырды, буту-колумдагы кишенди алдырып салгандан кийин шаар башчы: «Кана, уулум, бул шуру кандайча болуп сенин колуңа тийди, чыныңды айтып берчи», – деди.

«О, мырзам, сага чынымды гана жарыя этем», – деп биринчи келин менен болгон окуяны, анан ал экинчи кызды ээрчитип келип, анан кызганыч менен аны өлтүрүп салганын ийне-жибине чейин калтырбай айтып бердим. Менин айткандарымды шаар башчы улам башын чайкап коюп угуп, анан оң колу менен сол алаканын шак койду да, бетине жүз аарчысын жаап, бир топко ыйлап отурду. О, көптөн кийин менин жаныма басып келип: «Уулум, сен айткан кыз – менин кыздарымдын эң улуусу, көзүнүн кареги менен тең айланып баккам. Чоңоюп, бойго жеткенде Каирге жибергем. Аерден таякесине турмушка чыккан. Күйөөсү өлүп калып, кызым кайра колума келген. Каирден жаман жосундардын баарын үйрөнүптүр, сага төрт жолу өзү келип, кийин бир жатындан чыккан бир тууган сиңдисин ээрчитип барган. Экөө бирине бири аябай ынак болучу. Эжеси башынан өткөндөрүн сиңдисине айтып, сырын ачып бергенде сиңдиси да аябай кызыгып, ээрчитип бар деп суранганынан болгон иш турбайбы. Ошентип, сиңдисин ээрчитип барып, кайра өзү жалгыз келген, сурасам, ыйлап айтпай койгон. Анан болгон окуяны энесине айтып жатканда кулагым чалып калган. Улуу кызым өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлай берүчү. Өзү да: «Өлгөнүмчө ыйлап жүрүп өтөм», – деген. Ырасында эле айтканындай болду. Аны өз көзүң менен көргөң экенсиң. Эми, уулум, менин сөзүмдү тыңда. Эң кичүү кызымды сага берейин, ал берки экөө менен бир тууган эмес, анын эч күнөөсү жок. Экөөңө жеткидей оокатыңарды бөлүп берем. Эч качан кор болбойсуң, өз балам катары көрөйүн»,– деди.

Мен анын айткандарына макул болдум. Шаар башчысы ошол замат эле күбөлөрдү чакырып, кызы экөөбүзгө нике кыйдырды, мени жөндөн жөн кордогону үчүн базардын башчысынан көп акча алып берди. Ошентип, даражам көтөрүлдү. Быйыл өз атам дүйнөдөн кайтканда кайнатам ал жакка кишисин жиберип, атаман мураска калган аябагандай көп пул алдырып келди. Азыр турмушум мыкты. Бул колумдун чолок болуп калган икая ушундай».

Ал жигиттин аңгемесине таңданып, үч күн жанында жүрдүм эле, мага көп пул берди. Анан аерден чыгып, бул жерге, силердин шаарыңарга келдим. Турмушум жакшы эле болчу. Бүкүр менен минтип илешип алдым».

«Бул окуяң Бүкүрдүн икаясына жетпейт экен,– деди Кытай падышасы. Баарыңарды дарга асыш керек. Эми кийим тиккич калды. Эгер сенин аңгемең бүкүрдүкүнөн кызык болсо, анда баарыңарга кечирим берем»,– деди.

Муну уккан кийим тикмечи алдыга суурулуп чыгып, кебин баштады.

# КИЙИМ ТИКМЕЧТИН ИКАЯСЫ

«Биздин доордун падышасы, – деди сөзүн баштап, – кечээги көргөн окуяны уксаң аябай таңгалычтуу. Бүкүргө туш келе элегимде ушул шаардагы бир досумкуна тойго баргам. Тойго келген жыйырмадай киши экенбиз, арабызда кийим тикмеч, жыгач уста, өрмөкчү жана башкалар бар экен. Күн чыга бизге тамак алып келишти. Биз тамакка карап калганда той ээсин ээрчип, бир чырайлуу жигит үстүбүзгө кирди. Үстүндөгү кийимдери да мыкты, өзүнө куп жарашып турат, бир айыбы – аксак экен. Ал кирип келип олтургандарга салам айтты. Биз ызаат көргөзүп, ордубуздан тура калдык. Алиги чырайлуу жигит биз менен отурмай болуп баратып, анан эле катарыбыздагы чач тарачты көрө коюп, кайра артка кетенчиктеди. Биздин олтур дегенибизге көнбөй койду эле, той ээси чыканагынан сүйөп: «Атайын кирип алып, кайра кетем дегениңдин себеби эмне?» – деди. «Мырзам, мени көп кыйнабагын. Менин отурбаган себебим мынабу чач тарачтын айынан болубатат», – деди жигит. Бул сөздү укканда үй ээси ого бетер таңгалып: «Кандайча мындай болуп кетти? Бул жигит Багдаддан келсе, анан буердеги чач тарачтын кандай тиешеси бар?» – деди. Биз жигиттен: «Чач тарачты эмне үчүн мынчалык жек көрүп калдың?» – деп жаалап жибердик.

«О, урматтуулар, – деди сулуу жигит,– мынабу чач тарач менен Багдадда бир окуяга дуушар болгонмун. Мунун кесепетинен бутумду сындырып, аксап калгам. Ошондо каргыш тийгир бул чач тарач менен эч качан жакындашпайм, атүгүл бир шаарда жашабайм деп ант берип, Багдаддан көчүп кетип, бул шаарга келгем. Эми таң аткыча бир жерде отурбай шаар кыдырып жүрүшүм керек».

«Кудай жалгагыр, мындай көчүк басып отуруп, толук айтып берчи»,– деп туш-туштан жаалдап жибердик.

Жигит ошондо барып окуяны баяндай баштады. Чач тарачтын өңү кумсарып чыкты. «Менин атам Багдаддагы чоң соодагерлердин бири эле. Мен жалгыз баласы болчумун.Чоңоюп, эр жеткенде Алла Тааланын амири менен атам оо дүйнө салып, болгон-бүткөн байлыктары мага калды. Пул көп, кулдарды жумшап, каалаганымды кийип, ичип-жеп, шапар тээп жашап жүрдүм. Бирок аялзатын жинимдей жаман көрөм. Бир күнү Багдаддын кичинекей бир көчөсүндө баратсам, алдыман жоон топ аялдар чыга калды. Мен буйтап барып жашынып калдым да, ары жактагы узун отургучка көчүк бастым. Ортодон бир мүнөт өтпөй, бет алды жактагы үйдүн терезеси ачылып, аерден бир ажайып сулуу кыз көрүндү. Чырайын сүрөттөшкө сөз жетпейт, аны караган ай арына келип, күн күүгүм чалып кетчүдөй. Кыз терезедеги гүлдөргө суу куйду да, оңго, анан солго буралып туруп, ары көздөй басып кетти. Мен күн батып, күүгүм киргиче ошол

отурган жеримде жин тийгендей нес болуп отура бердим. Бир кезде башымды көтөрсөм, шаардын казысы шаан-шөкөт менен келатыптыр, алдында бир топ кулдары, артында бир топ кулдары. Анан казы сөөлөт менен жерге түшүп, алиги кыз көрүнгөн үйгө кирди. Бул казы ай чырайлуу кыздын атасы экендигин баамдадым. Дагы бир топко чейин отуруп, ичим өрт-жалынга капталып үйгө келдим да, эч нерсеге көңүлүм чаппай, төшөккө жетип эле куладым. Менин бул ахвалымды көргөн кызматчы күңдөрүм тегеректеп отурушуп, оозуман эч сөз чыкпаган соң алардын да маанайлары чөгүп, эмне кылышарын билбей турушту.

Ошол кезде менин жаныма бир кемпир келди, ал менин кебетемди көрүп, оюмдагыны дароо эле билип койду. Кемпир баш жагыма келип отуруп, мени эркелете сүйлөдү: «Уулум, менден сырыңды жашырба, мен сени ашык болгон кызга жолуктурууга кызматымды аябайм»,– деди. Мен болгон окуяны жашырбай айтып бердим. Кемпир угуп болуп: «Уулум, сен көргөн периште Багдаддын казысынын кызы, аны сыртка чыгарышпайт. Сен аны өзүнүн бөлмөсүнөн көргөн турбайсыңбы. Ошонун алдындагы бөлмө атасыныкы. Ал кыз бөлмөдө жалгыз. Мен алардын үйүнө көп барам. Сени аны менен байланыштырууга аракет жасайын, мүңкүрөбөй, башыңды көтөр», – деди.

Кемпирдин айткандары мага дем берип, эртеси эле төшөктөн туруп кеттим. Менин ахвалымдын оңолгонун көрүшкөн туугандарым да сүйүнүп калышты. Кемпир кыздын үйүнө барып, кайра бат эле кайрылды. Жүзү муңайым, кабагы бүркөө. «Эми уулум,– деди кемпир,– эмне болду деп сурабай эле кой. Сен жөнүндө айта баштаганымда эле: «Эй, арампөш кемпир, бул сөзүңдү токтотпосоң катыгыңды берип коюп жүрбөйүн», – дейт. Мейли, сүйлөй берсин, мен баары бир сага шарт түзүп берем». Кемпирдин бул сөзүн уккан соң, кайра ооруп калдым.

Арадан бир нече күн өткөндөн кийин алиги кемпир келди да: «Уулум, сүйүнчүңдү камдай бер!» – дегенде, кайрадан куландан соо боло түштүм. «Каалаганыңды аткарамын!» – дедим. Кемпир: «Кечээ кызга барып жолуксам, ал менин муңайым кебетемди көрүп: «Эже, сенин көкүрөгүңдү өйүгөн бирдеме бар көрүнөт. Ал эмне?» – деп сурайт. Кыздын оозунан мындай сөз чыккан соң мен токтоно албай ыйлап жиберип: «О, айым, сени сүйүп калып, махабаттын сароору дартына чалдыгып, өлүм алдында жаткан бир жигиттен келдим», – дедим сүйүнүп кетип. Кыздын жүрөгү жибий түшкөндөй болду да: «Эмне дейсиз? Ал кайдагы жигит экен?» – деп сурады. Мен дароо жооп кайтардым: «Жаркыным, ал менин уулум. Өгүнү терезени ачып, гүлдөргө суу куюп жатканыңда көрүп, махабаттын ысык жалынына чалыныптыр. Өткөндөгү айткан сөзүңдү уккандан кийин махабаттын саароорусу ого бетер күчөп, төшөк тартып жатып калды. Ахыбалы оор, майып болуп калышы ыктымал», – деп. Бул сөзүмдү укканда кыздын өңү бозоруп: «Мен үчүн чын эле ошенттиби?» – деп жи-

берди. «Кудайым өзү күбө, эмнеге антип сурадың?» – дедим. «Бар, барып менден салам айткын, ал антип тиякта кыйналып жатса, бияктагы менин абалым аныкынан өтүп кетти,– деди кыз. – Жума күнү намаздын алдында келсин, ал келээр менен дарбазаны ачып, өзүм кийирип аламын. Анан экөөбүз жүз көрүшүп сүйлөшөлү. Атам намаздан кайтаар мезгилде кайра чыгып кетсин».

Кемпирдин оозунан кыздын сөзүн угаар менен көңүлүм ачылып, куландан соо болуп тура калдым да, үстүмдөгү кымбат баалуу кийимдерди чечип туруп колуна кармата салдым. «Эми жүрөгүңү басып, чыдай тур»,– деп кемпир менин сыйыма ыраазы болуп кетип калды. «Эми менин эч көйгөйүм жок», – дедим ичимен. Ден соолугумдун оңолуп баратканына тууган-туушкандарым, досторум аябай сүйүнүштү.

Ошентип, жума күнгө жеттим. Кемпир келип, менин ал-ахыбалымды сурады. Мен бардыгы жакшы экендигин айтып, кымбат кийимдеримди кийип, эл жума намазына бараар мезгилди күтүп отуруп калдым. Кемпир: «Кеселдегенден кийин мончого барып, чачыңды алдырсаң жакшы болгон турат, дагы убакытың көп»,– деди. «Туура,– дедим кемпирдин айтканына кошулуп,– адегенде чачымды алдырып, анан мончого кирейин».

Анан кызматчымды чакырып: «Базарга барып, бир жакшы чач тарач таап келгин. Мээни чаккан маңыз болбосун, ошоягын байка», – дедим. Кызматчым барып мынабу терсаякты ээрчитип келди. Чач тарач кирип келип, салам айтты, мен алик алдым. «Кыйналгандай түрүң бар экен», – деди ал. «Кеселдеп жүрөм»,– дедим. «Кудайым кубат берсин, сакайып кет»,– деди. Мен ыраазы болуп: «Айтканың келсин»,– деп жооп узаттым. «Ден соолугуң чың болсун! Чачыңды кыскартасыңбы, же биротоло таза кырып салайынбы? Пайгамбарым айткан турбайбы: «Кимде-ким жума күнү чачын алдырса, ал адам жетимиш оорудан оолактайт»,– деп. Ошол эле пайгамбарымдын дагы бир айтканы бар экен: «Жума күнү кимде-ким көкүлүн тегиздетсе, ал көз оорудан жана көптөгөн илдеттерден кутулат деген экен»,– деп чач тарач карсылдады.

«Көп сүйлөп башты оорутпай чачымды алган. Мен деген кеселманмын»,– дедим. Чач тарач өйдө болуп, койнунан жоолук алып чыгып жайып жиберсе, күмүш басылган жети алкак сүрөт бар экен. Анан чач тарач үйдүн ортосуна туруп, жоолукту жерге жайып коюп, күндү карап: «Бүгүнкү жума күнгө сафара айынын ону, пайгамбарыбыздын жер которгонуна алты жүз алтымыш үчүнчү жылдан, ал эми Искендер эсеби боюнча 7320 жылдан сегиз градус алты мүнөт өттү. Илим боюнча Марска Меркурийдин каршы келген убагы. Мунун баары азыр чач алдырууга жакшы ыңгай түзүлгөндүгүн билдирет. Сен бир адамга жолугушуң керек. Ал дагы жакшы жышаан, андан кийинки тагдырың жөнүндө да өзүңө айтып берем»,– деди чач тарач жулмуңдап. «Кудайды карасаң боло,– дедим мен үнүмдү өктөм чыгарып,– мен сенин былжыр сөзүңдү

укканга эмес, чачымды алдырганга чакырткам. Көп сүйлөбөй ишиңди бүтүргүн да, жолуңа түшкүн!» «Кудай турат го,– деди чач тарач,– сен алдыда эмне тагдыр күтүп турганын билген болсоң, бүгүн эч кандай жумуш жасабайт элең. Кыйыктанбай тилимди алгын, мен сага жылдыздардын тогошун айтыбатам».

«Ушунча болуп жылдыздар илимине түшүнгөн бир дагы чач тарачты көрөлек элем, сенин айткандарыңды мен тээ бала кезимен билем. Сени чачымды алдыртайын деп чакырткам, а сен келип алып мага капкайдагыны айтып, кельжирей баштадың»,– дедим. «Мындан ары жагын да айтайынбы,– деди чач тарач мени карап. – Алла Таалам сага сыйкыр өнөрү бар, тил илими, синтаксис, риторика, логика, астрономия, геометрия, укук таануу илимдери менен тааныш, Куранды чечмелеген, жылдыздардын сырларын билген чач тарачты жиберип отурат. Мен илимдин көп китептерин окуп, алардын сырларын өздөштүрүп, турмушта колдондум. Менин чечендигим үчүн сенин атаң мени абдан жактырчу. Андыктан, сага кызмат өтөшүмдү өз парзым деп эсептеймин.. Мен сен айткандай эч кандай келжирек эмесмин. Мени эл көп сүйлөбөгөн, акылдуу, токтоо адам катары билишет. Сен мени жектебе. Мен сенин кеңешчиңмин. Эгерде сенин кадырың жарашса, жыл бою сага өз акыл-кеңешимди берсемби дейм. Анүчүн сенден акы сурабайм»,– деди.

Анан бу сөзүн укканда чыдай албай: «Сен мени бир күндө эле өлтүрүп тынасың!» – деп кыйкырып жибердим. Анда чач тарач: «О, мырзам, алты бир туугандарымдын ичинен мени Унчукпас деп аташканы бекерден эмес. Агаларымдын улуусу аль-Бакбук, анан аль-Хаддар, үчүнчүсү – Бакик, төртүнчүсү – аль-Куз, бешинчиси – аль-Фашшар, алтынчысы – Шакашик, жетинчиси – аль-Самит, ал өзүм. Мен эң кичүүсүмүн»,– деди.

Чач тарач сөзүн улантканда,– деди жигит,– көкүрөгүм жарылып кетчүдөй болуп, кызматчыма: «Чачымды алдырбасам жок, чейрек динар берип, муну жолуна салчы, кудай жалгагыр»,– дедим. Менин бул сөзүмдү угуп, чач тарач чок баскандай чочуп кетти. «Мырзам, мындай сөзүңдүн кереги жок! Мен сенин кызматыңды аткарбай туруп, кантип акы алмак элем! Кызмат көрсөтүш менин милдетим. Кызматымды өтөп, сенин мүдөөңдү орундаткан соң да акы алуу оюма келбес. Сен менин баркымды билбесең, мен сенин бааңды билемин. Бейиш болгур атаң бизге көп жакшылык жасаган, ал айкөл адам болучу. Бир күнү чакыртып жибергенинен барсам, бир топ достору менен отурган экен, көрөр менен эле: «Төбөмдү чегип кан алчы»,– деди. Мен аспаптарымды алып чыгып, асманга каратып текшерип көрсөм, жылдыздардын тогошу боюнча бүгүн кан алууга такыр болбой тургандыгын көрсөттү. Мен жайдары түшүндүрүп айттым эле, ал дароо макул болду.

Анан атаң кызматчысын чакырып алып: «Бул кишиге жүз үч динар берип, үстүнө чепкен жапкын»,– деди. Мен анын сый белектерин алдым

да, сааты, күнү келгенде устара менен акырын чегип, төбөсүнөн кан алгам. Төбөсүнөн кан алып бүткөндөн кийин сурадым: «Жүз үч динар бергиле» деген сөзүңдүн мааниси эмнеде?» – дедим. Анда ал: «Бир динар жылдыз санаганыңа, бир динар сүйлөшкөнүң үчүн, бири кан алганың үчүн, ал эми жүз динар менен чепкен мени мактаганыңдын акысы»,– деди.

«Сени тааныган атамдын да шору көп турбайбы», – десем чач тарач күлүп: «Кудайдан бөлөк кудай жок, Мухаммед – Кудайдын элчиси! Кудайым ошолорго кубат берсин! Мен сени эстүү жигит экен деп ойлогом, бирок азыркы сөзүңдү оорунун кээри айттырып жатканыңды түшүнөм. Бул маселе жөнүндө Алла Тааланын «Кара мүртөз жана кечиримдүүлөр» деген китебинде жазылгандай, сенин бул айткандарың да кечиримдүү. Сенин шашмалагыңды айыптагым келбейт, бирок сенин чоң атаң менен өз атаң менин кеңешимсиз эч нерсе жасачу эмес. Ошондуктан: «Кеңешип кескен бармак оорубайт» – деген кеп калган. Сен мендей кеңешчини Меккеге беш барсаң да таппайсың, сен мени жадата элек жатсаң, анан мен кайдан жүрүп сени жадатмак элем. Дале болсо, атаңдын арбагын сыйлап, унчукпай турам сага».

**(Уландысы бар)**

Которгон **Жылкычы ЖАПИЕВ**